Ө.Ж. Осмонов, А.Б. Элебесова




# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ

# 10

УРУНТТУУ УЧУРЛАР
(БАЙЫРКЫ ДООРДОН XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОСУНА ЧЕЙИН)









КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:*** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө,
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

***Кайырма:***

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:***

Ө. Ж. ОСМОНОВ, А. Б. ЭЛЕБЕСОВА

# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ:
## урунттуу учурлар

(байыркы доордон XIX кылымдын ортосуна чейин)

Орто мектептин 10-классы үчүн окуу китеби

Ондолуп, толукталып экинчи басылышы

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

Бишкек
«Инсанат» – 2012

УДК 373.167.1
ББК 63.3 (2Ки) я721
О – 74

*Усулдук кеңешчи:*
*Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги,*
*Чүй районунун Он-Бир Жылга орто мектебинин тарых мугалими*
***Ч. А. Жумалиев***

**Осмонов Ө. Ж., Элебесова А. Б.**
О – 74 ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ: уруттуу учурлар (байыркы доордон XIX кылымдын ортосуна чейин). Орто мектептин 10-кл. үчүн окуу китеби /2-бас. – Б.: «Инсанат», 2012. – 248 б.

ISBN 978-9967-452-08-4

**О 4306020600-12** **УДК 373.167.1**
**ББК 63.3 (2Ки) я721**

ISBN 978-9967-452-08-4

© Осмонов Ө. Ж., Элебесова А. Б., 2012
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2012
© «Инсанат», 2012

## МУГАЛИМДЕРГЕ

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен окуу планы боюнча орто мектептердин 10-класстарында «Дүйнө тарыхы» сабагы 68 жана 34 сааттык программалар боюнча окутулууда. 68 сааттык программага ылайыкталып жазылган окуу китеби (Авторлору Ө. Осмонов, А. Элебесова, Б. Түмөнбаев, А. Каниметов) 2006-ж. басмадан чыгып пайдаланылууда.*

*Адамзат тарыхынын байыркы доордон тартып XIX к. ортосуна чейинки өнүгүү процессинде болуп өткөн окуялардын урунттуу учурлары баяндалып, 34 сааттык программа боюнча жазылган бул окуу китебинин максаты – 10-класстын окуучусуна адамзат коомунун тарыхый өнүгүү жолдорунун көп кырдуулугун, карама-каршылыктуулугун жана татаалдыгын ачып көрсөтүү; ошону менен бирге тарыхый окуялардын жана тарыхый жагдайлардын өбөлгөлөрүн, себептери менен шылтоолорун, натыйжалары менен кесепеттерин жана тарыхый маанисин туура түшүнүүгө жардам берүү; жарандардын жана тарыхый инсандардын коомдогу ээлеген ордун, ар кандай коомдук уюмдардын ролун, массалык маданий өнүгүүнүн маанисин, дүйнөлүк өнүгүү тенденцияларын, коомдук өнүгүүнүн мыйзам ченемдерин, тарыхый түшүнүктөр менен терминдердин маани-маңызын жана мазмунун аңдап түшүнө билүүгө көмөк көрсөтүү; ошондой эле тарыхый фактылар боюнча илимий негиздөөгө, туура тыянак чыгара билүүгө үйрөтүү болуп саналат.*

*Окуу китебиндеги темалардын тең салмактуулугун сактап окутууда мугалимдерге чыгармачылык эркиндик берилет. Көлөмдүү темалардын айрым бөлүмчөсүн окуучуларга өз алдынча окуп-үйрөнүүгө тапшырма катары берсе болот. Кыргызстан жер шарынын чыгыш бөлүгүндө жайгашкандыктан, окуучулардын көңүлүнүн борборун Азия өлкөлөрүнүн тарыхына көбүрөөк буруу маселеси да сунуш кылынат.*

*Окуу китеби боюнча оюңуздарды жана сын-пикирлериңиздерди төмөнкү дарек боюнча жиберсеңиздер болот.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
АЛАЙ РАЙОНУ №5
ПАРМАНАС АТЫНДАГЫ
ОРТО МЕКТЕБИ МЕКЕМЕСИ
ИНН 00808201210056
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ АЛАЙСКИЙ Р-Н УЧРЕЖ.
СРЕДНЯЯ ШКОЛА №5 ИМЕНИ ПАРМАНАСА
16/т 2013
№ 5

Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 25
Кыргыз билим берүү академиясы,
тарыхый-коом таануучулук жана
эстетикалык билим берүү
лабораториясы

# КИРИШҮҮ БӨЛҮМҮ

## § 1. Тарых илими жөнүндө жалпы түшүнүк

**Тарых илими эмнени окутат.** Жаштарга гуманитардык билим берүү маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. Анткени ал жеке адамдын интеллектуалдык жактан өнүгүшүнө түрткү берип, анын чыгармачыл ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн арттырат. Тарых илими байыртадан эле гуманитардык илимдердин маанилүү тармагы катары эсептелет.

Тарых – адам коомунун өткөндөгүсү жана азыркы учуру, коомдук турмуштун ар кыл формаларынын мейкиндик-убакыт өлчөмдөрүндө өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илим. Тарыхтын мазмунун адамзат турмушундагы өзгөрүүлөр, сакталып калган тарыхый эстеликтер менен булактардагы маалыматтар түзөт. Алар аркылуу элдердин, мамлекеттердин чарбасын, ички жана тышкы коомдук турмушун, тарыхый инсандардын ишмердиктерин билебиз.

Тарых өзү окута турган объекттин көлөмү боюнча дүйнө тарыхы (бүткүл дүйнөлүк же жалпы тарых), континенттердин (мисалы, Азия жана Африка тарыхы), айрым бир өлкөлөрдүн, элдердин же элдердин тобунун тарыхы (мисалы, Кыргызстан тарыхы, Россия Федерациясынын тарыхы ж.б.) болуп бөлүнөт.

Тарых азыркы адамзатка кызмат кылып жаткан илимдин дүйнөдөгү эки миңдей тармактарынын ичинен эң байыркысы, нарктуусу жана барктуусу. ЮНЕСКОнун рейтинг таблицасында тарых азыркы илимдердин ичинде төртүнчү орунда турат. Тарых илимдин башка тармактары өзгөчө философия, социология, саясат таануу, психология, укук таануу, адабият таануу, экономика теориясы, ал тургай физика, математика, астрономия, биология өңдөнгөн табигый илимдер менен да тыгыз байланышта өнүгөт. Бирок алардан айырмаланып, тарых коомдун өнүгүү процесстеринин ар кыл жактарын бир тутумда карап, коомдук турмуштун бардык жактарын (экономиканы, саясатты, маданиятты, турмуш-тиричиликти ж.б.) бири-бири менен байланышта талдайт. Илимдин азыркы кездеги тармактары адам коомунун өнүгүшүндө өздөрүнүн тарыхына ээ. Ошондуктан илимдин жана искусствонун бардык тармактарынын (физиканын, музыканын, астрономиянын, кинонун ж.б.) өздөрүнүн тарыхы бар. Тарых менен башка илимдердин ортосунан тарыхый география, тарыхый геология сыяктуу тармак аралык илимдер калыптанып өнүгүүдө.

**Тарыхый таанып-билүүнүн функциялары.** Тарых бир катар социалдык функцияларды аткарат. Биринчиси – *таанып-билүү.* Анткени тарыхты окуган адам элдердин, мамлекеттердин өнүгүшүн объективдүү чындыктын негизинде үйрөнүп, адамзат тарыхы боюнча өзүнүн интеллектуалдык деңгээлин байытат.

Экинчиден, тарых *саясий-практикалык* функцияны аткарат. Себеби бул илим тарыхый фактыларды теориялык жактан терең талдоо менен, коомдун өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктайт. Бул илимий негиздеги саясий багытты аныктоого, субъективдүү чечимдерден оолак болууга өбөлгө түзөт.

*Дүйнө таануу* – тарых илиминин үчүнчү функциясы. Тарых өткөндөгү тарыхый маанилүү окуялар, тарыхтын өнүгүшүнө салым кошкон инсандар, ойчулдар жөнүндө документалдуу повесттерди жаратат. Тарых түзгөн объективдүү чындык – окуучунун дүйнөгө, коомго, анын өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгүнө терең түшүнгөн илимий көз карашынын калыптанышына жардам берет. Тарыхты изилдөөдө жана үйрөнүүдө фактылардын ролу өтө зор. Коом жөнүндөгү илим фактыларга таянат. Фактылар тарых илиминин пайдубалын түзөт. Тарыхый жыйынтыктар илимий негизде болушу үчүн тигил же бул тарыхый процесс, окуя боюнча бардык фактыларды чогултуу, аларды терең талдоо зарыл. Ошондо гана объективдүү тыянакка келип, таанып-билүүнүн илимий негиздүүлүгүн камсыз кылууга болот.

Тарыхтын *тарбиялык таасири* өтө чоң. Бул – анын төртүнчү функциясы. Бардык элдердин тарыхын, жалпы тарыхты билүү адамдын жарандык мүнөздөмөлөрүн – патриоттуулук жана интернационалдык сапаттарын калыптандырат; коомдук өнүгүүдөгү элдердин, айрым жарандардын ролун аныктайт; адамзаттын адеп-ахлактык эрежелерин аңдап билүүгө мүмкүндүк берет; адамдык абийир, коом алдындагы милдет өңдүү дөөлөттөрдү баалоого, коомдогу жана адамдардагы жакшы-жаман сапаттарды ажыратууга, билүүгө, жакшы эмес сапаттардын коомго, адамдардын тагдырына тийгизген кесепеткейирин аңдай алууга мүмкүндүк берет.

Улуу Конфуций: *«Келечекти аңдап билүү үчүн өткөн тарыхты үйрөнгүлө»*,– деген. Анткени тарыхты үйрөнүү тарыхый түшүнүктөр менен ой жүгүртүүгө, коомду тынымсыз өнүгүүдө кароого, учурдагы коомдук турмушту өткөн мезгил, доор менен салыштырып баалоого, келечекке илимий негизде көз

жүгүртүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Учурду, өткөн турмушту жана келечекти, тарыхый биримдикте, хронологиялык жана диалектикалык байланышта кароо – тарых илиминин эң негизги милдети.

Тарыхты изилдөө жана үйрөнүү ыкмалары – башкы маселелерден. Мындан эки миң жылдай мурун эле тарыхый ой жүгүртүүдө эки негизги багыт пайда болуп, бүгүнкү күнгө чейин тирешип, талашып, өнүгүп, жашап келүүдө. Алар: тарыхты *идеалисттик* жана *материалисттик* түшүнүү.

Тарыхты идеалисттик түшүнүү концепциясын жактоочулар материя менен жаратылышка караганда рух менен аң-сезим биринчи жана маанилүү деп эсептешет. Ушуга байланыштуу алар тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүн жана мүнөзүн адамдардын руху жана аң-сезими аныктайт, ал эми экономикадагы ж.б. чөйрөдөгү процесстер экинчи орунда туруп, рухка баш иет дешет. Ошентип идеалисттер тарыхый процесстин негизин адамдардын руханий адеп-ахлактык деңгээли аныктайт, адам коомун адамдар өздөрү өнүктүрөт, ал эми адамдарга андай жөндөмдүүлүктү Кудай берген деп эсептешет.

Тарыхты материалисттик түшүнүү концепциясын жактагандар тескерисинче далилдешет. Бул боюнча адамдардын аң-сезимине карата материалдык турмуш биринчи орунда турат. Экономикалык түзүлүш, коомдогу процесстер жана кубулуштар рухий өнүгүүнү, адамдардын ортосундагы башка мамилелерди аныктайт.

Тарыхты түшүнүүдөгү бул эки концепция пайда болгондон бери адамзат коомундагы не деген залкар акылмандар бул экөөнүн кимиси туура деген маселенин тегерегинде баш катырып, таймашып келет. Бул күрөштүн негизинде коом жөнүндөгү илим да тынымсыз өнүгүүдө. Дүйнө тарыхында XIX к. ортосуна чейин тарыхты идеалисттик түшүнүү үстөмдүк кылып келген. Бул концепция батыштын тарых илиминде азыр да басымдуулук кылат.

**Тарыхтын негизги мезгилдерге бөлүнүшү.** Тарых илиминин орчундуу маселелеринин бири – адам коомунун тарыхый өнүгүшүн мезгилдерге бөлүү болуп эсептелет. Коомдук өнүгүүнү хронологиялык тартипте мезгилдерге бөлүүдө дүйнөдөгү бардык өлкөлөргө же алдыңкы өлкөлөргө тиешелүү чечүүчү факторлор негиз болуп келген.

Тарых илими пайда болгондон бери окумуштуу тарыхчылар коомдук өнүгүүнү мезгилдерге ажыратуунун түрдүү варианттарын иштеп чыгышкан.

Алсак, байыркы грек акыны **Гесиод** (б.з.ч. VIII–VII кк.) элдердин тарыхын беш мезгилге (кудай жараткан, алтын, күмүш, жез жана темир) бөлүп, улам кийинки мезгилде адамдардын жашоо деңгээли төмөндөйт деп белгилеген. Байыркы грек ойчулу **Пифагор** (б.з.ч. VI к.) айланпа теориясын жетекчиликке алып, өнүгүү бир гана нукта жүрөт, анын башталышы, гүлдөшү жана өлүмү бар деп эсептеген.



Б. Гильдебранд.


Немец окумуштуусу **Бруно Гильдебранд** (1812–1878-жж.) чарба жүргүзүүнүн түрлөрү боюнча адамзат коомун натуралдык чарба, акча чарбасы, кредиттик чарба деп үч мезгилге бөлгөн.

Орустун географ жана социолог окумуштуусу **Л. И. Мечников** (1838–1888-жж.) тарыхты суу жолдорунун өнүгүшү боюнча дарыя жолдорунун (байыркы цивилизация), Жер Ортолук деңиздик (орто кылымдар) жана океандык (жаңы жана соңку доорлор) жолдордун мезгили деп бөлөт.



Л. Мечников.

XIX к. ортосунда **К. Маркс** (1818–1883-жж.) тарыхты материалисттик түшүнүү принцибинин негизинде адам коомун беш коомдук-экономикалык формацияга бөлгөн. Анын негизин өндүрүш ыкмалары – өндүргүч күчтөр менен өндүрүштүк мамилелердин конкреттүү биримдиги түзгөн. К. Маркстын формация концепциясы боюнча адам коому бири-бирин ырааттуу алмаштырган беш коомдук-экономикалык формациялар (алгачкы жамааттык, кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталисттик жана коммунисттик) боюнча өнүгөт.



К. Маркс.

К. Маркстан айырмаланып, батыштын окумуштуулары XX к. тарыхый процесстер, аймактык цивилизациялар айланпа боюнча бири-бирин алмаштыруу принциби менен өнүгөт деген теорияны негиздеген. Алардын көрүнүктүү өкүлү



А. Тойнби.



У. Ростоу.

**А. Тойнбинин** (1889–1975-жж.) пикири боюнча адамзат тарыхында цивилизациянын 13 түрү бири-бирине көз карандысыз жашап келген. Алардын ар бири пайда болуу, гүлдөө жана кыйроо доорун баштарынан өткөрөт деген. Анын пикири боюнча азыр дүйнөлүк цивилизациянын 8 түрү жашап жатат.

Америкалык окумуштуу **У. Ростоу** (1916-ж. туулган) XX к. 60-жылдарында экономикалык өнүгүү стадияларынын теориясын иштеп чыккан. Ал экономикалык өнүгүүнүн беш стадиясын (салттуу коом, өткөөл коом, «учуу» жана акырындап жылуу мезгили, бышкан мезгил, жогорку массалык керектөө эрасы) көрсөтөт. 70-жж. У. Ростоу буларга алтынчы стадияны кошуп, аны адамдын турмуш шарттарын сапаттуу жакшыртуунун жолун издөө мезгили деп атаган. А. Тойнби менен У. Ростоунун теориялары батышта колдоого алынган.

Бул окуу китеби адам коомун алгачкы жамааттык коом, байыркы дүйнө, орто кылымдар, жаңы жана соңку доор деп бөлгөн дүйнөлүк тарых илиминде басымдуулук кылган концепциянын негизинде жазылды.

Ардактуу окуучулар, киришүү бөлүмүнөн силер тарых илиминин коомдук илимдердин ичинде ээлеген өзгөчө маанилүү ролун аныктап түшүндү деген ойдобуз. Өкүм сүрүп келаткан узак мезгилден бери тарых илими дүйнөнүн ар кыл өлкөлөрүндө жетишкен тажрыйбалардын негизинде байып, өркүндөп келди. XX к. улуттук тарых мектептеринин жана тарых илимдеринин ортосундагы чектер жоюлуп, интернационалдык мүнөзгө ээ болду.

### Суроолор:

**1.** Тарых илими эмнени окутат? **2.** Тарых илими кандай функцияларды аткарат? **3.**Тарых илиминин методологиясы кандай? **4.** Тарых кандай мезгилдерге бөлүнөт? **5.** Тарых илиминин мааниси жөнүндө айтып бергиле.

# I БӨЛҮМ
# АЛГАЧКЫ КООМ ДҮЙНӨСҮ

## § 2. Алгачкы коом дүйнөсүнүн жаралышы

**Илим жана дин адамдын келип чыгышы жөнүндө.** Адам баласы кандайча пайда болгон? Биз чын эле адам сыяктуу маймылдан жаралганбызбы же кандайдыр бир күч жаратканбы? Бул сыяктуу суроолор адамдарды байыркы убактан бери кызыктырып келген. Адам баласынын пайда болушу жөнүндөгү маселе азыркы мезгилде да илим менен диндин ортосундагы негизги талаш-тартыш маселе бойдон калууда.

Биринчи, алгачкы болуп эмне саналат: Жаратылышпы (бытиеби, материябы) же духпу (акылбы, аң-сезимби, идеябы)? Башкача айтканда, материя аң-сезимден мурда болгонбу же тескерисинче аң-сезим материядан мурда болгонбу? Бул маселенин чечилишине жараша философиялык окуулар негизги эки багытка: материализмге жана идеализмге бөлүнөт. Материяны (жерди, жаратылышты) биринчи деп тааныган философторду, окумуштууларды материалисттер (латындын «материалис» – «заттык» деген сөзүнөн алынган) деп аташат. Алар бизди курчап турган дүйнөнү эч ким жараткан эмес, жаратылыш түбөлүк жашай берет деп эсептешет. Материалисттер дүйнөнү анын өзүнө негиздеп түшүндүрүп, жаратылыштан тышкары турган кандайдыр бир күч бар деген түшүнүктөрдү четке кагышат. Тескерисинче идеалисттер (грекче «идея» – «ой» дегенден) бардык нерсенин негизи деп аң-сезимди же «рухту» эсептешет. Алар аң-сезим жаратылыштан мурда жана ага көз каранды болбостон эле жашап келген дешет.

Идеализм жана дин башкы маселени, дүйнөгө көз караштын негизги маселесин чечүүдө бирдей өңүттө турушат. Ар кандай дин дүйнөнү бийлеген күчкө – жаратылыштан тышкары турган күчкө ишенүүгө негизделген. Идеализм материалдык эмес, рухтук күч бардык нерсенин негизин түзүп, дүйнөнү жараткан деп эсептейт.

Диний окууда жаратылыш жана адам баласы алты күндүн ичинде кудай тарабынан жаратылгандыгы айтылат. Кудайдын буйругу менен беш күндүн ичинде жарык, суу, кургактык, ай, жылдыздардын жерге көрүнүшү, өсүмдүктөр, суудагы жаныбарлар жана канаттуулар пайда болгон. Ал эми алтынчы күн

дегенде кудай жапайы жана үй жаныбарларын пайда кылып, жерге, сууга жана бардык жаныбарларга бийлик кылып, көз салсын үчүн ушул күнү адам баласын, эркекти жана аялды жараткан делинет.

Окумуштуулар бул көз карашты четке кагып, өз көз караштарын илимий жактан далилдешти. Айрыкча археологдор миллиондогон жылдар мурдагы тургун жайларды таап, казып, алардан табылган тарыхый эстеликтерди изилдөө менен, адам баласынын пайда болушу тууралуу маалыматтарды арбытууга, түшүнүктөрдү кеңейтүүгө чоң салым кошушту. Археологдор табылган таш куралдардын мындан жүздөгөн миң жылдар мурда пайдаланылгандыгын тастыкташты. Бул куралдарга ошончо узак убакыт болгондугун кантип далилдешти деген суроо туулат. Мындай табылгаларга канча мезгил болгондугун далилдөөнүн бир нече жолдору бар. Эң көп тараганы жана так ыкма – ***радиоуглероддук ыкма*** болуп саналат.

Эчактан бери колдонулуп келе жаткан ыкмалардын бири – ***стратография*** (стратум – катмар, графо – жазам) деп аталат. Демек, стратография катмарлардын орун алышы дегенди түшүндүрөт. Археологиялык казуулардын натыйжасында табылган адамдын сөөктөрү же анын куралы, экинчи бир табылгага караганда жер кыртышындагы катмарлардын үстүнкү катмарда жатса, анда алдыңкы катмардан табылганы үстүнкүсүнө караганда мурдагы мезгилге таандык болот. Бул ыкма боюнча да окумуштуулар археологиялык табылгалардын кайсынысы эрте, кайсынысы кийинки мезгилге таандык экендигин далилдешкен.

***Типологиялык ыкма*** – бирдей, окшош табылгалардын ар кайсы жерден табылышы. Эгер окшош куралдар ар башка жерлерден (алыскы аймактардан) табылса, демек, ал куралдар, буюмдар бир мезгилдерде жасалган, пайдаланылган дегендикти билдирет.

**Байыркы адамдардын сөөктөрү боюнча адамдын биологиялык эволюциясын түзүү.** Археологдор өткөн мезгилдердеги тарыхый эстеликтерди казып, изилдеп, кайсы мезгилге таандык экендигин эле эсептеп чыкпастан, табылган эстеликтерди калыбына келтирүүгө да аракеттенишет. Куралдарды сыныктарынан баштапкы абалына келтиришет. Пайдубалы аркылуу үйдү тургузушат. Ал эми адамдын сырткы кебетеси, расалардын келип чыгышы жана алардын жер бетине жайгашуусу тууралуу маалыматтарды ***антропология*** илими берет. Антропологиянын өнүгүшү көрүстөндөрдү казуу учурунда табылган

байыркы адамдардын баш сөөктөрү менен скелеттерин изилдөө аркылуу алгачкы адамдардын да, ошондой эле соңку мезгилдердеги эң көрүнүктүү тарыхый ишмерлердин да сырткы келбеттерин калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк берди.


Адамзаттын өнүгүшүндөгү биринчи этап – **алгачкы коомдук түзүлүш** өтө зор мезгилди – адамдын жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыккан мезгилинен (болжол менен 2,5 *млн* жыл мурда) баштап, планетанын ар кайсы аймагында таптык коомдун пайда болуу (болжол менен б. з. ч. 4-миң жылдык) мезгилине чейинки аралыкты камтыган.

Алгачкы адамдардын ишмердүүлүгү тууралуу маалымат бизге таштан жасалган эмгек куралдары түрүндө гана жеткен. Ошондуктан адамзат тарыхынын баштапкы өнүгүү этабы ***таш доору*** деп аталат. Бул адам баласы пайда болгондон б. з. ч. 3-миң жылдыкка чейинки мезгил болгон. Экинчи этап ***коло доору*** деп аталып, ал б. з. ч. 4-миң жылдыктын аягынан б. з. ч. 1-миң жылдыктын аралыгына чейинки мезгилди камтыйт. Үчүнчү этабы ***темир кылымы*** деп аталып, ал б. з. ч. 1-миң жылдыктан башталган.

Эмгек куралдарынын бара-бара татаалданып жакшыргандыгы адамдардын маданий жана биологиялык жактан өнүгүшүн айгинелейт. Таш куралдарынын түзүлүшүнө жараша таш доору үч мезгилге бөлүнөт: *байыркы таш доору* (палеолит), *орто таш доору* (мезолит), *жаңы таш доору* (неолит) жана *өткөөл мезгил* (энеолит).

**Алгачкы коомдогу дин жана искусство. Аскадагы живопись.** Байыркы таш кылымында адамдын калыптануу процесси негизинен аяктаган. Адамдар отту пайдаланууну гана билбестен, өздөрү отту тутандырууну үйрөнүшкөн, таш иштетүүнүн ыкмасын бир кыйла жогорулатууга жетишишкен; аска беттерине, үңкүрлөрдүн боорлоруна ар кандай сөлөкөттөрдү чиймелеп түшүрүүнү өздөштүрүшкөн. Байыркы адамдардын искусство эстеликтери алардын жаратылышка, айлана-чөйрөгө болгон түшүнүгүнүн кеңейгендигин жана алгачкы диний түшүнүктөрдүн пайда болгондугун тастыктайт.

Жашоо үчүн биргелешип эмгектенүү алардын сөздөрдү байланыштырып сүйлөшүнө жана ой жүгүртүүсүнө чоң таасир берген. Байыркы адамдардын негизги кесиби **аңчылык** жана **жыйноочулук** болгондуктан, алар ушул багытта көргөнбилгенин, аңдап түшүнгөнүн жана каалоолорун билдирүүгө аракеттенишкен. Алар үңкүрлөрдүн, аскалардын беттерине жаратылыштан табылган боёктор менен ошол мезгилде өздөрү



Тюк-д'Одубер үңкүрүндөгү чоподон жасалган эки бизондун фигурасы.

үчүн эң маанилүү нерселерди, көпчүлүк учурларда өздөрү аңчылык кылган жаныбарлардын сөлөкөттөрүн түшүрүшкөн.

Байыркы искусство эстеликтери ошол мезгилдердеги адамдардын аң-сезиминин, турмушунун деңгээлин көрсөтүп, ошондой эле алгачкы адамдардын кандайдыр бир кереметтүү жогорку күчкө ишенгендигин да баяндайт.

Аңчылык ийгиликтүү болсун үчүн жаныбарлардын сөлөкөттөрүнө ар кандай ырым-жырымдарды, жөрөлгө аракеттерди аткарышкан. Франциядагы Тюк-д'Одубер үңкүрүнүн түпкүрүнөн изилдөөчүлөр кызыктуу табылгага туш болушкан (1912-ж.). Анда чоподон жасалган эки бизондун фигурасы жана алардын айланасында жылаңайлак тамандын толук изи, ошондой эле буттун манжаларынын издери болгон. Окумуштуулар бул издер алгачкы адамдардыкы экендигин жана бизондун фигурасы байыркы мезгилге туура келе тургандыгын далилдешкен.

Жаныбарлар алгачкы адамдардын аң-сезиминде негизги орунду ээлеген. Жаныбарлардын жашоосун өздөрүнүн уруулук жашоосуна салыштыруу менен, адам жаныбарлар дүйнөсүн өздөрүнүн жамааттык жашоосунун экинчи бөлүгү катары түшүнгөн. Ушундан улам **тотемизм**, т. а. ошол уруунун бардык мүчөсү белгилүү бир жаныбардан же өсүмдүктөн келип чыккан деп ишенүү түшүнүгү пайда болгон. Тотем түшүнүгү бул, Түндүк Америкалык индей урууларынын бири – алгонкиндер-

дин сөзү менен айтканда, «анын уруусу, теги» дегенди билдирет. Тотемдик түшүнүк адамдардын жана жаныбарлардын түпкү теги бир болгон деп карайт.

Эрте палеолитте эле, т. а. мындан 50–40 миң жыл мурда эле алгачкы жамааттык диний көз караштар калыптана баштаган. Археологиялык табылгалар, ар кандай сүрөттөр байыркы таш доорундагы адамдардын жашоо үчүн болгон күрөшүүдөгү алсыздыгынан жана жаратылыштын ар кандай кубулуштарын түшүнбөгөндүгүнөн улам, алгачкы диний ишенимдер пайда болгондугун далилдеп турат. Ошондой болсо да байыркы адамдар жаратылыш кубулуштарына, жаныбарлардын кыймыл-аракеттерине байкоо жүргүзүүгө далалаттанышкан.

Археологиялык табылгалар илимий ачылыштарды ачууга канчалык деңгээлде мүмкүндүк берсе, аска бетиндеги, үңкүрлөрдөгү сүрөттөр да адамдардын аң-сезимин, айлана-чөйрөгө карата түшүнүгүн, көз карашын алардан кем эмес чагылдырып турат.

**Жаңы таш доору жана «неолит революциясы».** Байыркы таш доору жүздөгөн миң жылдарга созулган. Адам баласынын тарыхында металл куралдары пайда болгонго чейинки мезолит жана неолит мезгилдерин археологдор б. з. ч. 13- жана 4-миң жылдыктар аралыгындагы мезгил деп болжошот.

Мезолит мезгилинде адам баласынын басып өткөн жолунда чоң өзгөрүш, жетишкендик болгон. Бул – *жаанын* жана *жебенин* ойлоп табылышы. Жаадан учкан жебе кол менен ыргытылган найзага караганда алыска жана таамай тийген. Эмгек куралдарынын улам татаалданышы адамдардын жаңы ойлоп табууларына түрткү болгон. Жаанын пайда болушу таш кылымындагы эң жөнөкөй техниканын алдыга тез жылышын билдирет. Мурда таш куралдарын одоно миздеп пайдаланса, эми ташты жылмалап, чакан көлөмдө жасап, жебенин учуна бекитүүнү өздөштүрүштү. Эмгек куралынын жер шарынын көпчүлүк бөлүгүндө чоң мааниге ээ болгон жаңы түрү – *балта* жана *керки* пайда болду. Адамдар бул куралдарды таштан, сөөктөн жана кремнийден жасашкан. Бул эмгек куралдары адегенде жер шарынын түштүк тарабында пайда болгон да, кийинчерээк Европага жана Азияга тараган.

Неолит мезгилинде Алдыңкы жана Орто Азияда, Индияда, Европада жана Түндүк Америкадагы калктардын материалдык маданиятында жана чарбалык турмушунда прогрессивдүү өзгөрүүлөр болуп өткөн. Таштан жана сөөктөн курал жасоо ыкмаларын улантып, неолит мезгилиндеги адамдар эми ку-

ралдарды жылмалоону өздөштүрүшкөн. Неолиттик жаңы техниканын эң мүнөздүү белгиси – бул таш куралдарын жылмалап иштетүү ыкмасы. Жаңы ыкманы пайдалануу менен неолит адамдары кремнийди пайдаланып, иштетүүгө кыйын болгон катуу таштардын породаларын да кеңири иштете башташат. Ошондой эле өтө бекем таштар – нефрит жана жадеитти иштете билишкен. Ташты иштетүүнүн жаңы ыкмасы – араалоо жана көзөө пайда болгон. Мындай техниканы пайдалануу менен неолит мезгилиндеги адам таштарды каалаган формага келтире алган. Натыйжада ар кандай сапаттуу эмгек куралдары пайда болду.

Чоподон идиш жасоодо аны атайын формага келтирүүнүн жана аны бышыруунун ойлоп табылышы маданияттын өнүгүшүндө зор мааниге ээ болгон. Бул адамга тамак-ашты сапаттуу даярдоого мүмкүнчүлүк түзгөн. Чоподон идиш жасоо таш куралдарын жылмалап жасоо сыяктуу эле неолит мезгилинин мүнөздүү белгилеринен болуп саналат. Ушунун бардыгы неолит доорундагы адамдардын жашоосун ата-бабаларынын жашоосуна салыштырмалуу бир кыйла жеңилдеткен жана жогорулаткан.

*Адамзаттын алгачкы жашоосундагы алдыга жылуунун эң чоң кадамы – бул аңчылыктан жана жыйноочулуктан мал багууга жана өсүмдүктөрдү өстүрүүгө өтүшү болгон.* Дал ушул неолит мезгилинде байыркы адамдардын көпчүлүгү малчылыкты жана дыйканчылыкты өздөштүрүшкөн.

Жер айдоону башына таш байланган таяк менен жүргүзүшкөн. Тарыхта муну ***чот дыйканчылыгы*** деп аташат. Ошондой эле түшүм жыйноо жана башка жумуштардын бардыгы эң жөнөкөй эмгек куралдары менен аткарылган. Айбанаттарды колдо багуу жана дыйканчылыктын келип чыгышы адамзаттын тарыхындагы зор жетишкендик болуп саналат. Мунун натыйжасында адамдар өзүнө керектүү азык-түлүктү өздөрү өндүрө башташкан. Бул илимде **неолит революциясы** деп аталат.

Тарыхый өнүгүүнүн жолунда элдердин жалпылыгынын жаңы таризи (формасы) – ***уруулук жамаат*** келип чыгат. Уруулук жамааттын ичинде уруктук жамааттар негизги коомдук жана өндүрүүчү уюкчаларды (ячейкаларды) түзүшкөн. Бул уруулар уруктардын аксакалдарынын биргелешкен башкаруусунда болгон.

Адегенде уруктук жамааттын ичинде эмгекти бөлүштүрүү жашына жана жынысына карата жүргөн. Дыйканчылыктын жана малчылыктын өнүгүшүнө байланыштуу бүтүндөй бир

жамаат жана уруулар өндүрүштүн түрүнө карата адистештириле баштаган. Жаңы шарттарда эркектин эмгеги үстөмдүк кыла баштайт. Ошентип, энелик жамаат (матриархат) аталык жамаат (патриархат) менен алмашат. Археологиялык эстеликтер металл пайдаланыла жана эмгек куралдары өркүндөтүлө баштагандан тартып эмгек өндүрүмдүүлүгү бир кыйла жогорку деңгээлге өскөндүгүн тастыктайт. Адамдар продукцияны өздөрүнүн жашоосу үчүн зарыл болгондон ашык өндүрө башташкан. Бул мезгилге чейин уруулар аралык согуштарда колго түшкөн туткунду өлтүрүп же өздөрүнүн жамааттарына кошуп алышса, эми аларга кул катары мамиле кыла башташкан.

Адамды адам эзүүнүн, кул ээлөөчүлүктүн пайда болушу менен мамлекеттер келип чыккан. Эмгек куралдары андан ары өркүндөтүлгөн, мамлекеттер ортосунда соода байланышы күчөгөн, чоң-чоң шаарлар пайда болгон. Ар кандай храмдар курулган, илимдин тармактары пайда болуп, кол өнөрчүлүк, искусствонун түрлөрү өнүгө баштаган. Адамзаттын алгачкы коомдон цивилизацияга чейинки басып өткөн жолу бир нече жүз миңдеген жылдарды камтыйт. Өндүрүштөгү ар бир жетишкендик миңдеген жылдар бою топтолгон тажрыйбанын негизинде зор эмгектин натыйжасында пайда болгон жана ал өз кезегинде коомдун жаңы жетишкендиктерине жол ачкан.

### Суроолор:

**1.** Адамдын келип чыгышы жөнүндө дүйнөдө кандай көз караштар бар жана алар бул процессти кандайча далилдешет? **2.** Археология жана антропология илимдери жөнүндө түшүнүгүңөрдү айтып бергиле. **3.** Байыркы мезгилде диндин жана искусствонун пайда болушуна эмнелер таасир эткен? **4.** «Неолит революциясы» дегенди кандай түшүнөсүңөр? **5.** Ак сөөктөр жана кулчулук кандайча пайда болгон?

# II БӨЛҮМ
# БАЙЫРКЫ ЧЫГЫШ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

## § 3. Байыркы Египет мамлекети

**Байыркы Египет цивилизациясынын пайда болушу.** Египет Африканын түштүк-чыгыш жагынан орун алган. Байыркы мезгилде Египет деп Нил дарыясынын өрөөнүн гана эсептешкен. Мындан 10–12 миң жыл мурда Египеттин климаты салкын, мелүүн болгон, жаан-чачын көп жааган.

Байыркы грек тарыхчысы белгилегендей, Египеттин мол түшүмдүү жери – «Нилдин белеги» болуп калган. Жаанчыл мезгилде Нил дарыясы аркылуу, тропиктик Африкадан өсүмдүктөрдүн чириндилери жана топурак агып келет. Мындай мезгилде Нил ташкындап, өз нугунан чыгып, жээктен бир канча алыс аралыкка жайылат. Дарыя кайра тартылган кезде, суу жайылган аймактарга суу менен кошо агып келген өсүмдүк чириндилери чөгүп кала берип, ал жерлер дыйканчылыкка ыңгайлуу, жумшак, семиз жерге айланган. Натыйжада мындай жерлер иштетүүгө оңой жана түшүмдүү болгон. Нилдин өрөөнүнүн шарты дыйканчылыкка ыңгайлуу болгондуктан, өрөөндү мекендеген байыркы адамдар жер иштетүүнү неолит мезгилинде эле өздөштүрүшкөн.

Египеттин калкы, Байыркы Чыгыш калктары сыяктуу эле ар кайсы уруулар, негизинен Түндүк жана Чыгыш Африканын жергиликтүү уруулары менен аралаш жашоосунан улам акырындык менен калыптанган. Байыркы египеттиктер байыртадан эле Нил өрөөнүн жана анын дельтасын мекендеген.

Б.з.ч. 4-миң жылдыкта Нил өрөөнүндө жана анын дельтасында байыркы таптык коомдун жана мамлекеттин түзүлүү процесси башталган. Египеттин калкы бул мезгилде жамааттын кеңешинен жана башчысынан турган өзүнчө жамааттарда жашашкан.

Байыркы Египетте Нил өрөөнү дыйканчылыкка кандай жагымдуу шарт түзсө, суу жолу катары дагы ошондой эле зор мааниге ээ болгон. Өлкөнүн түндүгү менен түштүгүн жана дарыя боюндагы жашаган уруулар ортосундагы карым-катнаш байланыштары Нил аркылуу жүзөгө ашырылып турган. Эгин, мал, жыгач, кол өнөрчүлүк буюмдары салынган кайыктар жыл бою үзгүлтүксүз каттап турган.

Жасалма сугат иштери үчүн курулган татаал курулуштар – каналдар жана суу сактагычтар, фараондор үчүн падыша сарайлары, статуялардын жасалышы, илим-билимдин ар кандай тармактарынын пайда болушу – байыркы египеттиктерде цивилизациянын пайда болгондугун тастыктаган далилдер.

**Фараон – Египет өкүмдары. Фараон ордосундагы каада-салттар жана адеп-ахлак.** Байыркы Египетте адамдардын ортосундагы теңсиздиктин пайда болушунун башаты эң байыркы мезгилдерге туура келет. Дыйканчылык Египетте эрте пайда болгондуктан, сугат ишин жөнгө салуу үчүн (каналдарды, тосмолорду ж. б. куруу) көпчүлүктүн бирдиктүү күчү керек болгон. Ошондуктан алгачкы дыйкандар коңшулук жамаатка өтүшкөн. Жамааттык тартиптердин бузулушу акырындык менен жүргөн. Эмгек куралынын улам өркүндөшү менен дыйканчылыкта, малчылыкта жана кол өнөрчүлүктө бир кыйла алга жылуулар болгон. Натыйжада адамдар өз керектөөлөрүнөн ашык азык өндүрө баштаган. Жамааттардын башында аларды жетектеген башчылар турган. Теңсиздиктин пайда болушу жана азчылыктын көпчүлүктү башкарып турушу, Египетте мамлекеттин пайда болушуна алып келген.

Жез кылымы башталган мезгилдерде эле, Байыркы Египетте бир нече ондогон өзүнчө облустар болгон. Археологиялык тарыхый табылгалардагы иероглифтик жазууларда «облус», «округ» дегенди билдирген (грекче – «ном» деп аталат) белгилер кезигет. Египеттик номдор миңдеген жылдар бою жашоосунда өздөрүнүн байыркы аттарын, жергиликтүү диний салттарын сактап калган. Ар бир номдун өзүнчө негизги шаарлары жана башкаруучулары болгон. Нил өрөөнүндөгү сугат иштерин уюшкандыкта жүргүзүү байыркы мамлекеттик түзүлүштөгү ондогон номдор биригип, бирдиктүү мамлекет болгондо гана ишке ашмак. Сугатка жана кеңейтүү иштерине көз салуу байыркы мамлекеттин негизги функциясы болуп калган. Акырында, тышкы сооданын натыйжасында пайда болгон согуштук саясат мамлекеттин ички күч-кубатын арттырууну талап кылган. Египетти бир күчтүү мамлекетке бириктирүү процесси Нилдин дельтасында да жана өрөөнүндө да жүргөн. Акырындык менен бири бирине атаандаш эки мамлекет пайда болгон: Нилдин дельтасында – *Түндүк падышалык* жана өрөөндү бойлото – *Түштүк падышалык*.

Б.з.ч. 3-миң жылдыкта ташка чегилип жазылган байыркы египеттик жыл баяндын (летопись) сыныктары бизге чейин сакталып алган. Жыл баяндарды жазууну Египет падышалары жүргүздүргөн. Египет падышаларын *фараондор* деп аташкан.

Фараондордун ысымы жана титулу египеттиктер үчүн ыйык деп эсептелип, падышалардын атын аташпаган. Б.з.ч. 2-миң жылдыктын ортосунан баштап египеттиктер падышаны «пер-о» («чоң үй») деген сөздөн улам «фараон» деп аташкан.

Байыркы Египеттин тарыхын жүз жылдыктар менен өлчөбөстөн, шарттуу түрдө династиялар боюнча белгилешет. Фараондордун байыркы тизмеси династияларга бөлүнгөн.

Грек жазма булактарында Египетти бириктирген жана анын биринчи падышасы байыркы фараон *Менес (Мин)* жөнүндөгү эскерүүлөр сакталып калган. Падыша Менес Египетти бириктиргенден кийин, Нилдин куймасына (Түндүк Египетте) «Ак дубал» деген ат менен падыша сарайын курдурган. Бул жер туура тандалып алынгандыктан, Египет тарыхынын бардык мезгилинде өзүнүн маанисин сактап калган. Кийинчерээк бул жерде байыркы падышалыктын борбору – Мемфис шаары пайда болгон. Мин падышалык кылып турганда ири сугат курулуштары курула баштаган.

Ортоңку падышалыктын гүлдөгөн мезгилинде Египетте өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү бир кыйла жогорулаган. Металлдан ар кандай буюмдарды жасоо менен 12-династиянын тушунда кол өнөрчүлүктүн жаңы түрү – айнек иштетүү пайда болгон. Ушул мезгилде Египеттин башында фараондор: Аменемхет I, Сенусерт I, Аменемхет II, Сенусерт II жана Сенусерт III, Аменемхет III жана Аменемхет IV, аял фараон Нефрусебектер турушкан.

Ортоңку падышалыктын акыркы мезгилдеринде Египеттин көпчүлүк жерин Түндүк Чыгыштан келген гиксос уруулары басып алышкан. Чет жерлик баскынчыларды кууп чыгуу менен Египетте Жаңы падышалыктын мезгили башталган. Бул падышалык 300 жылча – б.з.ч. XIV–XII кк. өкүм сүргөн. *Жаңы падышалыктын* мезгили кул ээлөөчүлүк мамиленин жана кул ээлөөчүлүк чарбанын андан ары өсүшү менен мүнөздөлөт. Фараондордун бийлиги кул ээлөөчүлөрдүн кеңири катмарына таянган.

Египеттин күч-кубаты фараондор Тутмос IIIнүн жана Рамзес IIIнүн тушунда бир кыйла жогорулаган. Фараонду «күндүн уулу», «улуу кудай» деп аташкан. Карапайым адамдар гана эмес төрөлөр да фараондордун алдына жыгылып, анын изин өбүшкөн, фараондун бут кийимин өбүү чоң урмат деп эсептелген.

Фараондордун ордосунда атайын жыл баяндарды жазган катчылар болуп, алар фараондун чарбалык жана соода иште-

рин, согуштук жортуулдарын баяндап жазышкан. Ошондой эле падышанын буйругу боюнча, алардын ата-бабаларынан берки тарыхын жазып калтырууга аракеттенишкен. Падышаны ыйык тутушуп, аны даңазалаган гимндерди жаратышкан. Фараондорго арналган гимндер «Пирамидалар тексттеринде» сакталып калган.

**Байыркы Египеттеги карапайым адамдардын жашоо-турмушу.** Байыркы Египеттеги карапайым адамдар сугат куруулуштарында, соода-сатык иштеринде, дыйканчылыкта жана малчылыкта эмгектенишкен. Мамлекеттик чиновниктер ар бир дыйкандын канча жери жана малы, канча жана кандай жемиш бактары, эмне буюмдары бар экендигин каттап турушкан. Дыйкандар, малчылар жана кол өнөрчүлөр салык төлөөгө тийиш болушкан. Карапайым египеттиктердин да аз болсо да өз жери, малы жана устаканалары болгон. Падышанын, төрөлөрдүн, жрецтердин жана кул ээлөөчүлөрдүн көп сандаган кулдары болгон. Коңшу уруулар менен болгон согуштардын натыйжасында колго түшкөн туткундарды кулга айландырышкан.

Байыркы Египеттеги кол өнөрчүлөр да, балыкчылар жана канаттууларды кармоочулар да өз башчылары үчүн иштешкен. Кол өнөрчүлөр көпчүлүк учурда жалпы өнөрканага биригишип эмгектенишкен. Кездеме токуучу жайда негизинен аялдар иштешкен.

20-династиянын жыл баян китептеринде, кичине жер бөлүгүнүн ээси болгондордон өйдө «дыйкандар» деп эсептелгендиги баяндалат. Храмдарга таандык «дыйкандардын» өзүлөрү да кулдардын эмгегин пайдаланышкан. Демек, «дыйкандар» деп жалпы эле карапайым египеттиктерди аташкан. Көпчүлүк дыйкандар жер айдоо үчүн күч унааны – өгүз ж. б. суроого мажбур болушкан. Египеттик кол өнөрчүлөрдүн айрымдарынын жер үлүштөрү болгон. Алардын көпчүлүгү фараондорго жана төрөлөргө тиешелүү өнөрканаларда иштешип, жоокерлер үчүн курал-жарак жасашкан.

**Фараондордун согуштук жортуулдары.** Ортоңку падышалыктын гүлдөгөн мезгили 12-династия мезгилине туш келип, б. з. ч. XVIII к. башталышына чейин 2 миң жыл бекем бийликти сактап турган. Бул мезгилдердеги падыша бийлигинин чыңдалышы жана бекемделиши коңшу элдердин үстүнөн болгон жеңиштүү согуштук жортуулдар менен коштолгон. Эфиопиянын алтын кендери мурдатан эле белгилүү болуп, египеттиктердин жортуулдарына дуушар болуп турган. Бир

нече согуштук жүрүштөр жана Нилдин экинчи босогосуна чыңдалган чептердин курулушу Түндүк Эфиопияны Египетке биротоло караткан. Фараон Сенусерт IIIнүн тушунда египеттиктер Палестинага согуштук жортуулга чыгышкан.

Египет фараондору түндүк-чыгыштагы коңшу уруулар менен да тынымсыз күрөш жүргүзүшкөн. Египеттик аскерлер Синай жарым аралындагы көчмөн урууларды каратып алышып, андан ары Палестинадагы отуруктaшкан элдерге басып киришкен. Египеттиктер өздөрүн бөлөк элдерден өйдө турган кудай тарабынан тандалган эл катары эсептешкен.

Б.з.ч. XVI к. экинчи жарымында Аменхотеп Iнин күйөө баласы *Тутмос I* бийликке келет. Ал Палестина жана Сирия аркылуу жортуулга чыгып, Евфратты, Түндүк Месопотамиядагы күчтүү мамлекет Митанини караткан.

*Тутмос IIIнүн* тушунда Сирияга айрыкча көп жүрүштөр жасалган. Натыйжада Палестина, Сирия жана Финикия басылып алынып, ал жерлерде Египеттин үстөмдүгү бекемделген.

Тутмос III өлгөндөн кийин бийликке анын уулу *Аменхотеп II* келет. Аменхотеп IIнин аскерлери бүткүл Палестинаны басып өтүп, Түндүк Сириядагы негизги экономикалык борбор жана Жер Ортолук деңиз жээгиндеги стратегиялык шаар – Угаритти басып алган. Аменхотеп IIнин ийгиликтүү согуштук аракеттеринин жатыйжасында египеттиктер Евфрат дарыясынын жээктерине чейинки аймактарды каратып алышкан.

Фараондордун 19-династиясын негиздеген *Хоремхеб* падышалык кылган мезгилдерде аскердик саясат жаатында бир катар кайра түзүүлөр жүргүзүлгөн. Хоремхебдин ордун баскан *Рамзес I* күч-кубаттуу аскерди түзүү максатындагы кайра уюштуруу ишин үзүрлүү уланткан.

Рамзес Iден кийинки фараон *Сети Iнин* тушунда Сирия, Палестина жана Мегиддо түздүктөрүнө ийгиликтүү согуштук жүрүштөр уюштурулуп, бир канча шаарлар басылып алынган. Ал эми андан кийинки фараон Рамзес II баскынчылык саясатынын кеңири масштабда жүргүзүлгөндүгү менен белгилүү.

Рамзес IIнин бийлиги 66 жылга созулган. Анын башкаруу мезгилиндеги өзгөрүүлөр, курулуштар жөнүндөгү эстеликтер жана ошондой эле грек тарыхчыларынын эскерүүлөрү биздин күндөргө чейин сакталып калган.

Рамзес IIнин ордун басуучулар деле Египеттин Азиядагы таасирин сактап калуу үчүн согуштарды улантышкан. Рамзес IIIнүн падышалык мезгили Египеттин согуштук күч-кубатынын соңку мезгили болгон.

**Байыркы Египет маданияты.** Байыркы египеттиктер жаратылышты жана адамдардын турмушун кудайлар башкарышат деп түшүнүшкөн. Жаныбарларга сыйынуу уруктук-уруулук ишенимдин келип чыгышынан улам пайда болгон. Ал боюнча адамдардын түпкү теги кандайдыр бир жаныбардан же канаттуудан келип чыккан деген түшүнүк – *тотемизм* жаралган. Ар кайсы жерлерде ар кандай жаныбарлар ардакталган. Көпчүлүк облустар жергиликтүү жаныбарлардын аты менен аталган. Мисалы, крокодил облусу, кой облусу, шумкар облусу ж. б. Байыркы Египетте кудайларды жаныбарлар кейпинде же баштары айбанаттардыкындай адамдар түрүндө элестетишкен. Байыркы египеттиктер жаратылыштын ар кандай көрүнүштөрүнө да сыйынышкан. Мындай ишенимдер – *фетишизм* деп аталат.

Байыркы египеттиктердин диний түшүнүгүндө өлгөн адамдын денеси сакталып турса, анда ал адамдын жаны мезгил-мезгили менен келип, жашап жүрө берет деген ишеним болгон. Өлгөн адамдын денесин жасалма түрдө түбөлүк жашоо үчүн сакташкан. Ал үчүн денеден ички органдарын алып атайын өзгөчө идишке сактап, ал эми денесин туздун эритмесине чылап, анан жыттуу чайырды сиңирип, сыртынан зыгырдын буласы менен бир нече катмар кылып орошкон. Ушинтип койгон дене чирип бузулбай кургап калган. Кургаган денени *мумия* деп аташкан.

Байыркы Египетте дин фараонго кыңк этпестен баш ийип, моюн сунууну талап кылган. Анын негизи ар кандай мифтерде айтылгандай, падышанын кудай тарабынан дайындалгандыгы болуп эсептелген. Падышанын буйругун аткарбагандарга жана бузгандарга кудай ар кандай оор кырсыктарды жиберет дешкен.

Фараон тирүү кезинде ага жердеги кудай катары сыйынышкан, ал эми өлгөндөн кийин аны эң зор таш күмбөздөргө асмандагы кудайдын, улуу кудайлардын мурасчысы жана өкүлү катары көмүшкөн.

Египеттик курулушчулар пирамида таризиндеги падышалык күмбөздөрдү адегенде эле ойлоп таба коюшкан эмес. Пирамида түрүнө окшоштурулган алгачкы күмбөз Саккарада алты кабат тепкич түрүндө *Жосер* падыша тарабынан курулуп, анын бийиктиги 60 *м* жеткен. Жосердин падышалыгынан кийинки 3-династиянын тарыхы жөнүндөгү маалыматтар анча көп эмес. Төртүнчү династиянын башталышы менен, пирамидаларды жаңыча кура башташкан. Бул мезгилдерде па-

дышалык кылган *Снофруга* эки чоң күмбөз таандык: бирөө Медумда, бийиктиги 100 *м* келет; бийиктиктиги 90 *м* жеткен экинчиси *Дахшурда* курулган. *Медум пирамидасы* адегенде жети кабат тепкич түрүндө болуп, кийин анын үстүнө сегизинчи кабат кошулган. Кийинчерээк бул аска өңдөнгөн курулушка пирамида түрүн бериш үчүн аны сыртынан кайрадан таш менен капташкан. Күмбөздүн төмөнкү бөлүгүнөн падышанын мумиясы жаткан жай табылган.

Снофрунун баласы *Хуфунун* (грекче аты – Хеопс) тушунда байыркы падышалык мезгилде фараондук бийлик жогорку чегине жеткендигин ошол мезгилдерде курулган пирамидалардан байкоого болот. Бардык падышалардын пирамидаларынын ичинен эң зору *Хеопс пирамидасы* болуп эсептелет. Бул пирамида азыркы Каирдин жанында Гизе кыштагында. Анын бийиктиги 146 *м*, түпкү капталдарынын ар бир жагынын узундугу 230 *м*, түптөлгөн аянты 52900 *чарчы м*. Пирамиданы курууга ар биринин салмагы 2,5 *т* келген 2300 миң келки таш кесектери кеткен. Жылмаланган зор таш кесектери бири бирине өтө тактык менен кыналып коюлган. Ичке тар жолчо пирамиданын түпкүрүн көздөй, чакан бөлмөгө алып барат, ал жерде фараондун сөөгү коюлган жана көп сандаган баалуу буюмдар болгон. Биринчи грек тарыхчысы, байыркы мезгилде «тарыхтын атасы» аталган **Геродоттун** билдирүүсүндө Хеопс пирамидасы 20 жыл бою курулган жана аны куруу бардык египеттиктердин жумушу катары белгиленген. Мындай зор курулушту курууга өтө көп күч жана каражат сарпталган.

Байыркы египеттиктер скульптураны да жогорку чеберчиликке жеткиришкен. Скульпторлор таш күмбөзгө анын ээсинин таштан чегилген же жыгачтан жасалган статуясын жайгаштырышкан жана маркумдун келбетин тирүү кезиндегидей келтирүүгө аракеттенишкен. Египеттик скульпторлор адамдын бет түзүлүшүн зор чеберчилик менен боёп, аларга хрусталдан жана түстүү таштардан көз коюшкан, бул алардын тирүү кезине окшотуп койгон.

Байыркы египеттиктер ар түрдүү көркөм адабий чыгармаларды (мифтер, жомоктор, ырлар, акыл-насыяттар ж. б.) жаратышкан. Көпчүлүк адабий чыгармалардын авторлору белгисиз бойдон калган. Ал чыгармалар элдик жомокторго жана аңгемелерге аралашып кетип, кийин храм кызматкерлеринин, жазуучулардын иштеп чыгуусу менен жазылып калган.

Египетте акырындык менен астрономия илими пайда болгон. Египеттиктер түнкүсүн жылдызга карап жол табышкан жана

убакытты аныкташкан. Асман жаркырактарына байкоо жүргүзүү менен планеталарды жылдыздардан ажырата билүүнү үйрөнүшкөн, ал гана эмес жылдыздуу асмандын картасын түзүү мүмкүнчүлүгүнө жетишишкен.



Геродот.

Египетте медицина жана малды дарылоо ошол мезгилге салыштырмалуу бир кыйла өнүккөн. Ортоңку жана Жаңы падышалыктардагы папирустарда ар кандай ооруларды дарылоо үчүн байыркы рецепттердин тизмеси сакталган. Египеттик дарыгерлер операция жасаганды да өздөштүрүшкөн. Хирургиялык жазуулардын биринде баштын, мурундун, кулактын, тамактын дарттары жөнүндө баяндалат жана хирургиялык аспаптардын сүрөттөрү тартылган.

Ошентип байыркы египеттиктердин дүйнөнү таанып-билүүсү жана илимий түшүнүктөрү диний-магиялык дүйнө таануудан акырындык менен болсо да арыла баштаган. Илимий билимдер айыл чарбасынын, кол өнөрчүлүктүн, курулуштун, кеме катнашынын, сооданын жана медицинанын өнүгүшүнө жардам берген.

### Суроолор:

**1.** Эмне себептен байыркы Египетте мамлекет пайда болгон? Мамлекеттин негизги белгилери кайсылар? **2.** Фараондор согуштук жортуулдарды кандай максатта жана кайсы өлкөлөргө жүргүзүшкөн? **3.** Байыркы Египет мифтери жөнүндө эмне билесиңер? **4.** Фараондорду ыйык тутуу эмне себептен келип чыккан? Пирамидаларды куруунун максаты эмнеде, анда кимдер иштеген жана алардын абалы кандай эле?

## § 4. Байыркы Эки дарыя аралыгындагы мамлекеттер

**Эки дарыя аралыгынын орду, жаратылышы жана калкынын негизги кесиби.** Алдыңкы Азиянын зор бөлүгүн тоолор жана бөксө тоолор ээлеп турат. Аларды аралап Евфрат жана Тигр дарыялары агып өтөт. Бул дарыялар Кавказдын түштүгүрөөк жагындагы тоолордон башталып, Персия булуңуна куят. Ал дарыялардын орто жана төмөнкү агымдарынын ортосунда жайгашкан өлкөнү байыркы заманда эле Эки дарыя аралыгы (грекче Месопотамия) деп аташкан.

Эки дарыя аралыгынын географиялык абалы бул жердеги жашоочулар менен коңшу уруулардын ортосундагы экономи-

калык жана маданий байланыштардын эрте пайда болушуна бир кыйла жакшы мүмкүнчүлүк түзгөн. Тигр жана Евфрат – табигый соода жолу болгондуктан, Месопотамиянын чарбалык байланышынын тездешине жана өнүгүшүнө шарт түзгөн. Эки дарыя аралыгынын түндүк тарабынан көчмөн малчылардын жана аңчылардын, ошондой эле дыйкандардын жаңы таш кылымындагы эң жөнөкөй турак жайлары табылган. Бул жерде адамдар б.з.ч. 7 миң жыл мурда отурукташып, жер иштете башташкан.

Эмгек куралдарынын өнүгүшү менен, айрыкча металл куралдары пайда болгондон баштап, дыйканчылыкта колдонулуучу куралдардын сапаты жакшырган. Адамдар жаратылыштын кыйынчылыктарына туруштук беришип, саздарды кургатуу жана айдоо жерлерин сугаруу үчүн каналдарды казышкан. Дарыя жээктерине тосмолорду курушуп, жемиш бактарын, түрдүү жашылчаларды өстүрүшкөн.

Байыркы Эки дарыя аралыгында кол өнөрчүлүктүн өсүшүнө керектүү негизги чийки заттардын жетишсиздиги бир кыйла кечеңдеткен. Бул чөлкөмдүн түштүк жагында металл да, жакшы дарактар да, таш да жетишерлик өлчөмдө болбогондуктан, бул жакта чопону кеңири пайдаланышкан. Чоподон идиштерди, очокторду, отургучтарды, чырактарды, статуеткаларды ж. б. жасашкан.

Эки дарыя аралыгында бак-дарактар аз болгондуктан, жыгач жогору бааланган. Жыгачтан байыркы жашоочулар жоокердик (жаа, жебе ж. б.) жана эмгек куралдарын, арабаларды жасашкан жана кемелерди курушкан. Бак-дарактардын жетишсиздигинен улам көп учурларда камышты пайдаланышкан.

Териден булгаары бут кийим, туулга, саадак, ал эмес кийинчерээк жазуу үчүн өзгөчө материалды даярдашкан.

Коңшу уруулар менен соода байланышы жүрүп, айыл-кыштактар менен шаарлар пайда болгон.

**Байыркы Вавилон падышалыгы.** Б.з.ч. 3-миң жылдыкта ар кыл батыш-семиттик уруулар Тигр менен Евфраттын түшүмдүү ойдуңдарына өтүп, көчмөн турмуштан отурукташкан дыйканчылыкка өтө башташкан. Бул уруулар Сирия менен Месопотамиянын ортосундагы талааларда үйүр-үйүр мал багышып, көчмөн турмушта жашоо кечирип келишкен.

Б.з.ч. 3-миң жылдыктын аягында Эки дарыя аралыгынын ортоңку бөлүгүндө шаар пайда болгон. Кийинчерээк дал ушул жерде күчтүү зор мамлекеттин борбору, маданияттын жана

ири сооданын ордосу Вавилон шаары өсүп чыккан. «Бабили» (Вавилон) «кудайдын дарбазасы» дегенди билдирет. Мезгилдин алга жылышы менен Вавилондун экономикалык жана саясий мааниси улам өскөн. Айрыкча бүткүл Эки дарыя аралыгын өз бийлигине бириктирген ***Хаммурапинин*** падышалык кылган мезгилинде Вавилон бир кыйла жогорулаган. Сакталып калган көп сандаган документтер, Вавилон мыйзамдарынын байыркы жыйнагы, жергиликтүү чиновниктер менен падышанын акимдик каттары, курулуш жазуулары, акырында Мари мамлекетинин ордун казуу учурунда табылган эң бай архив, ошол мезгилдин тарыхын кеңири изилдөөгө мүмкүндүк берет.

Вавилондо малчылык кыйла маанилүү орунду ээлеген. Месопотамиянын өзүндө көптөгөн жакшы жайыттар болгон. Ошондуктан бул аймактагы көчмөн уруулар ар түрдүү тукумдагы мал өстүрүшкөн. Вавилон мыйзамдары мал ээлеринин укуктарын коргогон. Мал уурдагандык үчүн мыйзам алдында жоопкер болгон. Бул өлкөдө дыйканчылыктын жогорку деңгээлде өнүгүшүнө жердин шарты, анын түшүмдүүлүгү, климаттын жылуулугу жана суунун молдугу өбөлгө болгон. Дыйканчылыктын өнүгүшү көп жагынан жасалма сугат менен да аныкталган. Падыша *Хаммурапинин* жазууларында ири сугат курулуштарын куруу менен, өлкөнү гүлдөгөн аймакка айландыруу жөнүндө айтылган.

Вавилондо багбанчылык гүлдөп-өнүгүп, Эки дарыя аралыгы гүлдөгөн бакчага айланган. Укмуштуудай мөмөлүү дарактары бар бейиш багы жөнүндөгү уламыш бекеринен дал ушул жерде жаралбаса керек. Вавилон тогуз жолдун тоомунан орун алгандыктан, бул жер сооданын жакшы өнүгүшүнө да ыңгайлуу болгон.

Айыл чарба техникасынын жана сооданын өсүшү менен кол өнөрчүлүк да гүлдөп-өнүккөн. Кол өнөрчүлөрдүн ар түрдүү эмгек куралдары менен кошо иштөө ыкмалары да өркүндөгөн. Хаммурапинин мыйзамдарында кол өнөрчүлүк тармактары жөнүндө айтылат. Вавилондо айрыкча карапачылар, кыш куючулар, токуучулар, үй куруучулар зор ийгиликтерге жетишкен.

Экономикалык өнүгүш зомбулукту пайда кылып, кийинчерээк бул көрүнүш кулчулуктун өзгөчө бир таризине айланган.

Кедейлердин бүлүнүшү, кулчулукка ыңгайлаштырылган карыздын болушу жана уруулар ортосундагы согуштардын натыйжасында туткундардын көбөйүшүнөн улам өлкөдө кулдардын саны өсүп кеткен. Ошондой болсо да Вавилондо өндүрүштүн

кул ээлөөчүлүк жолу толук өнүккөн эмес. Жамааттык жашоонун жана уруулук түзүлүштүн узак мезгилдер бою сакталышынын натыйжасында коомдук мамилелер жана мамлекеттик түзүлүш жайбаракаттык менен өнүккөн.

**Хаммурапинин мыйзамдары. Жрецтердин илимий ачуулары. Шынаа жазуусу (Клинопись).** Хаммурапи Вавилондо б. з. ч. 1792–1750-жж. падышалык кылган. Ал падышалык кылган жетинчи жылында түштүк жактагы Урук менен Исинди жеңип алат. Түндүк жактагы Мари өлкөсү менен жакшы мамиле түзгөн. Кийинчерээк Хаммурапи бүткүл Эки дарыя аралыгын багындырып, Вавилон падышалыгы үчүн бирдиктүү мыйзамдарды түзгөн.

Падыша Хаммурапи өзүнүн мыйзамдары менен мамлекеттик коомдук түзүлүштү калыптандырууга жана бекемдөөгө далалаттанган. Бул мыйзамдар чоң кара базальт мамыга чегилип жазылган. Бардыгы болуп эстеликте 282 берене жазылган.

Хаммурапинин мыйзамдары ошол мезгилдеги вавилон коомунун көп сандаган укуктук маселелерин камтыган. Бул мыйзамдарда сот ишин жүргүзүү, уурулукка каршы жаза, бала жана кул уурдаганда, качкын кулду жашырганда колдонулуучу жазалар көрсөтүлгөн. Жоокерлердин милдеттери жана укуктары, алардын жерге ээлик кылышы жөнүндөгү мыйзамдар, жерди ижарага алгандардын укугу жана милдеттери тууралуу статьялар жазылган. Ошондой эле сугат тармактарын кайдыгер пайдалангандарга берилүүчү жаза, бакчаларды күтүү, үй, короо-жай күтүү жана курулуш жерлер жөнүндө мыйзамдар камтылган. Үй-бүлө укугу жөнүндөгү мыйзамдарга өзгөчө көп орун берилген.

Падыша Хаммурапинин мыйзамдары байыркы чыгыш коомундагы укуктук ойдун эң көрүнүктүүсү катары кабыл алууга арзыйт. Бул – дүйнөлүк тарыхтагы бизге белгилүү болгон мыйзамдардын биринчи жыйнагы. Мыйзамдар жыйнагы кул ээлөөчүлүк түзүлүштү, жеке менчикти, адамды адам эзүүнү биринчи жолу мыйзам деңгээлинде чагылдырган мыйзам катары тарыхта калган.

Күндөлүк жашоодогу керектөөлөр адамдарды жаратылыш кубулуштарына байкоо жүргүзүүгө аргасыз кылган. Суу ташкындоочу мезгил, эгин эгүү, сугат каналдарын куруу өңдүү жумуштар кандайдыр бир деңгээлде жаратылыштын мезгилдерине көз каранды болгон. Товардын санын жана салмагын туура эсептөө, жумушчу күчтөрдүн санын тактоо, үйдүн көлөмүн аныктоо, жер аянтын өлчөө ж. б. үчүн арифметика-

лык, геометриялык жана астрономиялык билим керек болгон. Вавилондук илим математикалык сандарды жазууда ойдо канча сан болсо, ошону аз сандагы цифралар менен белгилөө жолун ачкан. Цифралардын ордун алмаштырып жазуу менен ар кандай сандарды белгилөөгө болорун билишкен. Археологиялык табылгалардын арасында көбөйтүүнүн жадыбалы болгон. Вавилондук математиктер алгебранын негиз салуучулары болгондугун окумуштуулар далилдешкен.

Вавилондо жогорку деңгээлде өнүккөн ирригациялык дыйканчылыктын муктаждыгына карата математика менен катар астрономия да өнүккөн. Асмандагы жылдыздардын жайгашуу картасын түзүшкөн. Вавилондук жрецтер планеталарды жылдыздардан ажырата билишкен жана аларга ат коюшкан.

Адамдарды жана жаныбарларды дарылоонун зарылдыгы акырындык менен медицина жана малды дарылоо тармагында билимдин пайда болушуна алып келген. Б. з. ч. 3-миң жылдыкта өсүмдүктөрдөн жана башка нерселерден дары даярдоо боюнча колдонмо түзүлгөн.

Шумер элинин зор жетишкендиги, бул, б. з. ч. 4-миң жылдыкта жазууну ойлоп тапкандыгы болгон. Байыркы шумер жазуусу сүрөттүү жазуудан башталган. Анын тамгалары ар кандай белгилер түрүндө: адам жана анын дене мүчөлөрү, эмгек куралдары, жоокердик курал, кайыктар, жаныбарлар, канаттуулар, балыктар, өсүмдүктөр, талаа, суу, тоо, жылдыздар ж. у. с. болгон. Мисалы, «басуу», «туруп туруу» дегенди буттун сүрөтүн тартуу менен билдиришкен.

Мезгил өткөн сайын жазуу белгилери да өркүндөтүлө берген. Жазуунун өнүгүшү менен шумер жазуусунун сүрөттүү белгилери да жоюла баштаган. Эки дарыя аралыгында негизги жазуу материалы башынан эле чопо такталар болгон. Чопо такталарга сүрөттөр менен жазганда, чопо жумшак болгондуктан, жазуулар алгачкы көрүнүшүн так сактай алган эмес. Ошондуктан чопонун үстүнө тик бурчтуу таякчаны бурч боюнча басып белги түшүрүшкөн, натыйжада бул сызыкчалар шынаага окшош оюк түрүндөгү из калтырган. Ошентип тез жазуу «шынаачалардын» (клиндердин) шайкеш келүүлөрү менен түзүлгөн. Шумердиктердин бул шынаа жазуусун кийинчерээк аккаддыктар кабыл алышып, өз тилине ылайыкташтырышкан. Шумердик-аккаддык шынаа жазуусу (клинопись) кийинчерээк Байыркы Чыгыштын Алдыңкы Азиядагы өлкөлөрүнө тараган.

**Ассирия дөөлөтү.** Байыркы Ассирия – Тигр дарыясынын жана анын чыгыш куймаларын бойлото орун алган өлкө. Бул жердин калкы байыркы мезгилден эле малчылык менен кесиптенип келишкен. Дыйканчылык менен Жогорку Заба жана Тигр өрөөндөрүн мекендегендер гана алектенишкен. Чыгыш тарабынан тоолор кысып тургандыктан, бул өрөөндөр анча кенен болгон эмес. Ошондуктан Байыркы Ассириянын айдоо аянттары анча көп болбогон.

Ассирия соодага ыңгайлуу жерде жайгашкан. Соода жолдору менен Тигр дарыясы аркылуу түштүктөгү Персия, Сирия жана Кичи Азиянын чек араларына чейин барууга болор эле. Байыркы Ассириянын негизги шаары Ашшур болгон. Ассирия падышасы Саламансар Iнин тушунда коңшу өлкөлөр – Митанни жана түндүк тарабындагы Урарту багындырылган. Түштүктө Вавилон падышалыгынын аскерлерине катуу сокку берген. Кийинчерээк падыша Ашшурназирпал II Сирияга бир нече ийгиликтүү жортуул жасап, Финикиянын деңиз жээгиндеги шаарларына чейин жол ачкан. Бул жерде жашаган уруулар багынып, Ассирия падышасына салык төлөп турууга аргасыз болгон. Ассириянын кийинки падышасы Саламансар III (б. з. ч. IX к. экинчи жарымы) өзүнүн 35 жылдык падышалык мезгилинде көпчүлүк коңшу өлкөлөрдү өзүнө караткан. Айрыкча бул жортуулдардын Ассирия үчүн ийгиликтүүсү Вавилонду багындырып, Персия булуңунун өлкөлөрүнө чейин кирип баргандыгы болгон.

Падыша Тиглатпаласар IIIнүн тушунда (б. з. ч. 745–727-жж.) Ассириянын күч-кубаты бир топ жогорулаган. Бул мезгилдерде Ассирия мамлекетинин басып алган элдерге карата саясаты кыйла башкача түрдө болгон. Эгерде мурда туткундарды кишендеп айдап кетип турушса, эми басып алган өлкөлөрдөгү элди Ассириянын мурдагы бүлүнгөн жерлерине алып барып отурукташтырышкан. Ар уруу жана ар башка тилде сүйлөгөн мындай элди бир аз гана күч менен кармап турууга болор эле. Бирок мындай ар кошкон элден куралган калкты күнүгө текшерип, көз салып туруу кыйын болгон. Ошондуктан кул ээлери тарабынан кулдарга кандайдыр бир деңгээлде эркиндик берилген. Алардын керт башы эркин болгон эмес жана өндүрүш каражаттарына ээ болгон эмес. Кээ бир учурларда өздөрүнүн керектөөсү үчүн бир аз сандагы малы болгон, бирок ал да кожоюнунун менчиги болуп эсептелген. Алар өздөрүнүн эмгегинен жаралган азыктарынын көпчүлүк бөлүгүн кул ээсине берүүгө милдеттүү болушкан.

Туткундардын көпчүлүгүн мамлекеттик кулдарга айландырган, калгандары сатылган же болбосо жеке кул ээлөөчүлөргө таратып берилген. Бул эки жагдайда тең кулдарды эзүү бирдей эле болгон.

Б. з. ч. VIII к. аягында ассириялык коомдо падышалык акимдик жана аскерлер менен тыгыз байланыштагы ири кул ээлөөчүлөр үстөмдүк кылышкан. Кул ээлөөчүлөрдөн башка Ассириянын өзүндө жана баш ийдирилген аймактарда өндүрүш каражаттарына ээ болгон эркин жер ээлери жашашкан. Бирок алар да кандайдыр бир деңгээлде ири кул ээлөөчүлөргө көз каранды болушкан.

Ассирияда аскердик уюштуруу ишиндеги реформа негизги орунду ээлеген. Армиянын негизи «падышалык полк» болгон. Бул полкто рекруттук тандоо менен алынган туруктуу кызмат өтөөчү аскерлер болгон. Алар падыша тарабынан жабдылган жана материалдык жактан камсыз кылынган. Бул тутум (система) жерсиз калган кедейлерди аскерге тартууга көмөк берген жана аскердин санын арттырган. Падыша Тиглатпаласар IIIнүн реформасы ал өлкөнү башкара баштаганда эле өз жемишин бере баштаган. Урарту мамлекети менен болгон согуштарда Ассирия жеңишке жетишкен, Түндүк Сириянын бир кыйла жерин басып алган. Кийинки үч жортуулду Финикияга, Палестинага жана Сириянын түштүк бөлүгүнө багытталган. Ассирия падышалыгы Израилди, андан кийин б. з. ч. 732-ж. Дамаск шаарын талкалап, элин туткундап айдап кетишкен. Бул согуш Сириянын талааларындагы арабдарды каратуу менен аяктаган.

Б. з. ч. 729-ж. Ассирия падышасы Тиглатпаласар III Пулу деген ат менен Вавилондун падышасы болууга жетишкен. Вавилон башка жеңип алынган өлкөлөр сыяктуу Ассирияга бириктирилген эмес, ал жөн гана келишимдеги өз алдынча мамлекет катары болгон. Вавилон өзүнүн саясий тартиптерин, акимдик түзүлүшүн сактап калган.

Ассирия б. з. ч. 605-ж. чейинки мезгилдерде Түндүк Месопотамияны, Вавилонду жана Сирияны бириктирген зор аймактын башкаруучусу болуп калган.

### Суроолор:

**1.** Эки дарыя аралыгынын калкынын негизги кесиби эмне болгон жана алардын иш-аракеттери кандай жүргөн? **2.** Байыркы Вавилон падышалыгы тууралуу эмнелерди билдиңер? **3.** Падыша Хаммурапинин мыйзамдары жөнүндө айтып бергиле? **4.** Шынаа жазуусунун пайда болушун кандай себептер шарттаган? **5.** Ассириянын күч-кубаттуу мамлекетке айланышы кандайча болгон?

## § 5. Чыгыш Жер Ортолук деңизи

**Палестина, Финикия жана Сирия: калкы, алардын кесиби.** Палестина Ливандын түштүк тоо этектеринен тартып Аравия жарым аралынын түндүк-батыш чектерине чейинки аралыкта созулуп жатат.

Археологиялык казуулар көрсөткөндөй, Палестинада адамдар байыркы таш доорунда эле отурукташкан. Палестинанын калкы бир түрдүү болгон эмес. Палестинага отурукташкан байыркы семит уруулары *хананейлер* болгон. Библияда бүт өлкө Ханаан деп аталгандыгы эскерилет. Хананейлер Шумер, Вавилон, Египет жана башка эгейлик элдердин таасири астында болуу менен, өзүнө таандык маданиятты түзүшкөн. Археологиялык казууларга караганда Ханаан калк жыш отурукташкан өлкө болгон.

Палестинанын көчмөн уруулары негизинен майда малды: кой жана узун жүндүү эчки багышкан. Малчылар эт, сүт, жүн жана тери өндүргөн. Жүндөн кийимдерди жана жоолук үчүн тыгыз кездемелерди токушкан, териден суу, шарап жана май сактаганга чанач жасашкан. Койдун мүйүзүнөн зайтун (олива) майын сактаганга идиш даярдашкан. Ошондуктан курмандык чалууга жалаң майда малды пайдаланышкан. Көчмөн элдер ири мүйүздүү малдын айрым түрлөрүн да багышкан. Жүк ташууга эшектерди жана качырларды пайдаланышкан.

Палестинада кол өнөрчүлүк эң байыртадан эле өнүккөн. Ар кандай имараттардын, шаар дубалдарынын, дарбазаларынын жана чептик чыңдоолордун калдыктары курулуш иштеринин эрте өнүккөндүгүн далилдеп турат.

Жээк бойлото отурукташкан кээ бир эгейлик калктардын таасири менен б.з.ч. XII–XI кк. Палестинага темир тарала баштаган. Жерар, Бет-Шан жана Гезер шаарларынын урандыларынан ошол мезгилдерге таандык темирден жасалган курал-жарактар жана эмгек куралдары табылган. Палестинада чоподон идиш жасоо өнүгүп, өзүнчө көркөмдөө, кооздоо ыгы менен айырмаланган. Ошондой эле окуучулук жана жип ийрүү жакшы өнүккөн.

Жер Ортолук деңизинин чыгышынын түндүк тарабындагы деңиз жээгин бойлой кеткен тилкеде *Финикия* орун алган. Финикия жана Сириянын деңиз жээктериндеги уруулар деңиз соода жолдору аркылуу байыртадан эле европалык дүйнө – Жер Ортолук деңизинин чыгышындагы Кипр, Крит аралдары жана Эгей деңизиндеги архипелаг менен материктик Грекияга чейин байланышып турган.

Сирия менен Финикиянын ар кандай табигый аймактарга бөлүнүшү, Финикия жээктери, батыш жана чыгышынан Ливан, Антиливан тоолору менен бөлүнгөн Оронт өрөөнү, чоң дарыянын жоктугу (өлкөнүн тарыхый жана маданий биригишине өбөлгө түзгөнгө), табигый байлыктардын жетишсиздиги бирдиктүү жана күчтүү мамлекеттин түзүлүшүнө тоскоол болгон. Ошондуктан иш жүзүндө Сирия менен Финикия өз ара каршылашып турушкан майда мамлекеттерге бөлүнгөн.

Египеттиктер финикиялыктарды б. з. ч. 2-миң жылдыкта *фенеху* деп аташкан. Б. з. ч. 1-миң жылдыкта Жер Ортолук деңиздин чыгыш жээктериндеги шаарлардын калкын гректер «финикийлер» деп аташкан. Дал ушул жерде б. з. ч. X к. борбору Сидондо жана Тирде болгон Финикия мамлекети түзүлгөн. Финикиялыктар да батыш семит урууларынын тобуна кирген.

Финикия менен Сириянын көпчүлүк аймагы дыйканчылыкты өнүктүрүүгө ыңгайсыз болгон. Ошондуктан бул жердеги калк узак мезгилдер бою көчмөн турмушта жашап, малчылык менен күн көрүшкөн. Бул өлкөлөрдүн бир аз гана бөлүгүндө, мисалы, Оронто өрөөнүндө жана финикиялык деңиз жээктеринде аба ырайынын жагымдуулугу, жер кыртышынын түшүмдүүлүгү жана суунун жетиштүүлүгү дыйканчылыктын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзгөн. Дыйканчылык өнүккөн жерлерде буудай, арпа жана таруу эгишкен. Жүзүм жана зайтун дарагы кеңири таралган. Айрыкча зайтун дарагы бааланган. Анын түшүмүнөн тамак-ашка пайдаланганга, жарык кылганга, дары-дармек даярдаганга жана косметикалык каражаттарды жасаганга май (зайтун майы) алышкан.

Сирияда жана Финикияда кол өнөрчүлүктүн ар кандай түрлөрү эң байыркы мезгилдерде эле пайда болгон. Египеттик папирустардын биринде Финикияда: *«Тоолор курулушка жарактуу көк тиреген эмендер жана кедрлер өскөн токойлор менен жыш капталган»*, – деп жазылган. Ошондуктан бул жердеги уруулар байыртадан эле жыгач иштетүүнү билишкен. Имараттарды чийки кыштан тургузушса да, аны бекемдеш үчүн карагайларды пайдаланышкан. Бак-дарактардын көптүгү кеме куруунун өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн. Египеттиктер Байыркы падышалык мезгилде эле кемелердин бир түрүн «библдик кеме» деп аташкан. «Финикийлер» деген аталыштын египеттиктердин «кеме куруучу» дегенди билдирген «фенеху» деген сөзүнөн келип чыгышы толук мүмкүн.

Металлургия чоң мааниге ээ болгон. Металлды бекем курал-жабдыктарды даярдоого пайдаланышкан. Финикиянын

жана Сириянын айрым жерлеринен жез жана күмүш кендери чыккан. Ливан тоолорунда жеңил эрүүчү темирдин кендери болгон.

Айыл чарбасынын жогорку жетишкендиктери, кол өнөрчүлүктүн гүлдөшү жана табигый ыңгайлуу шарттардын болушу, Финикиядагы жана Сириядагы сооданын өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Финикиялык шаарлар Алдыңкы Азияны Жер Ортолук деңизинин бассейни, Африка жана араб өлкөлөрү менен байланыштыруучу тогуз жолдун тоомунда жайгашкан. Бул жерлерде суу жолу да, кургактагы жолдор да соодага жакшы шарт түзгөн. Финикияда деңиз соодасы гүлдөп өнүккөн. Египеттиктер Финикиядан зайтун майын жана карагайды эле ташып кетпестен, мал, эгин, кездеме, бал, коло, косметикалык жана медициналык каражаттарды алып кетип турушкан. Финикиянын экономикасында карагай соодасы айрыкча мааниге ээ болгон. Ливан жана Антиливан тоолорундагы жыш токойлордо өскөн баалуу карагайлар Египетке жана Месопотамияга жөнөтүлүп турган.

**Шаарлардын гүлдөп өнүгүшү. Дини.** Сооданын, айрыкча деңиз соодасынын өнүгүшү, финикиялык колонияларды өнүктүргөн.

Финикиянын эң ири соода шаары Тир Жер Ортолук деңизинин батыш бөлүгү менен кеңири соода жүргүзүп, Тирдин соодагерлери ал жерлерде көп сандаган колонияларды негиздешкен. Финикиялыктар андан ары батыш тарапка жылуу менен, Африканын түндүк жээктерине жайгаша башташып, бул жерлерге бир нече соода шаарларын курушкан. Алардын ичинен Карфаген шаары алдыга озуп чыккан. Алыскы өлкөлөр менен болгон соода байланыштары жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү Финикиядагы, Сириядагы жана Палестинадагы жана колониялардагы ири шаарлардын гүлдөп өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн.

Узак мезгил тынымсыз күрөштүн натыйжасында б.з.ч. 2-миң жылдыктын аягында Египет жана Хетт мамлекеттер начарлап кеткен. Мындай абал Сирияда жана Финикияда өз алдынча мамлекеттердин түзүлүшүнө ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, ал шаар-мамлекеттер б.з.ч. IX–X кк. гүлдөп өнүккөн. Финикиялык деңиз жээгинде эң байыркы мезгилден бери Египет менен тыгыз байланышта болгон Библ шаары жайгашкан. Тыгыз байланыштардын натыйжасында анда Египет маданияты терең тамырлаган. Б.з.ч. 2-миң жылдыкта Библ шаары айланасындагы анча чоң эмес шаарларды жана

кыштактарды баш ийдирип алып, күчтүү мамлекет түзүүгө жетишкен. Жер Ортолук деңизинин жээктериндеги өлкөлөр менен соода жүргүзүп турган. Библде иероглифтик египет жазуусу кеңири пайдаланылган, андан тышкары, бул жерде жергиликтүү, өзгөчө муундуу жазма, кийинчерээк *алгачкы алфавит* пайда болгон.

Библ шаары менен кошо башка дагы эки чоң соода шаарлары – Сидон жана Тир – өнүккөн. Сидон финикиялык соодanын бирден-бир байыркы борборлорунан болгон. Сидон шаарынын мааниси ушунчалык жогору болгондуктан, байыркы гректер менен израилдиктер финикиялыктарды сидондуктар деп аташкан. Кийинчерээк пайда болгон Тир-Сидон падышалыгынын падышасы «сидон падышасы» титулун алып жүргөн. Финикияга кеңири тараган диний ырым-жырымдардын башкы ыйык храмы Астарт Сидондо курулган.

Тир шаары жээктен анча алыс эмес жана душман дээрлик өтө алгыс аралда жайгашкан. Б. з. ч. 969–936-жж. Хирам I падышалык кылып турган кезде, Тир негизги соода жана саясий борборго айлануу менен, соода жана басып алуучулук саясатты кеңири жүргүзө баштаган.

Финикиядагы шаар-мамлекеттердин бири – Угарит шаары болгон. Ал Оронт дарыясынын куймасында, Эгей деңизинен жана Кичи Азиядан Египетке, Алдыңкы Азияга кетүүчү деңиз соода жолу өтүүчү жерде жайгашкан. Ал жердин ыңгайлуу шарты шаардын чарбасынын, соодасынын жана маданиятынын өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Б. з. ч. 2-миң жылдыктагы шаар Рас-Шамрада жүргүзүлгөн археологиялык казууларда 29 белгиден турган шынаа жазуусу менен жазылган, Финикия маданиятын чагылдырган ар кандай мифтер жана диний тексттер табылган.

Б. з. ч. IX к. финикиялык шаар-мамлекеттердин гүлдөп өнүгүү мезгили көпкө созулган эмес. Бул мезгилде согуштук дөөлөткө айланган Ассирия финикиялыктардын каардуу душманы болуп калган. Бирок Финикиянын ири шаарлары Тир жана Сидон Ассирия падышаларына узак мезгилдер бою каршылык көрсөтүп турган. Кийин гана Ассирия падышасы Асархадондун убагында (б. з. ч. VI к.) бул күчтүү шаарлар баш ийдирилип, Финикия Ассирия падышалыгына кошулган.

Финикиялык жана сириялык уруулардын байыркы дини жаратылышка жана анын күчүнө сыйынуу болгон. Арабстан жарым аралында жашаган финикиялыктардын ата-бабалары аскаларга жана таштарга табынышкан. Ыйык таштарга сыйы-

нуунун мындай жаңырыктары финикиялык динде көпкө сакталган, ал эми тоолордун жогорку кудайы Ваал-Цафонго табынуу антикалык доорго чейин колдонулган.

Финикиялык диний сыйынуудагы мүнөздүү көрүнүш – адамды, ал тургай, балдарды да, курмандыкка чалуу узак мезгилге сакталып калган. Бул Палестина менен Сирияга да мүнөздүү болгон. Адамды курмандыкка чалуу мамлекетке өтө катуу коркунуч келген мезгилдерде жүзөгө ашырылган. Б.з.ч. IV к. эле грек-македон аскерлери Тир шаарын камалаган мезгилде, шаардын дубалдарында македониялык согуш туткундарынын көпчүлүгүн кудайларга багыштап курмандыкка чалышкан.

Байыркы еврейлерде диндин пайда болушуна Палестинада, Сирияда жана Финикияда байыртадан жашаган уруулардын коңшу египеттиктер, вавилондуктар, хетт уруулары жана эгейликтер менен тыгыз байланышта болушуп, ар кандай диний ырым-жырымдарды колдонушу чоң таасир эткен. Байыркы еврейлер деле жаратылыштын ар кандай күчтөрүн жана кубулуштарын кудай катары эсептешкен.

Палестинада жаныбарларга табынуучулук узак мезгилдерге чейин сакталган. Библияда байыркы еврейлер алтын музоого жана жез жыланга жүгүнүшкөндүгү, айбанаттарды кудайындай көргөндүгү айтылат. Мындай көрүнүштөр Байыркы Египетте да кеңири жайылган. Палестинада байыртадан табынышкан кудайлары менен катар, байыркы еврейлердин кудайы Яхвеге сыйынуу айрыкча бөлүнүп турган.

Мунун натыйжасында байыркы еврейлердеги бир кудайга сыйынуучулук келип чыккан. Байыркы еврей docининде кудайды кандай ыйык тутса, падышаны да андан кем көрбөш керек делинет. Падыша «кудайдын баласы» титулун алып жүрүү укугуна ээ болгон.

**Эң байыркы алфавит, анын жазуунун өнүгүшүндөгү ролу жана мааниси.** Б.з.ч. IX к. финикиялык маданияттын эң зор жетишкендиги алфавиттик жазууну ойлоп тапкандыгы болгон. Сооданын бир кыйла өнүгүшү жазуунун эң жөнөкөй тутумун талап кылган. Мындай жазууну пайдалануу менен ишке байланыштуу документтерин тез түзүүгө болмок. Сооданын жүрүшүндө тез жазуу керек эле: иероглифтер менен шынаа жазуусу бул үчүн эң эле татаал болгон. Жазуунун эң эле жөнөкөй жана ыңгайлуу тутуму болгон алфавит Финикияда пайда болуп, соодада кеңири колдонулган. Финикиялыктар өз алфавитин жаратууда Египеттин жана Вавилондун бай

маданий мурасын пайдаланышкан. Финикиялык алфавиттин артыкчылыгы анда жалаң тамгалык белгилердин болгондугунда. Кийин финикиялык алфавиттин негизинде грек алфавити пайда болгондугун бир катар грек тамгаларынын аталышы семит тилдеринен келип чыккандыгы далилдеп турат. «Алфавит» деген сөз, гректин «альфа» жана «бета» (византиялык айтылышта – «вита») деген биринчи эки тамгасынан куралган.

Грек алфавити, ошондой эле башка алфавиттер финикиялык алфавиттен келип чыкса да, азыркы алфавиттердин көпчүлүгүнүн түпкү теги арамейлик алфавит. Арийне, адамзат маданиятынын тарыхы үчүн финикиялык алфавиттин мааниси зор.

### Суроолор:

**1.** Байыркы палестиналыктардын негизги кесиптери кандай болгон? **2.** Чыгыш Жер Ортолук деңиз жээгиндеги байыркы шаарларды атагыла жана алардын башка өлкөлөр менен байланышы жөнүндө айтып бергиле. **3.** Байыркы Палестинадагы, Финикиядагы жана Сириядагы элдердин диний ишенимдери кандай болгон? **4.** Эң байыркы алфавит качан, кайда жана кандайча пайда болгон?

## § 6. Жаңы Вавилон падышалыгы жана Персия дөөлөтү

**Жаңы Вавилон падышалыгынын түзүлүшү.** Вавилон б.з.ч. X–VII кк. бай жана калктуу өлкөлөрдүн бири болуп кала берген. Жаңы Вавилон падышалыгынын негиздөөчүсү Набопаласар (б.з.ч. 626–605-жж.) падыша эсептелет. Ошентип Ассирия падышалыгынын урандыларынан Жаңы Вавилон мамлекети өсүп чыккан. Жаңы падышалыкта айыл чарбасын ири кул ээлөөчүлөр жана храмдар көзөмөлдөгөн. Аларга жердин көпчүлүк бөлүгү гана тиешелүү болбостон, каналдардагы суу да аларга таандык болгон. Айланасындагы калктан сууну пайдалангандыгы үчүн акы төлөтүү максатында ири жер ээлери атайылап өзүлөрүнүн каражатына, өз жери аркылуу өткөн сугат каналдарын казышкан. Мезгилдин илгерилеши менен жерге эле жеке менчик болбостон, сууну менчиктөө да киргизилген. Натыйжада калктын мүлктүк жикке бөлүнүүсү тереңдеген.

Сооданын өнүгүшүндө да таптык жикке бөлүнүү жүргөн. Сатууга эгин, мал, жүн, ар кандай айыл чарба продуктуларын, кол өнөрчүлөрдүн буюмдарын эле алып чыкпастан, эми жерди, курулуштарды, бакчаларды жана кулдарды да сата баштакан. Вавилон Байыркы Чыгыш дүйнөсүндөгү эң чоң соода борбору болуп калган.

Кулчулуктун кеңири таралышы, өлкөдөгү кулдардын санынын көбөйүшү, чет жердик кулдардын агылып келиши, кулдардын качып кетүүлөрү жана кул соодасынын өнүгүшү кулдарга көзөмөлдүктү күчөтүүнү талап кылган. Ошондуктан аларга көпчүлүк учурда эн тамга басылып коюлган.

Вавилон падышалыгынын чек араларын чыңдоо негизги саясий милдеттерден болгон. Бул милдетти аткарыш үчүн чек арага аскердик гарнизондор коюлган. Жаңы Вавилондун негизги коркунучтуу атаандашы Египет болгон. Б. з. ч. 605-ж. Вавилон армиясы египеттик жана ассириялык аскерлердин үстүнөн толук жеңишке жетишкен. Жаңы Вавилондун падышасы Набопаласардын уулу жана мураскору Навуходоносор падышалык кылган мезгилде (б. з. ч. 605–562-жж.), Вавилон бир кыйла согуштук ийгиликтерге жетишкен. Сирияны ээлеп, Нил дельтасынын чек араларына чейин барган. Кийинчерээк алар Иудей падышалыгына согуштук жүрүш жасап, Иерусалимди камалоого алган. Бир кыйла бекем чеп болгон Иудей падышалыгынын борборун үч айлык камалоодон кийин, б. з. ч. 597-ж. ээлеген. Атактуу жана бай иерусалимдик храм вавилондук аскерлердин талоонунда калган.

Басып алуучулук саясатты жүргүзүү менен Вавилон падышасы мурдагы басып алуучулардын, Египет фараондорунун жана Ассирия падышаларынын аракеттерин бардык жагынан тууураган. Өзүнүн зор даңкын көрсөтүү, ошону менен катар династиянын тагдырын вавилондук жогорку жрецтер менен тыгыз байланыштыруу максатында Вавилон падышасы зор курулуштарды курдурууга киришкен. Археологиялык казууларын натыйжасында ири имараттардын калдыктары табылган. «Түштүк чептин» калдыктарын изилдегенде ал жерден абдан кооз падыша сарайы табылган. Анын дубалдары ар түрдүү кооз таштардан жана кыштардан оймолонуп кыналган. Ошондой эле кийинчерээк «Иштар кудайынын дарбазасы» аталып калган дарбаза да зор курулуштардын бири болгон.

Навуходоносор б. з. ч. 562-ж. өлгөн. Ал падышалык кылып турган 43 жыл Жаңы Вавилон падышалыгынын эң жогорку – гүлдөп-өнүккөн доору болгон.

**Персия. Падыша Кир.** Эки дарыя аралыгынан чыгышты көздөй өрөөндүү Иран бөксө тоолору жайгашкан. Байыркы Ассирия падышалыгынын жазмаларында мидиялыктар менен бирге Иран бөксө тоолорунда жашаган башка уруулар жөнүндө да эскертилет. Алардын бири – *парсуа* уруулары, алар, кыязы, байыркы перстердин ата-бабалары болсо ке-

рек. Талааларда жылкы, төө жана башка малдарды багышкан перс уруулары көчүп жүрүшкөн. Түшүмдүү өрөөндөрдө отурукташкан уруулары дыйканчылык кылышкан. Б. з. ч. 1-миң жылдыкта персиялыктарда темирдин пайда болушу менен таптардын жана алгачкы мамлекеттердин түзүлүшү тездеген.


Кир II.

Ассириялыктар жана мидиялыктар менен болгон күрөштө перс урууларынын ортосундагы биримдик чыңдалган. Б. з. ч. VI к. аягында күч-кубаттуу **Персия падышалыгы** түзүлгөн. Басып алуучулук согуштардын натыйжасында Ахеменилер дөөлөтү (перс падышалары өз династиясын б. з. ч. VIII–VII кк. жашаган Ахеменден баштап эсептешкен) тез эле Жакынкы Чыгыштагы эң ири дөөлөткө айланган. Анын чек арасы Жер Ортолук деңизинин боюнан тартып Орто Азиянын оазистерине чейин созулуп жаткан.

Байыркы авторлор жана тарыхый салттуулук бул өлкөнүн негиздөөчүсү Ахеменилер тегинен чыккан Кир II (б. з. ч. 558–529-жж. башкарган) деп аташат. Эламдын байыркы маданиятынын түпкү салттарына таянууга аракет кылып, Кир өзүн «Аншандын падышасы» ошондой эле «Парсу падышасы», т. а. Персия падышасы деп атаган.

Б. з. ч. 553-ж. Персия падышасы Кир Мидияга каршы согуш баштап, ал б.з.ч. 550-ж. мидиялыктардын толук жеңилиши менен аяктаган. Мидия Персия падышалыгына бириктирилген. Кир Ассирия падышаларына каршы согушту улантып, кыска мезгилдин ичинде Арменияны, Каппадокияны, Лидияны (б. з. ч. 547–546-ж.) жана акырында Вавилонду (б. з. ч. 538-ж.) багындырган.

Тарыхый булактарда Кир Вавилонду тез эле басып алып, аны Персия падышалыгына кошуп алгандыгы жөнүндө айтылат.

Чыгыштагы окуялар Кирди алагды кылган. Ирандын түндүк-чыгыш облустарында жана Борбордук Азияда, айрыкча тогуз жолдун тоому болгон Хорезмде Персиянын таасирин бекемдеш үчүн Кир Каспий деңизи менен Сыр Дарыянын ортосунда жашаган массагеттерге каршы согуштук жүрүш жасаган. Бул жүрүш перстер үчүн ийгиликсиз аяктаган. Массагеттер өлкөсүнө тереңдеп кирген персиялык аскерлер толук жеңилүүгө дуушар болуп, б. з. ч. 529-ж. Кир өзү өлтүрүлгөн.



Дарий I.

**Дарий I – «падышалардын падышасы».** Б. з. ч. VI к. ортосунда, Кирдин убагында түзүлгөн Персия падышалыгын, ал өлгөндөн кийин Камбиз башкарган (б. з. ч. 529–523-жж.). Кирдин уулу Камбиз атасынын басып алуучулук саясатын уланткан. 525-ж. Египет багындырылып, Камбиз анын фараону (27-династия) болуп жарыяланган.

Камбиздин падышалык бийлигинин соңку мезгилдери Персия падышалыгындагы бир катар көтөрүлүштөр менен мүнөздөлөт. Камбиз дүйнөдөн кайткандан кийинки так талашуу кармаштарынын натыйжасында 522-ж. Ахеменилердин кичүү бутагынын өкүлү Дарий бийликке келет. Армияга таянган жаш падыша көтөрүлүштөрдү күч менен басып, борбордук бийликти калыбына келтирет.

Байыркы Эламдан түндүктү карай кеткен тоо кыркасында Бехистун деп аталган аска болгон (азыр Багдаддан Тегеранга кеткен жолдо). Мына ушул аска бооруна Дарий I өзүнүн жеңиши тууралуу, падышалык кылган мезгилин түбөлүккө калтырыш үчүн ошол мезгилдеги маанилүү окуялар жөнүндө чектирип жаздырган. Аскадагы жазуулар биздин күндөргө чейин келип жетти жана шынаа жазуусун чечмелөөдө чоң роль ойноду.

Дарийдин ишмердиги согуштук ийгиликтер менен эле чектелбестен, перстердин Жакынкы Чыгыштагы эки кылымга созулган үстөмдүгүн Дарий Iнин *реформалары* камсыз кылган.

Дарийдин мамлекеттик башкаруудагы кайра түзүүлөрү өлкөнү борбордошууга алып келген. Падыша сарайында мамлекеттин борбордук башкаруу тармактарын: казынаны, сотту жана аскердик ишти көзөмөлдөөчү чиновниктер, ошондой эле падышанын указдарын жазуучу катчысы болгон. Борбордук бийлик падышанын атынан бардык башкаруу иштерине кийлигишкен. Падышалык мөөр басылган ар бир жарлык мыйзам болуп эсептелген.

Ахеменилер бийлигинин алгачкы мезгилдеринде Персияда натуралдык чарба үстөмдүк кылган. Жамааттарда өндүрүлгөн азыктар ошол эле жерде керектелген. Товарлардын баасы жана эмгек акыны төлөө белгилүү сандагы азыктын өлчөмү менен белгиленген. Мисалы, Персиополдогу жалданып иштегендер эмгек акысына нан, май, балык ж. б. алышкан. Кирдин мез-

гилинде Иранда акча пайда болгон. Ал *дарик* деп аталган алтын тыйын болгон да, алар Сузы, Сарды жана Вавилон шаарларында чегилген.

Персия падышалыгында облустардын ортосундагы сооданы өнүктүрүү жана экономикалык байланыштарды бекемдөө үчүн, бирдиктүү акча тутумун түзүү зарыл болгон. Бул максатты ишке ашыруу үчүн Дарий I акча реформасын жүргүзгөн. Бүткүл өлкө ичинде айландырууга дарик киргизилген.

Персия империясынын аймагында мамлекеттик бирималикти сактоо, чек араны коргоо жана көтөрүлүштөрдү басуу үчүн аскердик жана бүтүндөй согуштук иштерди уюштуруу талап кылынган. Тынчтык мезгилдеги туруктуу аскерлер перс жана мидия отряддарынан турган. Атчан ак сөөктөрдөн жана 10 000 «өлбөс» жөө аскерден турган падышалык гвардия туруктуу армиянын өзөгүн түзгөн. Согуш мезгилинде падыша бүткүл өлкө боюнча аскерге алууну жүргүзгөн. Бул көп сандаган аскердик бөлүктөргө персиялык командирлер башчылык кылышкан. Аскер ишиндеги кайра куруулар Персия падышалыгынын согуштук күчүн чыңдаган.

Персия падышалыгын чыңдаш үчүн жергиликтүү башкарууну да кайра уюштуруу зарыл болгон. Кирдин мезгилинде эле баш ийдирилген өлкөлөрдөн чоң-чоң облустарды түзүп, алардын башына өзгөчө башкаруучуларды, грекче *сатраптарды* (персиче «хшатрапаван» – тартип сакчылары) койгон. Дарий Інин тушунда Персия падышалыгы 23–24 сатраптыкка бөлүнгөн. Персия мамлекетинин негизин батыш ирандык уруулар түзгөн жана алар бир кыйла жеңилдиктерге ээ болушкан – салыктардан бошотулган, демек, негизги оорчулук багындырылган элдерге туш келген.

Персиянын дүйнөлүк дөөлөткө айланышы менен, анын падышасын даңазалоочу идеологиянын жаңыча сапаты да пайда болгон. Персия падышасы өзүн «өлкөлөрдүн падышасы» же болбосо «падышалардын падышасы» деп атай баштаган. Анын мартабасын андан да жогорулатып, аны «күн чыккандан батканга чейинки бардык элдердин чексиз кожоюну» деп аташкан. Падышалык бийликти чыңдоо үчүн динди дагы пайдаланышкан.

Дарий Інин тышкы саясатынын негизин өзүнүн куралдуу күчүнө таянып, башка өлкөлөргө бийлик жүргүзүү, деңиз байланыштарына ээ болуу түзгөн. Орто Азияда өз бийлигин бекемдөө үчүн Дарий б. з. ч. 517-ж. сактарга каршы чоң жүрүш уюштурган. Бул согуштук жүрүш жөнүндө Бехистун аскасын-

да эскертилет. Анда «шуштугуй баш кийимчен» сактар менен согушуп, алардын уруу башчысын колго түшүргөндүгү жана каратып алган элдерди башкаруу үчүн өз кишисин койгондугу баяндалат. Дарий I бул жортуулунда Аму-Дарыя менен Сыр-Дарыянын төмөнкү агымдарына чейин барган. Бирок Дарий сактарды толук каратып ала алган эмес. Анын европалык скифтерге каршы жасаган жортуулу да ийгиликсиз аяктаган.

Дарий I батышка жасаган жүрүшүндө бир топ ийгиликтерге жетишкен. Гректер жашаган Эгей деңизине чейин жетип, андан ары батыштагы бардык грек жерлерин каратып алууга даярдана баштаган жана Грекияга экспедиция жөнөткөн. Дарий I гректер менен күрөштү баштап, Фракияны, Византияны жана гректер мекендеген бир нече аралдарды жеңип алган.

**Байыркы Ирандын дини.** Ахеменилердин мезгилиндеги перси тилиндеги шынаа жазуусу менен жазылган диний жөрөлгөлөр жана көркөм сүрөттөөлөр, антикалык авторлордун билдирүүлөрү аркылуу Иран элдеринин байыркы дини жөнүндө жалпысынан билүүгө болот. Байыркы аңгемелердин, жомоктордун негизинде түзүлгөн «Авеста» диний жыйнагы байыркы ирандыктардын диний ишенимдерин чагылдырып турат. Бул диний ишенимдер көчмөн турмуштун айрым белгилерин сактаган малчылыкка жана отурукташкан дыйканчылык чарбага негизделип, уруулук түзүлүшкө ылайыкталган жөнөкөйлүгү менен айырмаланат. «Авестада» өзгөчө даңазаланган ыйык тоолор тууралуу баяндар сакталып калган. Перстер курмандыкты «бийик тоолордо» чалышкандыгы жөнүндө Геродот ачык билдирген. Ирандыктар ошондой эле суу баштаттарына жана ыйык көлдөргө да сыйынышкан. Жогорку кудайдын баласы катары эсептелген **ыйык отко** сыйынып, аны кадырлоо өтө маанилүү болгон. Ага ачык асман алдында курмандык чалышкан. Курмандыкка майда жандыктарды багышташкан. Отко табынуу Иран, Орто Азия элдеринин негизги диний ишеними катары кеңири тараган. Перс урууларында отко сыйынуу азыркы мезгилге чейин сакталып калган.

Байыркы персиялык диндин негиздөөчүсү катары *Заратуштра* (грекче *Зороастр*) пайгамбарын эсептешет. Анын оозунан чыккандар аркылуу «Авеста» диний жыйнагы пайда болгон делинет. Заратуштранын атынан улам бул дин зороастризм деп аталып калган. Зороастризм динин жактоочулардын түшүнүгү боюнча, жаратылышта эки негизги башталыш үстөмдүк кылат. Алар: **жашоо** жана **өлүм, жарык** жана

**караңгы, жакшылык** жана **жамандык.** Бул ишенимдер жаратылышка сыйынуунун байыркы түшүнүгүнөн диний философиянын бүтүндөй бир тутумунун өзөгүнө айланган. Жогорку кудай Ахурамазда жарык менен жакшылыктын кудайы болуп эсептелүү менен, анын аты бийликти жана акылмандыкты түшүндүрүп калган.

Зороастризм Чыгыш Иранда жана Орто Азияда жайылуу менен, Дарий Інин мезгилинен баштап деспоттук мамлекеттүүлүктүн күч алуусу үчүн пайдаланылган. Персия падышасынын жогорку бийлигин диний негиздөө максатында жогорку кудай **Ахурамаздага** сыйынуу киргизилген. Дарий I өзүнүн жазууларында аны жаратуучу деп атап, «асманды жараткан ал, адамды жараткан, ал адамга жыргалчылык тараткан, Дарийди падыша кылган» деп улантат. Ошентип, жогорку жаратуучу – Ахурамазда кудай жердеги монархтын коргоочусу, асман падышасы катары сүрөттөлөт. Акырында персиялык динде падыша бийлиги кудайдын кудуретинен келип чыккандыгы жөнүндө окуу келип чыккан. Персиянын ар түрдүү элдерди бириктирген зор мамлекетке айланышы анын падышасын коргогон мамлекеттик динди жана жогорку кудайга сыйынган бирдиктүү диний ишенимди киргизүүнү талап кылган. Дүйнөнү жараткан жана Персиянын падышасын коргогон жогорку жаратуучу кудай – Ахурамаздага сыйынууну киргизип жана чыңдаганы менен, Персия падышалыгына кирген элдердин жана уруулардын байыркы өз диний ишенимдерин толук жоё алган эмес.

### Суроолор:

**1.** Жаңы Вавилон мамлекети качан, кандайча пайда болгон? **2.** Вавилон падышалыгынын тышкы саясаты жөнүндө айтып бергиле. **3.** Падыша Кирдин мезгилиндеги Персия мамлекети кандай болгон? **4**. Дарий Інин реформалары жөнүндө айтып бергиле. **5.** Персиялыктардын Борбордук Азияга жасаган жортуулу кандайча аяктаган? **6.** Байыркы Ирандын дини кандай болгон?

## § 7. Байыркы Индия

**Байыркы Индия: жаратылыш шарттары, калкы жана анын негизги кесиби.** Индиянын аталышы бул өлкөнүн түндүк-батыш тарабындагы ири Инди дарыясынын атынан келип чыккан.

Индия – Азиянын түштүгүндөгү эң чоң өлкө, ал Индостан (Декан) жарым аралын жана материктин ага туташкан бир бөлүгүн ээлейт. Индиянын түндүгүндөгү чокуларын ак мөңгү баскан дүйнөдөгү эң бийик Гималай тоо системасы аны баш-

ка өлкөлөрдөн бөлүп турса, чыгышындагы анча бийик эмес, бирок өтүүгө кыйын тоолор Индикытай жарым аралындагы өлкөлөрдөн бөлүп турат. Байыркы убакта Индия аркылуу башка өлкөлөргө өткөн жол анын түндүк-батышында гана болгон.

Географиялык жактан Индия даана байкалган эки бөлүккө бөлүнөт: түштүгү – жарым аралдык жана түндүк тарабы – материктик. Экөөнүн ортосун бөлүп турган чекте чытырман токойлор менен капталган тоо кыркалары жатат.

Түндүк Индиянын батыш бөлүгүндө Инди дарыясынын өрөөнү – Пенжаб (Бешсуу, Инди дарыясынын жогорку бөлүгүнө беш ири дарыя куят) жатат. Бул жерде климаттын кургакчыл келгендигине байланыштуу, дыйканчылык үчүн жасалма сугатты пайдалануу, ал эми Инди дарыясынын алабына жакын аймактарды анын ташкыны менен сугарууга мүмкүн болгон. Түндүк Индиянын чыгыш бөлүгүндө Ганг дарыясынын өрөөнү жана анын суусу мол куймалары жайгашкан. Гангдын төмөнкү тарабынын климаты өтө нымдуу келет. Бул жерде нымдуулукту көп талап кылган өсүмдүктөр: күрүч, кант камышы жасалма сугатсыз эле өстүрүлөт. Ошондой болсо да улам батышка жылган сайын жасалма сугатты пайдаланууга туура келген.

Индия байыркы мезгилдерден эле калк жыш жашаган өлкө болгон. Грек тарыхчысы Геродот б.з.ч. V к. Индияны дүйнөдөгү эң көп калктуу өлкө деп атаган. Индиянын бирибиринен обочолонгон бир катар географиялык райондорго бөлүнүшү, ал жерлерде жашаган байыркы уруулардын маданий өнүгүү деңгээлдеринин ар кылдыгына жана тилдеринин ар башкача өнүгүшүнө алып келген.

Индиянын жергиликтүү калкы – өлкөнүн ортоңку жана түштүк бөлүгүн мекендеген, чоң жана аралашкан этностук тайпаны түзгөн *дравиддер*. Индиянын Түндүк Батыш бөлүгүндөгү элдер дене түспөлү жагынан Иран жана Орто Азия элдеринен бир аз гана айырмаланышат. Аларга караганда түштүк бөлүгүндөгү элдердин айырмачылыктары көбүрөөк, мисалы, терисинин түсү каралжын келет. Индиянын калкы көптөгөн ар кандай тилдерде сүйлөшөт. Тили негизги эки тайпага – *инди-европалык* жана *дравиддик* тайпаларга бөлүнөт. Биринчи топтогу тилде сүйлөгөндөр өлкөнүн көпчүлүк аймагында жашашса, дравид тилдеринде сүйлөгөндөр Индиянын түштүгүн мекендешет.

Индиядагы алгачкы жамааттык түзүлүш жөнүндөгү маалыматтар байыркы индиялык диний адабияттарда жана эпостордо, тарыхый аңгемелерде, мифтерде жана легендаларда

сакталып калган. Байыркы Индияда уруулук жамаат – *гана* – болгондугу жөнүндө маалыматтар бар. Жамаат ичинде аялдардын абалы жогору болгон. Туугандаштык эне жагынан эсептелген, бул ошол мезгилдерде энелик уруунун (матриархат) дагы эле сакталгандыгын айгинелеп турат.

Индияда уруу – *виш* – бир нече *ганадан* турат. Уруудагы бийликтин жогорку органы болуп, уруунун бардык (балдардан башка) мүчөлөрүнүн – *самитилердин* жыйналышы эсептелген. Бул жыйналышта уруулук кошуундун жетекчисин, уруу башчысын – *раджаны* шайлашкан.

Инди өрөөнүндө б. з. ч. 3-миң жылдыкта Хараппа цивилизациясы пайда болгон. Бул жерлерде ири сугат тутуму түзүлүп, калктын көпчүлүк бөлүгү жасалма сугат дыйканчылыгы менен иштешкен. Бул цивилизациянын борборлору Месопотамия менен тыгыз соода байланыштарын жүргүзгөн Хараппа жана Мохенжо-Даро шаарлары болгон. Хараппа цивилизациясы б. з. ч. XIX– XVIII кк. чегинде кыйраган. Анын кыйрашынын себеби ушул кезге чейин белгисиз. Климаттык шарттар, эпидемиялар, көчмөн уруулардын басып кириши ж. б. деп божомолдошот.

Б. з. ч. 1-миң жылдыктын башында индиялыктар темир өндүрүүнү жана иштетүүнү үйрөнүшкөн. Темир балта жана күрөк алган адамдардын алдында чытырман токойлор туруштук бере алган эмес. Адамдар токойдон арылган жерлерди өгүздөргө чегилген жөнөкөй соко менен айдашкан.

Мезгилдин улам илгерилиши менен дыйканчылык техникасы татаалдана баштайт. Бул процесс айрыкча мүлктүк жикке бөлүнүүгө байланыштуу болгон. Бай адамдар бир нече унааны чегүү менен, жерди жакшы жана терең айдоого мүмкүнчүлүк алышкан. Бара-бара бир жылда эки жолудан түшүм ала баштаган.

**Инди өрөөнүнүн эң байыркы шаар-мамлекеттеринин табышмактуу сырлары (Мохенжо-Даро жана Хараппа).** Байыркы Индияда курулуш өнөрү жогорку деңгээлге жеткен. Инди өрөөнүндө жердин астынан кыштан тургузулган имараттардын урандылары табылган. Бул археологиялык казуулар Индия тарыхынын мурда белгисиз барагын ачкан. Табылган урандылар Индиянын эң байыркы шаарларынын урандылары болгон. Ири археологиялык комплекстер Мохенжо-Дародо жана Хараппада казылган. Айрыкча байыркы шаар Мохенжо-Даронун урандылары жакшы сакталып калган. Анын тогуз археологиялык катмары казылган. Алардын эң акыркы катмары 12 *м* терендикте

болгон. Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө караганда бул шаардын аянты 260 *га* келип, бир топ кылымдар өкүм сүрүп жана акырындык менен өзгөргөн.

Мохенжо-Даро шаары Түндүк Индиядагы ошол мезгилдин ири шаарларынын бири болгон. Түз кеткен көчөлөрдө бышкан кыштан салынган эки жана үч кабат үйлөр, ошондой эле кедейлердин кепелери жайгашкан. Кээ бир ири имараттардын 7,5 *м* чейин бийиктиктеги дубалдары сакталып калган. Шаардын көчөлөрү түндүктөн түштүккө жана чыгыштан батышка багытталып, туура жайгашкандыгы шаардын атайын пландаштырылгандыгын айгинелеп турат. Негизги жолдун жазылыгы 10 *м* жеткен.

Мохенжо-Даро шаары ири соода жана кол өнөрчүлүк борбору болгон. Бул жерден чоң-чоң өнөрканалар табылган. Алардын айрымдары металлургиялык өндүрүшкө арналган. Шаардын борбордук бөлүгүндө үстү жабык базар же соода имараты болгон. Мохенжо-Дародо жана Хараппада эгин сактоочу кампага окшогон чоң тамдар, ошондой эле душмандар кол салган мезгилде эл коргонушу үчүн цитаделдер (шаар ичиндеги чеп) табылган. Мындай археологиялык табылгалар жана маалыматтар мамлекеттик бийликтин болгондугун болжолдоого мүмкүндүк берет.

Инди дарыясынын өрөөнүндөгү Пенжаб провинциясында Байыркы Хараппа шаарынын урандылары табылган. Хараппанын маданиятынын гүлдөп өнүгүшү, б. з. ч. 3-миң жылдыктын аягына туш келет. Хараппа шаарындагы археологиялык казууларда көптөгөн жез жана коло буюмдар табылган.

Хараппа маданиятынын доорундагы тургундар Индиянын бөлөк облустары жана башка өлкөлөр менен да соода жүргүзүп турушкан. Аны кээ бир табылгалар, мисалы, жергиликтүү эмес породадагы таштардан жасалган тараза таштарынын, металлдардын болушу, деңиз үлүлдөрүнөн жасалгалар тастыктап турат. Изилдөөчүлөр Байыркы Индиянын башка өлкөлөр, негизинен Шумер менен маданий байланышы болгондугун аныкташкан. Айрыкча Түндүк Индиянын батыш тараптагы өлкөлөр менен маданий жана соода байланышы жакшы өнүккөндүгү, бул аймактагы байыркы индиялык шаарлар б. з. ч. 2500–1500-жылдарда өкүм сүргөндүгү далилденген. Бирок ошондой болсо да Мохенжо-Даро жана Хараппа маданияттарынын сырлары ушу кезге чейин толук ачыла элек.

**Индустарга арий урууларынын басып кириши. Байыркы Индиядагы касталар.** Түндүк Индиянын археологиялык жо-

горку катмарларында чет жердик уруулардын Түндүк Батыш Индияга басып киргендигинин издери сакталып калган. Байыркы маданий шаарлар Мохенжо-Даро менен Хараппанын кыйрашы ушул мезгилдерге туш келет. Б. з. ч. 2-миң жылдыктын аягында Индияга көчмөн арийлер басып киришкен. Алар чарбасынын жана маданиятынын өнүгүшү боюнча Инди өрөөнүнүн калкынан алда канча артта турган. Арий уруулары Индиянын кең-кесири мейкиндиктери боюнча түндүк-батыштан чыгышка жана түштүктү көздөй короо-короо малдары жана үйүр-үйүр жылкылары менен көчүп жүрүшкөн. Аларга уруу башчылары башчылык кылышкан. Түндүк Индияны басып алган бул уруулар Гиндукуш жана Памир тоолорунан түшүп келишкен. «Арий» сөзүнүн өзү байыркы индиялыктардын тилинде, ошондой эле байыркы персиче «ария» – «асыл, атактуу, жакшы үй-бүлөдөн» дегенди билдирет. Арийлер жергиликтүү урууларды «млечхаса» (варварлар) жана «даса» (душман) деп аташкан. Кийинчерээк «даса» сөзү «кул» деген маанини билдирип калган.

Арий уруулары көчмөн малчылыктан акырындык менен дыйканчылыкка өтө башташкан. Алар дыйканчылыкка жана отурукташууга өтүү менен, жергиликтүү калкка аралашып, алар менен бирдикте Индия элин түзүшкөн.

Индияны чет жердиктердин басып алышы жана жергиликтүү урууларды кулга айландырышы кулчулуктун жана эң байыркы карама-каршы эки таптын – кул ээлөөчүлөр жана кулдардын калыптанышына өбөлгө түзгөн.

Индиялыктардын ортосундагы теңсиздикти дин бекемдеген. Индиялык жрецтер башкы кудай Брахма белгилеген деп эсептелген **эрежелердин жыйнагын** түзүшкөн. Ал жыйнак адамдарды касталарга (байыркы инди тилинде – «варна») бөлгөн. *Касталар – белгиленген эрежелерге баш ийген жана белгиленген милдеттери бар адамдардын тобу.* Кастага таандык болуу укумдан тукумга өтүп жүрүп отурган. «Каста» деген португалдардын сөзү (латынча «кастус» – «таза» дегенден келип чыккан) алардан европалыктарга тараган.

Жыйнакта адамдардын тегине жараша коомдо ээлей турган абалдары, кесиби, укуктары жана милдеттери аныкталган. Бул – эң байыркы социалдык тутумдун башталышы (б. з. ч. 3–2-миң жылдыктар). Ригведада негизги төрт варна (каста) жөнүндө эскертилип кеткен. Биринчиси – башкы кудай Брахма өз оозунан түзгөн жрецтер – *брахмандар* кастасы. Бул топтогуларга атактуу жрецтер кирип, ошолор гана кудайдын атынан

сүйлөй алышкан. Экинчи бир артыкчылык укуктагы кастага жоокерлердин тобу – *кшатрийлер* кирген. Диний жыйнакта кшатрийлерди Брахма колдорунан жараткандыгы айтылган. Бул эки кастадан төмөнкү абалда турган үчүнчү кастага Брахманын кабыргаларынан жаралган дыйкандар, кол өнөрчүлөр жана соодагерлер – *вайшалар* кирген. Төртүнчү кастадагылар эзилген жана укуксуз кедейлер, кулдун абалына чейин жеткен калктын тобу – *шудрлар* болгон. Шудрларды Брахма тамانынан жараткан делинет. Жогоруда айтылгандай адамдардын бул касталарга бөлүнүшү укумдан-тукумга сакталып калган.

Ар бир кастага таандык адамдарга өзүнчө укуктар жана милдеттер коюлган. Брахмандар жрецтердин милдеттерин аткарышкан, кшатрийлер башкаруу жана согуш иштерин жүргүзүшкөн, вайшалардын негизги иштери болуп дыйканчылык, малчылык жана соода иштери эсептелген. Ал эми шудрларга болсо өзүнөн жогорку касталарга, биринчи кезекте ак сөөк жрецтерге кызмат кылуу милдети бөлүнгөн. Шудрлар уруулар ортосундагы согуштардын натыйжасында өз уруусунан бөлүнүп, жеринен ажырап калгандар болгон. Ошентип үч жогорку кастадагылар төртүнчү кастадагы шудрларга карама-каршы коюлган.

Ар бир каста өзүнчө обочолонгон социалдык катмар болгон. Ар башка кастадагы адамдар ортосундагы никеге тыюу салынган. Ману мыйзамдары боюнча, брахман менен шудр аялдан төрөлгөн бала адамдардын эң төмөнкү тайпасына кирген. Аларды *чандала* – кол тийбестер деп аташкан. Кол тийбестер негизги төрт кастанын бирине да кирбеген. Башкы үч кастадагы адамдардын колдору буларга тийбеш керек, кокус тийсе анда ал булганып калган. Кол тийбестер «кыштактан тышкары» жашоого тийиш болгон.

Диний үрп-адаттарды сактоочулар жана табынуу-сыйынуу жөрөлгөлөрүн жүргүзүүчүлөр болушкан брахмандар айрыкча жогорку артыкчылык абалда болушкан. Алар ыйык китептерди билип жана жогорку үч кастадагы адамдарга динди үйрөтүүгө, ошондой эле диний ырым-жырымдарды аткарууга тийиш болгон. Брахман башка адамдардын «бардыгынын чексиз кожоюну» аталган.

Касталарга бөлүү тутуму жеңүүчүлөрдүн баш ийген калктардын үстүнөн болгон бийлигин, абалын бекемдөөгө, биринчи кезекте жрецтердин – брахмандардын жана ак сөөктөр менен жоокерлердин – кшатрийлердин элдин үстүнөн болгон үстөмдүгүн чыңдоого багытталган.

**«Махабхарата» жана «Рамаяна». Ведалар.** Б. з. ч. 2-миң жылдыктын ортосунан б.з.ч. 1-миң жылдыктын ортосуна чейинки Түндүк Индиянын тарыхын окуп-үйрөнүүдөгү негизги булактар адабий чыгармачылыктын байыркы эстеликтери – *Ведалар* (кийинчерээк ыйык китептер болуп калган) болгон. «Веда» сөзү «билим», жалпы мааниси «ыйык билим» дегенди билгизет.

Ведалык адабияттардагы Индия калкынын турмушу бир нече жүздөгөн жылдарды камтыйт, ошондуктан мурдагы жазылгандар менен кийинки жазылгандар аралыгындагы экономика жана коомдук турмуш жөнүндөгү маалыматтарда сезилерлик айырмачылыктар бар. Б.з.ч. VIII к. баштап б. з. чейин, Ведалар акырындык менен уламдан-улам түшүнүксүз боло баштап, «түшүнүк берүүлөр» менен жабдыла баштаган.

Индиянын б.з.ч. 1-миң жылдыктын биринчи жарымындагы коомдук жана экономикалык мамилелерин жана маданиятын изилдөөдө байыркы индиялык эпостук адабияттар эң баалуу булактар болуп саналат. Байыркы Индиянын негизги эпостук эстеликтери болуп «Махабхарата» жана «Рамаяна» эсептелет. Бул эпостор б. з. I к. жазылганы менен, айрым бөлүктөрү б.з.ч. V к. эле белгилүү болгон.

*«Махабхаратанын»* («Бхараттын тукумдарынын улуу согуштары») сюжетинин негизи Түндүк Индиядагы эң күчтүү падышалыктын ичиндеги бийлик үчүн күрөш болгон.

Бийлик, мансап, атак-даңк жана байлык үчүн туугандар ортосундагы кыргынга алып келген бул согуштун натыйжасы, бүткүл өлкөнүн элин аргасыз согушка алып баргандыгы элдин эсинде унутулгус кайгылуу из калтырган.

Пандавалар менен Кауравалардын ортосундагы согуш жөнүндөгү байыркы жомок, мезгил өткөн сайын көптөгөн ар кандай кошумча эпизоддор, легендалар жана мифтер менен толукталып турган. Ошондой эле негизги сюжетке тиешеси жок диний-философиялык жана башка ар кандай темаларды камтыган аңгемелер кошулган. Натыйжада «Махабхарата» байыркы индиялык эпостун зор адабий жыйнагы болуп калган.

Индия эли «Махабхаратадан» башка да, падышанын уулу Раманын тарткан азаптары жана көрсөткөн эрдиктери жөнүндө баяндалган улуу *«Рамаяна»* поэмасын түзгөн.

Индияда мамлекеттин пайда болуу мезгилдериндеги диний ишенимдер жөнүндө түшүнүктү **Ведалар** берет. Адамдардын жаратылыштын күчтөрү менен болгон күрөштөгү алсыздыгы табияттын күчтөрүн жана кубулуштарын кудай катары таа-

нууга алып келген. Жаратылышка сыйынуу Ведаларда чагылдырылган. Күн кудайын *Сурия* деп атоо менен күнгө сыйынышкан, асмандын кудайын *Варуна* деп аташкан. Ыйык оттун жана үйдүн очогунун бийлөөчүсү *Агни* кудайына өзгөчө маани беришкен, ошондой эле чагылган кудайы *Индра* да негизгилерден болгон.

Тарыхый өнүгүүгө жараша тигил же бул кудай жана ага сыйынуу өзгөрүп турган. Мисалы, аңчыларды колдоочу кудай деп эсептелген *Рудра*, кийин малчыларды колдоочу кудайга айландырылган. Дыйканчылыктын жана жаратылыштын кудайы *Адити* пайда болуп, ал «жалпы эне» катары эсептелген. Башка кудайлардын бардыгы «Адитинин балдары» деп айтылган.

Таптык коомдун калыптанышы менен алгачкы жамааттык коомдогу диний ишенимдер өзгөрө баштаган. Кул ээлөөчүлүк коомдун жана мамлекеттин пайда болушунан баштап, диндин жаратылышка жана ата-бабага табынуу каадасы таптык түзүлүштү актоону максат кылган жаңы диний ишенимдер менен алмашкан. Жаратылыш кудайлары акырындык менен падышаны жана падышалык бийликти колдоочу кудайларга айлана баштаган.

Борборлошкон ири мамлекеттердин пайда болушу менен бир кудайлуулуктун элементтери келип чыккан. Жердеги бир падышага ылайык, асманда да бир кудай болушу керек болгон. Б. з. ч. 1-миң жылдыктын башталышында Индиядагы көп сандаган диний окуулар биригип, *брахманизм* деп аталып калган. Брахманизм социалдык теңсиздикти, касталык бөлүнүүнү диний жактан негиздеп бекемдеген. Ар бир кастага таандык адамдар үчүн жүрүш-туруштун өзгөчө эрежелерин, укуктук, жарандык жана диний милдеттерди (дхарма) иштеп чыккан. Брахманизм ведалык кудайлар менен кошо эң жогорку жаратуучу кудай – **Брахманы** тааныган. Брахманын денесинин бөлүктөрүнөн жаралгандар бардык тирүү жандардын түбөлүк жаны Брахма менен кошулууга умтулууга тийиш болгон. Бирок бул максатка жан улам бир башка жанга өтүп жүрүп отуруп жетет деп айтылат. Жандын мындай биринен экинчисине өтүшү ар кандай көрүнүштө болот. Өсүмдүктөр, жаныбарлар да брахмандардын, падышалардын жаны болуп жаралууларга чейин барышы мүмкүн. Ар бир жаңы төрөлгөн жандын абалы адамдын өзүнө жараша болот. Адамдын тирүү кезиндеги жүрүш-турушу, жашоосундагы такыбалык деңгээли (*карма мыйзамы*) кандай болсо, жаны ошого байланыштуу болот деп айтылган. Ал үчүн брахмандарга баш ийүү, падыша бийлигин

кудайындай көрүү, өз кастасынын милдеттерин (дхармаларын) так аткаруу жана ырым-жырымдарды сактоо зарыл болгон. Ушул талаптар так аткарылганда гана ал улам жакшы, улам жогорку даражада жаралышы мүмкүн. Эгерде бул талаптарды аткарбаса, бактысыз болуп жаралууга туш болот делет. Өлгөндөн кийинки мындай жазалоо же сыйлоо жөнүндөгү окуу үстөмдүк кылуучу таптардын элди кыңк эттирбей баш ийдирип турушу үчүн пайдаланылган.

Б.з.ч. VI к. легендаларда даңазалуу дин окутуучусу *Гуатама* Шакья-Муни (*Будда*) өзүнүн жолун жолдоочуларды жана тарапкерлерин төрт ыйык акыйкатка жетүүгө үндөгөн. Алар: дүйнө – азап чегүү; азап чегүүнүн себеби; азап чегүүдөн кутулган абал – *нирвана* жана ага карай жол. Такыбалык жашоонун сегиз жолу бар, бул дүйнөнүн жашоо түйшүгүнөн баш тартып, мына ошондой жолго түшкөн ар бир адам нирванага жете алат.

Ошол мезгилдеги башка философиялык-диний окуулар сыяктуу эле, буддизм дагы социалдык түзүмдүн варналык негиздерин талкалап, өзүнүн жолун жолдоочулардын баарын улуу нирвананын түбөлүктүүлүгүнүн алдында теңдеп койгон. Б.з.ч. 1-миң жылдыктын экинчи жарымынын башталышында дал мына ушул окуу өзгөчө кеңири таралгандыктан жана өздөрүнүн башкаруу ыңгайына туура келгендиктен, Маури династиясынын башкаруучулары аны колдоп кетишкен. Б.з.ч. III к. Индияны башкарып турган Ашока буддизмди мамлекеттик дин деп жарыялаган. Ошентип, байыркы Индиянын саясий системасынын жана социалдык түзүмүнүн калыптанышында буддизм өз ролун ойногон.

Будда дини кул ээлөөчүлүк Индияда экономиканын жана сооданын өнүккөн мезгилинде калыптанган. Ал Индиядагы социалдык-экономикалык мамилелердин өнүгүшүнө тоскоолдук кылган брахманизмге жана касталык бөлүнүүгө каршы болгон.

### Суроолор:

**1.** Байыркы Индиянын жаратылыш шарттары, калкы, чарбасы жөнүндө айтып бергиле. **2.** Эмне үчүн байыркы мамлекеттер алгачкылардан болуп Инди өрөөнүндө түзүлгөн? Эң байыркы шаар-мамлекеттер жөнүндө эмнелерди билесиңер? **3.** Арий уруулары Индияга качан басып киришкен жана анын натыйжасы кандай болду? **4.** Байыркы Индиянын калкын касталарга бөлүү эмне себептен келип чыккан? Ар бир кастага талдоо жүргүзгүлө. **5.** «Ведаларда» эмнелер айтылат? **6.** Байыркы Индия эли жараткан «Махабхарата» жана «Рамаяна» кандай окуяларды баяндайт? **7.** Байыркы Индиянын дини жөнүндө айтып бергиле.

## § 8. Байыркы Кытай мамлекети

**Кытай цивилизациясынын жаралышы жана анын өзгөчөлүктөрү.** Кытай аймагындагы алгачкы мамлекеттүүлүк – номдор болгон. Мындай алгачкы мамлекеттер Хуанхэ дарыясынын бассейнинде калыптанып, ал жердеги элдер негизинен дыйканчылык менен кесиптенишкен.

Б.з.ч. 2-миң жылдыкта Байыркы Кытайда алгачкы кул ээлөөчүлүк мамлекет түзүлгөн. Ошол мезгилден баштап кытай элинин көптөгөн кылымдарды кучагына камтыган тарыхы башталат.

Кытай элинин эң байыркы мекендеген жерлери Хуанхэ (Сары дарыя) дарыясынын ортоңку жана төмөнкү агымындагы аймактар жана деңизге жакын түздүктөр болгон.

Кытайды мекендеген элдин эң байыркы кесиптери аңчылык, балык уулоочулук болгон. Малчылык Кытайдын батышында кеңири тараган. Дыйканчылык кеңири жайылган аймактарда негизинен таруу өстүрүлгөн. Кийинчерээк арпа, буудай жана күрүч өстүрө башташкан. Дыйканчылык менен кошо кол өнөрчүлүк да, негизинен, карапачылык жана чоподон идиш жасоо өнүккөн. Ал эми жибек өндүрүү, жибектен кездеме токуу чоң мааниге ээ болгон.

Кытай тарыхынын байыркы мезгилин үйрөнүү археологиялык табылгаларга жана документтерге таянсак, Шан (Инь) мезгилинен башталат. Кытайлык хронология боюнча бул мезгил б.з.ч. XVIII–XII кк. туура келет. Кытайдагы бул алгачкы мамлекеттин ордуна келген экинчи мамлекет Чжоу деп аталган. Чжоу мамлекетин негиздөөчүлөр Вей дарыясынын жээгиндеги уруулар болгон. Алар Шан (Инь) мамлекетин жеңип алышып, өз бийлигин орнотушкан. Бул мезгил б.з.ч. XII–VIII кк. камтып, кул ээлөөчүлүк андан ары күчөгөн. Чарбанын бардык тармактары улам татаалданып өнүккөн.

Чжоу мамлекетинде өлкөнү башкаруу падышанын атынан иш жүргүзүүчү жардамчысынын милдети болгон. Бул жогорку чиновникке баш ийген негизги үч чоң мекеме болгон. Биринчиси айыл чарба (айдоо, себүү, жыйноо ж. б.) жана соода-сатык иштерин жетектеген. Экинчиси аскер иштерин (аскерди жабдуу, үйрөтүү, согуш мезгилинде жетекчилик кылуу) башкарган. Жер фондусун жана өлкөнү суу менен камсыз кылуу жагын тейлеген үчүнчү бөлүм дарыяларга, каналдарга, плотиналардын абалына, сугат тармактарындагы курулуштарга жана жолдордун абалына көз салган.

Б. з. ч. VIII–VII кк. Чжоу мамлекетине тышкы душмандардын кол салууларынын жана ички карама-каршылыктардын натыйжасында, бул мамлекет беш княздыкка бөлүнүп кеткен.

**Бирдиктүү Кытай мамлекети (Цин жана Хан династиялары).** Жогоруда белгилегендей, б. з. ч. VII–V кк. доорон сүргөн беш ири падышалыктын ичинен Цин падышалыгы б. з. ч. IV к. күч ала баштаган.

Цин падышалыгы Кытайдын түндүк-батышынан орун алган (азыркы Ганьсу провинциясы). Ал б. з. ч. V к. түндүк-батышындагы жун урууларын басып алып, өз жеринин чегин бир кыйла кеңейткен. Башка падышалыктарга караганда бул мамлекетте б. з. ч. IV к. бир катар чечкиндүү реформалар жүргүзүлгөн. Натыйжада Цин падышалыгы б. з. ч. IV к. аягында күч алып, социалдык-экономикалык, согуштук жана саясий жактан чыңдалган.

Б. з. ч. III к. өз алдынча падышалыктардын ортосундагы ич ара согуштар күчөгөн. Бул согуштарда Цин падышалыгы алдыга суурулуп чыккан. Цин падышалыгындагы реформаларды Шан Ян төрө жүргүзгөн. Бул реформалар байлардын кызыкчылыгын көздөп, жамааттык байланыштарды жоюп, жеке менчиктүүлүктү өркүндөтүүгө жол ачкан.

Мамлекетти борбордоштуруу максатында Шан Ян өлкөнү урук-уруулук эмес, акимдик аймактарга бөлгөн. Бүткүл Цин падышалыгы бир нече уездге бөлүнгөн. Уезддер майда бөлүктөргө бөлүнүп, ар биринин башында мамлекеттик чиновниктер турган.

Шан Яндын аскердик реформасы боюнча, аскерлер жаңыча куралданып, кайра уюштурулган. Анын курамына атчан жоокерлер киргизилген. Цин армиясы Байыркы Кытай падышалыгындагы эң күчтүү армия болгон. Реформалардын натыйжасында Цин падышалыгы борборлошкон күчтүү мамлекетке айланган. Бул мамлекет бүткүл Кытайга үстөмдүгүн орнотуш үчүн жүздөгөн жылдар бою күрөш жүргүзгөн. Цин династиясынан чыккан князь Чжан (Ин Чжэн) коңшу падышалыктарга каршы жортуулдарды уюштурган. Көп жылдарга созулган чабыштарда Чжан Байыркы Кытайдагы падышалыктардын улам бирин баш ийдирип, б. з. ч. 230–222-жж. аралыгында бүткүл Кытайды каратып алып, падышалыктын жаңы титулун – *хуанди* (император) наамын алат. Ал өзүн б. з. ч. 221-ж. *Цин Шихуанди* деп жарыялаган. Ал «Цин империясынын биринчи императору» дегенди билдирет.

Кытай мамлекетинин аймагын кеңейтүү менен, император өлкөдө каардуу террорду орноткон. Императордун бийлигине каршы кенедей эле нааразылык билдиргендер аёосуз жазаланган. Салыктардын өсүшү, ар кандай милдеттердин көбөйүшү жалпы элдин абалын ого бетер оордоткон. Циндик башкарууга атактуу адамдардын арасында да нааразылык күчөгөн. Натыйжада калктын калың катмарынын нааразылыгы падыша Цин өлгөндөн кийин ачык күрөшкө айланган. Бул көтөрүлүштүн негизги кыймылдаткыч күчү жакырданган дыйкандар болгон. Көтөрүлүш б. з. ч. 209-ж. күзүндө башталып, негизги максаты Цин династиясын жоюу болгон. Көтөрүлүштүн натыйжасында б. з. ч. 207-ж. Цин династиясы кулаган.

Императордук такка отуруу үчүн өлкөдө ич ара күрөш күчөгөн. Бул күрөштө Лю Бан жетектеген эл массасы жеңишке жетишкен. Б. з. ч. 202-ж. Лю Бан өзүн император деп жарыялаган. Чанян шаары империянын борбору болуп калган. Лю Бан негиздеген династия *Хан династиясы* деп аталган. Лю Бан жеңишке жеткенге чейин Хан дарыясынын жанында бекинип жүргөн, ошондуктан династия ошол дарыянын атынан аталган.

Хан императорунун алдында өлкөнү кайра калыбына келтирүү жана мамлекетти башкарууну уюштуруу милдети турду. Лю Бан бийликке келери менен менчик армияларды (ич ара согуш мезгилинде уюшулган) таркатуу жөнүндө указ кабыл алган. Калкты мурдагы өз иштерине кайтууга, чиновниктерди өз милдеттерин аткарууга чакырган. Жеке менчиги бар адамдарды өз жерлерине барып ишин улантуусун талап кылган. Талкаланган сугат курулуштарын оңдоп, калыбына келтире баштады. Салыктар азайтылган жана мамлекетке милдеткерликтер жеңилдетилген.

Хан династиясынын падышаларынын мезгилинде ак сөөк жер ээлөөчүлөр кеңири жер ээликтерин өз колдоруна топтогон. Кыштактык жамааттар акырындык менен тарай баштаган. Калктын калың катмарынын жакырданышы, кулдардын санынын көбөйүшүнө алып келген. Өтө жакырданган кедейлер көпчүлүк учурда балдарын кулдукка сатууга аргасыз болушкан. Туткундардын эсебинен да кулдардын саны өскөн.

Хан доорунда тышкы соода бир кыйла өнүккөн жана ага байланыштуу басып алуучулук саясат кеңири жайылган. Б. з. ч. 2-миң жылдыктагы император У-динин мезгилинде (б. з. ч. 140–87-жж.) кытайлар батышты карай бир кыйла кирип барышкан. Кытай кербендери Чыгыш Түркстан аркылуу Орто Азиянын башка элдери менен соода жүргүзүп турушкан.

Негизги соода жолдорун, айрыкча ***Улуу Жибек жолу*** деп аталган соода жолун каратып алыш максатындагы басып алуучулук саясат күч алган. Кытайлык кол башчылар Чыгыш Түркстанга бир нече экспедиция уюштурушкан.



Конфуций.

Б. з. ч. I к. бүткүл мамлекеттин аймагын көтөрүлүштүн толкуну каптап өткөн. 184-ж. Хан императорунун бийлигине каршы «сары жоолукчандардын» көтөрүлүшү чыккан. Аны ири саясий ишмер Чжан Цзяо жана анын бир туугандары уюштурушкан. Көтөрүлүштү уюштуруучулардын башкы идеясы «жалпы таттуу турмушка карай жол» болгон. Алар Хан империясынын «Көк асманынын» калыстыгы жок тартиптерине каршы, жалпы байгерчиликтеги мамлекет «Сары асмандын» символу катары сары жоолуктарды байланып жүрүшкөн. Көтөрүлүшчүлөрдүн армиясы 100 миңге жеткен. Бул жалпы элдик кыймылдын кеңири кулач жайганына карабастан, көтөрүлүш жеңилип калган. Ошондой болсо да Хан династиясы жогорку бийликти кармап кала алган эмес. Аны көп сандаган көтөрүлүштөр жана коңшу көчмөндөрдүн кол салуулары биротоло алсыраткан. Ошентип, 220-ж. Хан империясы кулап, үч падышалыкка бөлүнүп кеткен.

**Диний философиялык окуулар. Конфуций жана Лао Цзы.** Байыркы Кытайда б. з. ч. VI–V кк. калыптанган диний-философиялык ой-жүгүртүүлөр өзгөчө мааниге ээ болгон. Кытайдын маданий турмушунда байыркы катчылар жана төлгөчүлөр мектебинде пайда болгон Конфуцийдин диний-философиялык ой-тутуму зор ролду ойногон. Ал б. з. ч. VI–V кк. жашаган.

Адат, салт *конфуцийликтин* негизги принциби болгон. Ал эч кандай жаңылыктарга умтулбагандыгы жөнүндө бир нече жолу билдирген. Башкы максаты мурдагы эски салтты, үрп-адатты кийинкилерге жеткирүү эле. Анын жолун жолдоочулардын айтуусунда Конфуций байыркы тексттерди изилдеп, ошолордун негизинде өзгөчө диний-философиялык, саясий-социалдык жана моралдык окууну түзгөн. Конфуцийдин окуусунун негизги мааниси адамдарды тарбиялоодо улууларга жана кожоюнга баш ийүү, момундук менен моюн сунууга даяр туруу максатын көздөгөндүгүндө.

Байыркы Кытайда экинчи бир философиялык окуу – Лао Цзынын окуусу кеңири тараган. Конфуцийликке караганда бул



Лао Цзы.

окуунун ой жүгүртүүсү кенениреэк болгон. Кийинчерээк бул философиялык окуунун негизинде Кытайда эки миң жыл өкүм сүргөн татаал дин – *даосизм* келип чыккан. «Дао» сөзү «жол», же «дүйнөнүн негизи» дегенди түшүндүрөт. Бул окуу боюнча бардык нерселер эң майда материалдык бөлүкчөлөрдөн (ци) турат. Дүйнө бир гана мыйзамга, дао мыйзамына баш иет.

Лао Цзынын ысымынын өзү «көп жашаган акылман» дегенди түшүндүрөт. Легендалардын биринде Лао Цзы Индияга жана Тибетке баргандыгы айтылат. Аны бардыгы олуя катары санашкан. Лао Цзынын философиялык окуусу конфуцийликке караганда прогрессивдүүрөөк.

Лао Цзынын окуусунда: «Бөксө толот, кыйшык түзөлөт, ким бирөөнүн бир нерсесин тартып алса, сөзсүз өзүнүкүн жоготот, алсыздар күчтүүлөрдү жеңет», – делет.

**Улуу Кытай дубалы.** Байыркы Кытайда Цин Шихуанди падышалык кылып турган мезгилде, өлкөнү хунндардан коргоо үчүн дубал курууга буйрук берген. Согушчан хунн уруулары Кытайдын түндүк тарабында көчүп жүрүшкөн жана анын шаарлары менен кыштактарына кол салып турушкан. Б. з. ч. IV к. эле Янь, Чжао жана Цин падышалыктарында түндүктөгү көчмөндөрдөн коргонуу максатында чеп дубалдары курулган. Эми ошол өз-өзүнчө курулган чептердин ортолорун бириктирип, узун жана бекем чыңдоо куруу керек болгон. Дубалды куруу жумуштары ондогон жылдар бою күндүр-түндүр тынымсыз жүргүзүлгөн. Ал толук курулуп бүткөнчө, куруу жана оңдоо жумуштары улам үзгүлтүккө учурап, токтоп калып отуруп, миң жылдан ашуун убакытка созулган. Дубалды курганга Мын Тяндын армиясынан 300 миң киши жиберилген, бирок бул жетишсиз болгондуктан, ал жакка көптөгөн согуш туткундарын жана соттолгондорду, ошондой эле кулдарды жөнөтүшкөн. Бул дубалдын курулушунда эки миллионго жакын адам иштеген. Тарыхый маалыматтарда оор жумуштун

айынан, ачкачылыктан жана уруп-сабоодон миңдеген адамдар өлүмгө учурашканы айтылат. Ал эми өлгөн адамдардын денесин ошол эле жерден дубалга кошо көмүшкөн. Алардын ордуна улам жаңы жумушчуларды айдап келишкен.

Улуу Кытай дубалынын жалпы узундугу 4 миң *км* жеткен. Анын бүткүл узундугу боюнча ар бир 60–100 *м* жерде кароол мунаралары тургузулган. Дубалдын бийиктиги он метрге жеткен, ал эми жазылыгы болсо, беш-алты атчан адам катары менен кенен-кесири бастырып кете алгандай кенен. Дубалдын кээ бир жерлеринде дарбаза сыяктуу өтүүчү жерлери болгон жана алар абдан катуу кайтарылган. Улуу Кытай дубалы коргонуу маанисине эле ээ эмес болчу. Ал Кытай менен түндүктөгү элдер жана уруулар ортосунда үзгүлтүксүз соода байланышын жөнгө салууга да кызмат кылган.

**Байыркы Кытай маданияты.** Кытай маданиятынын түптамыры эң байыркы мезгилдерде эле башталган. Кытай маданиятынын өнүгүү башаты Байыркы Кытайдын Шан (б. з. ч. XVIII–XII кк.) жана Чжоу (б. з. ч. XII–VIII кк.) падышалыктары убагына барып такалат. Кийинчерээк Кытайда бирдиктүү мамлекеттин түзүлүшү менен өлкө үчүн бирдей жазуу киргизилген. Жазуу үчүн атайын белгилер – *иероглифтер* колдонулган. Ар бир иероглиф бүтүндөй бир сөздү түшүндүргөн. Кытай жазуусунда бир нече ондогон миң (50 миңге жакын) иероглифтер болгон. Байыркы Кытайда жазууну адегенде бамбуктан жасалган такталарга жазышкан. Б. з. ч. III к. эле жазуу үчүн жибек пайдаланылган. Бамбук жана жыгач тактачаларга лак менен жазуучу учталган таякчанын ордуна эми кылкалемдер пайдаланыла баштаган. Б. з. башталышында кытайлар жазуу үчүн графитти пайдалана баштакан. Кытайлар б. з. I к. тарыхта биринчи болуп кагазды ойлоп табышты. Б. з. II к. баштап кагаз бүт өлкөгө кеңири тараган. Кагаз арзанга турган жана бамбук такталарына караганда ыңгайлуу болгон. Кытайда эми кагаздан китептерди чыгара башташкан. Ар бир барак кылкалем же графит менен жазылып, анан китепче кылып жыйналып даярдалган. Б. з. башында Кытайда тушь ойлоп чыгарылган. Хан династиясынын соңку доорунда кытай иероглифтери биротоло калыптанып бүтүп, ушул кезге чейин колдонулууда.

Байыркы Кытайдагы адабият жана илим Хан династиясы мезгилинде гүлдөп өнүккөн. Ошол доордо көрүнүктүү акын-жазуучулардын, окумуштуулардын чоң тобу чыккан. Хан династиясынын көпчүлүк императорлору адабиятка жана искус-

ствого колдоо көрсөтүшкөн. Император Гуан У-динин доорунда (б. з. 25 – 57-жж.) император ордосунда чоң китепкана түзүлгөн. Ошондой эле ордодо атактуу акын-жазуучулар жана окумуштуулар жашашкан.

Кытай тарыхынын атасы аталган жана көркөм прозанын өкүлү, тарыхчы **Сыма Цяндын** эмгеги өтө зор. Анын туулган жылы болжол менен б. з. ч. 145-ж. деп белгиленет. Ал б. з. ч. 86-ж. дүйнөдөн кайткан. Сыма Цяндын «Тарыхый жазмалар» («Ши цзи») деп аталган эмгеги беш бөлүккө бөлүнгөн 130 главадан турат. «Тарыхый жазмаларда» Кытайдын эң байыркы доорунан баштап император У-динин башкаруу мезгилин кошо камтыган баяндамалар берилген. «Тарыхый жазмалардагы» бир катар главаларда Кытайдан тышкары жашаган элдер жөнүндө, анын ичинде Орто Азия элдери жөнүндө жазылган. Сыма Цяндын бул эмгегинде б. з. ч. 201-ж. Кытайдын түндүк тарабында жашаган кыргыздар жөнүндөгү маалымат да кездешет. Байыркы Кытайда астрономия, география, агрономия, математика жана медицина боюнча бай тажрыйба топтогон. Астрономия илиминде бир кыйла ийгиликтерге жетишилген. Байыркы Кытайда жылдыздуу асмандын картасы түзүлгөн. Б. з. ч. 28-ж. күндөгү тактар жөнүндө биринчи жолу жазып кетишкен.


Сыма Цян.

Айыл чарбасы боюнча чыгармаларда жибек курттарын өстүрүү, чай өсүмдүктөрүн багуу боюнча кытай дыйкандарынын тажрыйбасы баяндалып жазылган. «Чай» деген сөз Кытайдан чыккан. Чай дарттуу адамдын дарманын сактап туруу үчүн кытайлар пайдаланган дарылардын бири болгон. Кийинчерээк чайды суусун катары иче башташкан.

Медицина жөнүндөгү билимдин жогорку деңгээлге жеткендиги жөнүндө б. з. ч. I к. түзүлгөн медициналык китептердин каталогу далилдейт.

Деңизде сүзүүчүлөрдүн жана кербен башчыларынын байкоолорунан улам география келип чыккан. «Тоолор жана деңиздер жөнүндөгү китепте» Кытай жана ага коңшу өлкөлөр жөнүндө маалыматтар жазылган. Компас да биринчи жолу Кытайда ойлоп табылган.

Байыркы Кытайда архитектура жана көркөм өнөр жогорку деңгээлге жеткен. Маданий-материалдык эстеликтер ошол мез-

гилдеги курулуш техникасынын, архитектуранын, скульптуранын жана живопистин өнүгүү деңгээли жөнүндө маанилүү маалыматтарды берет. Байыркы Кытайдагы имараттар негизинен жыгачтан курулган жана биздин заманга чейин жеткен эмес. Бирок чоподон жасалган моделдер байлардын бир нече кабаттан турган кооз үйүн жана кедейдин тар, начар жер кепесин чагылдырат.

Археологиялык казуулар мезгилинде табылган байыркы шаар, кыштактардагы имараттардын дубал беттерине тартылган сүрөттөр Кытайда живопистин өнүккөндүгүн далилдеп турат. Адабий булактарда Хан доорундагы император сарайларынын дубалдарына тартылган кооз сүрөттөр жана жибекке, кагазга тушь менен тартылган сүрөттөр жөнүндөгү маалыматтар бар.

Байыркы кытайлардын коңшу элдер менен, айрыкча Орто Азия элдери менен байланышы жакшы болгон. Муну табылган ар кандай буюмдардын көпчүлүгүндөгү оймо-чиймелердин ыкмалары, үлгүлөрү Орто Азиялык чеберлердин стилинде экендигин далилдеп турат.

Байыркы Кытай маданияты көп жагынан өзүнүн обочолонуусун сактап келген. Кагаз өндүрүү, чайды пайдалануу, жибек өндүрүү ыкмалары европалыктарга жүздөгөн жылдардан кийин гана белгилүү боло баштаган. Өз кезегинде Жер Ортолук деңиз жээгиндеги өлкөлөрдүн көп маданий жетишкендиктери узак мезгилдерге чейин кытайларга белгисиз бойдон кала берген.

### Суроолор:

**1.** Эмне үчүн байыркы мамлекеттер Хуанхэ өрөөнүндө пайда болгон? **2.** Байыркы Кытай цивилизациясынын өзгөчөлүктөрү эмнеде деп ойлойсуңар? **3.** Цин империясынын түзүлүшү кандайча жүргөн? Хан династиясы жөнүндө айтып бергиле. **4.** Байыркы Кытайдагы диний-философиялык окуулардын негизи эмнеде болгон? Конфуцийдин жана Лао Цзынын окууларына талдоо жүргүзгүлө. **5.** Улуу Кытай дубалын куруунун себептери жана мааниси жөнүндө эмне билесиңер? **6.** Байыркы Кытай маданияты жөнүндө айтып бергиле.

## III БӨЛҮМ
## БАЙЫРКЫ ГРЕКИЯ ЖАНА РИМ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

### § 9. Байыркы Эгей дүйнөсү

**Эзелки падышалыктар (Крит жана Микены).** Байыркы Эгей дүйнөсү эки материкте жайгашкан аймактарды жана көп сандаган аралдарды камтыган. Байыркы мезгилде Эгей облусу төрт райондон: Балкан жарым аралынын түштүк бөлүгүнөн (материктик Грекия), аралдар дүйнөсүнөн, Крит аралынан жана Кичи Азиянын жээк бойлото кеткен бөлүгүнөн турган.

Гректер өз өлкөсүн *Эллада*, ал эми өзүлөрүн *элладалыктарбыз* дешкен. Байыркы уламыштарда грек урууларынын түпкү теги укмуштуу баатыр Эллинден келип чыккан делинет, ошондуктан гректер өздөрүн *эллиндер* деп аташат.

Байыркы гректердин тиричилигинде балык уулоочулук жана малчылык чоң роль ойногон. Грекиянын борбордук жана тоолуу райондорунда малчылык өнүгүп, кой жана эчки багышкан. Ири мүйүздүү малды жана кийинчерээк жылкыларды өстүрүшкөн.

Грекияда темир, күмүш, жез, коргошун жана мрамор кендери, ал эми Фасос аралынан алтын алынган.

Таптык коом жана мамлекет алгач б. з. ч. 2-миң жылдыкта Критте пайда болгон. Эгей деңизинин бассейниндеги башка жерлерде мамлекет кийинчерээк түзүлгөн. Бул цивилизациянын алгачкы очогун англиялык археолог Артур Эванс (1851–1941-жж.) 1894-ж. таап, аны Криттин мифтик падышасы Миностун атынан *«миной маданияты»* деп атаган.

Б. з. ч. 2-миң жылдыктын биринчи жарымында Криттин экономикалык жана социалдык өнүгүүсү бир кыйла илгерилеген. Бул мезгилдерде коло куралдары көп тараган. Ири имараттарды куруу өнүккөн. Кээ бир учурларда көп кабаттуу үйлөр, падыша сарайлары да курулган.


Б. з. ч. XXI–XVII кк. Критте карапа жана фаянс жасоону жакшы өздөштүрүшкөн. Европадагы эң байыркы төрт дөңгөлөктүү араба ушул жерден табылган. Жазуунун пайда болушу ошол мезгилдеги ойлоп табуучулуктун эң маанилүүсү болуп эсептелет. Ал адегенде пиктографиялык (сүрөт менен жазуу) жазуу болуп, кийинчерээк египеттиктердикине окшош келген иероглифке өткөн. Криттиктер сыяны пайдалана башташкан.

Б. з. ч. 1600-ж. – б. з. ч. 1100-ж. чейинки мезгил крит маданиятынын өнүгүшүнүн эң жогорку чегине жеткен мезгили болгон. Крит архитектурасынын жана искусствосунун эстеликтеринин эң мыктысы ушул доордо курулган. Крит архитектурасынын эң көрүнүктүү эстелиги Кносстогу падыша сарайы болуп саналат. Грек мифтеринде ал лабиринт (грекче «лабрис» – «кош кабат ай балта») деп аталган. Бул падыша сарайынын аянты 16 миң чарчы *м* ээлеп, жүздөгөн бөлмөлөрдөн турган.

Айрыкча кеме куруу иши өркүндөгөнү байкалат. Археологиялык казууларда табылган б. з. ч. XXVII–XXII кк. таандык таштан оюлган мөөрлөрдө кайыктын сүрөтү тартылса, б. з. ч. XVI к. таандык мөөрдө чоң палубалуу кемелердин сүрөттөрү болгон. Мөөрлөрдүн биринде жылкы ташыган кеменин сүрөтү тартылган. Бул мезгилде Крит Египет, Сирия, Финикия жана айрыкча Микендик Грекия менен тыгыз байланышта болгон.

Б. з. ч. 1450-ж. Криттин түндүк жагындагы анча чоң эмес аралда зор жанар тоо атылган. Анын издери Эгей деңизинин түбүнөн жана аралдардан табылган. Криттеги бул табигый кырсык анда түзүлгөн маданиятты толук кыйратып кеткен. Арийне, Крит цивилизациясынын кыйрашына жеке эле табигый кырсык себеп болгон эмес. Б. з. ч. 1450-ж. Грекиянын материктик бөлүгүнөн согушчан михей уруулары Крит аралына басып киришкен. Крит маданиятынын кыйрашына бул басып кирүү да өз таасирин тийгизген.

**Троя согушу. Гомер: «Илиада» жана «Одиссея».** Кичи Азияда деңизден анча алыс эмес жердеги бийик дөбөдө жүргүзүлгөн казуулардагы археологиялык изилдөөлөрдүн жана грек эпосунун негизинде бул жерде байыркы Троя шаары болгондугу аныкталган. Б. з. ч. XVII–XIV кк. Троя шаары гүлдөп-өнүккөн. Шаар акиташтан жана таштан курулган мунаралуу зор дубалдар менен курчалган. Шаарда көптөгөн чоңчоң үйлөр болгон. Археологиялык маалыматтарга жана грек эпосунда айтылгандарга караганда, бул шаар Троя согушу мезгилинде кыйраган. Ал согуш Микены падышасы Агамемнон башчылык кылган ахейлердин мамлекеттик жана уруулук бирикмеси тарабынан Троя шаарына каршы жүргүзүлгөн. Б. з. ч. 1200-ж. чама-



Гомер.

сында Трояга грек урууларынын деңиз аркылуу жасаган жортуулдарын археологиялык изилдөөлөр тастыктады.

Троя менен болгон узакка созулган согуштар жөнүндө өтө көп уламыштар, жомоктор болгон. Алардын негизинде «Илиада» жана «Одиссея» деп аталган эки чоң поэма түзүлгөн.

Байыркы гректердин тарыхы баяндалган «Илиада» жана «Одиссея» б. з. ч. VIII к. түзүлүп, б. з. ч. VI к. жазылган делинет. Бул поэмаларда Троя шаарына жасалган жортуулдарды эле эмес, гректердин турмуш-тиричилиги, каада-салттары, үрп-адаттары, диний ишенимдери кеңири баяндалат.

«Илиада» деген аталыш Илион деген шаардын атынан келип чыккан. Гректер Трояны ушинтип аташкан. «Илиадада» согуштун онунчу жылындагы окуялар баяндалат. Гректер Троя шаарын узак убакыт бою камоого алып, анын дубалдарынын жанында айыгышкан салгылаштар болот. Поэмада грек урууларынын жол башчыларынын бири Ахилл менен троялыктардын каарман жана кайраттуу баатыры Гектор экөөнүн ортосундагы жекеме-жеке салгылаш сүрөттөлөт.

Гректер Трояны амалкөй Одиссейдин кеңеши боюнча айлакерлик менен жеңип чыгышат. Гректер эбегейсиз чоң жыгач ат жасашат. Аттын ичине жоокерлер жашырынып алышат, калган жоокерлер болсо жакынкы аралга барып бугуп жатышат. Троялыктар бул атты гректердин кудайларга берген тартуусу деп кабыл алышып, шаарга сүйрөп киргизишет. Түн ичинде жоокерлер аттын ичинен чыгышып, дарбазаларды ачып, уктап жаткан троялыктарга кол салышат. Ошол эле убакта аралдагы грек аскерлери келип, шаарга качырып киришет. Гректер Троя шаарын талкалап, талап-тоноп, аялдар менен балдарды туткундап кетишет.

«Одиссея» поэмасында Троядан өзүнүн мекенине – Грекиянын батыш жээгиндеги Итака аралына кайтып келатканда Одиссейдин башынан кечирген окуялары жөнүндө баяндалат. Ал он жыл бою жол жүрүп, ар кандай укмуштуу окуяларга туш болуп, акыры өз мекенине келет. Одиссей жок кезинде анын үйүнө Итаканын атактуу адамдары кожоюндук кылып алышкан болот. Поэма аял кудай Афинанын жардамы менен Одиссей булардын чакчелекейин чыгарып, Итаканы кайра өзү башкара баштагандыгы жөнүндөгү аңгеме менен аяктайт.

**Байыркы гректердин дини. Кудайлар жана баатырлар тууралуу мифтер.** Гректер байыркы башка элдер сыяктуу эле жаратылыштын көп кубулуштарын түшүнүшпөгөн жана алардан коркушкан. Алар эркек жана аял кудайлар жашашат жана

жаратылышты ошолор башкарышат деп ишенишкен. Гомердин поэмаларынан байыркы гректердин, негизинен микены мезгилиндеги дини жөнүндөгү маалыматтарды табабыз. Эпосто негизги кудай «булут айдоочу» кудай *Зевс* болгон. Анын бир туугандары – деңиз кудайы *Посейдон* жана жер алдындагы дүйнөнүн кудайы *Аид*. Гректердин түшүнүгү боюнча Зевс аялы Гера жана балдары менен бирге Грекиядагы Олимп тоосунун кылда чокусунда турушат деп ишенишкен. Зевстин балдары да чоң кудайлар болуп эсептелген. Алар: жарыктын жана искусствонун кудайы *Аполлон*, аңчылык кудайы *Артемида*, согуш кудайы *Арес*, акылмандык жана кол өнөрчүлүк кудайы *Афина*, сүйүү кудайы *Афродита*, от кудайы *Гефест* жана соода кудайы *Гермес* болушкан. Гректер кудайларды адам кейпинде элестетишкен. Эпосто кудайлар адамдар сыяктуу эле тамактанышат жана ар кандай талаш-тартышты чечишет деп айтылат. Алар жакшы, жарашыктуу кооз кийинишип, той-тамашаларды өткөрүп турушат. Атактуу адамдар урууларды башкарган сыяктуу эле, Зевс башында турган «олимптиктер» да адамдарды жана жаратылышты башкарышат деп түшүнүшкөн.

Гректер Зевс кудайынын буйругу боюнча жамгыр жаайт же кургакчылык болот деп эсептешкен. Каарына калган адамдарды жана кудайларды кудурети күчтүү Зевс өзүнүн алтын жебелери – чагылгандары менен өлтүрөт дешкен.

Зевстин бир тууганы «деңиз кудайы» Посейдондон гректер Зевстен корккондон кем корккон эмес. Посейдон өзүнүн зор айрысы менен жерди титиретет, деңизди катуу толкутуп, кемелерди чөктүрөт деп ишенишкен.

Адам каза болгондон кийин анын жаны өлгөндөрдүн жер алдындагы караңгылык падышалыгына барат, ал жакты жер астындагы падышалыктын ээси каардуу *Аид* башкарат деп түшүнүшкөн. Аиддин бутунун жанында үч баштуу дөбөт отурат жана ал бардык адамдарды жер алдындагы падышалыкка жиберет, бирок андан чыгууга эч кимге мүмкүндүк бербейт имиш.

Гректер чарбачылыктын ар бир тармагынын – дыйканчылыктын, мал өстүрүүнүн, аңчылыктын жана кол өнөрчүлүктүн өзүнүн колдоочу кудайы бар деп эсептешкен.

Байыркы гректердин дини ак сөөктөрдүн бийлигин бекемдеген. Кудайлар адамдардын кээ бирөөлөрүн бай жана атактуу, экинчилерин кедей, үчүнчү бирөөлөрүн кул кылып жараткан. Кимде-ким кудайлар орноткон тартипке каршы чыкса, ал кудайдын каарына калат жана катуу жазаланат деп эсептешкен.

Байыркы грек тарыхында жомоктор, мифтер жана легендалар бир кыйла роль ойногон. Прометей жөнүндөгү мифте кудайлар адамдардан оттун сырын жашыргандыгы, бирок ак ниет баатыр Прометей адамдарга көөдөй камышка салып, Олимптен от алып келип бергендиги айтылат. Гректер Прометейдин образы аркылуу адамдардын бактылуу болушу үчүн адилетсиз жана каардуу кудайлар менен күрөшкөндөрдү урматташкан. Ошондой эле Геракл, аргонавттар, Тесей жөнүндөгү жана башка мифтер байыркы гректердин баатырлар жана кудайлар жөнүндөгү мифтеринен болгон. Бул мифтерде гректердин баатырдык, айлакерлик, достук жана адилеттүүлүк тууралуу түшүнүктөрү даана чагылдырылып берилет.

**Суроолор:**

**1.** Байыркы Эгей дүйнөсүндөгү алгачкы мамлекеттер жөнүндө айтып бергиле. **2.** Троя согушу жөнүндө эмнелерден билебиз жана анын натыйжасы кандай болгон? **3.** «Илиада» жана «Одиссея» ким тарабынан жана качан түзүлгөн? Бул поэмалар эмнелер жөнүндө баяндайт? **4.** Байыркы гректердин дини жана мифтери жөнүндө айтып бергиле.

## § 10. Байыркы грек шаар-мамлекеттери

**Полистердин түзүлүшү жана полистик уюмдардын өзгөчөлүктөрү. Байыркы Афины.** Грек коомунда өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү, социалдык-экономикалык айырмачылыктын тереңдеши жана коомдун таптарга бөлүнүшү менен, б. з. ч. VIII–VI кк. антикалык шаар-мамлекеттер – *полистер* пайда болгон. Полис өзүнө шаарды жана ага чектеш айыл аймактарын камтыган көз карандысыз мамлекет болуп саналат. Эң ири полис Афинынын аймагы 2500 чарчы *км* түзгөн. Калган полистер кыйла кичирээк болгон – 350 чарчы *км* жерден ашпаган. Эң ири шаарлардын калкы бир нече миң адамдан турган.

Полис кул ээлөөчүлүк менчиктөөнүн антикалык системасындагы өзүнчө бир жарандык коомду элестеткен. Кул ээлөөчүлүк демократия жеңген кээ бир полистерде жерге ээ болгон-болбогонуна карабастан, бардык жарандарга саясий укук берилген. Бирок грек полистеринде, алардын саясий түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө карабастан, полистерге караштуу аймактарда жашагандардын баары эле жарандык жамааттын курамына кирген эмес жана жарандык укуктарды пайдалана алган. Укуксуз кулдардан тышкары, ар бир полисте калктын эркин, бирок толук укуктуу эмес катмарлары, мисалы, башка полистен көчүп келгендер, чет өлкөлүктөр жашашкан.

Архаикалык мезгилдин башталышында көпчүлүк полистерди ак сөөктөр башкарышкан, ал эми башкаруу системасы олигархия (азчылыктын бийлиги) болгон. Сооданын кеңейиши менен калктын ортоңку катмары болгон соодагерлер, кол өнөрчүлөр жана банкирлер гүлдөп өнүгө баштаган. Алар өлкөнүн саясий иштеринде чечим кабыл алууга катышуу укугуна ээ болуу үчүн күрөшүшкөн. Натыйжада өлкөдө баш аламандык болуп, тынчтыкты калыбына келтириш үчүн гректер бардык бийликке эгедер болгон бир гана башкаруучуну тандаган. Аны тиран (катаал башкаруучу) деп аташкан. Тирандар б. з. ч. 650-ж. пайда болгон.

Б. з. ч. 621-ж. шаар мыйзамдарына жана башкаруу системасына нааразы болгон афинылыктар тирандык кызматка Драконтту дайындашат. Драконт Грециянын тарыхында биринчи болуп өтө катаал мыйзамдар жыйнагын түзгөн.

Ортоңку Грекиянын түштүк-чыгышындагы деңизге ичкери кирип турган чоң жарым аралда Аттика облусу жайгашкан. Ал жерден күмүш кенин казып алышкан. Б. з. ч. VII к. Афиныда күмүш тыйындарды чыгара башташкан. Курулуш материалдарынан мрамор жана башка курулуш таштары, чопо болгон. Аттиканын деңиз жээктеринде ыңгайлуу булуңдардын болушу деңизде сүзүүгө жакшы шарт түзгөн.


Афины шаары Аттиканын батышында тоолор менен деңиздин ортосундагы жазы түздүктөгү бийик дөбөгө б. з. ч. 2-миң жылдыкта эле курулган. Анын айланасында афинылыктардын турак жайлары жайгашкан. Б. з. ч. VIII к. афинылыктар Аттиканын бүт калкын моюн сундурушкан. Аксакалдар кеңеши жана ал шайлаган тогуз башкаруучу – *архонттор* шаарды жана бүткүл облусту башкарган. Кеңештин мүчөлөрү, башкаруучулар жана соттор атактуу афинылыктардан болушкан. Атактуу адамдар өздөрүнүн башкаруусун *аристократия* деп аташкан, бул «мыктылардын бийлиги» дегенди билдирген.

Б. з. ч. VII–VI к. Афиныда кол өнөрчүлүк өнүккөн. Бул жерде карапачылык, темир устачылык менен бирге жип ийрүү, токуучулук жана тери иштетүү менен кесиптенишкен. Кол өнөрчүлүк менен катар деңиз соодасы өнүккөн. Дыйкандардын бир бөлүгүнүн жеринен ажырашынын натыйжасында жамаатта бузулуу пайда болгон. Мындай көрүнүш, бир жагынан, оокаттуу байлардын, экинчи жагынан, калктын ортоңку катмарларын пайда кылган. Эми тарыхый майданга кул ээлөөчүлүк коомдун жаңы социалдык күчү – *демос* чыккан. Эгер аристо-

краттар атактуу адамдар болуп, ата-бабасынан бери ак сөөктөр системасынан болушса, демос алардан айырмаланып, Аттиканын эркин калкы болгон.

Б. з. ч. VI к. башында демостун аристократтарга каршы күрөшү күчөгөн. Бүт Аттика боюнча алардын ортосунда кандуу кагылыштар болгон. Жыйынга чогулган демос аристократтарга каршы бүткүл Аттика боюнча биргелешип чыгууга убадалашып, жалпы көтөрүлүшкө чыгууга даярдык көрө баштаган.

**Демократиянын жаралышы. Солондун реформалары.** Афинылык демостун ири жеңиши б. з. ч. 594-ж. *Солондун реформасынын* жүргүзүлүшү менен мүнөздөлөт. Солондун саясий майданга чыгышын Аристотель төмөнкүчө жазган: «Көпчүлүк эл кулга айланган. Эл атактууларга каршы көтөрүлгөн. Дүрбөлөң күчөп, узакка созулган, бири экинчисине каршы күрөшкөн. Акырында алар биргелешип ортодон башчылыкка Солонду шайлашкан жана ага мамлекетти түзүүнү тапшырышкан». Солон жакырданып кеткен атактуу адамдын үй-бүлөсүнөн чыккан. Өзүнүн ишин оңдоо максатында ал соода менен алектенип, көптөгөн шаарларда болгон. Ошондой эле кайраттуу жоокер, акылдуу жана чечен адам катары да белгилүү болгон. Солондун башкы максаты демостун талаптарынын кээ бирлерине макул болуу менен Афиныны күчтүү мамлекетке айландыруу болгон. Ал бул максаттарды ишке ашыруу үчүн бир катар реформаларды жүргүзгөн.



Солон.

Солон бардык жарандарды жер карызынан бошоткон жана карызы үчүн кулдукка сатууну токтоткон. Чет өлкөлөргө сатылган афинылыктар мамлекет тарабынан кайра сатылып келген. Эгинди чет өлкөгө сатууга каршы болгон. Ошондой эле башкаруу системасына өзгөртүү киргизген. Натыйжада ортоңку катмардын өкүлдөрү акимдик кызматка туруу укугуна жетишкен. Ал түгүл эң кедей жарандар элдик жыйында добуш берүү укугуна ээ болушкан.


Солондун реформалары жалпысынан прогрессивдүү болуу менен, бири-бирине карама-каршы турган социалдык тайпаларды келишүү жолу менен тынчытуу аракети болгон. Демостун жогорку катмарлары бийликке келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ

болгон. Аттикалык майда дыйкандар карыздарынан жана карыз болуудан улам кулдукка айлануу коркунучунан кутулушкан, башка жактарга качып жана сатылып кеткендер өз мекенине кайтып келишкен. Бирок демос жерди жалпы кайра бөлүштүрүүгө жетише алган эмес.

**Афины демократиясынын негизги белгилери.** Афины б. з. ч. V к. ортосунда Элладанын күч-кубаттуу жана бай шаар-мамлекети болгон. Бул жерде жогорку бийлик эл чогулушуна таандык болгон. Чогулушка адаттагыдай эле нечен миңдеген афинылык жарандар катышышкан. Чогулуш демостун көпчүлүгү үчүн пайдалуу мыйзамдарды кабыл алган. Ал демостун мүдөөлөрүн көздөгөн жана коргогон, жарандарды жогорку кызматка шайлаган, согуш жана тынчтык жөнүндөгү маселелерди чечкен. Чечим көпчүлүк добуш менен кабыл алынган.

Афиныны б. з. ч. V к. орто ченинен (443-ж.) өмүрүнүн аягына чейин *Перикл* башкарган. Перикл өтө аяр жана келечекти көрө билген саясатчы, таланттуу жана билимдүү, ошондой эле чечендиги менен даңкы чыккан адам эле. Б. з. ч. 443-ж. баштап стратегдин эң жогорку кызматына ар жыл сайын 15 жыл бою шайланган.

Перикл өзүнүн саясий ишмердүүлүгүн баштагандан баштап эле кул ээлөөчүлүк демократиянын жогорку катмары болгон соодагерлерге, кеме ээлери менен кол өнөрчүлүк ишкана ээлерине жана орто дыйкандарга негизги көңүлдү бурган.



Перикл.

Афиныдагы мамлекеттик башкарууну гректер *демократия* деп аташкан, бул сөз «демостун бийлиги», «эл бийлиги» дегенди түшүндүрөт (демос – эл, кратос – бийлик). Перикл башкарган мезгилде демократия өнүккөн. Грекиянын көп шаар-мамлекеттеринде Афиныдагы үлгү боюнча түзүлгөн демократия орнотулган.

Периклдин убагында Афиныда экономиканын бардык тармагы – курулуш, кол өнөрчүлүк, соода, кеме куруу жана деңизде жүк ташуу, кездеме токуу өнүккөн. Байыркы Грекиядагы демократия кул ээлөөчүлүк демократия болгон. Бирок мында Байыркы дүйнөнүн башка өлкөлөрүнө караганда мамлекетти башкарууга эркин адамдар бир кыйла көп катышкан.

**Байыркы Спарта.** Дорийлер б. з. ч. 2-миң жылдыктын аягында Грекияга түндүк жактан басып киришкендиги белгилүү.

Түштүк Грекия Пелопоннес деп аталган. Пелопоннестин түштүк-чыгыш жагында Лаконика облусу жайгашкан. Дорийлер жергиликтүү ахей урууларын жеңип алгандан кийин, б. з. ч. X к. Спарта шаарын негиздешкен. Ошондуктан алар *спарталыктар* деп аталган. Пелопоннестин түштүк-батышында жайгашкан Мессения облусу байлыгы жана түшүмдүүлүгү менен даңкы чыгып, спарталыктардын кызыгуусун арттырган. Спарталыктар коңшу Мессенияны каратып алуу үчүн узакка созулган согуштарды жүргүзүшкөн. Б. з. ч. VIII–VII кк. спарталыктар Мессенияны жеңип алышкан да, Спарта Грекиядагы ири мамлекеттерден болуп калган.

Каратып алынган калктын көпчүлүгү кулга айландырылган. Жеңип алуучулар – дорийлер өзүлөрүн спарталыктар деп, ал эми жергиликтүү ахейлерди *илоттор* деп аташкан. Илоттор кул абалында болуп калышкан.

Спартада жер мамлекеттин менчиги болгон. Ар бир спарталык үй-бүлө өзүнчө жер үлүшүнө – *клерге* ээ болгон. Клерлерди иштетүү илоттордун мойнуна жүктөлгөн. Спарталыктар өзүлөрү иштешпей, керээли-кечке аскердик өнөргө машыгышкан. Илоттор Байыркы Грекиядагы башка кулдардай жеке кул ээсине таандык болбостон, бардык жамаатка, бүтүндөй мамлекетке таандык болушкан. Илоттор иштеген жеринин аймагында үй-бүлөсү менен жашашкан жана өзүлөрү пайдаланган кичине жер үчүн жердин ээсине салык төлөшкөн. Кул ээлери илотторго ырайымсыз мамиле кылышкан. Илоттордун көтөрүлүшкө чыгуу коркунучун азайтуу жана алардын эркин майтарып туруу үчүн спарталык бийлик *криптий* деп аталган жазалоо иштерин жүргүзүп, коркунучтуу деп эсептелген тайманбас жана эр жүрөк илотторду бүт өлтүрүшчү. Куралсыз илотторду мындай жапырт жок кылуу спарталык жаштардын «согуштук машыгуусу» катары каралган.

Спарта мамлекетинин толук укуктуу жарандары болуп спарталыктар гана эсептелген. Арийне, спарталыктар да өз ичинде катмарларга бөлүнгөн. Толук укуктуу жашы жеткен спарталыктар элдик чогулуш – *апеллага* катышкан. Апелла бийликтин жогорку органы болуп эсептелгени менен, коомдук турмушта анчалык роль ойногон эмес. Элдик чогулуш падышалар тарабынан чакыртылган. Катардагы спарталыктар кандайдыр бир сунуштарды киргизүүгө же сөз сүйлөөгө укуксуз болушкан. Алар падышанын жана аксакалдар кеңешинин сунуштарын кыйкыруу менен колдошкон же каршы болушкан. Аксакалдар кеңеши *герусия* деп аталган. Кээде өтө жоопкер-



Спарталыктардын фалангасы.

чиликтүү учурларда гана апеллага катышкан жарандар эки жаатка бөлүнүшкөн. Кайсы тарапта жарандар көп болсо, ошого карата чечим кабыл алышкан.

Спарталыктарды эки падыша башкарган. Алар аскерлерге башчылык кылышкан, бирок алардын бийлиги герусия тарабынан чектелген. Спарталыктардын баары тең жоокер болгон, аскер ишинен башка иш иштөөгө аларга мыйзам тыюу салган. Спарталыктар мыкты куралданышкан. Урушка киргенде алар найзаларын алдыга сунуп, *фаланга* деп аталган бир нече катарга тизилишкен. Спарталыктар балдарын кичинекей кезинен эле жоокердикке, чыдамкайлуулукка, улууларга кыңк этпестен баш ийүүгө тарбиялашкан жана алар мыкты жоокерлерди тарбиялап чыгаруу системасын жаратышкан.

Б. з. ч. VI–V кк. Спарта Грекиядагы мамлекеттердин ичинен аскердик жагынан эң күчтүү мамлекетке айланган. Анын жоокерлери бекем тартиби жана эр жүрөктүүлүгү менен даңкы чыккан.

**Грек колониялаштыруусу.** Б. з. ч. VIII–VI кк. грек колониялаштыруусу кеңири кулач жайган.

Грекияда демостун көбөйүшүнө байланыштуу алардын аристократтар менен кандуу кагылышууларга чейин жеткен күрөшү курчуган. Көпчүлүк облустарда демос карыз кулчулугун жоюуга жетишип, элдик чогулуштарга катышууга укук алган. Калгандарында аристократтар үстөмдүк кылышкан. Грекиядагы мындай айыгышкан ички күрөштөр жана чарбачылыкка ыңгайлуу жерлердин жетишсиздиги көпчүлүк гректерди туулуп-өскөн жерлерин таштап кетүүгө аргасыз кылган. Мындай абалга көпчүлүк учурларда кедейлер, майда жана


орто дыйкандар, кол өнөрчүлөр дуушар болгон. Башка жактарга кетүүгө байлар да аргасыз болушкан. Анткени жеңилген аристократтар өз үй-бүлө, туугандары жана жактоочулары менен бирдикте мекенин таштап кетүүгө мажбур болушкан. Гректердин соода шаарлары Жер Ортолук жана Кара деңиз жээктеринде өздөрүнүн туруктуу колонияларын негиздей башташкан («колония» – башка өлкөлөрдөн көчүп келишкен элдер жайгашкан жер).

Грек колониялары адегенде дыйкандардын кыштактарынан түзүлгөн. Алардын тургундары соода байланышын өзүлөрүнүн мекени – метрополиялар менен гана жүргүзүшкөн. Колонияларга ошол колонияны негиздеген полистердин эле калкы эмес, башка шаарлардын да калкы жиберилип турган. Экономикалык жактан өсүп-өнүгүүнүн натыйжасында көпчүлүк кыштактар бат эле өз метрополияларындагыдай шаарларга айланган.

Грек колониялары өздөрүнүн метрополиялары сыяктуу эле, көз карандысыз полистер болушкан. Колония менен метрополиянын ортосундагы байланыш шериктештик маанайда болгон. А бирок кээде булардын ортосунда чыр-чатактар да чыгып, айрым учурларда куралдуу кагылышууга чейин жеткен.

Б. з. ч. VIII–VI кк. Кавказдан тартып Испанияга чейинки деңиз жээктеринде көп грек колониялары түзүлгөн. Грек колониялаштыруусу жергиликтүү уруулардын тарыхый өнүгүүсүнө бир кыйла таасир тийгизген. Көпчүлүк жерлерде алгачкы жамааттык мамилелер өкүм сүргөндүктөн, гректер менен болгон соода байланыштары жана бир кыйла жогору турган коомдук мамилелер алардын бузулушун тездеткен. Колониянын айланасындагы уруулардын жогорку катмарларына грек маданиятынын таасири күчтүү болгон. Колонияларда социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр тездеген. Колониялаштыруу Грекиянын өз аймагындагы тарыхый өнүгүүгө да таасир эткен. Сооданын жана кол өнөрчүлүк өндүрүштүн өсүшү метрополиядагы демостун кол өнөрчү-соодагерлер катмарынын күч алышына себеп болгон.

**Грек-перс согуштары.** Байыркы Грекиядагы шаар-мамлекеттер түзүлгөн тарыхый абалга жараша бирде бири-бири менен шериктештикти түзүшсө, бирде, тескерисинче, касташып турушкан. Кичи Азияда бир катар ири грек полистери (Милет, Эфес, Галикарнас ж. б.) пайда болгон. Б. з. ч. VI к. экинчи жарымында кичи азиялык жээктердеги грек шаарлары Персиянын бийлиги астында калган.



Марафон салгылашында аскерлердин жайгашышы.

Персиялыктар Кичи Азиядагы көтөрүлүштөрдү баскандан кийин, гректерге каршы согуш ачууга умтулушкан. Ал үчүн перс падышалары колонияларындагы перс үстөмдүгүнө каршы көтөрүлүштөргө Грекиянын берген жардамын шылтоо кылышкан.

Б. з. ч. 492-ж. перс падышасы Дарий I күйөө баласы Мардониянын командалыгы астында Грекияга каршы алгачкы жортуулун уюштурган. Бул жортуул деңиздеги бороондун натыйжасында ийгиликсиз аяктаган. Деңиздеги чоң толкундардан персиялык 300 кеме кыйрап калган.

Б. з. ч. 490-ж. перстер Грекияга каршы экинчи жортуулга чыгышкан. Перс аскерлери кемелери менен Эгей деңизи аркылуу Аттиканын жээгиндеги Марафон талаасынын жанына келип түшүшкөн. Афинылыктардын спарталыктарга жардам сурап кайрылуусу оң натыйжа берген эмес. Спарталыктар жардамга келбестен, күтүп турууну туура көрүшкөн. Афиныдыктар перстерге каршы оор куралданган 10 миң жоокерди коюшкан. Аттика менен чектеш Платеи шаары миңге жакын жоокерди жардамга жиберген. Марафон талаасына жакын жерге түшүрүлгөн перс аскерлеринин саны грек аскерлеринен кем эмес эле.

Марафон салгылашы б. з. ч. 490-ж. болуп, афиныдыктардын жана алардын өнөгү платеиликтердин толук жеңиши менен аяктаган. Гректердин оор куралчан аскерлеринин чабуулуна перстер туруштук бере албастан, качууга аргасыз болгон. Геродоттун айтуусунда, перстер салгылаш талаасына 6400 өлүгүн таштаган, ал эми гректердин жоготуусу мындан кыйла аз болгон.



Ксеркс.

Перстер менен гректердин ортосундагы жаңы согуштук аракеттер б. з. ч. 480-ж. башталган. Ксеркс өзү баштаган персиялык жана ага баш ийген элдерден куралган зор флот жана кургактагы армия Грекияга карай жортуулга чыккан. Душманга каршы туруу үчүн грек полистери коргонуу союзун түзүшкөн. Союздаштардын аскерлерин жетектеген Спартанын падышасы Леонид душмандардын мындай аракетин билип калып, аскерлерин чегинүүгө буюрган жана өзү спарталык 300 жоокер менен Фермопилде калган. Туш-тарабынан душмандын курчоосунда калган спарталыктар акыркы кишиси калганга чейин салгылашкан.

Саламин аралынын жанындагы атактуу деңиз салгылашы согуштун жүрүшүндөгү бурулуш окуя болгон. Б. з. ч. 480-ж. Саламин салгылашында грек деңиз флоту жеңишке жетишкен.

Б. з. ч. 479-ж. гректердин союздаш аскерлери Грекияда калган персиялык аскерлер менен согушуп, Платеи шаарынын жанында персиялык аскерлер жеңилген. Бул жерде грек аскерлерине спарталык Павсания башчылык кылган. Гректер душманын талкалап, аны өз өлкөсүнөн кууп чыгышкан. Бирок согуш гректердин Саламин кысыгындагы жана Платеидеги жеңиши менен эле бүтүп калбастан, дагы 30 жылга созулган.

Согуштук аракеттер бирде басаңдап, бирде кайрадан башталып отуруп, б. з. ч. 449-ж. чейин уланган. Акыркы салгылаш Кипр аралындагы Саламин шаарынын жанында болуп, анда грек аскерлери перстердин үстүнөн салтанаттуу жеңишке жетишкен. Эки мамлекеттин ортосунда тынчтык келишим түзүлөт. Персия Милет шаарынын жана Эгей деңизиндеги аралдарда жана Кичи Азияда жайгашкан башка грек шаарларынын көз карандысыздыгын таанууга мажбур болгон. Персиялык согуш-деңиз флотуна Эгей деңизинде сүзүүгө тыюу салынган.

Гректердин перстер менен болгон согуштагы жеңиши алардын эркиндиги менен көз карандысыздыгын эле камсыз кылбастан, Грекиянын андан ары өнүгүшүнө кеңири жол ачкан. Бул жеңиш грек экономикасы менен маданиятынын гүлдөп өнүгүшүнө шарт түзгөн.

**Суроолор:**

**1.** Полистер деп эмнени айтабыз? **2.** Байыркы Афиныдагы демос менен ак сөөктөрдүн ортосундагы күрөштүн максаты эмнеде? **3.** Солондун реформасынын натыйжасы жана тарыхый мааниси кандай? **4.** Байыркы Афины демократиясы жөнүндө айтып бергиле. **5.** Спарта мамлекети жана андагы коомдук-саясий түзүлүш кандай болгон? **6.** Грек колониялаштыруу деген эмне? **7.** Грек-перс согушунун себептери, Марафон талаасындагы салгылаш жөнүндө эмне билесиңер?

## § 11. Чыгыш Жер Ортолук деңизи эллинизм доорунда

**Македониянын өнүгүп-өсүшү. Элладаны багындыруу.** Грекиянын түндүк-чыгыш жагында македон уруулары жашаган. Македония эки бөлүккө: деңизге жээгиндеги Төмөнкү Македония жана тоолуу Жогорку Македонияга бөлүнгөн. Төмөнкү Македониянын жаратылышы дыйканчылыктын өнүгүшүнө, ал эми жайыттуу Жогорку Македония мал өстүрүүгө ыңгайлуу болгон. Македония токойго жана пайдалуу кендерге бай келген. Күмүш жана алтын кендери байыртадан эле белгилүү болгон. Б. з. ч. IV к. ортосунда Македония күчтүү кул ээлөөчүлүк мамлекет эле. Бул өлкөгө грек маданияты бир кыйла таасир тийгизген. Македондор грек жазуусун колдонушкан. Македонияда б. з. ч. IV к. ортосуна чейин шаар болгон эмес.

Македония б. з. ч. VI к. бир нече облустарга бөлүнүп, алардын өз алдынча падышалары болгон. Облустарды македондуктардан турган *аристократтар кеңеши* жана *элдик чогулуш* башкарган. Б. з. ч. V к. саясий борбордоштурууга умтулуу күчөгөн. Ал падыша бийликтеринин жана атактуулардын ортосундагы айыгышкан кагылыштар менен коштолгон. Бул процесс акырында македондук монархиянын түзүлүшүнө алып келген.

Монархиялык түзүлүштү орнотууга алгачкы кадамды падыша Александр I (б. з. ч. 495–450-жж.) жасаган. Ал бүткүл Төмөнкү Македонияны бириктирүүгө жана өлкөнүн тоолуу бөлүгүндөгү падышалыктарды жарым-жартылай көз карандылыкта кармоого жетишкен. Грек-перс согуштарынын мезгилинде Македония кыска убакка перстерге баш ийүүгө аргасыз болгон, бирок көп өтпөй эле көз карандысыздыкка жетишкен. Александр Інин тушунда Македония менен грек шаарларынын ортосунда экономикалык жана маданий тыгыз байланыш түзүлгөндүгүн Александр Інин Филэллин («эллиндердин досу») атка конгондугу далилдеп турат. Б. з. ч. V к. акыркы чейрегинде падыша Архелайдын (б. з. ч. 413–399-жж.) ту-

шунда Македония бир кыйла чыңдалган. Чептер жана жолдор курулган, аскердик жана акча реформалары жүргүзүлгөн. Маданият тармагы өнүккөн. Падыша Архелай өлтүрүлгөндөн кийин Македонияда саясий күрөш курчуп, өлкө бир кыйла начарлаган.

Македониянын убактылуу төмөндөө мезгили **Филипп IIнин** (б. з. ч. 359–336-жж.) падышалык такка келген учурга туш келген. Филипп II өз доорунун белгилүү саясий жана аскер ишмери болгон. Ал башкарган жылдарда Македония Балкан жарым аралындагы ири мамлекетке айланган. *Аристократиялык кеңеш* – гетерлердин кеңеши (падышанын «жолдоштору») жана элдик чогулуш падыша бийлигине биротоло баш ийдирилген. Жогорку Македониянын жарым көз карандысыздыгын жоюу менен, Филипп уруу атактууларына катуу сокку урган. Мында ал өзүнө жакын аристократтарга жана шаарлардагы кол өнөрчүлөр катмары менен оокаттуу дыйкандарга таянган. Филипп II бир катар реформаларды жүргүзгөн. Алардын негизгиси аскердик реформа болгон. Македон армиясынын өзөгүн эркин дыйкандар кызмат өтөгөн оор куралчан жөө аскерлер түзгөн. Филипп 16 жана андан көп катарда тизилген атактуу македондук *фаланганы* түзгөн. Жоокерлер 5 *м* узундуктагы македондук өзгөчө найзалар – *сариссалар* менен куралданышкан. Биринчи катардагы жоокерлерде бир кыйла кыска найзалар болгон, бирок фалангалардын катарынын улам тереңдеши менен сариссалар узун боло баштаган. Акыркы катардагы фалангачылардын сариссалары алдыда тургандардын ийиндерине коюлган. Натыйжада тизилген фаланганын алдында найзалардын токою пайда болгон. Мындай куралдануу фаланганы бир бүтүндүккө айландырып, аскерлердин кайра тизилүүсүн, кыймыл-аракетин кыйындаткан. Ошондуктан фалангалардын эки капталына жеңил куралданган жоокерлер жайгаштырылган. Оор атчандарды аристократтардан түзгөн. Македониянын армиясы камалоого алуучу техникалар менен жакшы жабдылган. Алардын ичинде катапульталар, тарандар, камалоодо керектелүүчү мунаралар ж. б. болгон.



Филипп II.

Б. з. ч. IV к. 50-жж. Македония Пангей тоосундагы алтын чыккан жерлерди басып алган. Филипптин колуна алтындын

кору топтолгон. Бул алтын жана күмүш тыйындар жүгүртүлүүчү акча системасын киргизүүнү шарттаган. Финансылык реформа сооданын өнүгүшүн коштогон. Акча каражаттарынын топтолушу, Македониянын армиясынын согуштук ийгиликтери үчүн бир кыйла роль ойногон. Күчтүү армиянын түзүлүшү жана акча каражаттарынын топтолушу Филиппке агрессивдүү саясат жүргүзүүгө мүмкүндүк берген. Анын негизги максаты деңизге чыгуу эле. Ушул кезге чейин Македониянын бир дагы жакшы порту болгон эмес. Деңизге эркин чыгуу ал үчүн сооданын жана эпкиндүү тышкы саясаттын негизги шарты болгон. Ошентип, б. з. ч. IV к. ортосунда кубаттуу Македония монархиясы түзүлгөн.

Арийне, Филипп IIнин агрессивдүү аракеттери бүткүл Грекияны кооптонткон. Баарынан мурда Халкидикинин шаарларын тынчсыздандырган. Македониянын андан аркы ийгиликтеринен чочулаган Халкидикинин шаарлары, анын ичинде негизги шаары Олинф, Афины менен жакындашкан жана чечүүчү күрөшкө даярдана баштаган.


Демосфен.

Б. з. ч. 349-ж. Македониянын аскерлери Олинф шаарын көздөй бет алат. Афинылык демократиянын башчысы жана атактуу чечен Демосфен эл чогулушунда Филипп IIге каршы чечкиндүү күрөшкө чакырган. Эгерде адегенде эле Филиппке каршы катуу сокку урулбаса, ал жакын арада бүткүл Грекияны каратып аларын Демосфен түшүнгөн. Демосфендин чакырыгын демократиялык маанайдагы башка шаарлардын калкы да колдогон. Бирок Демосфенге каршы чыккандардын саны Афинынын өзүндө көп болгон. Алар грек шаарлары кимдин кол алдында болсо да биригип, өзүнүн эзелки душманы Персия дөөлөтүнө каршы чыгышы керек деп ойлошкон. Чыгыш жерлерин багынтуу грек соодасынын жана кол өнөрчүлүгүнүн жогорулашына кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат дешкен. Ал үчүн Македонияга кошулууну, Филиппке баш ийүүнү каалашкан. Демосфен болсо Филипп менен эмес, Филиппке каршы биригүүнү талап кылган.

Македониянын падышасы Филипп II афинылыктар менен фивылыктардын Македонияга өз ыктыяры менен баш ийишин талап кылып, перстерге каршы күрөшкө үндөгөн. Мындай шартка грек шаарлары каршы чыккан. Македонияга каршы

грек полистеринин коалициясы түзүлгөн. Ага ири шаар-мамлекеттер Коринф, Мегара, Афины, Фивы кирген.

Б. з. ч. 338-ж. Херония шаарынын жанында Филипп IIнин аскерлери менен чечүүчү салгылаш болгон. Демосфен афинылыктар тарабында карапайым жоокер катары салгылашкан. Айыгышкан салгылаш узакка созулуп, Македониянын мыкты уюштурулган жана куралданган армиясы жеңишке ээ болгон.

Македониянын жеңиши б. з. ч. 337-ж. **Коринф конгрессинде** бекемделген. Бул конгресске Спартадан башка бардык грек мамлекеттери катышкан. Конгрессте гректер арасындагы согушка тыюу салынган жана жалпы тынчтык декларацияланган, деңизде эркин сүзүү жарыяланган. Конгресстин чечими менен мүлктү конфискациялоого, жерди кайра бөлүүгө, карызды жоюуга жана саясий төңкөрүшкө пайдалануу максатында кулдарды эркиндикке чыгарууга тыюу салынган. Грек мамлекеттеринин көз карандысыздыгы салтанаттуу жарыяланган. Акырында Персияга каршы күрөшкө чыгуу жөнүндө чечим кабыл алынган.

**Александрдын чыгышка карай жортуулдары.** Филипп II Коринф конгрессинен кийин тез эле Персия менен согушууга даярдана баштаган. Кол башчылар Аттала менен Парфеондун аскерлерин Кичи Азияга жөнөткөн. Македониялыктар жана гректер ал жактан түшүмдүү жерлерге, көп кулдарга ээ болобуз жана Персия падышаларынын сансыз көп байлыктарын басып алабыз деп ойлошкон. Филип IIнин аскерлеринде кызмат өтөө жакырданган гректердин бирден-бир жан багуу жолу болгон.

Б. з. ч. 336-ж. жортуулга даярдык жүрүп жаткан кезде Филипп кызынын үйлөнүү тою болуп жаткан учурда өлтүрүлгөн. Анын себеби белгисиз бойдон калган. Филипп IIнин жыйырма жашар уулу Александр (б. з. ч. 356–323-жж.) Македониянын падышасы болуп такка отурат. Кайраттуу, эр жүрөк жана ачуусу чукул Александр укмуштуудай жөндөмдүү болгон жана мыкты билим алган; 13 жашынан грек философу *Аристотелден* таалим-тарбия алган. Согуш өнөрүн атасынан үйрөнгөн. Чыгыш элдери аны кийин ал чыгарган тыйындардагы кош мүйүздүү туулгасына карап «ал-Искендер Зул-Карнайн» – «Кош мүйүздүү Искендер» деп аташкан.

Ошентип, Александр Македонский адегенде ал Дунайдын жээгинде фракиялыктардын Македонияга каршы кыймылын басат. Андан кийин Македониядан бөлүнүп чыгабыз деген Фивы, Афины ж. б. грек мамлекеттеринин оппозициячыл

кыймылына катуу сокку урат (334-ж.). Тактыга олтургандан кийин панэллин союзун жана бириккен грек-македон аскерлерин түзөт. Александрдын негизги максаты Персия мамлекетин талкалоо жана жаңы жерлерди басып алуу болгон. Б. з. ч. 334-ж. Александрдын аскерлери Геллеспонт кысыгынан өтүп, Персияга согуш ачып, май айында перс армиясын талкалайт. 333-ж. күзүндө Иссанын жанында Персия падышасы Дарий IIIнүн аскер күчүн талкалап, Кичи Азияны ээлейт. 332–331-жж. Египетти басып алат.



Александр I.

331-ж. октябрда Месопотамиядагы Гавгамелдин жанында перс аскерлерин жеңип, Вавилон, Сузы, Персеполь, Экбатану шаарларын каратат. Дарий III өлгөн соң, Александр өзүн Персияга падыша деп жарыялап, чыгыш монархы, эбегейсиз зор **Грек-македон-перс мамлекетинин** башчысы болуп калат. 329-ж. Орто Азияга басып кирип, Маркандды (Самаркандды) багындырып, Сыр-Дарыянын жээгин туруктаган элдерге кол салат. Грек-македон аскерлерине каршы ал жерде Спитамен башында турган жергиликтүү элдердин көтөрүлүшү (б. з. ч. 329–327-жж.) башталып, өзгөчө сак уруулары катуу каршылык көрсөткөн.

Б. з. ч. 329-ж. Яксарт (Сыр-Дарыя) суусунун жээгинде грек-македон аскерлери менен сактардын ортосунда айыгышкан салгылаш болот. Бул кармашта сактардын 1000ге жакын аскери, ал эми грек-македондуктардын 160тай адамы набыт болуп, миңге жакыны жарадар болгон. Натыйжада сактар жеңилип, артка чегинишет. Чегинген аскерлерди кууп, Александр азыркы Кыргызстандын аймагындагы Кожо-Бакырган-Сайга (Баткен облусу) чейин келген. Алардын андан ары жылышына согушчан көчмөндөр жол берген эмес. Ал кезде көчмөндөр гректерден кем калбастан куралданып, атчан чабуул коюу ыкмасын мыкты билишкен. Александр Сыр-Дарыянын жээгине (азыркы Кожент менен Бекабаддын ортосунда) «Александрия Эсхата» («Четки Искендерия») деген шаарды курууга киришет. Ал адегенде 20 күндүн ичинде узундугу 10 *км* созулган чеп, андан кийин он жети күндүн ичинде турак жайларды курдурат. Ошол эле мезгилде бактриялык Роксана аттуу кызга үйлөнөт. Александр Македонскийдин доорунда жаңы курулган шаарлардын көпчүлүгү Александрия деп атал-

ган. Алардын эң негизгилери: Египеттеги Александрия, Афганстандагы Александрия, Ариана (Герат) жана Александрия Арахосия (Кандагар) жана башка шаарлар болгон.

Спитамендин аскерлери жана сак жоокерлери Александрдын аскерлери менен күрөшүн токтотпостон уланта беришкен. Акыры б. з. ч. 327-ж. гана Орто Азия элдери каршылыгын токтотуп, багынып беришкен. Бирок Македонскийдин да армиясынын күч-кубаты мурдагыдан бир топ начарлап, алсырап калган эле. Ага карабастан, Александр согуштук жүрүшүн андан ары улантып, Гиндикуш тоосун ашып түшүп, Батыш Индияга жортуул жасайт да, аны басып алат. Бирок согуштан тажаган аскерлердин арасында пайда болгон нааразылыктан улам мекенине кайтууга аргасыз болгон. Ал империянын борбору катары жарыяланган Вавилон шаарына кайтып келип, жергиликтүү элдердин билермандарын мамлекеттик башкаруу кызматтарына тартып, түрдүү элдерди бириктирүүгө аракет кылган.

Александр Македонский Аравияны жана Түндүк Африканы басып алуу үчүн жаңы жортуулга кызуу даярданып жаткан кезде безгек менен ооруп, б. з. ч. 323-ж. 13-июнда дүйнөдөн кайтат. Александрдын сөөгү көмүлө электе эле, анын аскер башчыларынын ортосунда бийлик үчүн күрөш башталган. Александрдын дөөлөтү бир нече майда падышалыктарга бөлүнүп кеткен. Алардын ичинен Македония, Египет жана Сирия негизги падышалыктар болгон.

### Суроолор:

**1.** Македониянын чарбасы жана өнүгүшү кандай болгон? Филипп II кандай саясат жүргүзгөн? **2.** Александр Македонскийдин бийликке келиши жана саясаты кандай болгон?. **3.** Грек-македон аскерлеринин Персия аскерлерин жеңип алышынын себептери эмнеде? **4.** Александрдын Борбордук Азияга жана Индияга жасаган жортуулдары жана анын натыйжасы кандай болду? **5.** Александр багынткан өлкөлөрдөгү башкаруу саясатын кандай жүргүзгөн?

## § 12. Римдин негизделиши. Рим республикасы

Байыркы гректер Апеннин жарым аралында өсүмдүктөрдүн молдугуна жана малдын көптүгүнө таң калышчу. Алар жарым аралдын түштүк бөлүгүн «музоолор өлкөсү» – Италия деп аташкан. Кийинчерээк б. з. ч. III к. баштап, бул аталыш бүткүл жарым аралга тарап кеткен.

Италияда климаттын жумшактыгы, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн байлыгы адамдардын жашоосу үчүн бир

кыйла ыңгайлуу шарт түзгөн. Ошондуктан Италияны палеолит жана неолит доорлорунда эле адамдар мекендешкен.

Лингвистикалык, археологиялык, антропологиялык жана тарыхый изилдөөлөрдүн натыйжасында италиялыктар эллиндерге тектеш эл экендиги аныкталган. Б. з. ч. 1-миң жылдыкта Италияга акырындык менен түндүктөн этрусктар, түштүктөн гректер, Сицилия аралына финикиялыктар отурукташа баштаган.

Апеннин жарым аралынын ортосунан Тибр дарыясы агып өтөт. Байыркы заманда түздүк саздуу болгон, ал эми дөңсөөлөрдү жалбырактуу токойлор каптап жаткан. Мына ушул түздүктө латын уруулары жашаган. Тибр деңизге куйган жерден 25 *км* аралыктагы дөңсөөлөрдө анча чоң эмес чеп болгон. Уруулук чабыштардан жапа чеккендердин бир бөлүгү ушул чептин жанына келип отурукташкан. Кийин, б. з. ч. 753-ж. бул чептин ордунда шаар пайда болгон. Ал шаар Рим (латынча Рома) деп аталган.

Римдин байыркы замандагы калкынын укум-тукумдары *патрицийлер* деп аталган. Алар айдоо жерлерге жана жайыттарга ээ болгон жамаатты түзүшкөн. Патрицийлердин ар бир үй-бүлөсү жамааттын жеринен үлүш жер алган жана өзүнүн малын жалпы жамааттын жайытында баккан. Римде патрицийлерден башка *плебейлер* да жашашкан. Плебейлер деп Римге башка жерлерден көчүп келишкен адамдарды жана алардын укум-тукумдарын аташкан. Алар салык төлөшкөн, аскерде кызмат кылууга тийиш болгон, бирок жамааттын талаасынан жер алышкан эмес.

Б. з. ч. VI к. падыша Сервий Туллий реформа жүргүзүп, Римдин эркек калкын 5 топко бөлгөн. Кайсы топко таандык экендиги мүлкүнө жараша аныкталган. Эч бир топко кошулбагандарды *пролетарийлер* (латынча «пролес» – укум-тукум) деп аташкан. Булар калктын эң кедей катмары болуп, болгон байлыгы жана мүлкү анын укум-тукуму гана дегенди түшүндүргөн. Пролетарийлер жакыр болгондуктан, аскерде да кызмат өтөгөн эмес.

**Римде падыша бийлигин кулатуу жана республиканы орнотуу.** Рим тарыхынын алгачкы мезгилиндеги мамлекеттин башында өмүр бою шайланган *падыша* турган. Анын бийлиги чектелүү болуп, мыйзамдарды өзгөртө алган эмес. Падыша элдин согушка жана мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүгө макулдугун алыш үчүн жылына эки жолудан кем эмес жалпы жыйынды чакырган. Байыркы Римдин калкы 300 уруудан

турган. Ар бир уруу башчысы аксакалдар кеңешине – *сенатка* шайланган. Сенаттан тышкары *элдик чогулуш* болгон, ал бир кыйла маанилүү маселелерди талкуулаган. Рим падышалары жеке бийлеген Байыркы Чыгыш падышаларындай чексиз бийликке ээ эмес болчу. Падышалык мезгилдин аягы жана *республикалык доордун* башында Рим дагы эле болсо анча чоң эмес жамаат болгон. Калктын негизги кесиби малчылык жана дыйканчылык эле. Чарба натуралдык түрдө болгон.

Б. з. ч. 509-ж. римдиктер жетинчи падыша Тарквинийди кууп чыгышып, падышалык бийликти жок кылышкан. Себеби ал сенат менен кеңешпестен, жарандарды калыстыгы жок эле өлүм жазасына тарткан жана алардын мүлкүн конфискациялаган. Эл падыша бийлигин эч убакта калыбына келтирбөөгө убадалашкан. Ушундан кийин элдик чогулуш жыл сайын патрицийлерден эки аким – консулдарды жана алардын жардамчы кызматкерлерин шайлай баштаган. Консулдарга жогорку бийлик (латынча *империй*) жана негизги иштер өткөн. Консулдардын жогорку кызматтары менен кошо аларга баш ийген башка кызмат орундары да пайда болгон. Мисалы, сот иштери боюнча жардамчылар – *квесторлор* жана чарба иштери боюнча жардамчылар – *эдилдер* шайланган. Сенат эми өз маанисин жоготпостон, кайра Рим республикасынын жогорку органы болуп калган.

Римдеги жогорку кызмат адамын *магистрат* деп аташкан. Мына ушул магистраттарды патрицийлердин арасынан шайлоо жана сенаттын курамы патрицийлерден болушу Рим республикасынын башталыш мезгилинин аристократиялык мүнөзүн айгинелеп турат. Римдеги патрицийлердин шайлануу менен башкарышын «жалпы элдик иш», латынча *республика* деп аташкан. Плебейлер республика орнотулгандан кийин деле укуксуз бойдон кала берген. Алар өзүлөрүнүн абалын жакшыртууну ар дайым талап кылышкан.

Патрицийлер менен плебейлердин күрөшүнүн натыйжасында б. з. ч. 471-ж. *публиевдик мыйзамдар* пайда болгон. Бул мыйзамдар боюнча плебейлер консулдук жана башка кызматтарга турууга, жамааттык жерден жер алууга укук алышкан. Рим жарандарын карыз үчүн кулга айландырууга тыюу салынган. Плебейлердин патрицийлерге каршы узак жылдарга созулган күрөшү плебейлердин жеңиши менен бүткөн. Б. з. ч. III к. башында алар Римдин толук укуктуу жарандары болуп калышкан.

Римде кул ээлөөчүлүк жана аристократиялык республика орногон. Аристократтар улам жаңы жерлерге, кулдарга жана көп олжого ээ болууга умтулушкан, бийлигин чыңдоого аракеттенишкен. Ал үчүн күчтүү аскер керек эле. Ошондуктан алар республиканын аскер күчтөрүн чыңдоого киришишкен.

Рим армиясы элдик кошуун катары түзүлгөн. Ага жарандар 17 жаштан баштап кабыл алынган. Бардык римдик жарандар армияда кызмат өтөөгө милдеттүү болгон.

Рим аскерлеринде темирдей бекем тартип орнотулган. Буйрукту аткарбагандыгы үчүн өлүм жазасына тартышкан. Согуш талаасынан качса, ал таандык отрядды тизип, ар бир онунчусун өлүм жазасына тарткан. Согушта эрдик көрсөткөн жоокерди кызматынан жогорулаткан, күмүш, алтын белги менен сыйлаган. Арийне, баарынан жогорку сыйлык *лавр веногу* болгон. Чоң жеңишке жетишкен кол башчыга императордук титул берилип, *триумф* белгиленген, т.а. жеңишке ээ болгон кол башчы ак боз аттар чегилген араба менен шаарга салтанаттуу кирген. Рим армиясынын түзүлүшү Римдин кийин бүткүл Италияга жана Жер Ортолук деңиз жээктерине үстөмдүк кылышына өбөлгө болгон.

**Римдин Италияны басып алышы.** Б. з. ч. IV–III кк. Апеннин жарым аралында бири-бири менен касташып турган 12 майда эл жашаган. Рим алар менен эки жүз жылдан ашуун убакыт согуш жүргүзүп келген. Мыкты куралданган жана темирдей бекем тартипте машыккан легионерлер душмандарынын аскерлеринен алда канча ашып түшкөндүктөн жеңишке ээ болгон римдиктер Италиянын көпчүлүк бөлүгүнө үстөмдүгүн орноткон.

Б. з. ч. 340–338-жж. Ортоңку Италияны толук баш ийдиргенден кийин римдиктер Түштүк Италиядагы грек шаарлары менен түздөн-түз чектешип калган.

Б. з. ч. 272-ж. римдиктер Тарент шаарын басып алышкан. Андан беш жыл өткөндөн кийин Рим Түштүк Италиядагы көз карандысыздыгын сактап турган башка калган урууларды жеңген. Ошентип Мессина кысыгынан баштап, түндүктө Цизальпылык Галлиянын чек арасындагы Рубикон дарыясына чейинки бүткүл Италия аймагын каратып алган Рим Батыш Жер Ортолук деңизиндеги ири мамлекетке айланган. Бүтүндөй Апеннин жарым аралына римдиктердин бийлигинин орношу менен катар, алардын үрп-адаттары, тили да жайылтылып, бардык италик уруулары акырындык менен романдаштырылган.

**Рим республикасынын күч-кубатынын артышы. Пуни согуштары.** Б. з. ч. III к. орто ченинде Батыш Жер Ортолук деңизине карата эл аралык мамилелер Карфаген дөөлөтүнүн артыкчылыгы менен белгиленген. Карфаген финикиялыктар тарабынан Африканын түндүк жээгинде негизделген. Карфаген Жер Ортолук деңизиндеги соода жолунда ыңгайлуу абалды ээлегендиктен, Испаниядан Индостанга чейинки аралыкта соода жүргүзүп турган.

Б. з. ч. III к. Карфагендин бийлиги Түндүк Африканын батыш жээктерине, Түштүк Испанияга, Сицилиянын бир кыйла бөлүгүнө, Сардиния, Корсика, Питиуса жана Балеар аралдарына тараган. Карфаген Египет менен жакшы мамиледе болгон. Бүткүл Италияны баш ийдирүүнүн натыйжасында Батыш Жер Ортолук деңизиндеги бирден-бир ири өлкөгө айлануу менен, Рим өзүнүн агрессивдүү умтулуусун түздөн-түз бай жана түшүмдүү арал Сицилияга багыттаган. Карфагендиктер болсо римдиктерге жол бошоткусу келген эмес.

Ошентип Рим да, Карфаген да бай Сицилия аралын басып алууга умтулушкан. Натыйжада б. з. ч. IV к. алардын ортосунда согуш чыккан. Римдиктер карфагендиктерди *пуни* дешкендиктен, ал *Пуни согуштары* деп аталып калган. Согуштун башталышына б. з. ч. 264-ж. Сицилиялык Мессина шаарына кирген карфагендик жана римдик аскерлердин кагылышы себеп болгон.

Биринчи Пуни согушу б. з. ч. 264-ж. 23 жылга созулуп, 241-ж. карфагендиктердин жеңилиши менен аяктаган. Карфаген Римге ири контрибуция төлөгөн жана Сицилия, Корсика жана Сардиния аралдарын берген. Бирок согуштун жыйынтыгына римдиктер ыраазы болгон эмес. Алардын максаты ошол мезгилдеги эң бай Карфаген шаарын ээлөө эле.


Ганнибал.

Б. з. ч. 218-ж. римдиктер Карфагенге согуш жарыялашкан. Ошентип *экинчи Пуни согушу башталган.*

Римдиктер менен алгачкы кагылыш б. з. ч. 218-ж. аяк ченинде По дарыясынын куймасында болуп, бул салгылашта римдиктер жеңилип калган. Жеңишке ээ болгон **Ганнибал** түндүктөн түштүктү карай бүткүл Италия аркылуу жөнөйт.

Б. з. ч. 216-ж. июнунда Апулиядагы Канны шаарынын жанында чоң салгылаш болуп өтөт. Бул салгылашта римдик-

тер курчоодо калышып, аёосуз кыргынга учураган, туткунга алынган. Согуш талаасында римдиктердин 54 миң адамы курман болуп, 18 миңи туткунга түшкөн. Ошол эле учурда Ганнибал бардыгы 6 миң адамынан ажыраган. Бирок Канныдагы жеңиш Ганнибалдын акыркы ири жеңиши болгон. Андан кийин согуштун жүрүшүндө бурулуш башталып, ал римдиктердин пайдасына оогон.

Римдиктер аскер кызматына жараган эркектердин баарын аскерге алып, көп кол топтошкон. Каннынын жанындагы салгылаштан 12 жыл өткөндөн кийин Рим аскерлери Сципиондун кол башчылыгы астында Испанияга жөнөтүлүп, б. з. ч. 209-ж. карфагендиктердин Испаниядагы негизги шаарларынын бири – Жаңы Карфагенди ээлеген.

Б. з. ч. 202-ж. жазында Карфаген шаарынын түштүгүндөгү Зама шаарынын жанында чечүүчү салгылаш болот. Бул салгылашта Ганнибалдын армиясы талкаланып, Ганнибал өмүрүндө биринчи жана акыркы жолу жеңилүү ызасын тарткан.

Б. з. ч. 201-ж. экинчи Пуни согушу аяктаган. Карфаген Римге согуш флотун берүүгө, эбегейсиз көп акча төлөөгө жана өзүнүн басып алган жерлеринен баш тартууга тийиш болгон. Ганнибал өз үйүн курчап алган душмандардын колуна түшүп бергиси келбей, уу ичип өлгөн. Ошентип, экинчи Пуни согушу Карфагендин колониялык дөөлөтүнүн кыйрашына жана анын согуштук-саясий кубатынын биротоло төмөндөшүнө алып келген.

Б. з. ч. 149-ж. Рим аскерлери Африкага кайта келет да, Карфагенди курчоого алат. *Үчүнчү Пуни согушу* башталат.

Римдиктердин Карфагенди камалоосу оңойго турган эмес. Карфагендиктер өздөрүнүн туулуп-өскөн шаарын үч жыл бою баатырларча коргошкон. Алар ачарчылыктан жана оорудан дарманы кетип, алсырап калганда гана римдиктер шаарга кирүүгө мүмкүндүк алышкан. Көчө салгылаштары башталган. Шаардын борбордук чыңдоосу – Бирсаны алганча, шаар ичиндеги салгылаш бир жумага созулган. Жеңилген шаарга Римден келген сенаттык комиссия шаарды толук жок кылуу жөнүндө чечим кабыл алган. Карфаген өрттөлүп, ал өрт 16 күнгө жалындап күйүп турган. Биротоло жер менен жексен кылуу максатында талкаланган шаардын ордун соко менен айдатышкан. Карфагендин ээликтери Римдин Африкадагы провинциясынын курамына киргизилген.

**Рим республикасындагы кулдардын көтөрүлүшү. Спартак.** Римдин басып алуучулук согуштары Италиянын дыйкандарын

жакырданткан. Рим легиондорун негизинен Италиянын дыйкандары түзгөн. Алар өз мекенине кайтып келишкенде чарбасынын бүлүнгөнүн же аны коңшу байдын ээлеп алгандыгын көрүшчү. Көп сандаган дыйкандар согуштан кайтпай калышкан. Кул ээлөөчүлөр сансыз көп байлыкка туйтунушкан.

Дыйкандардын жерден ажырашы, жумушсуз жарандардын көбөйүшү, кен казуу өңдүү оор жана көп күч талап кылынган жумуштарда кулдардын топтолушу, Рим аскерлеринин бошоңдошу, римдиктер басып алган провинциялардагы боштондук үчүн көтөрүлүштөр Рим үчүн коркунучтуу болуп калган.

Байыркы дүйнөнүн эч бир өлкөсүндө Римдегидей көп кул жана аларды ырайымсыз эзүү болгон эмес.


Байыркы мезгилдеги кулдардын көтөрүлүшүнүн эң зору б. з. ч. 73–71-жж. *Спартактын* жетекчилиги алдында болгон. Спартак Балкан жарым аралынын түндүк-чыгышында жашаган фракиялык көчмөн уруулардан чыккан. Ал римдиктер тарабынан туткунга алынып, Рим армиясына кызмат кылуу сунушунан баш тарткандыгы үчүн Капуя шаарындагы Батиатанын гладиаторлор мектебине сатылган. Спартак тез эле өзүнүн уюштуруучулук жана эң мыкты кол башчылык талантын көрсөткөн. Спартактын армиясы уламдан-улам өскөн. Анын тарабына дыйкандар гана эмес, жоокерлер да өтүшкөн. Эркин кедейлердин кошулушу кыймылдын ого бетер кулач жайышына түрткү болгон. Көп өтпөй көтөрүлүш бүткүл Түштүк Италияны каптаган.

Б. з. ч. 72-ж. Спартактын армиясы 120 миң адамдан турган кубаттуу күчкө айланган. Сенат көтөрүлүшчүлөрдүн армиясынын кандай коркунучтуу күчкө айлангандыгын түшүнүп, аларга каршы эки консулду тең аскерлери менен кошо жөнөтөт.

Римдиктер жек көрүү менен «гладиатордук» деп аталган согуш улам катаал мүнөзгө айлана баштаган. Спартактын аскерлерине каршы жаңы жүрүштө римдиктердин эң байларынын бири Марк Лициний Красс Рим армиясына жетекчиликке дайындалат. Ал Спартакты жеңүү менен, Италиянын кул ээлөөчүлөрүнүн көз алдында өзүнүн саясий таасирин бекемдөөгө умтулган. Бирок бир нече салгылаштан кийин, Красс талкаланат. Сенат аргасыздан Красска жардамга Македониядагы аскерлерин жана Испаниядагы Помпейди алдырат.

Спартак өзүнүн аскерлерин Италиянын түштүк-батыш тумшугуна алып өтүп, андан ары Сицилияга бармак. Бирок жолдон армиясынын бир бөлүгү Каста менен Ганниканы жетек-

чи шайлашып, бөлүнүп кетишет. Красс ушундан пайдаланып, б. з. ч. 71-ж. көтөрүлүшчүлөргө кол салат. Бул сапар армиянын бөлүнүшү кедергисин тийгизбей койгон жок. Спартактын аскерлери зор эрдик менен салгылашып жатып жеңилет. Спартак өзү алдыңкы катарда кайраттуулук менен салгылашып жатып курман болот. Анын майданда салгылашканына душмандары да суктанышкан экен деп байыркы тарыхчылар жазып кетишкен. Көтөрүлүшчүлөрдү кул ээлөөчүлөр өтө ырайымсыздык менен жазалашкан. Красс Капуядан Римге кеткен жолдун боюна алты миң туткунду мамыга керип астырган. Бирок бул деле кулдардын кыймылын токтото алган эмес.


Гай Юлий Цезарь.

**Юлий Цезардын алгачкы триумвираты. Рим республикасынын кулашы.** Б. з. ч. I к. Рим эң ири колониялуу мамлекет болгон. Римдин тышкы ээликтеринин аймагы Италиянын өзүнүн аянтынан алты эседен ашыгыраак аянтты ээлеген. Мындай зор мамлекетти башкаруу иштери жыл сайын алмашып турган консулдардын колунан араңдан зорго келген.

Б.з.ч I к. орто ченинде Рим кол башчыларынын өзгөчө көрүнүктүүсү **Гай Юлий Цезарь** болгон. Ал атактуу патриций фамилиясынан чыккан. Цезарь б. з. ч. 59-ж. Испаниядан кайтып келип, консулдукка шайланууну көздөйт. Плебстердин арасында Цезардын кадыр-баркы айрыкча жогору болгон. Шартка байланыштуу армияга, ири соодагерлерге жана плебстерге биргелешип чыгууга туура келген. Бул үч күчтүн биригиши Помпей, Красс жана Цезарь үчөөнүн ортосундагы келишим менен аяктаган. Ошол мезгилде булардын ар кимисинин өз алдынча бийликке жетиши мүмкүн эмес эле. Үчөөнүн союзу кийин *биринчи триумвират* деп аталып калган. Б. з. ч. 59-ж. Цезарь консул болуп шайланат. Расмий түрдө Рим империясын негиздеген Юлий Цезарь деп эсептешет.

Цезарь бүткүл Рим республикасында өз бийлигин орнотуу үчүн Азияда, Африкада жана Испанияда үч жыл бою согуш жүргүзгөн.

Цезардын бийликке келиши үчүн Римдин жарандарынын ортосунда болгон бул согуш Римдеги **жарандык согуштар** деп аталган. Бул согуштарда элдин бир тарабы Цезарга кошулса, экинчиси Помпей тарабында болушкан. Өзүнө берилген аскерлерине таянып, Цезарь Римде чексиз бийликке ээ болгон. Се-

нат менен консулдар аны буйруктарын аткарып турган. Элдик жыйын өзүнүн маанисин жоготкон, сенат 900 адамга чейин өскөн жана Цезардын тарабындагылар менен толукталган. Сенат Цезарга укум-тукумуна берүү укугу менен **император** атагын белек кылган. Кудурети күчтүү император падыша катары урматка жетиш үчүн, Цезарь өзүнүн сүрөтү чегилген алтын тыйындарды чыгарта баштаган. Цезарь чексиз бийликке ээ болуу менен, римдик республикалык салтты, мыйзамды бузган. Ал ири жер жана кул ээлеринен турган сенатты саясий бийликтен ажыратып салган. Падышалык бийликке умтулган Цезарь сенаторлордун көпчүлүгүн өзүнө каршы кылып алган. Натыйжада республикачыл сенаторлор Цезарга каршы башында Марк Брут жана Гай Кассий турган кутум уюштурушуп, б. з. ч. 44-ж. сенаттын отуруму өтүп жаткан кезде Цезарды өлтүрүшкөн. Цезардын Римде туруктуу жеке бийлик орнотуу үчүн жасаган аракети ордунан чыкпай калган, бирок ал Римде республиканын анчалык бекем эмес экендигин көрсөткөн.

Цезарды өлтүрүү менен, анын душмандары үмүт кылгандай аристократиялык республиканы кайра калыбына келтирүү ишке ашкан жок. Аларды римдиктер колдобой коюшкан.

**Соңку Рим империясы. Рим империясынын экиге бөлүнүшү.** II к. экинчи жарымынан баштап оор согуштар жана империянын жеңилиши кул ээлөөчүлүк коомдун терең кризиси менен дал келген. Аскерлер арасындагы козголоңдор жана императорлордун ортосундагы согуштар империяны алсыратып жиберген. III к. ортосунда Галлия, Испания, Египет, Азиядагы жана төмөнкү Дунайдагы провинциялардын дээрлик бардыгы Римден бөлүнүп кетишкен. Начарлаган империя чек араларын коргоого жарабай калган. Империянын түндүк, түндүк-чыгыш тарабындагы коңшу «варвар» уруулардын аскерлери империянын аймагына каптап кирген. Алар басып өткөн жолдон талап-тонолуп, талкаланган жана жакырданган гана шаар-кыштактар калган.

Империядагы козголоңдорду, көтөрүлүштөрдү жана наразылыктарды басуу үчүн жана коңшу «варварлардын» кол салууларынан коргонуу үчүн императордук бийликти чыңдоо зарыл болгон. Италиядагы жана провинциялардагы кул ээлөөчүлөр менен жер ээлөөчүлөрдүн кулдар менен колондордун үстүнөн болгон үстөмдүгүн колдой турган империяны сактап калууга империядагы эзүүчү таптар болгон күч-аракеттерин жасашкан. Алар өз бийлигин чыңдоо үчүн 284-ж. **Диоклетианды** император деп жарыялашкан.

Диоклетиандын тушунда императордук бийликти, мамлекеттик жана аскердик аппаратты чыңдоого багытталган бир катар реформалар жүргүзүлгөн. Ал империяны төрт бөлүккө бөлүп, ар биринин өзүнчө башкаруучусу болгон. Ал аскердик реформа жүргүзүп, жоокерлердин санын 600 миңге жеткирген. Армия чек аралык бөлүк, аскердик колониячылар жана ички бөлүк болуп үчкө бөлүнгөн. Армиянын социалдык курамы да өзгөргөн. Эми эркин дыйкандардан тышкары колондор да аскерге алынган. Аскердик реформа тышкы душмандарга каршы күрөштө Диоклетианга бир катар ийгиликтерди алып келген. Элдик кыймылдарды күч колдонуп, аёосуз басуу менен, Диоклетиан бийлигин чыңдоо максатында социалдык жактан кандайдыр бир деңгээлде элге жаккан саясатты да жүргүзө билген.


Диоклетиан.

Диоклетиан бийликтен баш тарткандан кийин императордук бийлик үчүн талапкерлердин ортосунда күрөш жүргөн. Бул күрөштө 306-ж. өлгөн Констанций Хлордун баласы **Константин** жеңип чыккан. Ал Батыш провинциялардын аристократтары тарабынан сунуш кылынып, ошолордун колдоосу менен императордук бийликке келген. Константиндин бийлигинин башталышында эле эмгекчи эл массасына карата бир катар оор мыйзамдар кабыл алынган. Ал кул ээлөөчүнүн өзүнүн кулун өлтүрүп коюу укугун калыбына келтирген. Императордук бийликти чыңдоо жана даңазалоо үчүн армиянын, чиновниктердин, тыңчылардын санын бир кыйла көбөйткөн. Император сарайын жана андагы жан-жөкөрлөрдү кармоого жумшалуучу эбегейсиз көп каражаттарды табыш үчүн салыктар жогорулатылган.

Император Константиндин тушунда империянын экономикалык жана маданий очогу Чыгышка оой баштаган. Императордук өкмөт Батышка караганда Чыгышта өзүн ишенимдүү сезген. Натыйжада империянын борбору Чыгышка көчүрүлгөн. Император Константин 330-ж. Босфор кысыгынын европалык жээгиндеги эски соо-


Константин.

да шаары Византияны борборго айлантып, аны **Константинополь** деп атаган. Бул «Константин шаары» дегенди билдирет. Шаар табигый бекем чыңдоолору бар чеп катары географиялык шарты ыңгайлуу жерден орун алгандыгы менен айырмаланган. Жаңы борбордогулар Римдеги сенатка тең келген өз сенатын түзүшкөн. Константинополго көчүп келген сенаторлорго жер жана ар кандай артыкчылыктар берилген. Бул жакка агылган соодагерлер жана кол өнөрчүлөр көп өтпөй эле шаарды Чыгыштагы эң ири экономикалык жана маданий борборго айландырышкан. Константинополдун жогорулашы сыртынан караганда эле империя эми бир бүтүн болбой калды дегенди түшүндүрүп калган.

Экономикалык жана социалдык түзүлүштүн айырмачылыгы себеп болгон империянын облустарындагы кризистин өнүгүшүнүн ар түрдүү жолдору империянын бөлүнүшүнө алып келген.

Константиндин мезгилиндеги (306–337-жж.) бирден-бир маанилүү окуя, христиандарга динге ишенүү эркиндигин берүү жана чиркөөнүн бардык мүлкүн кайра кайтаруу жөнүндөгү 313-ж. *Милandык эдикт* деп аталган окуя болгон. Константин ошондон баштап христиандарга өзгөчө колдоо көрсөткөн. Христианчылык куугунтукка алынган окуудан мамлекеттик динге айланган.

395-ж. император Феодосий өлгөндөн кийин империянын Чыгыш жана Батыш бөлүгү биротоло бөлүнгөн. Феодосийдин тушунда православие дининен башка динге тыюу салынган. Империяны Феодосийдин балдары, эки бир тууган императорлор бөлүп алышкан. Чыгыш империя *Византия империясы* деп аталып, борбор шаары Константинополь болгон жана бул империянын аймагына Балкан жарым аралы, Египет менен Римдин Азиядагы ээликтери кирген. Батыш империянын аймагына Италия, Европа жана Африканын батыш провинциялары кирген. Империянын бөлүнүшү эки мамлекеттин тең күчүн ого бетер бошоңдоткон. Айрыкча Батыш империя өзгөчө кыйын абалда калган.

**Рим империясынын кризиси жана кулашы.** Чыгыш жана Батыш империялардын тарыхый өнүгүү жолу бири-биринен олуттуу айырмаланган. Византиялык деп аталып калган Чыгыш империя татаал процесстердин натыйжасында феодалдык мамлекетке айлануу менен XV к. ортосуна чейин (1453-ж.) өкүм сүргөн.

Батыш Рим империясынын тарыхый тагдыры башкача абалга туш болгон. Бул жерде кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн кулашы айрыкча тез жүргөн жана кандуу согуштар, төңкөрүштөр, элдик көтөрүлүштөр менен коштолгон. Мунун өзү Жер Ортолук деңиз чөлкөмүндөгү мурдагы ири дөөлөттү биротоло начарлаткан. Чечүүчү окуялардын бири вестготтордун башчысы **Аларихтин** аскерлеринин 410-ж. 24-августта Римди алышы болгон. Готтор Грекияны жана Македонияны талкалашкан. Римдиктер Италияны гот урууларынан коргоо үчүн батыштагы провинциялардан легиондорду алдырышкан. Бирок алардын бул аракеттери Италияны бир аз жылдарга гана коргой алган. Буга чейин императорлор Рим аскерлеринин көпчүлүгүн жалданма варварлардан түзгөн. Эми ал жалданма аскерлер Аларих тарапка өтүп кетишкен. Императорду жана кул ээлерин жек көрүшкөн кулдар менен колондор готторго массалык түрдө кошулуп кетишкен. Аларих аскерлери менен Римге келгенде кулдар ага жардам берип, түн ичинде шаарды ачып беришкен. Ошентип дүйнөгө атагы чыккан империянын борбору Римге варварлар күргүштөп киришкен. Готтор шаарды үч күн бою талап-тоношкон. Алар көптөгөн мыкты сарайларды жана храмдарды өрттөшкөн. Байыркы чеберлердин эң мыкты чыгармаларын металлга айландырып эритишкен.

445-ж. Түндүк Африкадагы **вандал уруулары** Италияга өтүшүп, Римди готтордон да ырайымсыз тоношкон. Бул жолу шаарды талап-тоноо жана талкалоо эки жумага созулган. Алардын башчысы Гензерих өзүнүн жоокерлерине алып кете албай калгандардын баарын жок кылууга буйрук берген. Римдин дүйнөлүк мааниси төмөндөгөн. Батыш империянын борбору Италиянын түндүгүндөгү Равеннага көчүрүлгөн. «Түбөлүк шаар» аталган Рим бир аз гана калкы болгону болбосо (7 миң адам), ээн калган. Качандыр бир мезгилдерде элдердин тагдыры чечилип турган Римдин форум аянтын эми жыш чөп басып, мал жайылып калган. Батыш империя мындан кийин деле формалдуу түрдө ондогон жылдар бою жашаган. Ал бул мезгилде **Атилла** баштаган хунндардын жапырыгын башынан өткөргөн. Ошондой эле бир катар төңкөрүштөргө жана коңшу уруулардын кулдар менен колондорду кошуп алып, басып кирген согуштарына туш болгон. Империянын аймагы тыным-


Атилла.


АТЛАНТИКА ОКЕАНЫ
СКОТТОР
БРИТАНИЯ
Эбрак
Лондиний
ГЕРМАН ДЕҢИЗИ
ЮТТАР
АНГЛДАР
САКСТАР
Альбис (Эльба)
ГЕРМАН УРУУЛАР
ФРАНКТАР
Секвана
Арморика
Лютеция
Лигер
БУРГУНДДАР
АЛАМАНЫ
ГАЛЛИЯ
Лугдун
Медиолан
Аквилея
Равенна
ИТАЛИЯ
Рим
СВЕВДЕР
Толоза
Родан
Ибер
Дурий
ИСПАНИЯ
Олисипо
Таг
Анас
Кордуба
Бетис
Тингис
Тарракон
Балеар а-ры
Корсика а.
Сардиния а.
Сицилия а.
Цезарея
Карфаген
АФРИКА
МАВРЛАР
ГЕТУЛДАР
САХАР
10°
0°
50°
40°
Батыш Рим империясы
Чыгыш Рим империясы
Батыш жана Чыгыш империяларынын бөлүнүш чек аралары (395-ж. келишим боюнча)
б. з. IV к. Рим империясынын чек арасы
ГУННДАР
Уруулар жана уруулар аралык союздар

# РИМ ИМПЕРИЯСЫ IV–V кк.



сыз кичирейип отуруп, V к. орто ченинде Рим императоруна Италия менен Галлиянын бир аз бөлүгү гана тиешелүү болуп калган.

Батыш империянын императордук тагы варвар аскерлеринин колундагы оюнчук болуп калган. 476-ж. варвар кол башчысы Одокар (431–493-жж.) акыркы императордун бийлигин кулатып, өзүн Чыгыш империянын борбору Константинополго айдатып жиберген. Тагдырдын тамашасын кара, бул акыркы императордун аты «түбөлүк шаардын» легендарлуу негиздөөчүсүнүкүндөй Ромул экен. Ал эми Одокар империянын мурдагы ээликтеринен баш тартып, Италияны башкарып калган. 476-ж. Италияда «варвардык» мамлекеттин пайда болушу менен бирге Батыш Рим империясынын биротоло кулаган жылы катары эсептелет. Ушуну менен Батыш Европада кул ээлөөчүлүк түзүлүш кыйраган.

### Суроолор:

**1.** Римдиктер патрицийлерге жана плебейлерге кандайча бөлүнгөн? **2.** Римде республика качан орногон? Республиканын монархиядан кандай айырмасы бар? **3.** Пуни согуштарынын жүрүшү жана алардын натыйжалары жөнүндө айтып бергиле. **4.** Спартактын жетекчилигиндеги кулдардын көтөрүлүшү, жөнүндө эмне билесиңер? **5**. Юлий Цезардын бийликке келиши жана анын жүргүзгөн саясаты кандай болгон? **6**. Рим империясынын кулашынын себептери кайсылар?

# IV БӨЛҮМ
# ОРТО КЫЛЫМДАР ТАРЫХЫ

## § 13. Батыш жана Борбордук Европанын орто кылымдардагы цивилизацияларынын башаттары

**Феодалдык мамилелердин башаты.** Орто кылымдардын башталышында кул ээлөөчүлүк мамлекеттер эле жашап турбастан, Түндүк-Батыш, Түштүк жана Чыгыш Европадагы кельт, герман, славян жана башка урууларда бул мезгилде алгачкы жамааттык мамилелердин бузулуу процесси жүрүп жаткан. Таптар пайда боло баштаган, уруу союздары келип чыккан жана мамлекеттик уюмдардын уюткусу пайда болгон.

Орто кылымдык феодалдык коом өзүнүн өнүгүшүндө үч негизги мезгилди: *эрте, өнүккөн* жана *соңку* орто кылымдарды басып өткөн. Булардын ар бири өзүнчө социалдык-экономикалык, саясий, идеологиялык жана маданий өзгөчөлүктөрдү камтыйт. Эрте орто кылымдарда (V–XI кк.) феодалдык мамилелер калыптанып жана бекемделген. Өнүккөн же классикалык орто кылымдарда (XII–XV кк.) феодалдык коомдун эң толук өнүккөн мезгили болгон. Ал эми соңку орто кылымдар мезгили (XVI–XVII кк. биринчи жарымы) феодалдык өндүрүш ыкмасынын төмөндөшү жана бузулушунун башталышы, феодалдык коомдун түпкүрүндө капиталисттик мамиленин пайдубалынын пайда болуу мезгили болуп саналат. Орто кылымдардагы феодалдык мамилелердин пайда болушун, өнүгүшүн бүткүл дүйнөлүк алкакта алып кароо – бир кыйла татаал маселе. Мисалы, Кытайда феодалдык өндүрүштүк мамилелер III–IV кк. эле үстөмдүк кылган.

Кайсы эл кандай жол менен феодалдык түзүлүшкө өтпөсүн, бул процесстин негизги мазмунунда бирдейликтер, окшоштуктар бар. Биринчиден, эркин кыштактык жамаат бөлүнгөн. Жерге болгон жамааттык менчик жана жамааттан бөлүнүп чыккан дыйкандык жеке менчик, ошондой эле жерге болгон антикалык менчиктүүлүктүн ар кандай түрлөрү (кул ээлөөчүлүк түзүлүш болгон жерлердеги) феодалдашкан жарандык жана диний ак сөөктөрдүн колдоруна өткөн. Ири феодалдык жер ээлөөчүлүк пайда болуп, жерге болгон жеке менчиктүүлүк келип чыккан. Экинчиден, эркин дыйкан – жамаатчылар, ошондой эле кул ээлөөчүлүк коомдон сакталып

калган эрксиз дыйкан – кулдар менен колондор көз каранды дыйкандарга айланган; феодалга болгон көз карандылыктын ар кандай тариздери белгиленген. Натыйжада дыйкандык кыштак жамааты феодалдарга же болбосо феодалдык мамлекетке баш ийген крепостнойго айланган. Бирок мурдагы доорлордон мураска калган жамааттык уюмдун белгилүү бир тариздери, салттары жана тартиптери сакталуу менен, феодалдык коомдун чарбалык, социалдык жана саясий турмушунда негизги маанини ойногон.

Феодалдык доордо негизги өндүрүш каражаты – жер, түздөн-түз өндүрүүчүлөрдүн – дыйкандардын жана кол өнөрчүлөрдүн менчиги болгон эмес. Феодалдардын жерди менчиктөөсү орто кылымдардагы феодалдык коомдун негизи болуп калган.

Башкы өндүрүш каражаттары – эмгек куралдары, унаа мал, үрөн, чарбалык курулуштар ж.у.с. – феодалдардын эле менчиги болбостон, дыйкандардын жана кол өнөрчүлөрдүн да менчигинде болгон. Дыйкандардын жана кол өнөрчүлөрдүн бул өндүрүш каражаттарын менчиктөөсү феодалдык менчиктен айырмаланып, өз эмгегине негизделген.

Жерге карата жеке менчиктин пайда болушу менен таптар жана мамлекет келип чыккан. Жеке менчикти коргош үчүн атайын мыйзамдар талап кылынган. Батыш Европадагы алгачкы феодалдык мамлекеттерде коомдогу ар түрдүү катмардагы адамдарга карата алардын милдеттери жана укуктары белгиленген мыйзамдар чыга баштаган. Мындай соттук алгачкы мыйзам Хлодвигдин тушунда (VI к.) франктарда пайда болгон.

Эрте орто кылымдардагы крепостной дыйкандын укуктук абалы кулдун абалына караганда бир кыйла жакшы болгон. Кул ээсинен айырмаланып, феодал крепостной дыйканды өлтүрүүгө укугу болгон эмес. Акчалай салыкка өткөндөн баштап дыйканды жерге бекитүү да акырындык менен жоюла баштаган.

**Эрте орто кылымдардагы жаратылыш жана адам. Этностук процесстер жана феодалдык бытырандылык.** Батыш жана Борбордук Европада V–XI кк. дыйканчылык бир кыйла өнүккөн. Бирок жаратылыш шарттары Чыгыш өлкөлөрүнө, Италияга салыштырмалуу дыйканчылык кылууга ыңгайсыз келген. Бул аймактардын көпчүлүк бөлүгүн токой каптап, саздуу болгон. Айдоого жарактуу талаалардын жетишсиздиги дыйкандардан көп эмгекти талап кылган. Алар токойлорду кыйып, дүмүрлөрдөн арылтуу жана өрттөө менен айдоо аянт-

тарын даярдашкан. Мындай жерлерге эки-үч жыл эгин эгишкенден кийин, кайрадан жаңы жерлерди тазалоого өтүшкөн. Дыйкандар жаратылыштын стихиялык күчтөрүнө толук көз каранды болушкан. Кургакчылык менен үшүк эгинди курутуп кеткен жылдары бир нече айларга, ал турсун, жылдарга созулган катаал ачарчылык башталган. Адамдар адегенде болгон малы менен канаттууларын жеп бүтүрүшкөн. Ачкачылыктан өлбөс үчүн чөп, сууда өсүүчү өсүмдүктөрдү жана токой өсүмдүктөрүнүн тамырларын жешкен. Алсыраган адамдар жугуштуу оорулардан майып болушкан. Ошондой болсо да улам жаңы жерлерди өздөштүрүшүп отурукташа беришкен. Адамдын эмгеги менен жаратылыш кайра өзгөртүлгөн.

Батыш Рим империясынын кулашы менен, Батыш жана Борбордук Европада өз алдынча королдуктар түзүлгөн. Бул мамлекеттердин аймагында көптөгөн ири жана майда уруулар болгон. Феодалдык түзүлүштүн алгачкы жүз жылдыктарында пайда болгон бул мамлекеттерде мезгил өткөн сайын ар кошкон уруулардын ортосундагы байланыш күчөгөн. Кээ бир облустардагы уруулук өзгөчөлүктөр жоюлуп, башка уруулардын тили, салты менен жуурулушуп кеткен. Феодалдык мамилелердин өсүшү, жерлердин жеке менчикке айланууусу коңшулук жамааттын өсүшүнө алып келген. Ири жер ээлөөчүлөрдүн ортосунда чыр-чатактар көбөйгөн. Герман урууларынын Европанын батышына жылышы романдык жана германдык элементтердин этностук аралашуусун күчөткөн. Ар кайсы аймактын өз алдынча өнүгүшү, биринин күч алышына, экинчисинин начарлашына алып келген. Борбордук бийлик бүт өлкөнү күч менен кармап турууга алсыздык кылган. Ири жер ээлери өз алдынча аскер күтүп, ал тургай, өз тыйындарын чыгарышкан. Күч менен убактылуу бириктирилген элдер ар башка тилде сүйлөшкөн жана өз үрп-адаттары менен жашашкан. Мына ушундай жагдайда, феодалдардын ортосундагы тынымсыз согуштардын натыйжасында ири мамлекеттер бири-бирине баш ийбеген бир нече майда феодалдыктарга бөлүнүп кеткен.

Натуралдык чарбанын үстөмдүгүнүн тушунда феодалдын жерди жеке менчиктөөнүн чыңдалышы Батыш Европадагы мамлекеттерди феодалдык бытырандылыкка алып келген.

**Христиан дини – орто кылымдардагы цивилизациялардын пайдубалы.** Орто кылымдарда диний идеология чоң роль ойногон. Эрте орто кылымдарда Батыш Европада христиан дини кеңири жайылуу менен, саясий жана идеологиялык таасири да күчтүү болгон. Феодалдык мамлекеттердин бытырандылыгы-

нан жана алсыздыгынан улам дин кызматчылары мамлекеттин бардык иштерине таасирин тийгизген. Алар көз каранды жана эзилген калктын үстүнөн феодалдардын үстөмдүгүн чындоого кызмат кылышкан. Христиан чиркөөсү орто кылымдарда эмгекчилердин жана эзилгендердин тап күрөшүнө чечкиндүү түрдө каршы турган. Алар феодалдык эзүүнү, социалдык теңсиздикти «кудай тарабынан белгиленген» деп түшүндүрүшкөн. Муну менен чиркөө коомдук өнүгүүгө кедерги болгон.

Христиан дини IV к. Рим империясынын мамлекеттик дини болуу менен, бул империяны жеңип алган варвар элдерге да тараган. Анткени жаңыдан калыптанып келе жаткан феодалдык коомдун шарттарына варварлардын эски дини ылайык келбей калган. Дин кызматчыларынын бийлиги адамдардын акыл-эсин да тескеп турган. Орто кылымдардагы бардык билим дин кызматкерлеринин колунда болгон.

Христиан чиркөөсү антикалык бутпарас динине каршы күрөшкөн жана анын көптөгөн тарыхый эстеликтерин жок кылган. Бирок бул маданияттын чиркөөнүн кызыкчылыгына шайкеш келгендерин сактап калуу менен, андан ары өркүндөтүшкөн.

VI к. Александриядагы бутпарастык илимий борбор жок кылынган, андан кийин атактуу Александрия китепканасы ырайымсыздык менен өрттөлгөн. Бул мезгилдерде бүткүл Рим империясы боюнча антикалык илимге каршы куугунтуктоо жүргөн жана байыркы философияны дин илими алмаштырган. IV–V кк. Батышта христиандык адабият өнүгө баштаган. Ар түрдүү «ыйыктардын» ыр жана кара сөз түрүндөгү өмүр баяндары, чиркөө тарыхы жана дин илими боюнча жазылган ар кандай жыйнактар кеңири таралган. Монастырларда жазылган диний китептер менен бирге байыркы грек жана римдик акындардын, тарыхчылардын эмгектери болгон.

Орто кылымдарда айрыкча архитектура кыйла өнүккөн. Бул мезгилде курулган чиркөөлөрдүн, соборлордун сакталып калгандары азыркы мезгилде да өзүлөрүнүн курулушу, көркөмдүгү менен адамдарды суктантпай койбойт. Ошентип христиан дини илимдин, маданияттын өнүгүшүнө, бир жагынан, тоскоолдук кылса, экинчи жагынан, кандайдыр бир деңгээлде анын өнүгүүсүнө өбөлгө болгон.

**Вассалдык система. Каада-салттар жана адеп-ахлак.** Феодалдык поместье саясий жактан кандайдыр бир чакан мамлекетти элестеткен. Поместье өзүнө караштуу жергиликтүү калкты соттоочу, жазалоочу жана кечирим берчү. Өзү сыяк-

туу коңшу помещик-төрө менен согуш жүргүзчү. Ошол поместьенин ээси жергиликтүү ири феодал болгон. Бирок ал өзү да демейде өзүнөн бир кыйла жогору турган *сеньорго* көз каранды вассал катары болгон. Улуу феодал сеньор өз кезегинде андан да жогорку ири сеньорго көз каранды болушу мүмкүн эле. Бири бирине көз каранды болгон мындай көрүнүш королго чейин жеткен. Ушундай татаал феодалдык шатынын башында король турган. Мындай бири бирине болгон көз карандылык эмне себептен пайда болгон?

Өзүнүн жоокердик отряды болуш үчүн ар бир ири феодал жеринин бир бөлүгүн дыйкандары менен кошо кызматы үчүн белек катары (бенефиций) майда феодалдарга таратып берген. Жер ээси жер алган феодалга сеньор («ага феодал») болгон, ал эми жер алган феодалдар анын *вассалдары* (аскер кызматчылары) болуп калган.

Ак сөөк феодалдардан тышкары диний феодалдар: папа, архиепископтор, епископтор, аббаттар ж. б. болгон. Феодалдык шатынын эң башында өлкөнүн бардык феодалдарынын башчысы болуп эсептелген король турган. Феодалдардын жогорку катмарын ири жер ээликтери жана карамагында жүздөгөн кыштактары болгон, жоокер отряддарын башкарган *князьдар, герцогдор* жана *графтар* түзүшкөн. Алар согуш жүргүзүүгө, өз тыйынын чыгарууга укуктуу болушкан. Ошондой эле аларга сот жана мыйзам чыгаруу укугу толук таандык болгон. Андан кийинкилер – *барондор* болушкан. Барондор графтар менен герцогдордун вассалы болуу менен, бир нече чарбактын башчысы болушкан. Феодалдык шатынын андан ылдыйкы тепкичинде барондордун вассалдары *рыцарлар* турган. Рыцарлар вассалдары жок майда феодалдар болуп саналган, алардын курал-жабдыктарын көтөрүп жүрүүчү жан-жөкөрү гана болгон.

Мына ошентип, бир эле феодал майда феодалдын сеньору жана өзүнөн ири феодалдын вассалы болгон. Феодалдардын бардык бул катмарлары крепостной дыйкандардан, ошондой эле феодалдарга көз каранды шаардыктардан жогору турган артыкча укуктуу социалдык топту – *дворяндарды* түзгөн.

Вассалдардын негизги милдети, сеньордун буйругу боюнча өз жоокерлерин алып, аны менен кошо жортуулга чыгуу, аны душмандардан коргоо жана кеп-кеңеш берүү болгон. Вассал сеньоруна кандайдыр бир суммада акча да төлөп турган. Сеньор вассалга *феод* бергенде *оммаж* деп аталган атайын ырым-жырым аткарылган. Вассал сеньордун алдына чөгөлөп, колун сеньордун колуна коюп, өзүн «анын (сеньордун) киши-

Бул аймактагы Шотландия, Ирландия, Уэльс римдик ээликтерге кирген эмес. Британия Римден көп алыс тургандыктан, ал жердин калкын романдаштыруу кыйла начар жүргөн.

Кельттер орто кылымдык Европанын түзүлүшүндө бир кыйла олуттуу ролду ойногон. Кельттердин көпчүлүк бөлүгү баш ийдирилсе да, римдиктерге биринчилерден болуп айыгышкан каршылык көрсөткөн варварлар болгон. Алар римдиктердин таасиринде узак мезгилдер бою калган. Натыйжада римдик цивилизация Түндүк Батыш Европанын алыскы чектерине чейин жеткен. Рим империясын кулатууга кельт уруулары эпкиндүү катышкан.

*Байыркы германдар* жөнүндө римдик жазуучулардын чыгармаларынан кыйла так маалымат ала алабыз. Римдиктер: Цезарь, тарыхчылар Тацит, Плутарх, жазуучу Плиний жана башка антикалык авторлор германдар жөнүндө өздөрүнүн эмгектеринде жазып кетишкен. Алардын чыгармаларында германдардын батышта Рейн менен чыгышта Висла дарыяларынын ортосу, түндүктө Түндүк жана Балтика деңиздери менен түштүктө Альп тоолору жана Дунайдын ортоңку бөлүгүндө, ошондой эле Скандинавияда жашагандыгы айтылат. Алар Батыш жана Чыгыш германдар болуп, ич ара көп сандаган урууларга бөлүнгөн.

Цезардын жазуусу боюнча, германдар али биротоло отурукташа элек эл болгон. Дыйканчылык эң жөнөкөй болуп, алар жерди бир-эки жолу удаа иштетишкенден кийин, аны таштап башка жерди иштеткенге өтүшкөн. Германдарда жерге жеке менчик болгон эмес. Негизги кесиби малчылык жана аң уулоочулук болгон. Жер уруктарга жана урууларга жалпы таандык болгон. Германдарда уруу башчыларынын күч-кубаты аскер ишин өнүктүрүүгө негизделген. Атактуу адамдар өздөрүн дружинниктер менен курчаган. Аскер башчыларынын арасынан королдорду шайлашкан жана алар өмүр бою бул милдетти аткарышкан. Бирок уруулук жана аскердик атактуулар канчалык жогорулабасын, баары бир, катардагы жоокерлердин добушу менен эсептешкен.

Рим империясы социалдык жана саясий кризиске учураган б.з. III к. ортосунда батыш герман урууларынын бөлүгү – франктар, свевдер жана башка уруулар Рейнден, т.а. Римдин чек арасынан өтүшкөн. Чыгыш германдык кубаттуу уруулардын бири готтор түндүктөн түштүккө Дунайдын бассейнине түшүшкөн. Алар Дакиянын бир бөлүгүн басып алышкан, андан кийин чыгыштагы Кара деңизге жакын аймактарга тараш-

кан. Готтор бул жерлерде славяндар, чыгыш сармат ж. б. уруулардын арасында 150 жылга жакын жашашкан. Кара деңиз жанында алар Вестготтук (Төмөнкү Дунайда) жана Остготтук (Төмөнкү Днепр бассейнинде) деп аталган көп уруулук королдуктарды түзүшүп, Чыгыш Рим империясынын чек арасына чукул келишкен (вестготтор – батыш готтор, остготтор – чыгыш готтор). Ушул эле мезгилде готтор жаңы жайгашкан облустун чыгышында башында хунндар турган уруулук бирикме калыптанган. Түрк тилдүү хунндар көчмөн малчылар болушкан. Алар Кара деңиздин түндүк жана түндүк-чыгышындагы талааларга Борбордук Азиядан келишкен.

Рим империясынын чыгыш бөлүгүндө жашаган византиялык жазуучулар Прокопий (б.з. VI к. ортосу) жана Маврикийдин (б. з. VI–VII кк.) эмгектеринен *славян уруулары* жөнүндө бир кыйла кеңири маалыматтарды ала алабыз. Бирок буларга чейин деле байыркы славяндар тууралуу грек-римдик авторлор Тацит, Плиний, Птолемейлердин эмгектеринде венеддер деген аталыш менен чагылдырылган. Жазылган маалыматтар боюнча, славяндар Лабадан (Эльба дарыясы) Түндүк Донго, Ока менен Жогорку Волганын жана Балтикага жакын жерлерден Ортоңку жана Төмөнкү Дунай менен Кара деңизге чейинки аймактарда жашашкан. Көп сандаган славян уруулары кийин үч чоң тайпаны: чыгыш, батыш жана түштүк славяндарды түзүшкөн.

Германдар сыяктуу эле славяндар да антикалык кул ээлөөчүлүк коомду жоюуда, ошондой эле жаңы феодалдык орто кылымдардагы Европанын түзүлүшүнө өз таасирин тийгизген. Герман урууларынын чыгыштан түштүккө жана батышка жылуусуна славяндардын кысымы себеп болгон. Бул жөнүндө гот тарыхчысы Иордан баяндайт. Кийин славян уруулары герман уруулары менен бирдикте Элдердин улуу көчү (IV–VI кк.) мезгилинде орун которууга катышкан. VI–VII кк. славян урууларынын батышка жылуусу улана берген жана Рим империясынын мурда герман уруулары жашаган аймагынан орун ала башташкан.

Славяндар Чыгыш Рим империясынын жерлерине, Византияга кол салып турушкан жана бул жерде кул ээлөөчүлүк түзүлүштөн феодалдык түзүлүшкө өтүү процессин тездетүүгө таасирин тийгизген.

**Батыш Рим империясынын кулашы жана варвардык королдуктардын түзүлүшү.** «Элдердин улуу көчү» деген аталыш менен белгилүү болгон герман, сармат жана славян уруула-

рынын Рим империясынын аймагына үзгүлтүксүз кириши жана көчүп келиши б.з. IV к. аягында башталган. Бул мезгилдерде байыркы герман коомунун өндүргүч күчтөрү мурдагыга салыштырмалуу бир кыйла жогорку деңгээлге жеткен. IV–V кк. германдар металлды иштетүүдө бир далай жакшы жетишкендиктерге ээ болуп калышкан. Калктын көбөйүшүнөн улам жердин тартыштыгы сезиле баштаган. Варварлар империянын али иштетиле элек түшүмдүү жерлерине умтулушкан. Жерге болгон муктаждык бүтүндөй варвар урууларын Рим империясы менен чечкиндүү күрөшүүгө түрткөн негизги себептерден болгон. Өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү варвар урууларында социалдык жана мүлктүк теңсиздикти андан ары тереңдеткен. Жол башчылардын бийлиги өскөн жана уруулардагы атактуулар менен дружиналардын ролу күчөгөн. Алардын башка жерлерди басып алууга, согуштук олжого туйтунуу менен байлыкты топтоого умтулуулары начарлап калган империяга бат-баттан кол салып туруулар менен коштолгон.

Бул мезгилде герман урууларында сезилерлик саясий өзгөрүүлөр болуп өткөн. Герман коомунда күч алган дифференциациялануу (ажыроолор, таралуулар) – атактуулардын обочолонуусу уруулардын ири бирикмелеринин пайда болушуна алып келген. Күчтүү уруулар бир нече майда урууларды өз карамагына бириктирген. Жогоруда айтылгандай, Дунай жана Кара деңиз жанындагы аймактарда готтордун эки ири бирикмеси – вестготтор жана остготтор болушкан. Төмөнкү Рейн жана Ютландия жарым аралында англ-сакс уруулары биригишкен; Ортоңку Рейнде франк урууларынын бирикмеси, Жогорку Рейнде квадлар, маркомандар (баварлар) менен свевдердин бир бөлүгү болгон аллемандардын бирикмеси, Элбада вандалдардын, бургунддардын бирикмеси түзүлгөн. IV к. аягында, айрыкча V к. варварлар бардык болгон массасы менен Рим империясынын аймагына басып киришкен жана акырындык менен аны жеңип алышкан.

Вестготтордун кыймылына хунндар түрткү болгон. 375-ж. хунндар остготтор менен кагылышып, аларды талкалашып, андан ары батышты карай жөнөшкөн. Жакындап келе жаткан хунндардан качкан вестготтор Рим императорунун уруксаты менен Балкан жарым аралына келип, империянын союздашы катары жайгашкан. Бирок көп өтпөй вестготтордун арасында ачарчылык жүргөн. Бир аз нан үчүн римдиктер вестготторду кулдукка сатылууга мажбур кылышкан. Натыйжада вестгот

уруулары көтөрүлүш чыгарып, 378-ж. Адрианополдун жанында римдик армияны талкалаган. Бул согушта вестготторго империядагы кулдар, кенде иштегендер кошулуп кетишкен.

V к. башында Балкан жарым аралында жашаган вестготтор өздөрүнүн королу Аларихтин жетекчилиги менен Римди камалоого жөнөгөн. Римдик байлар вестготтордун чоң шаардын айланасына тигилген чатырларын көрүп үрөйлөрү учкан. Ал эми римдик кулдар өздөрүнө куткаруучулар келгенин көрүшкөн жана алар вестготторго топ-тобу менен качып барып кошулушуп, алардын отряддарына киришкен. Аларихтин талабы боюнча, римдиктер вестготторго 5 миң фунт алтын жана 30 миң фунт күмүш төлөп, ошондой эле ошол мезгилде шаардагы герман урууларынан чыккан бардык кулдарды бошоткондон кийин, шаарды камалоону токтотушкан. Бирок 410-ж. вестготтор Римди кайра камалап, 24-август түнү шаарды басып алышкан. Аларих андан ары Сицилияга, ал жерден Түндүк Африкага жүрүш жасоого ниеттенген. Бирок Аларих флотту жүрүшкө даярдап жаткан мезгилде, ошол эле 410-ж. өлгөн. Батыш Рим империясынын императору Гонорий жеңүүчүлөр менен келишим түзүүгө аргасыз болот. Ал келишим боюнча вестготторду Пиренейдин чыгышына жана түндүк чыгышындагы Гарумна дарыясынан Атлантика океанына чейинки аймактарга, борборун Толозо (азыркы Тулуза шаары) кылып көчүрүүгө макулдашылган. 419-ж. түзүлгөн **Тулуза королдугу** вестготтордун Батыш Рим империясындагы алгачкы варвардык королдугу болгон.

Батыш Рим империясынын чегинде варвардык экинчи королдук германдык *вандал уруулары* тарабынан түзүлгөн. Вандалдар адегенде Одердин ортоңку агымынын бойлорунда жашап, кийин салгылашып жүрүп отурушуп Галлия аркылуу Испанияга, андан ары Гибралтар кысыгы аркылуу өтүшүп, Африкадагы римдик провинцияны (439-ж.) жеңип алышкан. Вандалдар үчүн Түндүк Африканы жеңип алуу бул жердеги кулдар менен колондордун кул ээлөөчүлүк Римге каршы көтөрүлүшүнүн натыйжасында жеңил болгон. Көтөрүлүшчүлөр кулдарды бошотконго, карыздарды жок кылганга жана башка көп ийгиликтерге жетишишкен.

V к. ортосунда Батыш Рим империясында үчүнчү варвардык королдук – **бургунддардын королдугу** түзүлгөн. Бул королдук азыркы Франциянын түштүк-чыгышындагы Рона жана Сона дарыяларынын жогорку агымынан орун алган.

Герман урууларынан болгон франктар Галлиянын Түндүк Чыгышында **Франк королдугун** негиздешкен. Ютландия жарым аралындагы герман уруулары англдар, сакстар жана юттар кельт урууларына кирген бриттер жашаган Британ аралдарын баш ийдиришип, бир нече англ-сакс королдуктарын түзүшкөн. Герман урууларынын Галлияны тез басып алышына Галлиянын бардык аймактарында кул ээлөөчүлүккө каршы күчтүү кыймыл – багауддардын кыймылы деп аталган көтөрүлүштөр өбөлгө болгон. Ага кулдар да, колондор да, шаардык кедейлер да жана римдик армиядан качкан аскерлер да катышкан. Герман урууларынын Рим империясына каршы күрөшү бул кыймылдар менен бирге ишке ашкан.

Рим империясынын начарлашына борбордук бийликке каршы провинциялык ак сөөктөрдүн күрөшү да себеп болгон. Алар көпчүлүк учурларда варварлардын кол башчыларына кошулуп кетишкен. Борбордук Галлияда (азыркы Австрия) **Норик королдугу** түзүлгөн.

V к. экинчи жарымында Батыш Рим империясы Италиядагы гана аймакты ээлеген. Римден Британия, Галлия, Испания, Түндүк Африка бөлүнүп, ал жерлерде бир канча королдуктар пайда болгон.

V к. ортосунда галл-римдиктер жана герман уруулары хунндардын чапкынына дуушар болот. Атилла баштаган хунндар Борбордук Азиядан Кара деңиздин чыгышына, түндүгүнө, андан батышты карай франктарга чейин басып киришкен. Батыш жана Борбордук Европадагы герман уруулары хунндарга биргелешип каршы турушкан. 451-ж. Труа шаарынын жанында (азыркы Франциянын түндүк-чыгышы) хунндар менен жергиликтүү уруулардын салгылашы (Каталаун талаасындагы салгылаш) болуп, хунндар чегинүүгө аргасыз болушкан.

### Суроолор:

**1.** Европанын варвар элдери кайсы жерлерде жашаган? Алардын чарбачылыгы кандай болгон? **2.** Славян элдери кайсы аймактарда жашаган? Алардын коомдук түзүлүшү кандай болгон? **3.** Батыш Рим империясы эмне себептен кулаган? Анын тарыхый мааниси эмнеде? **4.** Варвардык королдуктар кайсы жерлерде пайда болгон жана кандайча?

## § 15. Батыш жана Борбордук Европа мамлекеттери

**Франк мамлекети.** Рим империясынын аймагында түзүлгөн варвардык королдуктардын ичинен франк королдугу бир кыйла ири жана күчтүү болуп чыкты. Тарыхый эстеликтерде

«франк» аталышы б.з. III к. орто ченинде гана пайда болгон. Римдик жазуучулар көпчүлүк ар кандай аталыштагы герман урууларын жалпысынан франктар деп аташкан.


Хлодвиг.

V к. франктар Рим империясынын бир кыйла бөлүгүн, Түндүк Чыгыш Галлияны басып алышкан. Франктардын ээликтеринин башында мурдагы уруу башчылары турушкан. Франк башчыларынан 451-ж. Каталаун талаасындагы Атиллага каршы салгылашта таанылган Меровейдин атынан Меровингдер тукумунун королдугу түзүлгөн. Меровингдер тукумунун көрүнүктүү өкүлү король **Хлодвиг** болгон (481–511-жж.). Франктардын турмушундагы ири окуялардын бардыгы Хлодвигдин ысымына байланыштуу. Хлодвиг 486-ж. бүткүл Түндүк Галлияны ээлеп алган. Борбору Парижде болгон бул римдик облус жергиликтүү римдик магнат Сиагрийдин башкаруусунда болгон. Рим империясы кулагандан кийин ал Түндүк Галлиянын королу болуп калган.

486-ж. Суассон шаарынын жанындагы айыгышкан салгылашта франктар римдиктердин аскерлерин талкалап, Галлиянын бир бөлүгүн каратып алышкан. Жеңип алуунун натыйжасында ири Франк мамлекети түзүлгөн. Ал мурдагы римдик Галлиянын дээрлик бардык аймагын ээлеген. Хлодвигдин балдарынын бийлиги тушунда Франк королдугуна Бургундия да кирген.

490-жж. ортосунда Хлодвиг христиан динин кабыл алган. Ал адегенде өз дружинасы менен чокунганга өткөн. Андан кийин катардагы франктар үй-бүлөсү менен чокунууга өтүшкөн. Варварлардын христиан динин кабыл алышы маанилүү окуя болгон. Ал варварлардын романдашкандыгынын күбөсү эле. Христиан динин кабыл алуу франктардын Галлиянын түштүгүн жеңип алуусуна өбөлгө түзгөн, ошондой эле королдук бийликтин кадыр-баркын көтөргөн. Чиркөө Хлодвигдин жеңип алууларына дайыма колдоо көрсөткөн.

Эркин франктардын королго жана анын кызмат кишилерине баш ийиши талап кылынган. Ошондой болсо да, ошол мезгилдеги франк коомундагы негизги фигура – кыштактык жамааттын толук укуктуу мүчөсү, жамааттын жеринен пайдаланган эркин дыйкан, коңшу жер ээсине көз каранды болбогон эркин франк болгон.

Таптардын пайда болушу менен франктарда мамлекет түзүлгөн. Бул мамлекет ири жер ээлөөчүлөрдүн жана эркин франктардын өмүрү менен жеке менчигин коргогон, аларга элди баш ийдирип туруугa жардам берген.

VI к. экинчи жарымынан баштап франк коомунда кескин өзгөрүүлөр башталган. Бул мезгилдерде жер жеке менчикке айланган. Жер ээсинин эрки менен жер сатууга, алмашууга, сатып алганга, белекке бергенге жана мураска калтырууга укук берилген. Мындай шарттарда дыйкандардын бир бөлүгү өзүнүн жеринен бат эле ажыраган. Майда жер ээлери болгон дыйкандардын жакырданышына жараша, тескерисинче, ак сөөктүк жана чиркөөлүк ири жер ээлөө өскөн. Хлодвигдин ордун басуучулар королдук жерлерди өзүнүн дружиналарына *бенефиций* (белек) түрүндө таратып беришкен.

Жерге ээ болгондор бара-бара ири жер ээлөөчүгө – *вотчинниктерге* (жерди өзүнүн балдарына мураска калтыруу менен) айланышкан. Дыйкан коңшу ири жер ээлөөчү ак сөөктүн коргоосу алдында болууга аргасыз болгон. Ошондой эле алар чиркөөдөн колдоо алыш үчүн да жер үлүштөрүн беришкен.

Айдоо жерлерине болгон жамааттык менчиктин жеке менчикке айланышы ири жер ээлөөчүлүктүн пайда болушун жана өнүгүшүн билдирген. IX к. карата франктарда эки негизги тап: ири жер ээлөөчүлөр жана көз каранды дыйкандар түзүлгөн.

**Улуу Карл жана анын империясы.** Король Хлодвиг өлгөндөн кийин, эрте феодалдык Франк мамлекети анын төрт баласынын ортосунда майдаланып бөлүнүп кеткен. Алардын ар кимиси ал жерлерден өз дружиналарына, чиркөөгө марттык менен таратып беришкен. Жерди белекке таратуунун натыйжасында алардын бийлигинин франк коомундагы мааниси төмөндөгөн. Коомдо эми ири жер ээлөөчүлөр күч ала баштаган. Королдуктардагы бийлик жер ээлөөчү атактуулардан чыккан кээ бир өкүлдөргө – *майордомдорго* (майордом деп адегенде королдук сарайдагы башкаруучуну аташкан) өткөн. Мезгилдин өтүшү менен, майордомдор королдуктардагы аскердик-акимдик бийликти өз колдоруна топтошуп, иш жүзүндө ал жердин башкаруучусу болуп калышкан.

715-ж. Карл Мартелл Франк мамлекетинин майордому болуп, 741-ж. чейин башкарган. Анын небереси **Улуу Карл** 768-ж. Франк королдугунун королдук тагына отуруп, Франк мамлекетин 814-ж. чейин башкарган. Карл мыкты кол башчы жана жеңип алуучу болгон. Орто кылымдарда Улуу Карл тууралуу көптөгөн уламыштар жана ырлар жаралган. Анын убагын-

да Франк мамлекети агрессивдүү саясат жүргүзгөн. Көп сандаган жеңип алуулардын натыйжасында Улуу Карл эбегейсиз зор мамлекеттин башчысы болуп калган. Ал башкарып турган жылдары франктар коңшу өлкөлөргө 50дөн ашуун жортуул жасаган жана бул жортуулдардын дээрлик бардыгына Карл катышкан. Анын тушунда Франк королдугунун чек аралары алда канча кеңейген. Узакка созулган агрессивдүү согуштардын натыйжасында, мурдагы Батыш Рим империясынын аймагынан бир аз гана кичирээк болгон зор мамлекет түзүлгөн.


Улуу Карл.

800-ж. франктардын жеңип алган жерлерине римдик чиркөөнүн таасиринин таралышына умтулган Рим папасы Лев III Улуу Карлга императордук таажыны кийгизген. Кубаттуу Рим империясынын бийлик ээлерин эске салган император титулу Карлга жеңип алган элдерге болгон бийлигин бекемдөө үчүн керек эле. Улуу Карлдын колдоосуна ээ болууга жана аны менен өнөктөш болууга умтулушкан башка өлкөлөрдүн башкаруучулары анын императордук жогорку бийлигин таанууга ашыгышкан.

Кеңири өлкөнү башкаруу Карлдан империянын акимдик аппаратын кайра түзүүнү талап кылган. Улуу Карлдын убагында башкаруунун борбору король сарайы болгон. Жер-жерлердеги башкарууну ошол жердеги графтарга тапшырып, аларды көзөмөлдөө үчүн Карл өз жакындарынан «падыша өкүлдөрүн» бүткүл империя боюнча жиберген. Алыс жайгашкан жерлердеги графтар өздөрүн борборго көз карандысыз сезишкен.

Граф *скабиндер* – соттук коллегиянын мүчөлөрү менен бирдикте сот иштерин жүргүзгөн. Ошондой эле Карл өзү дайындаган епископтор (христиан дин кызмачыларынын башчысы) империядагы соттук жана акимдик башкарууда кыйла жогорку даражада турушкан. Королдук-императордук канцелярияда мамлекеттик тил латын тили – римдиктердин тили болгон. Ошондой болсо да Улуу Карлдын империясын борборлошкон мамлекет деп атоого болбос эле. Карлдын мезгилиндеги башкаруу аппараты эң эле жөнөкөй болуп, борбор менен четжакадагы облустардын байланышы начар болгон жана мамлекетте башкаруунун атайын мыйзамдары так белгиленген эмес.

VIII–IX кк. франктардын айыл чарбасында бир кыйла жылыш болгон. Бул кезде жерди которуштуруп айдоо ыкмасы колдонулган. Поместьелерде дан өсүмдүктөрүн айдоодон тышкары, мал чарбасына да негизги көңүлдү бурушкан.

Жоокерлер дыйкандардын эсебинен жашашы жана куралжарагын камдап алышы үчүн аларга жер таратып берилген. Эгер жоокер кызматын токтотсо, бул жерди императорго кайра берүүгө милдеттүү болгон. Кийинчерээк жоокерлер өздөрүнө берилген жер ээликтерин биротоло ээлеп, аларды мураска калтыра баштаган. Андай ээликтер *феоддор* деп аталган. Феод – бул акысы үчүн аскер кызматын өтөө керек болгон мурас жер ээлиги. Феоддун ээси **феодал** деп аталган. Ири феодалга ондогон, жүздөгөн кыштактары бар аймактар тиешелүү болсо, майда феодалга – бир кыштак же бир нече гана түтүн дыйкандар тиешелүү болгон.

Улуу Карлдын империясы алгачкы феодалдык мамлекет болуп, эркин дыйкандардын жеринен ажырап, көз каранды дыйканга айланышына жана жер ээлөөчүлүктүн пайда болушуна өбөлгө түзгөн. Ошондой эле аскердик бийлик ири жер ээлеринин колуна топтоло баштаган.

**Викингдер доору.** Орто кылымдардын башында Скандинавия жана Ютландия жарым аралдарынын көпчүлүк бөлүгүн герман урууларынын түндүк бутагын түзгөн уруулар мекендеген. Бул уруулар азыркы мезгилдеги Швеция, Дания, Норвегия мамлекеттериндеги жергиликтүү калктын ата-бабалары болушкан. Орто кылымдарда Түштүк Швецияда, Ортоңку Швецияда свеелер же шведдер, Норвегияда бир канча майда уруулар: раумдар, рюгилер, тренддер ж. б. жашашкан. Ютландия жарым аралын жана Дания архипелагындагы аралдарды дан уруулары (ушундан улам Дания келип чыккан) жердешкен.

Скандинавия жарым аралында герман урууларынан башка финн уруулары (Швеция менен Норвегиянын түндүк облустарында) жашашкан. Байыркы скандинавиялык булактарда финндерди саамдар деп да аташат.

Скандинавия өлкөлөрүндөгү калктын эрте орто кылымдагы негизги кесиптери малчылык, дыйканчылык, аңчылык, балык уулоочулук жана деңизде сүзүү болгон.

Дыйканчылык Скандинавиянын бардык эле облустарында өнүккөн эмес. Жарым аралдын түндүк бөлүгүндө, ошондой эле Ютландиянын түндүк аймактарында иштетүүгө жарактуу жерлер өтө аз болгон. Бул жерлердин көпчүлүк бөлүгүн токойлор,

тоолор жана саздуу жерлер ээлеп, дыйканчылыкка ыңгайсыз болгон. Ошондуктан бул аймактагы уруулардын негизги кесиби малчылык, аңчылык, айрыкча териси баалуу айбанаттарга аңчылык кылуу жана балык уулоочулук болгон. Норвегиянын жана Швециянын четки түндүгүндө бугу өстүрүү негизги ролду ойногон.

Скандинавиянын жана Ютландиянын жалпысынан нормандар («түндүк кишилери») деп аталган орто кылымдардагы жашоочулары кайраттуу деңизде сүзүүчүлөр болушкан. Ошол мезгилде кыйла чоң кемелер менен (100гө жакын жоокерлер баткан) алыска сүзүүлөрдү уюштурушкан. Алар балык уулоого гана чыкпастан, деңиз аркылуу ошондой эле башка өлкөлөр менен соода байланышын да жүргүзүшкөн. Айрым учурларда деңизде каракчылык да кылышкан.

Уруулук мамиленин ажырашы менен скандинавиялык урууларда уруулук жамааттан коңшулук жамаатка өтүү жүргөн. Ошону менен катар эле социалдык жикке бөлүнүү күчөгөн. Мунун баары жамааттык тартиптердин андан ары бузулушуна, акыркындык менен таптардын түзүлүшүнө түрткү болгон. Королдор (конунгалар) башында турган уруулардын союздары пайда болуу менен, али бекем эмес саясий бирикмелер – эрте феодалдык алгачкы скандинавиялык мамлекеттер келип чыккан.

Скандинавия өлкөлөрү феодалдык өнүгүү жолуна IX–X кк. гана түшүшкөн. Көпчүлүк Батыш Европа өлкөлөрүнө караганда феодалдаштырылуу процесси Скандинавияда жай жүргөн.

Жол башчылардын – *викингдердин* жетекчилиги алдында нормандар туткундарды жана бай олжолорду басып алуу максатында өздөрүнүн кемелери менен деңизге алыскы жүрүштөргө чыгышкан. Колго түшкөн туткундарды европалык жана азиялык ар кайсы өлкөлөрдө кулдукка сатышкан. Нормандар муну деңиздеги каракчылык жана соода менен айкалыштырышкан. Скандинавиялык коомдогу каракчылык феодалдык мамиленин өнүгүшү менен күчөгөн. IX–XI кк. скандинавиялыктар Европанын көпчүлүк жерлеринде майда княздыктарды, графтыктарды негиздешип, жергиликтүү жашоочуларга аралашып сиңип кетишкен. Ал эми өз мекенинде азыркы Швеция, Дания жана Норвегия мамлекеттеринин алгачкы мамлекеттик түзүлүшүн негиздешкен.

**Британ мамлекеттеринин түзүлүшү.** V к. башында Британиядан Рим аскерлери жергиликтүү калк – бриттер тарабынан сүрүп чыгарылгандан кийин, бул аймакка Эльба менен Рейндин ортосунда жашашкан герман уруулары сакстар, англдар

жана юттар массалык түрдө басып кире башташкан. Британияны англ-сакстык жеңип алуу 150 жылдан ашуун убакытты талап кылган. Жеңип алуунун мындай узакка созулушу баарынан мурда, Британиядагы кельт калкынын туруктуу каршылыгынан болгон.

Жеңип алуунун натыйжасында англ-сакстар кельт калкынын көпчүлүк бөлүгүн кырып жок кылышкан. Кельттердин бир бөлүгү Британиядан континентке сүрүлүп чыгарылган, бир бөлүгү болсо жеңүүчүлөргө салык төлөөгө милдеттүү болушкан кулдарга жана көз каранды адамдарга айланышкан. Көз карандысыздыгын Британиянын батышындагы тоолуу облустардагы кельттер жана түндүктөгү (Шотландия) уруу бирикмелери гана сактап калышкан. Кельттер жашаган Ирландия толук көз карандысыздыгын сактап калган (XII к. жарымына чейин).

Британиянын англ-сакстар жеңип алган аймагында (Англия) божомолдо VI к. аягы – VII к. башында бир нече англ-сакстык королдуктар түзүлгөн. Бул королдуктар эрте феодалдык мамлекеттер эле. Англ-сакстардын негизги кесиби дыйканчылык жана малчылык болгон, аңчылык да кылышкан. Англ-сакстар жерди соко менен айдашып, эки жана үч талаалап иштетүүнү колдонушкан. Алар күздүк буудай, кара буудай, арпа, сулу жана буурчак эгишкен. Түшүм жыйналгандан кийин жамааттагылар айдоо аянттарына малды чогуу жайышкан.

Англ-сакстык коомдун мүнөздүү белгиси эркин кыштактык жамааттын узак мезгилдер бою сакталышы болгон. Британияны жеңип алгандан кийинки эки-үч жүз жыл бою англсакстык коомдун негизин *керлдер* – эркин дыйкан жамааттары түзгөн. Алар жамааттык жер үлүштөрүнө – *гайдаларга* ээ болушкан. Иштеп берүү менен жер үлүштөрүн алууга аргасыз болушкан.

Феодалдык мамиленин чыңдалышына жана өсүшүнө ири жер ээлерин колдогон королдук бийлик бир кыйла өбөлгө түзгөн. Британиядагы майда мамлекеттердин өсүшү жана чыңдалышы менен, королдук бийликтин күч алышында королдук дружинниктердин мааниси зор болгон. Дыйкандарды крепостнойго айландырууда чиркөө да чоң роль ойногон. Королдор менен ак сөөктөр тарабынан епископторго жана монастырларга жер бөлүп берүү чиркөөлүк ири жер ээлөөчүлүктү жараткан. Феодалдык мамиленин өнүгүшү менен жергиликтүү чарбалык иштерди жана талаш-тартыштарды чечүүчү кыштак жамаатынын жыйыны маанисин жоготкон. Эми бийлик

борборлошуп, король жана ак сөөктөр чиркөө менен бирдикте коомдогу башкаруу иштерин өз колдоруна алган.

**Алгачкы славян мамлекеттери.** Славяндардагы феодалдык мамиленин түзүлүү процесси өз ара окшоштуктары менен айырмаланган. Славяндар феодалдык түзүлүшкө уруулук, андан кийин кыштактык жамааттардын ажырашынын натыйжасында коомдун кул ээлөөчүлүк стадиясын кыйгап өтүшкөн. Түштүк славяндарда феодалдык мамлекеттердин пайда болушу жана өнүгүшү, Византиянын аларды баш ийдирип алууга умтулуусунан улам оордогон. Ал эми Батыш славяндарда болсо, феодалдык немецтик агрессиянын кесепетинен кечеңдеген. Славян элдери бул мезгилдерде бири-бири менен саясий жана маданий байланыштарын сактап турган.

Чыгыш Рим империясы менен айыгышкан жана узакка созулган күрөштүн натыйжасында, славяндар VII к. ортосунда Балкан жарым аралынын бир кыйла бөлүгүнө жана ага жанаша жаткан түндүк-батыш облустарга көчүп барып жайгашышкан.

VII к. аягында Дунайдын төмөнкү агымын бойлото кеткен жерде, Балкан тоо кыркасынын түндүгүндө **Болгар падышалыгы** пайда болгон. Алардын түндүктөгү коңшулары валахтар жана молдавандар, түштүктөгү коңшусу Чыгыш Рим империясы болгон. Азовдун жээктериндеги аймактарда жашаган көчмөн аварлар жана түрк уруулары менен тыгыз байланыштагы болгарлар адегенде Дунайга келишип, кийин Балкан жарым аралын жердеп калышкан. Болгарлардын келиши Дунай боюндагы жана Балкандагы славян урууларынын андан аркы тарыхый өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген.

Болгар ханы Аспарух жергиликтүү славян уруулары менен келишим түзүп (679–683-жж.), аварларга жана византиялыктарга каршы биргелешип чыгышкан. Болгарлардын жергиликтүү славян урууларынын арасында таасиринин күчөшүнөн улам, алгачкы феодалдык мамлекет **Болгария** деп аталып калган.

IX к. башында Болгария чоң мамлекетке айланган. Феодалдык мамиленин өнүгүшү менен бирге өндүргүч күчтөрдүн өсүшү да тездеген. Айдоо аянттары бир кыйла кеңейген. X к. үч талаалап айдоо кеңири жайылган. Жүзүмчүлүк жана жибекчилик чарбасы маанилүү боло баштаган. Кол өнөрчүлүктүн дыйканчылыктан бөлүнүү процесси ыкчамдаган. Соода, айрыкча тышкы соода ийгиликтүү жүргөн.

X к. башында **Чехия мамлекети** пайда болот. Чех княздыгы VII–VIII кк. түзүлүп, IX к. Улуу Моравиянын курамына кирген. Ага чехтер эле эмес, Жогорку Лаба жана анын куймалары Влтава менен Огрженин аймагындагы башка славян уруулары да бириккен. Германия королдору Чехияны баш ийдирип алууга аракет кылышкан. Натыйжада Чехияга Ыйык Рим империясына кошулууга туура келген. Башка батыш славян өлкөлөрүнө салыштырмалуу чех князы өлкөсүн өзү башкарган. 1086-ж. чех князы Братиславага королдук титул берилген.

Чех мамлекети менен бир мезгилде эле, 960-ж. батыш славян мамлекети – **Польша** түзүлгөн. Ал адегенде Висла дарыясынын бассейнинде жайгашкан бир нече уруу бирикмелеринен турган. Биринчи поляк князы Мешко (Мячислав) болгон. 966-ж. Мешко өз дружинасы менен батыш салтында чокунууга өткөн. Ошентип Польша католиктик өлкө болуп калган. Мешконун уулу жана ордун басуучу кайраттуу Болеслав княздык кылып турган кезде (992–1025-жж.) поляк урууларынын биригүүсү аяктайт. Ал сансыз көп аскерлүү (20 миң) дружинасы бар күчтүү князь болгон. Болеславдын тушунда Польша мамлекетинин курамына Краков шаары менен кошо Кичи Польша жана бүткүл Силезия кирген. Болеслав Балтика жээгиндеги славян урууларын, полабдык славяндардын бир бөлүгүн жана Червендик шаарларды (азыркы Батыш Украина) каратып алган. Болеслав Рим папасынан королдук титулду алган. Феодалдашуу процессине байланыштуу, өлкө бир нече княздык уделдерге (облустарга) майдаланып бөлүнгөн. Алгачкы поляк бирикмесине кирген көп сандаган уруулар, акырындык менен бирдиктүү поляк элин түзгөн. Бир кыйла аймакты ээлеген Польша мамлекети бүткүл орто кылымдар бою көз карандысыз мамлекет катары жашаган.

Ошентип, VII–X кк. батыш жана түштүк славян урууларында алгачкы феодалдык мамлекеттер түзүлгөн.

### Суроолор:

**1.** Франк мамлекети жана ири жер ээлөөчүлөр кандайча пайда болгон? **2.** Франктар христиан динине качан өткөн? **3.** Улуу Карл ким болгон? **4.** Орто кылымдагы таптар жана алардын ортосундагы мамилелер жөнүндө эмне билдиңер? **5.** Викингдер кайсы жерлерде жашашкан жана эмне кесип кылышкан? **6.** Британ королдуктары кандайча түзүлгөн? **7.** Алгачкы славян мамлекеттери кандайча пайда болгон?

## § 16. Византия жана православие дүйнөсү дүйнөлөрдүн жана цивилизациялардын тоомунда

**Баштапкы Византия жана фемдик түзүлүш.** Чыгыш Рим империясынын ордунда пайда болгон Византия империясынын өкүм сүрүү доору үч мезгилге бөлүнөт: 1) IV–VII кк.; 2) VII к. – XIII к. башы; 3) XIII к. башы – XIV к. ортосу.

Баштапкы мезгилдеги Византия типологиялык жактан соңку антикалык коомдун христиандаштырылган варианты катары каралат. Анткени бул европалык орто кылымдар доорунда дыйкандардын көз карандылык абалынын башкы белгиси болгон *колондук* система ыдырап, акыры биротоло жоюлган, акырындык менен болсо да *полистик* түзүм кулаган, соңку антикалык түзүлүштүн ордуна аскердик жана жарандык бийликтерге бөлүнгөн империялык башкаруу орнотулган.

VII к. Византияга арабдар коркунуч туудура баштаган. Кылымдын орто ченинде арабдар Сирияны, Месопотамияны, византиялык Арменияны жана Египетти басып алган. VII к. экинчи жарымында арабдар Кичи Азиянын аймагына бир нече жолу жортуулдарды жасаган. Дал мына ушул Кичи Азияда алар *фемдик түзүлүшкө* биригишкен жергиликтүү тургундардын катуу каршылыктарына тушугушкан. Кийинчерээк фемдик түзүлүш өлкөнүн бүткүл аймагына жайылып, VIII–X кк. византиялык коомдун бекем пайдубалына айланган.

*Фемдер* – бул кубаттуу аскер күчтөрү жайгашкан ири округдар. Ал округду аскердик, сот жана салык бийликтерин өз колуна топтогон *стратиг* башкарган. Фемдик аскерлердин уюткусун *стратиоттор* түзгөн. Алар мамлекеттик камсыздалуудан жана салыктык жеңилдиктерден тышкары жер үлүштөрүн да алышкан. Эгерде анын уулдары атасынын жолун жолдоп аскер ишин улантса, анда аларга жер үлүшү мурасталчу. Стратиоттор дыйкандардан чакырылчу. Стратигдер да ак сөөктөрдөн болгон эмес. Алар аскер ишиндеги жана согуш учурунда көрсөткөн каармандыктары менен гана атак-даңкка ээ болушкан. Византияда фемдик түзүлүштүн чыңдалышы менен, борбордук бийлик бошоңдой баштаган. Ошондуктан алар фемдерди катуу көзөмөлдүккө алышкан. X к. борбордук бийлик өзүнүн толук үстөмдүгүн орноткон. Ал эми фемдер барабара бытырап майдаланып, өздөрүнүн саясий маанисин жоготуп, чакан аскердик округдарды гана түзүп калышкан.

Ошол эле убакта, борбордук бийликтин позициясынын чыңдалышы менен, стратиоттор менен стратигдердин ичинде

катмарлануу процесси башталып, фок, склир, аргир уруктарындагы эң кубаттуу аскердик ак сөөктөр катмары бөлүнүп чыккан. Оор куралданган атчандар кошуунунун уюткусун түзгөн стратиоттордун жогорку катмары (үч-төрт стратиоттук үлүштөргө ээ болгондор) жалпы дыйкандар массасынан биротоло бөлүнүп чыккан.

**Византия коомуна мамлекеттик көзөмөл.** Стратигдердин байып-туйтунуусуна өбөлгө болгон фемдик түзүлүштүн эволюциясы алардын дыйкандар жамаатынын жана стратиоттук сословиенин социалдык-экономикалык укуктарын кысымга алышын шарттаган. Арийне, акырында бул алардын фемдердеги позициясын бошоңдотуп койгон. Мындай туюкка кептелген абалдан чыгуу үчүн алар тышкы булактардан материалдык жана акчалай ресурстарды издей баштаган. Алар үчүн андай булак мамлекет болуп чыкты. Максат борбордоштурулган ренталык жыйымды чогултууну өнүктүрүү жана бюрократиялык аппаратты чыңдоо жолу менен ишке ашырыла баштады.

Натыйжада Византия мамлекети коомдук турмуштун дээрлик бардык чөйрөлөрүнө түздөн-түз жана кыйыр түрдө көзөмөлдүк кылган зор күчкө айланган. Византиялык башкаруу системасынын башкы төбөлү император болгон. Император, **Акылман Лев IVнүн** (886–912-жж.) айтуусу боюнча, «ал баарына кам көрүп, жанталашып иш жүргүзгөн, ошентип кудурети күчтүү Кудайдын жардамы менен иштин баары өз нугунда жүргөн жана чечилген».

Арийне, ал чексиз бийлик жүргүзө алган эмес, бүткүл башкаруу системасында өзүнө тиешелүү гана орунду ээлеген. Император кандайдыр бир чечимди башкаруу системасынын башка тармактарынын позициясына жараша гана кабыл ала алган. Ал эми башка тармактар империянын өнүгүү багытына өздөрү зарыл деп тапкан оңдоолорду киргизүүгө укуктуу болушкан. Ал өзгөртүүлөр биргелешип башкаруу институту аркылуу жүргүзүлгөн.

Византиянын бюрократтык аппараты үчүн бир учурда эки иерархиянын – кызматтын жана титулдун – болушу мүнөздүү көрүнүш болгон. Алардын ар баскычы мамлекеттик белгилүү бир мазмунга ээ эле. Кызмат тепкичи боюнча сиңирген эмгегине жараша, императордун атайын жарлыгы менен көтөрүлүшкөн. Титулдар биротоло берилген же сатылган.

Византияда коомдук турмуштун дээрлик бардык чөйрөлөрүнө мамлекет көзөмөлдүк кылган. Экономикасында Байыркы

Чыгыштын тарыхына мүнөздүү болгон «ордо чарбачылыгы» калыптанган. Ал боюнча армиянын, флоттун, ордонун жана ведомстволордун сансыз көп муктаждыктары натуралай камсыз кылынган. Провинцияларда ар бир борбордук ведомствонун өз чарбасы болгон. Алардын жарым-жартылайы ижарага берилчү. Чиркөө, билим берүү тармагы, жогорку билим менен кошо, мамлекеттин көзөмөлдүгүндө болгон.

Ири жер ээлөөчүлөрдүн *(динаттардын)* кирешелеринин негизги бөлүгү алардын чарбактарынан эмес, императордук казынадан түшүп тургандыктан, мамлекеттин аларга таасир этүү жолдору ар түрдүү болгон. Ошондой эле, борбордук бийлик динатка кызматтан жана титулдан тышкары белгилүү бир аймактан жыйналган мамлекеттик салыктардын жарымын берип турган, же салыктарды төлөөдөн бошотулган (прония), алардын жер ээликтери алардагы дыйкандары менен кошо чиновниктердин (экскуссия) ишмердик чөйрөсүнөн чыгарылган.

XII к. тоталдык мамлекеттик көзөмөл кылуу системасы бошоңдоп, жеке менчик ээликтеринин эксплуатациялоосу басымдуулук кыла баштаган. Өлкө аймагында бир катар өз алдынча жана жарым-жартылай өз алдынча облустар (Кипр, Борбордук Грекия, Кичи Азиянын батыш бөлүгү, Трапезунд) пайда болгон. Ошентип империяны уроосу 1204-ж. Константинополду кресттүүлөрдүн басып алышын тездеткен.

**Византия феодализми.** 1204-ж. трагедиядан кийин Византия мамлекетинин борбору Кичи Азиянын түндүк-батышына көчүрүлүп, ал жерде Никея империясы пайда болгон. Кресттүүлөр түзгөн Латын империясы (Романия) тараптан болгон коркунуч мамлекеттеги борбордоштуруу тенденциясын чыңдаган: биргелешип башкаруучу кош өкмөт институту жоюлуп, аткаруу бийлигине император өзү тике көзөмөлдүк кылып калган, армиянын уюткусун жалданма аскерлер түзгөн, пронbackiялардын өлчөмү чектелип, динаттардын мурасталма ээликтер үчүн күрөшү басылган.

1261-ж. Романия талкаланып, Византия империясы калыбына келтирилгенден кийин феодалдык коомдун калыптанышына ыңгайлуу шарт түзүлгөн. ***Биринчиден***, Латын империясынын аймагында кресттүүлөр тарабынан батыш европалык феодализмге мүнөздүү (оммаж, инвеститура) социалдык-экономикалык түзүмдөр түзүлө баштаган, батыш үлгүсүндөгү вассалдык-ленндик мамиле орнотулган. Мына ушул өзгөртүүлөрдүн баары жергиликтүү ак сөөктөр тарабынан оң кабыл

алынган. ***Экинчиден,*** Романияга каршы күрөштү баштаган Никея императору Михаил VIII Палеолог (1259–1282-жж.) динаттарга прониялардын өлчөмдөрүн көтөрүү жана аларды мурастык ээликтерге айландыруу жөнүндө убада берген.

Византиялык феодализмди мына ушундай факторлор калыптандырган. Пронниялар бара-бара батыш европалык феоддорго окшогон мурастык вотчиналарга айланган. Экскуссия вотчиналардагы дыйкан калкына байланыштуу болгон бир катар соттук жана административдик кошумча иш-милдеттерин өз колуна топтогон. Бул батыш европалык иммундук округдар сыяктуу эле. Ошентип жүрүп отуруп акырында жамаат динаттардын көзөмөлүндө болуп калган. Бул батыш европалык «жансыз колдун укуктары» дегендин бир түрү болгон.

А бирок, Византиянын аймагында феодалдык иерархия толугу менен калыптанбай, Батыш Европадагы баштапкы феодализм тушундагыдай түзүлүштө болуп калган болчу.

Феодализмдин византиялык вариантынын өзгөчөлүгү: дыйкандардын бардык категорияларынан – жамааттагылардан да, мамлекеттиктерден да, жеке менчиктегилерден да алынуучу мамлекеттик салыктардын сакталып кала бериши. Бул анын батыш европалык феодалдык коомдун соңку доорундагы өнүгүүсүнө окшоштугун айгинелейт.

**Византиялыктардын руханий дүйнөсү. Православие чиркөөсү.** Орто кылымдардагы чыгыш христианчылыгынын мүнөздүү жана айкын цивилизацияларынын бири болгон Византия цивилизациясы антикалык каада-салттардын (грек маданияты жана римдик мамлекеттик-укуктук түзүмдөр) жана христиан дининин православие ишениминин органикалык синтезинин негизинде калыптанган.

Православие чиркөөсү Чыгыш Рим империясында жана Византияда IV–V кк. чегинде калыптанган. Ал 1054-ж. чейин католик чиркөөсү менен бирге бирдиктүү христиан чиркөөсүн түзүп келген. А бирок христиан дининин батыш жана чыгыш варианттарынын ортосунда диний ишенимдер жана догмалык түшүнүктөр боюнча олуттуу ажырымдар бар эле. Алардын принциптүү айырмачылыктарынын бири *адам жанынын аман сакталып калышы* жөнүндөгү түшүнүктөрүндө болгон. Эгерде католиктер III к. жашаган Киприандын тезистериндеги «чиркөөдөн башка аман алып кала турган жер жок» деген ишенимге таянышса, православие адамдын жекече сыйынуусуна таянган. 1351-ж. Влахерн собору кунт коюп сыйынуу ырасымын православиелик расмий доктрина деп тааныган.

Православие чиркөөсүнүн иштерине император жалпы жетекчилик кылган. Ал чиркөөнү диархия концепциясына таянуу менен жетектеген. *Диархия концепциясы* – диний эмес (жарандык) жана руханий бийликтин бөлүнбөс биримдиги. Император чиркөө иерархтарын дайындаган жана которуштурган, соборлорду чакырган жана алардын чечимдерин бекиткен, диний окуу маселелерин чечүүгө да укуктуу болгон.

Чиркөө иштерине төрт патриарх: константинополдук, александриялык, антиохиялык жана иерусалимдик патриархтар көзөмөлдүк кылышкан. Бардык иштер коллегиялык (собордук) түрдө чечилгенине карабастан, бүткүл дүйнөлүк титулга ээ болгон Константинополь патриархы номиналдуу түрдө биринчилик орунда турган. Экономикалык пландан алып караганда чиркөө, Византиядагы башка институттар сыяктуу эле толугу менен мамлекетке көз каранды болгон. Чиркөөнүн пайдасына түшүүчү алым-жыйымдар X к. тартып эле чогултула баштаган. Арийне, ал дагы батыш европалык десятинадан кыйла аз болгон.

Византия империясы кулагандан кийин Константинополь, Александрия, Антиохия, Иерусалим чиркөөлөрү диний окуунун жана культтук сыйынуунун жалпы системасын сактаган өз алдынча башкаруу укугундагы (автокефалдык) чиркөөлөр болуп калышкан.

**Византия маданияты.** Византия басып өткөн тарыхый жол өлкөнүн көп кырдуу маданиятында кеңири чагылдырылган.

Византия маданиятынын тарыхын кайсы социалдык топ артыкча жигердүүлүктү көрсөткөнүнө жараша шарттуу түрдө бир нече этаптарга бөлүп кароого болот. VII–VIII кк. монастырдык маданияттын басымдуулук кылышы белгиленсе, IX–XI кк. – көрүнүктүү өкүлдөрү жогорку дин кызматкерлери болгон борбордук ак сөөктөрдүн маданиятынын доору. XII к. диний эмес маданият өнүккөндүгү байкалат. XIII–XIV кк. Ренессанс (гүлдөп өнүгүү) доорунун алдындагы чыныгы эрудиттердин (терең билимдүүлөрдүн) жаңыча тиби болуп саналган маданий ишмерлердин бүтүндөй бир мууну жашап өткөн. Мына ошолордун чыгармалары батыш европалык Кайра жаралуунун калыптануусуна өбөлгө болгон.

Калыбы, византиялык гуманизм да ушул доордо калыптанса керек. А бирок анын болгондугу жөнүндөгү маселе тарых илиминде ушул кезге чейин актай бойдон калууда: азырынча анын болгондугун же болбогондугун ырастоочу же четке кагуучу негиздүү аргументтер жок.

Византия маданиятынын кайталанбас оригиналдуулугу, өзүнчөлүгү – чыгыш жана батыш маданияттарынын синтезиндеги грек-рим уюткусунун кылымдап сакталып калышынын натыйжасы. XI к. чейин чыгыш маданиятынын таасири өзгөчө басымдуулук кылып келсе, кийин батыш маданияты басымдуулук кылып кеткен. Византия коомчулугунун маданий турмушунда грек адабий мурастарынын кеңири пайдаланылышы да маанилүү фактор болуп саналат.

Византия маданиятынын калыптануусуна таасир берген дагы бир жагдай адамдардын акыл-ой чабыттарына мамлекеттин регламенттөө саясатынын жүргүзүлүшү болду. Натыйжада ал ордо жана чиркөө маданияттарынын борбордошкон колдоосуна ээ болгон. Византиялык маданият дал мына ушул чиркөө маданиятындагы көркөм сүрөт өнөрүндө (икона тартуу, фреска, мозаика) жана архитектура жаатында дүйнөлүк маданият казынасына баа жеткис салым кошкон.

### Суроолор:

**1.** Фемдик түзүлүштү анын табияты жагынан феодалдык түзүлүш деп эсептөөгө болобу? **2.** Византиялык системанын коомдун үстүнөн мамлекеттик көзөмөлдүк кылуусуна талдоо жүргүзгүлө. **3.** Византиядагы феодалдык түзүлүшкө мүнөздөмө бергиле. **4.** Византиялыктардын руханий дүйнөсү кандай болгон? **5.** Византия жана Батыш Европа цивилизацияларын төмөнкү багыттар боюнча салыштыргыла: а) чиркөө турмушу; б) руханий маданият; в) адамдын дүйнөдөгү орду жөнүндө түшүнүк.

## § 17. Арабдарда исламдын жаралышы жана бекемделиши. Араб халифтиги

**Арабстан жарым аралынын ээлеген орду, жаратылышы жана калкы.** Арабстан жарым аралы Түштүк-Батыш Азияда жайгашкан. Византиянын чыгыш провинцияларын, Сасанилер Иранын жана башка көптөгөн өлкөлөрдү жана элдерди багындырып алган арабдар – аймагынын көпчүлүк бөлүгү чөлдүү келген мына ошол Арабстан жарым аралын жердеген калк. Бул чөл каптап жаткан эбегейсиз зор жарым аралды бүткүл Жакынкы Чыгыш элдерине тээ байыркы шумерлердин мезгилинен бери эле кеңири белгилүү болгон арабдардын *семит* уруулары жердеп келген. Арабстан жарым аралынын семит калкы жашаган жеринин географиялык шартына байланыштуу экиге бөлүнгөн. Алар: *чөлдүү талаа-түздөрдөгү көчмөн жана дыйкан эл*, ошондой эле *оазистердеги соодагер калк*. Негизинен, бул жарым аралдын түштүк-батыш жээктерин бой-

лоп кеткен жашыл аймак – *оазистер* байыртадан бери эле *Бактылуу Арабстан* деп аталган.

Көчмөн семит урууларын коңшу элдер кийинчерээк *бедуиндер* деп атай башташкан. Алгачкы дыйканчылыкты дал мына ушул бедуиндер башташкан. Алар адегенде төөнү колго үйрөтүшүп, сүтүн, этин тамак-аш катары пайдаланышкан, жүнүнөн кийим-кече, кийиз даярдашкан, терисинен бут кийимултарышкан жана башка буюм-тайымдарды жасашкан. Ал тургай, төөнүн кыгы да отун катары пайдаланылып, керекке жараган.

Араб көчмөн урууларынын сансыз көп уруктарынын жашоо ыңгайлары кылымдар бою дээрлик өзгөрүлбөстөн эле өнүгө берген. Алардын уруу аксакалдары ак сөөктөр кеңеши тарабынан шайланган *шейхтер* болгон. Бул көчмөн уруулардын алгачкы мамлекеттери Түндүк Арабстандагы аймактарды да көзөмөлдөп турушкан. Ошондуктан алар күч-кубаттуу Ассирия, Вавилон жана Персия мамлекеттеринин аскерлери менен бат-бат кагылышып турушар эле. Бедуиндер, ал тургай, Арабстанга жортуул жасаган Александр Македонскийдин (Искендер Зулкарнайн) аскерине да текөөр көрсөтүшкөн.

Бедуиндер, өзгөчө уруу ак сөөктөрү жана шейхтер, согуштук соода-сатыктан аябагандай марып, байып кетишкен. Алар экологиялык, демографиялык жана башка факторлорго байланыштуу жана байлыктын артынан сая түшүүнүн натыйжасында Эки дарыя аралыгындагы жана Батыш Азия мейкиндигиндеги дыйканчылык өрөөндөрүн басып ала баштащкан. Ошол аймактардагы согуштук соода-сатыктар жүргөн жерлер чакан шаар-мамлекеттерге айланган. Алардын көпчүлүгү борбордук бөлүгүн бай соодагер ээлеген, чет-жакаларындагы тургундары оазистик сугат дыйканчылыгын кылган, уруулук негизде түзүлгөн оазистүү майда шаарлар эле. Алардын эң байыркысы жана кеңири белгилүүсү Саба шаары болгон. Оазистеги жерлер өтө кымбат болуп, үргаалдуу пайдаланылган. Ал жерлерде чоң үй-бүлөлүү ***дыйкан жамааттары*** эмгектенишип, эгин, жүзүм, курма, жыпар жыттуу жана татымал чөптөрдү эгишкен. Мал-жан жагынан негизинен бодо мал, кой менен төө багышкан. Алардын чакан жер үлүштөрү болгону менен, аны пайдаланыш үчүн өкүмдарга *рента* салыгын төлөшкөн же храмга тийиштүү эмгек милдеткердиктерин өтөшкөн.

Б.з. V–VI кк. Арабстан жарым аралын жердеген калктын басымдуу көпчүлүгү арабдар болгон. Арабдардын жарым-жартылайы шаарларда жашап, соода-сатык кылышкан, кол өнөр-

чүлүгү менен алектенишкен. Ал эми калган бөлүгү чөлдүү талаа-түздөрдө мал багып жан сакташкан көчмөндөр эле. Жарым аралдагы Мекке оазиси Месопотамия, Сирия, Египет, Эфиопия жана Иудеянын ортосундагы соода жолунун кесилишинен орун алгандыктан, тогуз жолдун тоому болгон Мекке шаары маанилүү соода борборуна айланган.

Бул доордо Түштүк Арабстандын оазистеринде соода-сатык иштерин жүргүзгөн соодагерлердин арасында иудейлер да, христиандар да көп эле. Демек, бул монотеисттик диндер V–VI кк. арабдардын жана көчмөн бедуиндердин арасында кеңири таралган. Арийне, бул аларга өз динин тутуп, өз храмына барып, өз кудайына сыйынууларына жолтоо болгон эмес. Ошондой храмдардын кеңири белгилүүсү Арабстандын Кызыл деңиз тарабындагы батыш жээгинде жайгашкан Мекке шаарындагы байыркы **Кааба храмы** болгон. Бул храмда асмандан түшкөн ыйык таш бар. Ал ташка адамдар эзелтен бери эле сыйынып келишкен. Бул ыйык таш арабдардын курейш уруусунун кудайы Аллахтын ташы (арабча *илах* – кожоюн деген сөздөн) деп эсептелинген.

VI к. түштүк арабстандык Химьярит мамлекетинде иудаизмдин да, христианчылыктын да таасирлери күч алып, анын өкүмдарлары бирде тигил динге, бирде бул динге ыктап турушкандыктан, саясаты да ошого жараша жүргүзүлгөн.

**Араб урууларынын биригишинин себептери. Ислам дини. Мухаммед пайгамбар.** Соода-сатыктын жүрбөй калышы Түштүк Арабстандын гүлдөп-өнүккөн оазистеринде жашаган, байгерчилик турмушка көнүп калган арабдардан тартып, көчмөн бедуиндердин жашоо турмушуна чейин залалын тийгизген. Экономикалык жана социалдык кризис өзгөчө анын батыш жээктеринде, V–VI кк. Арабстандын эң маанилүү соода-сатык аймагы болгон Хижазда күчтүү жүргөн. Хижаздын борбору негизинен курейш уруусу басымдуулук кылган Мекке шаары болгон.

Мекке шаары курейштер жүргүзгөн соода-сатыктын эсебинен күн көрүп келген. Алар жылына түштүктү жана түндүктү карай кетүүчү эки кербен жолун жабдып турушчу. Ал жолдордо жүргөн кербендердин ар бири миң, ал тургай, кээде эки миңге чейин жеткен төөдөн турган, болжол менен 50 миң алтын теңгеге бааланган товарларды жүгүртүп турган. Йемендин басылып алынышы жана түштүк менен байланыштын үзүлүшү Меккенин кирешесин дээрлик азайткан. Иши жүрбөй калган курейш байлары бат эле мукурай түштү. Соода-сатыктын

үзгүлтүккө учурашы алардын бакубаттыгына эле залалын тийгизбестен, Меккенин өкүм сүрүшүнө да кооптуулук туудурган.

Арийне, адамзат тарыхында айрым бир өнүккөн шаарлар тургай, бүтүндөй бир чоң мамлекеттер да аман калуунун амалын таба албай урап калган учурлар көп эле болгон. Андыктан бул замандын арабдарына жан сактап кетүүнүн амалын табуу керек эле. Арабстандын чөлдүү аймагынын көпчүлүк бөлүгү дыйканчылык кылууга жараксыз болгондуктан, арабдар андай жерлерди басып алуу керек деген бүтүмгө келишет. Алар жан сактоонун жолун эле тапмак тургай, болуп көрбөгөндөй зор ийгиликке да жетишти.

Андай жол ислам жолу эле. Аны негиздеген Батыш Арабстандын диний чордону Мекке шаарынын тургуну **Мухаммед** болду. Мухаммед (570–632 же 633-жж.) курейш уруусунун хаким уругунан чыккан кедей жигит болчу. Арийне, ал ийгиликке дароо эле жете койгон жок. Мухаммед тестиер кезинде атасынын бир тууганы Абуталиптин малын бакчу. Андан соң бай жесир аял Кадичага кызматчылыкка кирип, анын соода-сатык иштерин жүргүзө баштайт. Жетилип, баралына жеткенде ал Кадичага үйлөнөт. Жаш курактарындагы ажырымга карабастан (Кадича андан 15–16 жаш улуу эле), алардын нике-кайыбы орундуу болгон. Мухаммеддин тукумун улаган кызы Фатима ал экөөнүн жалгыз мураскору. Калган кыздары жаштайынан эле каза болуп калышкан.

Мекке шаарында соода-сатык иштеринин жүрбөй калышы Мухаммедди жашоо-турмушту жакшыртуунун жол-жобосун изденүүгө түрттү. VII к. башында Арабстанда **ханифтер**, т.а. жашоо акыйкатын издеген, аны жаңы кудайдан табууга аракеттенген үгүттөөчү пайгамбарлар көп эле. Мухаммед да мына ошондой ханифтердин бири болуп калат. Анткени ал билимдүү, көптү билген ойчул адам болгон. Мухаммед ошол кездеги диндер жана диний түшүнүктөр, каада-салттар, үрп-адаттар, жөрөлгөлөр ж. у. с. тууралуу көптү билчү. Табиятынан зирек Мухаммед адамзаттын асыл ойлорун иргештирип келип, бүтүндөй бир жаңы окууну ойлоп таап, аны исламга негиз кылып алган.

Ал ойлоп тапкан жаңы дин ай-ааламдагы жападан жалгыз бир кудай – Алла таалага сыйынууга жана ал осуят кылган жашоо талабын сактоого үгүттөгөн. Андай жашоо талаптарына сүткорчулукка жол бербөө, соода-сатык иштерин акыйкаттуулук менен жүргүзүү кирген, бир сөз менен айтканда, жашоо-тиричиликтеги социалдык адилеттүүлүктү сактоого басым жа-

салган. Мындай үгүт-саясатты жүргүзүүгө Меккенин ак сөөк курейштери адегенде катуу каршылык көрсөтүшкөн. Ошондуктан 622-ж. Мухаммед өзүнүн тарапкерлери менен Мекkeden чыгып кетип, энесинин ата конушу Ясрибге барып баш паанектөөгө мажбур болгон. Мекке менен эзелтеден тирешип келген Ясриб шаарынын тургундары куугунтукталган пайгамбарды кабыл алмак тургай, аны чечкиндүүлүк менен жакташып, жаңы динди кабыл тута башташат. Ал тургай, Мухаммеддин урматына шаардын аталышын **Медина** деп өзгөртүп алышат. «Медина» деген сөз пайгамбардын шаары дегенди түшүндүрөт. Ошол **622-ж.**, же болбосо жер которуу (хижра) жылы, дүйнөнүн бүткүл мусулман калкы үчүн жаңыча жыл эсептөөнүн башталышы болуп калды. Мухаммеддин тарапкерлери болсо *мухажирлер* – хижраны киргизүүчүлөр деген ардактуу наамга ээ болушту. Дал мына ушул мухажирлер бир диндеги алгачкы мусулман жамааты – *уммада* орчундуу орундарды ээлешти. Мединалык мусулмандарга коңшу араб уруулары жана көчмөн бедуиндер да келип кошулуп, Меккени бат эле каратып алышкан. Курейштер Мухаммеддин жана анын жаңы окуусунун күч-кубатын жана өтө тездик менен жайылып бараткан таасирдүүлүгүн таанууга жана ага таазим этүүгө макул болушуп, анын акысына өздөрүнүн артыкчылык абалдарын сактап калышкан. Мына ушинтип Мекке жана андагы Кааба храмы исламдын диний борборуна айланат, ал эми Мухаммеддин тууган-уруктарынан болгон курейштер жаңы доктринанын негизинде түзүлгөн социалдык-саясий түзүмдөгү маанилүү кызмат орундарын ээлешет.

Исламдын жана ага чейинки диндер иудаизм менен христианчылыктын түпкү негизи бирдей: бир кудайга жана анын пайгамбарларына ишенүү, кыямат-кайым, жакшылык же жамандык иштери үчүн аркы дүйнөгө барганда жооп берүү – бул дүйнөдөгү жакшылыктары үчүн сый көрүү же жамандыктары үчүн жазалануу, кудайдын эркине кыңк этпестен баш ийүү. Бул үч диндин түпкүлүгү бир экендигин алардагы пайгамбарлардын ысымдары да билдирет: исламдагы Ибрагим (библияда Авраам), Харун (Арон), Дауд (Давид), Исхак (Исаак) Сулайман (Соломон), Ильяс (Илья), Йакуб (Иаков), Муса (Моисей), Мариям (Мария), Иса (Иисус) ж.б. Ислам менен иудаизмдин каада-салтында эркек балдарды ырымдоо, кудайды жана тирүү жандарды сүрөткө тартпоо, чочконун этин жебөө, шарап ичпөө өңдүү окшоштуктар бар. Мухаммед пайгамбар 630-ж. салтанаттуу жүрүш менен Меккеге келгенден кийин көп узабай эле

көз жумган. Пайгамбардын сөөгү Мединага коюлган. Мухаммед пайгамбардын өлүмү анын тарапкерлеринин исламдын бийик көтөрүлгөн жашыл туусунун астында ого бетер бекем биригишине түрткү болду. Мухаммед пайгамбардын диндеш мусулмандары улам жаңы жортуулдарга чыгышып, анын улуу окуусун мурдагыдан да өткөн тездик менен бүткүл дүйнөгө жайылта башташты.

Болжол менен 650-ж. тушта Мухаммеддин осуяттары жана окуулары бир китепке – **Куранга** – топтоштурулган. «Куран» деген сөз арабчадан которгондо – *окуу* дегенди билдирет. Куран – мусулмандардын ыйык китеби. Куранда исламдын негизги жашоо эрежелери сыпатталып жазылган 144 сүрөө бар. Куран жаралгандан бир кыйла убакыт өткөндөн кийин жазылган исламдын диний китеби **Сунна** деп аталат. Анда Мухаммед жөнүндө ылакап кептер жазылган. Ошентип, Куранды да, Сунназы да таанышкан мусулмандар сунниттер, ал эми бир гана Куранды таанышкан мусулмандар шииттер деп аталышкан. Шииттер Мухаммеддин халифтери (орун басарлары, мураскорлору), мусулмандардын жол башчылары деп анын тууганоруктарын гана эсептешет.

VII к. Батыш Арабстан аймагындагы соода жолдору өзгөрүлүп кеткендиктен, айыл чарбасын жүргүзүүгө ыңгайлуу жер жоктугунан, ошондой эле калктын саны арбып кеткендиктен улам экономикалык кризис күч алган. Кризистен чыгуунун жолун издешкен арабдардын уруу аксакалдары жаңы жерлерди басып алуу керек деген чечимге келишет. Бул ой Куранда да ислам бардык элдердин дини болууга тийиш, ал үчүн каапырларга каршы күрөшүп, баш ийбегендеринин жерин жана мал-мүлкүн тартып алуу керек деп жазылган.

Исламдын мына ушундай осуяттарын жетекчиликке алган Мухаммеддин жолун жолдоочу халифтер ислам туусу астында баскынчылык жортуулдарын жүргүзө башташат. Алар Палестинаны, Сирияны, Месопотамияны, Персияны биринин артынан бирин басып алышат. 638-ж. Иерусалимди багындырышат. VII к. аягына чейин Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү, Персия, Кавказ жана Тунис арабдардын кол астында калган. Ал эми VIII к. арабдар Орто Азияны, Афганстанды, Батыш Индияны, Түндүк-Батыш Африканы багындырышкан. Кол башчы Тарик баштаган араб аскерлери 711-ж. Африкадан Пиреней жарым аралына сүзүп өткөн. Гибралтар кысыгындагы Тарик тоосу ушул кол башчынын урматына аталган. Пиреней жерлерин тез эле басып алышкан арабдар Галлияны көздөй бет алышат.

Бирок 732-ж. Пуатьенин жанындагы салгылашта франк королу Карл Мартеллдин аскеринен жеңилип калат. Арийне, IX к. ортосуна чейин арабдар Сицилияны, Сардинияны, Италиянын түштүк бөлүгүн, Крит аралдарын басып алышкан. Арабдардын чапкыны ушундан кийин солгундап калса да, Византия менен көп жылдык согушу улантыла берген. Арабдар Константинополду эки жолу камалаган.

**Араб халифтиги.** Ондогон жылдар ичинде Араб халифтигинин өкүмдарлары көптөгөн өлкөлөрдү жана элдерди багындырып алышып, аймагы Түндүк Индиядан тартып Пиреней жарым аралына чейин созулуп жаткан зор дөөлөттү түзүшкөн. Бул дөөлөттүн курамына ар түрдүү цивилизациядагы элдер, ал тургай, алгачкы уруулук түзүлүш доорунда жашаган көп сандаган уруулар киришкен. Алып айтсак, Египет, Иран, Индиянын жарымы өңдүү эң байыркы заманда түзүлгөн мамлекеттер кирген. Мына ушул коомдук өнүгүү деңгээлдери ар түрдүү, өздөрүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөгү маданияты болуп, ар башка тилдерде сүйлөшкөн элдер исламдын жана араб өкүмдарларынын бийлиги астында бириктирилген. Ошентип, ар түрдүү элдердин маданияттарынын өз ара жуурулушунун жана иргелишинин натыйжасында Араб халифтигинде өзүнчө бир маданият калыптанып, **араб-ислам цивилизациясы** жаралган. Ар түрдүү маданий агымдарды өзүнө сиңирип алып, араб тили жана ислам дини менен жуурулуштурулган бул жаңы цивилизациянын маданий деңгээли ал кезде батыш европалык маданияттан алда канча жогору болгон.

Алгачкы төрт халифти араб ак сөөктөрү өздөрү шайлап алышкан же улам кийинкиси мурунку халиф тарабынан дайындалган. Араб-ислам цивилизациясынын жаралышына башат болгон алгачкы араб чапкындары мына ушул халифтер Абу-Бакр (632–634-жж.), Омор (634–644-жж.), Осмон (644–656-жж.) жана Омейлер династиясынын халифтеринин (661–750-жж.) тушунда жүргүзүлгөн. Омейлердин тушунда халифтиктин борбору Сириядагы Дамаск шаарына көчүрүлгөн.

Византия менен Персиянын ортосундагы көп жылдык согуш арабдардын жеңиштерине өбөлгө болгон, анткени ал өлкөлөрдүн жана алардын айланасындагы башка мамлекеттердин калкы исламды кабыл туткандар үчүн салык өлчөмдөрүн жеңилдеткен арабдарды боштондукка чыгаруучулар катары кабыл алышкан.

Таланып-тонолгон жана бири-бири менен жоолашып келген мамлекеттердин бирдиктүү бир мамлекетке бириктири-

лиши Азия, Африка жана Европа элдеринин экономикалык жана маданий жактан жалпылануусуна өбөлгө болгон. Араб халифтигинин аймагында грек-римдик, ирандык жана индиялык маданиятты өзүнө сиңирген маданият тездик менен өнүгө баштаган. Европа Чыгыш элдеринин маданияты менен, өзгөчө так илимдер – математика, астрономия, география ж. б. илимдер жаатындагы жетишкендиктер менен мына ушул арабдар аркылуу таанышкан.

750-ж. Араб халифтигинин чыгыш бөлүгүндө Омейлердин династиясы кулатылып, бийликке Мухаммед пайгамбардын агасы Аббастын династиясы келген. Алар мамлекеттин борборун Багдад шаарына көчүрүшкөн. Ал эми халифтиктин батыш бөлүгүндө Аббастардын династиясын таанып-билгиси келбеген Омейлердин тукуму бийлик жүргүзүүнү уланта беришкен да, борбору Кордова шаары болгон Кордова халифтигин түзүшкөн.

Араб халифтигинин минтип экиге бөлүнүшү майда араб мамлекеттеринин түзүлүшүнүн башталышы эле. Андай майда мамлекеттерди *эмирлер* башкарып турган.

Аббастардын халифтиги Византия менен тынымсыз согуш жүргүзүп келген. Ал эми 1258-ж. араб аскерлери моңголдордун кыйраткыч чапкынына кириптер болуп, алар Багдадды басып алгандан кийин Аббастардын мамлекети кыйраган.

Испаниядагы Омейлердин халифтиги да улам алсырап, аймагы барган сайын тарый баштаган. Уруулар ортосундагы чырчатактардан улам Кордова халифтиги XI к. майда мамлекеттерге бытырап бөлүнүп кеткен. Испаниянын түндүгүндө пайда болгон христиан мамлекеттери: Леон-Кастил, Арагон, Португалия королдуктары мына ушундай жагдайдан пайдаланып, бул жарым аралды арабдардан бошотуп алуу күрөшүн – **реконкистаны** башташкан. Алар 1085-ж. Таледо шаарын, 1147-ж. Лиссабонду ээлеп алышкан, ал эми 1236-ж. болсо Кордова шаарын багындырышкан. Ошентип, Пиреней жарым аралындагы акыркы араб мамлекети – Гранада эмирлиги – 1492-ж. чейин өкүм сүргөн. Анын кулашы менен Араб халифтигинин мамлекет катары тарыхы бүтөт.

Араб халифтиги арабдардын бүткүл мусулмандардын үстүнөн болгон руханий башкаруу институту катары 1517-ж. чейин өкүм сүргөн. Ушул жылы бул вазийпа соңку халифтик – бүткүл мусулмандардын руханий өкүмдары жашаган Египетти басып алган түрк султанына өткөн.

Бардыгы болуп алты кылымга созулган Араб халифтигинин тарыхы өтө татаал, көп кырдуу тарых болгон, ошол эле

учурда жер жүзүндөгү адамзат коомунун эволюциясына олуттуу из калтырган. Мамлекеттин экономикалык абалын, элдин жашоо-турмушун жакшыртууну көздөгөн араб халифтери жаңы диндин – ислам дининин туусу астында каапырларга каршы ыйык согушка аттанышып, улам жаңы жерлерди каратып алуунун натыйжасында Араб халифтигин зор империяга айландырышкан. Сан түркүн элдердин маданий баалуулуктарына сугарылган араб-ислам цивилизациясы бүтүндөй орто кылымдар доорунда Батыш Европанын руханий турмушуна зор таасир берип турган.

### Суроолор:

**1.** Араб урууларынын биригишинин жана исламдын жаралышынын экономикалык жана социалдык өбөлгөлөрү кайсылар? **2.** Мухаммед пайгамбар ким болгон? **3.** VII–IX кк. арабдар кайсы өлкөлөрдү басып алышкан? **4.** Араб халифтиги кайсы жылдарда өкүм сүргөн?

## § 18. Орус жерлеринин феодалдык бытырандылыгы. Алтын Ордо үстөмдүгү. Москванын жогорулашы

**Орус дөөлөтү.** «Рустун», «Орус жеринин» түзүлүшү жана ушул мамлекетти түзгөн «рос», же «орус» элинин калыптанышы менен чыгыш славяндарда мамлекеттин калыптануу этабы аяктаган. Орустар жөнүндө алгачкы маалыматтар ар кайсы булактарда б.з. VI к. тартып пайда боло баштаган. Сириялык араб жазуучулары Днепр боюнда жашаган «рос» деген эл жөнүндө жазышкан.

Чыгыш славян урууларынын поляндар баштаган түштүк бөлүгүнөн куралган Орус мамлекети түзүлгөн убакта түндүк бөлүгүнүн Новгороддун айланасындагы биригүү процесси жүргөн. Бул процесс чыгыш славяндардын түштүк жана түндүк бөлүктөрүнүн борбору Киев болгон бир мамлекетке биригишине алып келген. Мына ушундай кырдаалда Новгороддон Русту башкаруучу династиянын **Рюрик** аттуу даңазалуу уруу жол башчысы чыккан. Рюриктин князь болушу менен славяндардын уруулук чыр-чатактары жана өз ара чабыштары тыйылган. Ал эми Рюриктен кийин бийликке келген князь **Олег** түштүккө карай жортуул уюштуруп, акыры Киевди басып алат да, Киев князьдары Аскольд менен Дирди өлтүрүп, бириккен Орус мамлекетинин борборун Киев шаарына котороттот. Ошентип, летописте 882-ж. менен белгиленген бул дата Байыркы Орус мамлекетинин түзүлүшү катары эсептелинет.

**Киев Русу. Феодалдык мамилелердин өнүгүшү.** Жаңы мамлекеттин чек арасынын айрым бөлүктөрү түштүгүндө – Кара (Орус) деңизине чейин, ал эми түндүгүндө – Балтика (Варяг) деңизине чейин жеткен. Киев «орус шаарларынын энеси» катары эсептелгендиктен жана борбору болгондуктан, бул жаңы дөөлөт *Киев Русу* деп аталган.

IX–XI кк. Киев Русунун чек аралары арымдуулук менен кеңейип жүрүп отуруп, «Орус жери» мамлекетинин аймагы турукташа баштаган. Айрым маалыматтар боюнча, Киев Русунун калкы болжол менен 4,5 *млн* адамды түзгөн. Алар 1,1 *млн* чарчы *км* аймакта жашаган. Славян калкынын негизги кесиби дыйканчылык болгон. Андан тышкары алар малчылык, аңчылык, балык уулоочулук жана бал челекчилик чарбасын жүргүзүшкөн.

Славяндарда жер негизги өндүрүш каражаты болгон. Жер ээлери кандаш туугандык эмес, коңшулук байланышка негизделген жамааттар – *вервдер, задругалар* – болгон. Вервь – жалпы жыйын (вече) жана шайланма аксакалдар кеңеши башкарган аймак бирдиги. Бир нече ушундай жамааттар *волостту* түзгөн. Жамаат дыйкандары – *смерддер* – айдоо жерлерине эле эмес, жайыттарга, токойлорго, шалбааларга жана көлмөлөргө да ээ болушкан.

Киев Русунда феодалдык мамилелердин өнүгүшүнүн баштапкы этабында (IX–XI кк.) түздөн-түз өндүрүүчүлөр мамлекеттик бийликке баш ийип турушкан. Алар мамлекеттик казынага *акчалай* жана *натуралай алым* төлөшчү. Аларды княздык дружина кыдырып чогултуп кетчү. X к. ортосунан княэь айым **Ольганын** (945–964-жж.) «Уставдары» боюнча алымдардын өлчөмү, мөөнөтү жана жыйыла турган орду (погост, стан) аныкталып катталган. Алым чогулткандыгы үчүн княздык желдеттер, ак сөөк дружиначылар акы алышкан. Мына ошентип, *алымга карата укук Киев Русундагы вассалдык мамилени тастыктаган.*

Киев Русундагы феодалдык мамилелердин андан кийинки этабында, т.а. XI к. жеке ири жер ээлиги – *вотчина* – пайда болуп, өнүгө баштаган. Боярдык вотчиналар жамааттардан вотчиначылардын бөлүнүп чыгышы менен, княздык чечим же жерди жамааттардан сатып алуу жолу менен, же болбосо, жамааттык жерди күч менен тартып алуу аркылуу пайда болгон. Баарынан мурда отурукташкан княздын дружиначылары вотчиначыларга айланышкан. Ал эми жумушсуз калган смерддердин жарым-жартылайы жер ээлерине көз каранды абалда

калышкан. Алар *закуптар* – жерди иштетүүгө процент менен карызга алган адамдар, *рядовичтер* – князь же боярлар менен кызмат өтөө келишимин (ряд) түзгөн адамдар болгон. Вотчинадагы керт башы көз каранды адамдарга юридикалык жактан укуктары жок кызматчы-кулдар – *холоптор* жана *челяддар* кирген. Вотчиналык чарбаны княздык же боярдык администраторлор – *огнищандар, тиундар* жана *ключниктер* тейлеген. Боярлар княздын кызматчылары (вассалдары) болгону менен, алардын өз дружиналары болгон, ошондой эле иммунитет укуктарынан пайдаланышкан, т. а. алардын вотчиналары княздык сотко баш ийген эмес, салыктарды да өз эркинче чогултушкан. Арийне, боярлар мамлекетти башкарууда башкы ролду ойношкон.

**Саясий түзүлүшү жана тышкы саясаты.** Киев Русу толук борбордоштурулбаган алгачкы феодалдык мамлекет болгон. Аны улуу князь башкарган. Башкаруудагы башкы милдет мамлекеттик төлөмдөрдү, соода-сатык жана сот айыптарын (вир) чогултуу болгон. Киев Русунун саясий түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү дружиналардын болгондугунда жана алардын саясий ролунда эле. Дружиналар мамлекеттин куралдуу күчтөрү эле эмес, саясий башкаруу органы да болгон. Дружиналык уюмдун өздүк ички иерархиясы болгон: жогорку катмарын – *«аксакалдар дружинасы»* (боярлар), ал эми төмөнкү катмарын – *«жаштар дружинасы»* (отроктор, уландар) түзгөн. Улуу князь дружинасы менен бирдикте согуш ачуу, тынчтык келишимин түзүү, соттоо жана ушул өңдүү эң маанилүү мамлекеттик маселелерди чечкен. Киев Русунун башкы саясий органы болгон *княздык кеңешке* дружинанын төбөлдөрү жана жергиликтүү ак сөөктөр кирген. Бул кеңеш башкы орган болгону менен, андан башка дагы *вече* – элдик жыйын – бар болчу. Анын курамына «түбөлүктүү адамдар» – боярлар, дин кызматкерлери, көпөстөр, шаардыктар же айыл тургундары кирген. Вече согуш жана тынчтык маселесин чечкен, мыйзам чыгаруу иштерин жүргүзгөн, княздар менен келишим (ряд) түзгөн, а эгерде ал келишимдин шарттары аткарылбаса, аларды вечеден чыгарып салышкан. *Тупкулугу уруулук түзүлүштөн бери келаткан вече байыркы орус элинин саясий жигердүүлүгүнүн жогорку көрүнүшү болуп саналган.*

Киев Русу Чыгыш Европадагы эң ири дөөлөт болгон. Анын Балтика, Кара жана Каспий деңиздерин байланыштырып турган суу жолдору тышкы саясатына олуттуу өбөлгө болгон. Киев дружиначыларынын катары скандинавиялыктар менен толук-

талып турган. Хазария аркылуу болсо Орто Азия өлкөлөрүнө соода жолдору кеткен. Ал эми Византия Киев Русунун тарыхына өзгөчө таасир эткен. Анткени Кара деңиздин жээктерине чыгуу Киев мамлекетине экономикалык да, саясий да артыкчылыктарды берген. Күч-кубаттуу славян мамлекетинин түзүлүшү Византиянын Кара деңиз боюндагы ээликтерин коптондура баштаган. Мына ошол негизде Византия менен Рустун ортосунда согуштук кагылыштарга алып келген тирешүүлөр болуп турган.

**Русту чокундуруу.** Киев Русунун Византия менен саясий алакасына байланыштуу христианчылыкты кабыл алган. 988-ж. император Василий II Владимир Святославичке Кичи Азиядагы козголоңду басууга жардам берүүсүн өтүнүп кайрылган. Ал үчүн князь Владимир императордон анын карындашы Аннаны зайыптыкка беришин талап кылган. Бул нике Киев князынын христианчылыкты кабыл алышын туюнтмак жана Рустун эл аралык аброюн шексиз түрдө арттырмак. Убада боюнча алты миң кишиден турган орус кошууну козголоңчуларды талкалоого катышат. Бирок, император убадасынан тайып, княздын талабын орундатпай коёт. Ошондо Владимир Византиянын Крымдагы ээлигинин борбору Корсунду (Херсонес) басып алат. Киев Русунун саясий күч-кубатын тастыктаган ошол окуядан кийин князь Владимир чокундурулуп, византиялык принцессага үйлөнөт. Кайтып келген соң, ал киевдиктерди чокундуруп, бул жаңы дин бүткүл Руска жайылтылат.

Натыйжада Константинополь патриархиясына баш ийип турган орус метрополиясы түзүлөт. Бул бирдиктүү бир динге жана жалпы мамлекеттик идеологияга муктаж болуп турган жаш орус мамлекети үчүн прогрессивдүү көрүнүш эле. Христианчылыктын мамлекеттик дин катары кабыл алынышы Байыркы Рустун биримдигин чыңдаган жана эзелки цивилизациянын мураскору болгон Византиянын жогорку маданиятынан пайдаланууга жол ачкан. Владимир Святославичтин мезгили менен Киев мамлекетинин калыптануу доору аяктаган.

**Үлүштөргө бытыроонун башталышы. Акылман Ярослав. «Орус правдасы».** XI к. байыркы орус мамлекетинин өнүгүүсүндөгү маанилүү чек болуп калды. Облустарга бөлүнүү үчүн ыңгайлуу шарттар ушул мезгилде түзүлө баштаган. Шаарлардын жана жер-жерлердеги феодалдык вотчиналык ээликтердин өсүшү жаңы саясий бытырандылыктын башталышын билдирген. Киев Русунун кулоосунун алгачкы белгилери Вла-

димирдин княздык кылуу мезгилинин соңунда пайда боло баштаган. Ал Киев менен көз карандысыздыкка умтулган Новгороддун ортосундагы тирешүүлөрдөн көрүнөт. 1015-ж. Владимир дүйнөдөн кайткандан кийин анын ар кайсы аймактарды башкарып турган көп сандаган уулдарынын ортосунда өз ара чыр-чатактар башталган.

Мына ошол өз ара жаңжалдашуулардын кезинде княздар Руска бирде печенегдерди, бирде поляктарды, бирде варягдардын жалданма дружиналарын алып келип турушкан. Натыйжада Византиянын макулдугу менен «цесарь» титулуна ээ болгон *Акылман Ярослав* (1019–1054-жж. башкарган) жеңип чыккан. Киев Русунун гүлдөп-өнүгүү доору, чиркөөлөрдүн курулушу, китептердин которулушу жана басылышы, мыйзамдардын эң байыркы жыйындысы – «Орус правдасынын» түзүлүшү дал мына ушул Акылман Ярославдын ысымы менен тыгыз байланыштуу. Жергиликтүү борборлорго айрым бийликтерди берүү менен, Ярослав мамлекеттин биримдигин убактылуу гана токтотуп тура алган. Арийне, ал кулоо тенденциясынын күчүн оздуктоого алы жетпестигин моюнга алган да, Рустун аймагын уулдары Изяславга, Святославга жана Всеволодго бөлүштүрүп берген.

Княздар өз ара мамилелерин аныктап алуу максатында 1097-ж. Любечеде жалпы съезд чакырышып, ар бир князь өз ээлигин бекем кармоого жана чыңдоого тийиштиги жөнүндө чечим кабыл алынат. Бул Киев княздарынын жеке бийлигинин кулоосун билдирген жана жергиликтүү феодалдык борборлордун автономиясын тааныган княздардын ортосундагы мамиленин жаңыча принциби болгон. Ошентип, XII к. ортосунда Чыгыш Европада күч-кубаты жана мааниси ар кандай бир катар феодалдык мамлекеттер түзүлгөн.

**Рустун феодалдык бытырандылыгы жана анын өзгөчөлүктөрү.** XII к. ортосуна карата Киев Русунун биротоло кулашы байыркы орус мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүндөгү эле жаңы этаптын башталышын эмес, бүтүндөй чыгыш славяндарынын тарыхындагы жаңы мезгилдин башталышын билдирген. Орустардын феодалдык бытырандылыкка өтүшүн жалпысынан феодалдык мамилелердин калыптанып бүтүшү жана бышып жетилүү стадиясына өтүшү катары кароого болот.

Рустагы феодалдык бытырандылык мезгилдин дагы бир маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – анын моңгол-татар чапкынына туура келип калгандыгы. Бул орус жерлеринин ого бетер алсыратып жана бүлүндүрүп, бирдиктүү мам-

лекеттүүлүктүн калыптанышын дагы бир нече жүздөгөн жылдарга кечеңдеткен.

XII к. – XIII к. биринчи жарымында Рустун көптөгөн борборлору бар жаңы саясий картасы түзүлгөн. Орус жерлеринин кийинки өнүгүшүндө Киев, Чернигов, Түндүк, Полоцк, Смоленск, Владимир-Суздаль княздыктары, Галиция-Волынь жери жана Улуу Новгород бир кыйла маанилүү ролду ойношкон.

**Алтын Ордо үстөмдүгүнүн орношу.** XIII к. башы дүйнө тарыхындагы маанилүү чек болуп саналат. 1206-ж. Борбордук Азияда Чыңгыз хандын зор империясы түзүлүп, бүткүл Азияны, Европанын көптөгөн өлкөлөрүн, анын ичинде Русту да басып алган моңголдордун улуу чапкынынын доору башталган. Ошол моңгол-татарлар менен Русь биринчи жолу 1223-ж. Калка суусунун боюнда кагылышып, орус аскерлери жеңилип калган. Бири-бири менен жоолашып турган бытыранды орус княздыктарынын аскерлеринин таш-талканын чыгарган моңгол-татарлар кандай пайда болушса, дал ошондой күтүүсүздөн кайтып кетишкен. Чыңгыз хандын небереси Батый хан 1237–1239-жж. орус жергесине сокку урган жаңы жортуулду жүргүзгөн. Рустун Рязань, Коломна, Владимир, Москва өңдүү бай шаарлары таланып-тонолуп, талкаланып, өрттөлгөн. 1239–1241-жж. Батый хан Руска каршы экинчи жортуулунда түштүктөгү Киев, Чернигов, Галицкий-Волынь княздыктарынын таш-талканын чыгарган.

Батый хандын жеңилбес армиясынын кызыл кыргын салган чапкынынан кийин Руста моңгол-татар үстөмдүгү орногон. Ал Моңгол империясынын XIII к. 60-жж. өз алдынча мамлекет болууга жетишкен батыш улусу Алтын Ордонун аталышы боюнча алтын ордолук үстөмдүк деп аталган. Орус княздыктары түздөн-түз Алтын Ордонун курамында болгон эмес. Алар Алтын Ордо ханына вассалдык түрдө баш ийишкен да, алым төлөп турушкан.

**Түндүк-батыш чектерди коргоо.** XIII к. Рустун түндүк-батыш чек араларында коркунучтуу жаңы душман пайда болгон. Алар Тевтон жана Ливон ордендерине биригишкен немец кресттүүлөрү эле. Ватикан колдоп турган рыцарлар Рустагы оор абалдан пайдаланып калууга умтулушкан. Швециянын агрессивдүү саясаты да күчөп, 1240-ж. Нева суусунун деңизге куя беришиндеги жерге швед аскерлери түшүрүлөт. Аларды 19 жашар новгороддук князь Александр Ярославич баштаган орус кошууну талкалап салган. Ошол жеңиши үчүн Александр Ярославичке *Невский* деген даңазалуу наам ыйгарылган.

1240–1242-жж. Новгород аймагына кресттүүлөрдүн масштабдуу чабуулу жүргүзүлгөн. Алар Новгород жергесинин эң ири борбору болгон Псков шаарын басып алышкан. Ошондо баягы эле эр жүрөк Александр Ярославич немец рыцарларын Новгород жергесинен сүрүп отуруп, 1242-ж. апрелде Чуд көлүндөгү муз үстүндө кыйраткыч сокку урган. Орус жергесине түндүкбатыштан болгон коркунуч ушундайча майтарылып, орус элинин этностук биримдиги жана көз карандысыздыгы сакталып калган.

**XV к. борбордошкон Москва мамлекети. Иван Калита.** XIV к. башынан тартып Тверь жана Москва княздыктары Владимир княздыгы үчүн күрөш башташат. Салыштырмалуу түрдө жаш болуп эсептелинген бул княздыктар Түндүк-Чыгыш Рустун батышында жайгашкандыктан Алтын Ордодон кыйла алыс эле. Тверь жана Москва өз алдынча саясий күчтөр катары XIII к. экинчи жарымында пайда болушкан.

Москва княздыгы XIII к. 70-жж. пайда болгон. Адегенде бул аймак Александр Невскийдин кенже уулу Даниилдин чакан ээлиги болчу. Даниил княздыктын ээлигин кыйла кеңейтип алганы менен, улуу княздык жарлыгын алууга жетишпестен, 1303-ж. дүйнөдөн өтүп кеткен. Анын мүдөөтилегин уулу Юрий Даниилович (1303–1325-жж.) ишке ашырган. Москва менен Твердин тирешүүсүндө эки саясий багыт: батышка, «немецтерге» таянуу менен (Твердин саясаты) татарларга каршылык көрсөтүү саясаты жана Алтын Ордонун күчкубатын саясий жактан күчтөнүп алуу үчүн колдонуу саясаты (Москванын саясаты) кагылышкан. Алар бирде жеңилип, бирде жеңип, болжол менен 10 жылдай тирешип турушкан. Алтын Ордо болсо бирде Москваны (1317–1322-жж.), бирде Тверди (1322–1326-жж.) колдогон. 1327-ж. ордолук элчи Чолхандын желдеттеринин оюна келгендей опузасынан улам чыккан көтөрүлүш саясий бурулуштун башаты болуп калган. Тверь князы Александр Михайлович көтөрүлүшчүлөрдү жактап чыккан. Ал эми Москва князы Иван Даниилович (1325–1340-жж.) бул окуяны өз таламы үчүн пайдаланып кеткен. Ал дароо Ордого жетип, жазалоочу кошуун менен кайтып келет да, Тверь княздыгына сокку урат. Ошондо Москванын атаандашынын шаабайы сууй түшөт, ал эми Иван Даниилович хандын ишенимине ээ болот. Бул аракети үчүн ал улуу князь титулун алат жана Алтын Ордону алым чогултуу укугун берүүгө макулдатат. Бул жаңы милдет Москвага кыйла пайда алып келип, Алтын Ордого берилүүчү алымдын көпчүлүгү княздыктын казынасына түшө баштайт. Иван Данииловичтин *Калита*

(калта, капчык) атка конушу да ушундан улам. Москванын алым чогултуу укугуна ээ болушунун саясий мааниси да бар. Ошондон баштап Москва князынан башка княздардын баары Ордо менен байланышуудан четтетилип, Москвага көз каранды болуп калышкан. 1326-ж. тартып митрополиттер Москвага көп каттай башташат да, бара-бара ал Рустун саясий жана диний борборуна айланып кетет.

**Куликов салгылашы.** Рустагы биригүүдөн айырмаланып, XIV к. экинчи жарымында Алтын Ордодо феодалдык бытырандылык башталган. Анткени анын айрым аймактарынын өз алдынчалуулугу күч алып, хандык бийликтин мааниси төмөндөгөн. Ошондон улам Алтын Ордонун аскердик дарамети да алсырап, эл аралык кадыры кете баштайт. Орус жерлерин боштондукка чыгаруу үчүн күрөшкө чыгууга ыңгайлуу кырдаал түзүлгөн. 1380-ж. 8-сентябрда Непрядва суусунун Дон дарыясына куя бериш жериндеги Куликов талаасында чечүүчү салгылаш болот. Мына ушул талаада көптөгөн княздыктардан топтолгон кошуундардан турган орус аскерлери Мамайдын колунун таш-талканын чыгарган. Ошол доордун замандаштары Куликово салгылашын «Мамай кармашы» деп аташкан. Бул жеңиш Дмитрийге *Донской* деген ардактуу наамды берген. Ал ушул наам менен тарыхта калган.

### Суроолор:

**1.** Киев Русу мамлекети качан жана кантип түзүлгөн? **2.** Христианчылыкты кабыл алуунун себеби эмнеде? Анын Киев Русунун тарыхында мааниси кандай болгон? **3.** Киев мамлекетинин саясий бытырандылыгынын себептери кайсылар? **4.** Алтын Ордонун үстөмдүгү астында калган орус княздыктары кандайча өнүккөн? **5.** Орус жерлерин бириктирүү процессине эмне үчүн Москва жетекчилик кылган?

## § 19. Борбордук жана Орто Азия орто кылымдарда

**Борбордук жана Орто Азияны мекендеген элдер.** Орто Азия жана Түштүк Сибирь аймагында б. з. ч. 2- жана 1-миң жылдыктарда неолиттик жана энеолиттик дыйкан жана малчы этностук коомдоштуктар жашаган. Б. з. ч. 1-миң жылдыкта Борбордук жана Орто Азия аймактарын түрк тилдүү көчмөн уруулар – сактар жана массагеттер – мекендеген. Мына ошол массагеттер менен кармашта перс падышасы Кир II набыт болгон. Сактар менен массагеттерден түндүгүрөөктөгү азыркы Кыргызстандын, Казакстандын жана Алтайдын аймактарында көчмөн уруулар жердеген.

Александр Македонскийдин баскынчылык жортуулдарынын кесепетинен Орто Азиянын жарымы анын империясынын курамына кирип, Македонский дүйнөдөн өткөндөн кийин анын империясынын урандыларында жаралган Бактрия жана Парфия мамлекеттеринин курамында калган. Бул, албетте, региондун өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Өзгөчө соода-сатык байланыштарга ээ чөйрөлөр тез өнүккөн. Орто жана Борбордук Азиянын көчмөн уруулары, алардын ичинде хунндар (гунндар) жана юэчжи (кушандар) региондун батышындагы эллин дүйнөсү жана чыгыш тарабындагы Кытай мамлекети менен соода-сатык жана маданий байланышта болушкан. Улуу Жибек жолунун ачылышы менен цивилизациянын эки очогунун – Жакынкы Чыгыш менен Ыраакы Чыгыштын ортосундагы байланыш кескин түрдө чыңдалган, ал эми Борбордук жана Орто Азия регионундагы уруулар ошол соода-сатык жана маданий алакалардын натыйжасында дүйнөлүк цивилизациялардын жетишкендиктерин өздөрүнө сиңирип алып турушкан. Соода жолунун тоомунда жайгашкан айыл-кыштактар өтө тез өнүгүп, урбанизм белгилери даана байкалган шаар-мамлекеттерге жана протомамлекеттерге айланышкан. Алар: Кашкар аймагы, Фергана өрөөнү жана Хорезм жергеси.

Орто Азиядагы алгачкы мамлекеттик түзүлүш *Кушан падышалыгы* болгон. Ал биздин замандын башында Түндүк Индияны, Афганстанды жана Орто Азиянын бир аз аймагын камтыган. Бул падышалыкта кол өнөрчүлүгү жана соода-сатыгы мыкты жүргөн шаарлар өнүккөн. Кургакчыл келген айдоо аянттарынын түшүмдүүлүгүн арттырууга багытталган сугат иштерине өзгөчө көңүл бурулган. Ошондой эле буддалык темадагы рельеф жана скульптура өнөрү (гандхар стилиндеги) гүлдөп өнүккөн. Арал боюндагы Хорезм жергеси болсо Ахеменилердин доорунда эле өзүнчө сатраптык болгон. Эми ал да Кушан падышалыгынын курамында болуп калган. Ал эми падышалык кулагандан кийин Хорезм өз алдынча өнүккөн.

**Түрк кагандыктары.** Борбордук Азиянын ушул доордогу ири мамлекеттеринин катарына Түрк кагандыгын кошууга болот. Анын пайда болушу кийин бытырап бүлгүнгө учураган түрктөрдүн этностук жалпылыгынын түзүлүшү менен тыгыз байланыштуу. Ал тууралуу ар кандай уламыштар айтылган. Арийне, тарых чындыгына келсек, б. з. 1-миң жылдыгынын ортосунда бир катар этностук топтордун жана протомамлекеттик түзүлүштөгү уруулардын (ирандыктар, тохарлар, аварлар, ашина-хунндар, огуз-телелер) аралашуусу-

нун натыйжасында Жуңгария жергесинде жана Монголиянын түндүк-батышындагы аймактарда түрктөрдүн жаңы этностук жалпылыгы пайда болуп, өтө тездик менен өскөн жана өз мамлекетин түзгөн. 551-ж. түрктөрдүн жол башчысы каган титулун алган да, өз ээлигин ыкчамдык менен кеңейте баштаган. Анын мураскорлору да ошол саясатты улантышкан. Ошентип, VI к. соңуна карата Түрк кагандыгы аймактагы күч-кубаттуу мамлекетке айланган. Анын кубаттуулугун ошол кездеги эң гүлдөп өнүккөн Кытай империясы (Сун жана Тан династиялары) да моюнга алган.

VI–VII кк. чегинде Түрк кагандыгы Чыгыш-Түрк кагандыгына жана Батыш-Түрк кагандыгына бөлүнүп кеткен. Кийин экөө тең Кытай империясына көз каранды болуп калган. VII к. соңунда жана VIII к. алар Кытайга көз карандылыктан бошонуп, мурдагыдан да чың *Экинчи Түрк кагандыгы* түзүлгөн. Анын мынчалык чың болушуна Кытай империясынан алган тажрыйбалары өбөлгө болгон. А бирок VIII к. Экинчи Түрк кагандыгын уйгурлар басып алып, IX к. чейин бийлеп турган. Уйгурларды кыргыздар талкалагандан кийин, түрктөр Чыгыш Түркстанды көздөй ооп кетишип, азыркы мезгилге чейин ошол аймакта жашашат.

Алгачкы түрк мамлекеттеринин узакка өкүм сүрө албастыгы мыйзам ченемдүү көрүнүш эле. Анткени түрктөр кайсы бир аймакка биротоло отурукташып калууга умтулушкан эмес. Тескерисинче, алар жарым көчмөндүк жашоо ыңгайында кала беришкен да, улам батышты көздөй жылып, түшүмдүү жана жайыттуу жерлерди ээлешип, коңшу элдерди өзүнө ассимиляциялаштырып, өтө жай, бирок ойдогудай орун которуштуруп жүрүп отурушкан. VI к. ортосунда түрктөр Уралга жана Волга боюна чейин жетишкен. Сасани Ираны менен согушкан. Ошентип отуруп, акырындык менен Орто Азиянын батыш тарабына, ал тургай, Европанын чыгыш бөлүгүнө бек отурукташып туруп калышкан. Ал эми алардын чыгыштагы (Орто Азиядагы) мекенинде салыштырмалуу түрдө өтө аз сандагы түрктөр калган.

Бул мезгилде Орто Азиянын түштүк аймактарында мурдагыдай эле байыркы иран тилдүү этностук жалпылыктар жана мамлекеттик түзүлүштөр басымдуулук кылган. Алардын көпчүлүгү Араб халифтигинин курамына кирип, исламдаштырылса да, өз алдынчалыктарын сактап калышкан. IX к. аягында кулап калган Араб халифтигинен бөлүнүп чыккан *Самани эмирлиги* түзүлгөн. Анын борбору Бухара шаары болгон.

Самани эмирлиги Орто Азиянын түштүк тарабындагы тартылуу борбору эле. Аму-Дарыя менен Сыр-Дарыя аралыгында жайгашкан Мавераннахр аймагы Самарканд, Бухара, Кожент шаарлары менен кошо, ошондой эле Хорезм жана ирандык Хорасан мына ушул эмирликтин курамына кирген. Эмирликте расмий араб тили басымдуулук кылганына карабастан, жашоо-тиричиликте дари, перс жана түрк тилдери да колдонулган. Бухара жана өзгөчө Хорезм шаарлары Индия, Кытай, Киев Русу өңдүү көптөгөн мамлекеттер менен соода-сатык иштерин жүргүзүп, даңазасы арткан. XI к. башында исламдашкан түрктөрдүн (түбү Карахани мамлекетинен чыгышкан кашкарлыктар), андан кийин көчмөн өгүз-селжуктардын кысымы астында Самани эмирлиги кулап калган. Селжуктар акырындык менен батышты жана түштүк-батышты көздөй жылып отуруп, акыры Багдадга чейин барып, аны басып алышкан. Андан кийин Византияга кысым көрсөтүшкөн. Ушул мезгилде Арал деңизинин аймагында хорезм-шахтар бийлеген көз карандысыз Хорезм мамлекетинин гүлдөп-өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Ошондон тартып дээрлик эки жүз жыл бою Хорезмдин күч-кубаты артып турган. Анын борбор шаары эң ири соода-сатык жана маданий борбору. Үргөнчтө даңазалуу *Ибн Сина* менен *Бируни* жашап, эмгектенишкен.

Тогуз жолдун тоомунда жайгашкан Хорезм Жакынкы Чыгыштын бай өлкөлөрү менен түндүк аймактардагы көчмөн дүйнөнүн табигый ортомчусуна айланган. Хорезмдин ички түзүмү жана башкаруу системасы өнүккөн ислам өлкөлөрүндөгүдөй болгон. Тышкы саясатын ийгиликтүү жүргүзгөндүктөн, ал XI к. сельжуктарга вассалдык көз карандылыктан бошонгон. Атүгүл XIII к. Бухара, Самарканд жана Герат хорезм-шахтарга баш ийип калышкан. Хорезмдин күч-кубаты артып турган ушул мезгилде анын чек ара аймактарында Чыңгыз хандын жоокер моңгол калкынын алгачкы элчилери пайда болгон.

XIII к. башында Чыңгыз хандын атчан аскерлери моңгол талаалары жана чжурчжендер (Цзин) менен таңгуттар (Си Ся) мекендеген Түндүк-Кытай жерлери аркылуу куюндай кайкып өтүп, Орто Азия жергесине басып кирген. Хорезм-шах Мухаммед саясий таасир этүү чөйрөлөрүн бөлүп алып, бири «Чыгыш өкүмдары», экинчиси «Батыш өкүмдары» катары бейкут соода-сатык иштерин жүргүзүүнү сунуштап, Чыңгыз ханга элчи жиберет. Ага жооп иретинде Чыңгыз хан тынчтык келишимин түзүүнү сунуштаганын жана Мухаммедди өз

уулдарынын бири катары эсептей тургандыгын билдирип, өз элчисин жөнөтөт. Ага удаа эле товар жүктөлгөн моңгол кербени келет. Чыңгыз хандын мындай басынткан мамилесине жинденген хорезм-шах кербенчи моңголдорду өлтүрүп салууну буйрат. Мына ошондо моңголдор Хорезмге басып кирип, анын Бухара, Самарканд, Герат жана Үргөнч өңдүү гүлдөгөн шаарларын кыска мөөнөттүн ичинде жер менен жексен кылып, урандыга айландырып салышат. Хорезм-шахтын уулу Желал-ад-дин каршылык көрсөтүүгө аракеттенет, бирок көп өтпөй эле жеңилип калып, набыт болот. Ошентип, Орто Азия узак мезгил бою Чыңгыз тукумундагы моңгол хандары бийлеген Чагатай улусунун үстөмдүгү астында калат.

XIV к. башында Чагатай мамлекетинин борбору Мавераннахр болгон. Бул улустагы моңголдор ислам динин кабыл алышкан, ал тургай, кол өнөрчүлүгү менен кесиптенген соода-сатыктуу шаарларды калыбына келтирүү үчүн көп аракеттерди жасашкан. Кылымдын орто ченинде улус эки хандыкка: Мавераннахрга жана Моголстанга (Чыгыш Түркстан жана Жети-Суу) бөлүнүп кеткен. Моголстандын калкы негизинен көчмөн элдерден турган.

Ошондон көп өтпөй эле Мавереннахрдагы түрктөшүп кеткен моңгол уруусунун бектеринин биринин уулу Темир мыктап машыккан уландардан кошуун курап, Самаркандды басып алып, аны өз ээлигинин борбору деп жарыялайт. Темирдин жарым көчмөн уруулардан турган жоокер аскердик төбөлдөрү согуштук жортуулдарды жана жаңы жерлерди басып алууну көксөп турган. Темир өзүнүн баскынчылык жортуулдарын 1381-ж. Хорасанга каршы багытталган чапкыны менен баштаган. Чаап өткөн жерлердин, айрыкча шаарлардын тыптыйпылын чыгарган Амир Темир (Темирленг, Темирлан, Тимур) тынч жаткан элге ырайымсыздык менен кызыл кыргын салган. Кыска мөөнөттүн ичинде бүтүндөй Орто Азияны жана ага танапташ жаткан жерлерди басып алган. Иранга, Алтын Ордого, Индияга жасаган ийгиликтүү жортуулдары, түрк султаны Баязиддин аскерлерин талкалоосу Темирланды зор империянын катаал өкүмдарына айланткан. Басылып алынган өлкөлөргө жана элдерге ырайымсыздык менен салынган салыктар аларды ого бетер мүңкүрөткөн. Темирлан төгөрөктүн төрт бурчунан мыкты кол өнөрчү усталарды алдырып келип, өзүнүн сүйүктүү калаасы Самаркандды кайрадан курдуруп, тез арада эле гүлдөгөн бай шаарга айландырган.

Тимурдун ээлигинен Осмон империясына тең ата мамлекетти баамдаган Византия ага өз элчилерин жиберген. Миң Кытайынын императору текебердене өзүнүн жогорку даражалуулугун таанууну жана алым төлөөнү талап кылып, элчи жөнөтөт. Муну уккан Темирлан каарданып, Кытайга каршы жортуулга аттанат. Эгерде ошондо Кытайды көздөй жаалданып бараткан Темирлан жолдо набыт болбогондо, кандай заман болуп кетерин ким билет эле. Темирлан көз жумгандан кийин анын империясы укум-тукумдарынын жана уруу башчыларынын ортосундагы бийлик үчүн болгон кандуу чабыштардын натыйжасында көз ачып-жумганчакты бытырап бириндеп кеткен. Самарканд Темирдин уулу Шахрухка тийген. Шахрух уулу *Улукбекти* Самаркандга өкүмдар кылып дайындаган. Улукбек чоң атасы Темирландан таптакыр айырмаланып, андай согушчан, жоокер эмес эле. Улукбек математик жана астроном катары баш-оту менен илимге берилген инсан болгон. Ал Самарканддагы дүйнөлүк маанидеги обсерваторияны курдурган жана анда өзү эмгектенип, астрономиялык таблицаны түзөт.

Улукбек кутумчулар тарабынан өлтүрүлгөндөн кийин Самарканддын таасири бошой баштаган. Эми бул Орто Азия аймагында перс-тажик жери Хорасандын таасири күч алган. XV к. экинчи жарымында бул аймактагы Герат шаарында белгилүү акын жана ойчул *Алишер Навои* жашап өткөн.

XV–XVI кк. чектеринде азыркы Казакстандын Дешт-и-Кыпчак жеринде жана түштүк орус талааларынын аймагында жашаган кыпчактар жана өзбектер Темир тукумдарынын ээликтерине басып киришкен. Алардын жол башчысы *Шейбани хан* 1507-ж. дээрлик бүткүл Орто Азия аймагын басып алган. Ал 1510-ж. Сефеви ханы Исмаил менен кармашта набыт болгон. Ошентип Шейбани мамлекети бат эле кулап калат. Мына ошол учурда Самаркандды Кабулдун өкүмдары, Темирландын урпагы, түбү ферганалык *Бабур* басып алган. Бабур Самаркандга бекемделип алган соң, Индияны көздөй ийгиликтүү жортуулдарын баштаган.

1513-ж. баштап өзбектер Мавераннахрга биротоло отурукташып алышат да, дыйканчылык менен тиричилик кыла башташат. Шейбанинин тукуму болгон өзбектердин мамлекети XVI к. гүлдөп-өнүккөн. Соода-сатыгы жана чарбалык байланыштары чыңдалган, сугат иштери өнүккөн. Алардын тушунда Самарканд жана Бухара баш болгон шаарлардын баары тең мурдагыдай кайрадан гүлдөгөн аймакка айланган. Би-

рок, XVI–XVII кк. бул региондо кайрадан жер бөлүштүрүү саясаты күч алган. Натыйжада **Бухара** жана **Хива** хандыктары өз алдынча мамлекеттик түзүлүштөр катары бөлүнүп чыгышкан. Бир аз кийинчерээк, XVIII к. башында Мавераннахр аймагында **Кокон** хандыгы түзүлгөн. Кокон хандыгына Ташкент чөлкөмү да кирген. Бухара менен Кокондун ортосундагы XVIII, өзгөчө XIX к. согуштар Орто Азиянын бай жергеси менен байланышты, айрыкча соода-сатык алакаларын чыңдоого умтулган Россиянын таасирин арттырууга өбөлгө болгон.

Бухара хандыгы азыркы Тажикстандын жарымынан көбүн ээлеп турган. XVIII к. Бухараны Ирандын Надир-шахы кыска мөөнөткө басып алат. Кокон хандыгы менен согуштук абалда болгондугуна карабастан, хандыктагы дыйканчылык жана соода-сатык иштери өнүгө берген. Бул жерде иран тилдүү *тажиктер* менен түрк тилдүү *өзбектер* бейкуттукта жанаша жашашкан. Хива хандыгында селжук-огуздорго кандаш тууган *түркмөндөр* басымдуулук кылган. Түркмөндөрдүн жарымы Бухара хандыгынын курамына кирген. XVII к. түркмөндөр менен өзбектер Хорезмдеги бийликти талашып, жаатташып чабышып турган. Бул аймактын Россияга канатташ жайгашкандыгынан улам түркмөндөрдүн аны менен байланыштары чыңдалган. Соода-сатык алакалары негизинен Астрахань шаары аркылуу жүрүп турган.

XVIII к. жана XIX к. башында түркмөн жергеси жана Хива хандыгы Россиянын Орто Азиядагы геосаясий таламдарынын чордонуна айланган, ошондуктан бул аймакка дембе-дем ар кандай экспедициялар уюштурулуп, элчилер жиберилип турган. Зарыл учурларда жергиликтүү элдерге Россия тарабынан жардам көрсөтүлгөн. Түркмөндөрдүн айрым топторуна орус жеринин түштүк аймактарына көчүп барууга уруксат берилген.

Азыркы Кыргызстан менен Казакстандын аймагындагы түрк-моңгол уруулары XV к. негизинен Моголстандын аймагына топтолгон. *Кыргыздар* өзүнчө эл катары Теңир-Тоо аймактарында калыптанган. Жуңгариялык ойроттор (калмактар) менен чабышып турган. XVI к. жоокерчилик заманда кыргыздардын басымдуу көпчүлүгү Памир-Алай аймагына жер которуп келип, кийин Кокон хандыгынын курамына кирип калган. Ал эми Шейбани хан баштаган өзбектер түштүк тараптагы дыйканчылыкка ыңгайлуу аймактарга жер которуп кеткенден кийин көп сандаган *казактар* азыркы Казакстандын аймагында жашап калып, Казак хандыгын түзүшкөн. Ка-

зак хандыгы үч жүздөн – Улуу (Жети-Сууга танапташ аймак), Орто (Сыр-Дарыя өрөөнү, Ишим жана Төбөл) жана Кичи (хандыктын батышында жайгашкан) жүздөрдөн куралган. XVII к. ушул жүздөрдүн базасында өз алдынча хандыктар түзүлгөн. Алардын ар бири өз алдынча саясат жүргүзгөнү менен, Цин Кытайынын жана Россиянын геосаясий таламдарына көз каранды болушкан. XVIII к. башында Кичи жүздүн хандары орус букаралыгын алышкан. Андан бир аз кийинчерээк Орто жүз кирген. Улуу жүздү болсо XVIII к. ортосунда Жуңгария менен Кокон хандыгы бөлүп алган. XIX к. биринчи жарымында көпчүлүк казактар Кокондон жана Цин Кытайынан оолактап, Россияны көздөй жер оошturup кетүүнү артык көрүшкөн, себеби бул учурда орус падышалыгы Казакстан жеринде бир топ чептерди, анын ичинде Верный (Алматы) шаарын куруп, таасири күчтүү болуп турган. Ушул мезгилде жуңгар калмактарынын бир бөлүгү моңголдордун, Цин Кытайынын жана казак жүздөрүнүн кысымы астында Волганын төмөнкү агымын көздөй көчүп кетишип, ал жерде Калмак хандыгын түзүшкөн да, ошол эле XIX к. Россиянын курамына киргизилген.

Ошентип, Орто жана Борбордук Азия чөлкөмдөрүн негизинен көчмөн элдер байырлашкандыктан, орто кылымдар доору дээрлик бардык убакта уруулар ортосунда өз ара чабыштар жүрүп турган жоокерчилик заман болгон.

### Суроолор:

**1.** Орто кылымдар доорунда Борбордук жана Орто Азия чөлкөмдөрүн кайсы элдер мекендеген? **2.** Түрк кагандыгы кандай мамлекет эле? Ал эмне үчүн экиге бөлүнүп кеткен? **3.** Хорезм кандай мамлекет болгон? Ал кандайча кулаган? **4.** Борбордук жана Орто Азия чөлкөмүнө Чыңгыз хан баштаган моңгол баскынчыларынын чапкыны кандайча башталган? **5.** Аксак Темир деген ким эле жана ал кандай иштери үчүн тарыхта калган? **6.** Борбордук жана Орто Азия чөлкөмдөрүндө кандай хандыктар болгон?

## § 20. Классикалык орто кылымдардагы Батыш Европа дүйнөсү

**Европа мамлекеттеринин коомдук-экономикалык өнүгүшү.** Классикалык орто кылымдар доорундагы Батыш Европанын экономикасынын негизин мурдагыдай эле агрардык сектор түзгөн. Ага салттуу дыйканчылыктан жана мал багуучулуктан тышкары үй промыселдери, балык уулоочулук, аңчылык кирген. Айыл чарба өндүрүшү негизинен экстенсивдүү жол менен – айдоо жерлеринин аянтын кеңейтүү аркылуу өнүккөн.

Айыл чарбасындагы негизги чарба бирдиги вотчина (поместье) болуп калган. Төрөнүн айдоо аянты жер ээлигинин көп бөлүгүн ээлеген. Чарба жүргүзүүнүн вотчиналык системасы дыйкан чарбаларынын материалдык ресурстарын пайдаланууга негизделген. Дыйкандар төрөнүн жеринде өздөрүнүн эмгек шаймандары жана күч унаалары менен эмгектенишкен.

Батыш Европада шаар куруу процесси X к. жигердүүлүк менен башталып, XII к. 90-жж. чейин созулган. Бул процесс өтө тез темп менен жүргөндүктөн, он жыл ичинде 200 жаңы шаар негизделген.

Шаардык экономиканын негизин өндүрүүчүлөрдүн өздөрүнүн жеке эмгегине негизделген товардык өндүрүш түзгөн. Шаардыктардын экономикалык ишмердиктеринин өндүрүштүк (кол өнөрчүлөр), соода-сатык (көпөстөр) жана тейлөө (юристтер, врачтар, трактирщиктер) чөйрөлөрү корпорациялык принцип боюнча уюштурулган, т.а. өзүнүн кесиптик ишмердигин белгилүү бир корпорациянын мүчөсү гана жүргүзө алган.

**Коомдун социалдык түзүмү.** X–XI кк. бенефицийден феодго (фьеф, лен) – аскердик же административдик кызмат өтөгөндүгү үчүн берилүүчү мурастык жер ээлигине өтүү мезгили аяктаган. Феод берүүчү адам – *сеньор,* жер алуучу болсо – *вассал* деп аталган.

X к. асылзаада сословиенин *консолидациялануу процесси* өтө тез темпте жүргөн. Анын натыйжасында *майорат* укугу *боюнча жер алалбаган ортончу жана кенже уулдарына ата титулу мурасталган.* Рыцарь болуу аземин өткөрүү да иретке келтирилген. XII к. тартып аны король жана анын түздөн-түз вассалдары, ал эми XIII к. баштап король гана өткөрө алган.

Дыйкандар феодалдык милдеткердигине жараша бир нече категорияга бөлүнгөн. Ошого жараша алардын керт башынын эркиндигинин да өлчөмү аныкталган. Жалпы дыйкандардын 30–40%ин түзгөн керт башы көз каранды дыйкандар башкалардай эркин боло алган эмес.

Шаарлардын кеңейиши менен, ошондой эле феодалдын бийлигинен бошонгон же королдук бийликтен өз алдынча башкаруу укугун сатып алышкан шаарлардын пайда болушу менен *бюргерлер сословиеси* калыптанган. Бюргер шаар артыкчылыктарынын баарына ээ болгон: шаарда жашоого укуктуулук, шаардык өз алдынча башкаруу органдарына катышуу, үйлүү болуу. Ал шаар төлөмдөрүн, алык-салыктарды төлөөгө милдеттүү болгон.

Орто кылымдардагы батыш европалык контекстте «феодализм» термини *биринчиден,* жер үлүшүн аскердик же административлык кызмат үчүн мурастык ээликке берүүгө, *экинчиден,* коомдун жогорку бөлүгүн субинфеоддоштуруу процесси аркылуу бир тутумга бириктирип, иерархиялык байланышты орнотууга негизделген үстөмдүк системасын билдирет.

Батыш Европа XIV к. абдан коркунучтуу демографиялык алааматка – өпкөдөн кагынуу эпидемиясына кабылып, 1348–1349-жж. калкынын үчтөн биринен жарымына чейин кырылып калган. Калкынын ушунчалык азайып кетишинен улам агрардык экономикадагы көп жумушту талап кылган вотчиналык чарба бүлүнө баштаган. Дыйкан үлүштөрүнүн жыбырап жайнап кетишинен улам төрөлөрдүн айдоо жерлери азайган. Барщина жана оброк акчалай төлөмдөр менен алмаштырылган. Дыйкандар керт башынын эркиндигине акчалай кун төлөп берип, айрым учурларда күч менен ээ болушкан. Дыйкандар өз продукциясын шаардык базарга алып чыгып сата башташкан. Ошону менен бирге эле дыйкан чарбасынын юридикалык позициясы да бекемделген.

Айыл-кыштактардын товардык-акча мамилелеринин өнүгүшү менен керектөө базары кеңейип, шаардык экономиканын өнүгүшүнө зор түрткү берген. Экономикалык байгерчиликке умтулуу региондор аралык байланыштарды жараткан. Ал кезде жалпы европалык соода-сатыктын борбору Венеция болгон, анткени анда Чыгыш өлкөлөрү менен байланыш түзүүгө боло тургандай ишенимдүү соода түйүндөрү бар эле. Ошол мезгилдин негизги импорттук товарлары болгон кебез, калемпир жана башка татымалдар мына ушул Венециядан табылган. Анын транспорттук галер системасы да жөнгө салынып калган эле. Венециядан чыккан соода жолдору Альп тоолору, Германия (Аугсбург, Нюрнберг, Регенсбург, Кёльн, Гамбург) аркылуу Нидерланддарга, Англиянын портторуна чейин жеткен. Соода жолдорунун экинчи тарамы Борбордук Азия өлкөлөрүн Генуя аркылуу Испания, Португалия жана Түндүк Африка менен байланыштырып турган.

1500-ж. карата Батыш Европанын аймагында жашаган калктын саны 65–80 *млн* адамга жеткен. Демографиялык абалы адамдардын эртелеп никеге турушу, көп балалуу болушу, ошондой эле жашоо-тиричилик жана тазалык шарттарынын начардыгынан, ачарчылыктан, согуштардан жана эпидемиялардан улам өлүмдүн көп болушу менен мүнөздөлөт. Адамдар 40–50 жашында эле картайып калчу. Калктын көпчүлүк

бөлүгү айыл-кыштактарда турушчу. Шаарлар, өзгөчө ирилери, өтө аз болчу. Бир гана Нидерланддарда шаар калкы 50%ти түзгөн.

Бул мезгилдеги Европа өлкөлөрүнүн экономикасы агрардык мүнөздө болгону менен, айыл чарбасында кыйла прогресс болгондугу байкалат. Айдоо аянттары кеңейтилген, агротехника өркүндөтүлгөн, жер семирткичтер (кык, чым көң, күл) кеңири колдонулган. Ошондуктан айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү арткан. Ошону менен бирге эле мал чарбасы да өнүккөн, мал асыл тукумдаштырылган, атайлап бөлүштүрүлгөн тоют менен тоюттандырылган.

Техниканын өнүгүшү жана эмгек куралдарынын татаалданышы эмгектин бөлүнүшүнө жана майда өндүрүштүн бузулушуна алып келген. Кол өнөрчүлүгүндө кол эмгеги басымдуулук кылганы менен, суу кыймылдаткычы аркылуу кыймылга келтирилүүчү механизмдер кеңири колдонула баштаган. Маселен, тоо-кен өндүрүшүндө, токой кыркууда, ун өндүрүүдө колдонулган. Суу кыймылдаткычынын жардамы менен темир домна мешинде эритиле баштаган. Адегенде темирди эритишип, андан чоюнду жана болотту алышчу.

Токуучулук ишинде бут менен кыймылга келүүчү жип ийрүү механизми ойлоп табылган. Ал жиптин сапатын арттырган жана токуу ишин ылдамдаткан. Токуу станоктору да өркүндөтүлүп, натыйжада кездеменин токулушу татаалданып, түрлөрү көбөйгөн.

Сууда сүзүү жана кеме куруу өндүрүшү да өнүккөн. Кемелер карталар, лоциялар, компастар жана башка аспаптар менен жабдылып, кыйла өркүндөтүлгөн. Алардын көлөмдөрү да чоңойтулуп, оор жүктөрдү ташууга ыңгайлаштырылгандыктан, соода-сатык иштеринин өнүгүшүнө өбөлгө болгон.

Материалдык өндүрүштөгү прогресстин негизинде чарбалык мамилелер өзгөргөн. Эгерде буга чейин калктын басымдуу бөлүгү натуралдык чарба жүргүзүп, эмнени өндүрсө, ошону колдонуп келген болсо, эми капитал топтоого өбөлгө болгон товар-акча мамилелеринин ролу өскөн. Феодалдык коомдук чарбада эркин капиталдын пайда болушу менен капиталисттик уклад калыптана баштаган.

Капиталдын топтолуу булактарын соода-сатык иштеринен түшкөн кирешелер, ташылып келинген жана ташылып чыгарылган товарлардан алынган салыктар, колонияларды талап-тоноо жана кул сатуу, согуштарды жүргүзүүдөн же башка жолдор менен алынган чоң проценттүү мамлекеттик зайымдар

түзгөн. Капиталдын топтолуу процессине Европага колониялардан баалуу металлдардын – алтын менен күмүштүн агылып келишинин натыйжасында жүргүзүлгөн баалардын революциясы да (тез өсүшү, товардын кымбатташы) өбөлгө болгон.

**Батыш Европанын орто кылымдардагы саясий картасы.** Классикалык орто кылымдар доорундагы Батыш Европанын картасында жаңы мамлекеттер пайда болгон. Алар: *Сицилия королдугу* (1130-ж.), *Португалия королдугу* (1139-ж.). 1157-ж. Рим империясы өзүнүн расмий аталышына *Ыйык* деген аныктаманы кошуп алган. 1169–1171-жж. англдар деңиз артындагы алгачкы колониясын – Ирландиянын түндүк бөлүгүн басып алышкан.

XIII к. аягында христиандык-испан *Арагон королдугунун* тышкы саясий жигердүүлүгү арткан. Сицилияны арагондук басып алуудан кийин Европанын картасында жаңы мамлекет – *Неаполитан королдугу* пайда болгон. Ал Сицилия королдугунун континенттик бөлүгүнүн – Түштүк Италиянын ордунда 1442-ж. түзүлгөн.

Батыш Европа XIV–XV кк. Батыш Европанын соңку орто кылымдар мезгилиндеги саясий картасын аныктаган негизги окуя 1337-ж. тартып 1453-ж. чейин созулган *Жүз жылдык согуш* болгон.

Жүз жылдык согушка Англия менен Франциядан тышкары, нидерланддык феодалдык мамлекеттер, Бургундия, Арагон, Кастилия, Португалия катышкан. Алмак-салмак ийгиликтер менен уланып отурган бул согуш Англиянын Кала шаарынан башка континенттик ээликтеринин баарынан кол жуушу менен аяктаган. Франция өз алдынча мамлекеттик түзүлүш укугун сактап калган. Натыйжада Англия француздук тактыга доомат коюудан баш тартууга аргасыз болгон.

Жүз жылдык согуштан кийин Франция жана Англия жигердүү тышкы саясатты жүргүзүүдөн сак болуп калышкан. Франция согуштан бүлгүнгө учураган экономикасын жөндөө менен алектенсе, Англия феодалдык төбөлдөрдүн өз ара чоң чабышына дуушарланган. Ал 1455–1485-жж. *Кызыл жана Ак розалардын согушу* эле.

Мына ушундай кырдаалда Батыш Европанын саясий турмушунун чордону континенттин түштүгүнө көчкөн. Ошондуктан мындан аркы негизги окуялар Испания (Кастилия менен Арагондун жеке таламдарынын натыйжасында 1479-ж. пайда болгон королдук) менен Португалиянын ортосундагы күрөшкө байланыштуу өнүккөн.

XV к. ортосунда Пиреней жарым аралындагы аймактык бөлүштүрүүлөрдүн аякташынын натыйжасында испандык-португалиялык мамилелер таптакыр жаңы деңгээлге өсүп жеткен – алар дүйнөнү бөлүштүрүү маселесин чечүүгө киришкен. 1480-ж. макулдашуу боюнча Испания менен Португалиянын деңиздин ары жагындагы ээликтеринин ортосундагы чек ара горизонталдуу түрдө бөлүнгөн. Канар аралдарынын параллелинен түштүктү карай кеткен жерлер Португалиянын ээлиги болуп эсептелген. Ал эми 1494-ж. жаңы макулдашууга ылайык, чек ара вертикалдуу түрдө бөлүнүп, ал Жашыл тумшук аралдарынын тобундагы эң батыштагы аралдан тартып уюлдар жана Атлантика океаны аркылуу 370 *лиг* (2 миң *км* ашуун) аралыкта өткөн. Ошол чектин чыгыш тарабындагы жерлер бүт бойдон, ачыла электери да, Португалияга, батышы – Испанияга тиешелүү болгон.

Батыш Европанын түндүк тарабындагы аймактык бөлүнүү процесси тескерисинче өнүккөн – 1397-ж. Кальмар униясы боюнча *Скандинавиялык үч королдук конфедерациясы* түзүлгөн. Ал анын де-факто курамынан 1471-ж. Швеция чыгып кеткенче өкүм сүргөн. Швециянын де-юре чыгышы 1523-ж. катталган.

Орто кылымдардын гүлдөп өнүккөн доорунда түзүлүп, 1291-ж. жарыяланган батыш европалык экинчи бир конфедерация Швейцариянын аймагы 1315-ж. расмий түрдө катталып, кыйла узак мөөнөт өкүм сүргөн. 1499-ж. Шваб согушунда Ыйык Рим империясын жеңип чыккандан кийин *Швейцариялык союз* толук эркиндикке ээ болгон. Ал эми Швейцария эл аралык укуктагы субъект катары 1648-ж. таанылган.

### Суроолор:

**1.** Батыш Европанын орто кылымдардагы экономикалык өнүгүүсүнө талдоо жүргүзгүлө. **2.** Батыш европалык коомдук түзүлүшкө мүнөздөмө бергиле. **3.** Эрте, жогорку жана соңку орто кылымдардагы адам коомдогу өзүнүн ордун кандайча түшүнгөн? **4.** Батыш Европадагы адамдар орто кылымдар мезгилинде эмгекке кандай мамиле кылышкан?

## § 21. Осмон империясы (Түркия)

**Осмон империясынын түзүлүшү.** Кичи Азияга түрк тилдүү уруулар алгач ирет б. з. 1-миң жылдыгынын ортосундагы Элдердин улуу көчү доорунда барган. А бирок Византия императорлорунун бийлигинин тушунда бул уруулар жергиликтүү калк менен тез эле ассимиляцияланып кетишкен. XI к. аягын-

да кресттүүлөрдөн жеңилип калган селжуктардын Рум султандыгынын өкүмдарлары борборду Анадолунун түпкүрүнө, Византиянын чек арасына жакын жерге көчүрүшкөн. Султандыктын түпкү калкын түрк-огуздөр түзгөн, мында алардан башка жергиликтүү калктын таасири менен түрктөшүп кеткен гректер, армяндар, анча-мынча грузиндер, перстер жашаган.

Султандыкта мамлекеттин түзүмүн негизинен исламдын салттуу каадалары жана селжук түрктөрүнүн уруу-уруктук байланыштары аныктаган: бошоң борбордук бийлик негизинен перстерден, анча-мынча түрктөрдөн турган чиновниктер аппаратына таянган. Ал эми чет-жакаларындагы аймактары вассал-бейлердин көзөмөлүндө болгон. Бара-бара мына ошол бейлердин таасири күч алган. Ага XIII к. шийиттердин көтөрүлүшү, андан кийин моңголдордун басып кирүүсү түрткү болуп, акыры XIII–XIV кк. чегинде он бейликтен турган султандык кулаган да, **Осмон бейге** тийиштүү болгон батыш бейлик ыкчамдык менен күч ала баштаган. Ошентип 1299-ж. Осмон бей чыңдалган Осмон эмирлигинин толук бийликтүү өкүмдары болуп калган. Ильхандардын моңгол мамлекетинен алыстыгы жана уламдан улам алсырап бараткан Византияга жакындыгы Осмондун саясатын көп жагынан аныктаган: моңголдорго болор-болбос алым төлөп коюп, ал Византиянын кичи азиялык провинцияларын улам биринин артынан бирин кошуп алып турган. Осмондун ордун басуучулар да анын саясатын улантышкан: XIV–XV кк. осмон түрктөрү Кичи Азиядагы түрк мамлекеттерин жана Балкан жарым аралын, Молдованы, азыркы Румыния аймагын басып алышкан. 1453-ж. түрктөрдүн Константинополду чабуул менен басып алышы бүтүндөй Европаны солкулдаткан окуя болгон. Батыш Европадагы Жүз жылдык согуш аяктаган мына ушул жылы Константинополдун басып алынышы менен христиан дүйнөсүнүн Балкандагы акыркы тиреги кулаган. Кичи Азиядагы жана Балкандагы византиялык аймактар бүт бойдон Түркияга каратылган. Мына ошентип күч-кубаттуулугу арткан **Осмон империясы** калыптанган.

1475-ж. Крым хандыгы түрк султанынын вассалы болот жана болжол менен ошол туштарда түрктөр Чыгыш Анадолу аймактарын басып ала башташат. 1516-ж. мамлюктардын аскери талкаланып, Сирия менен Хижаз Мекке жана Медина шаарлары менен түрк султанынын бийлигине өтөт. 1517-ж. Египет түрк провинциясы болуп калат. Ошентип араб халиф-

теринин Каирде жашаган тукумдарынын диний бийлиги биротоло жоюлат да, түрк султаны мусулмандардын диний жол башчысы катары халифтин расмий мураскору болуп калат.

Арийне, муну кокусунан болгон нерсе деп эсептөөгө болбойт. Эки кылымдан бир аз ашыгыраак мезгил ичинде анчалык деле байкала бербеген Осмон эмирлиги өз мезгилиндеги эң ири күч-кубаттуу империяга айланган. Кыйла көп убакыт өкүм сүргөн бул империянын курамына Балкан менен Крымды кеп кылбаганда да, Араб халифтигинин дээрлик бүткүл аймагы (Арабстан, Ирак, Магриб, ал тургай, Кавказ жерлери да) кирип калган. Күч-кубаттуу Осмон империясы Европа жана Россия үчүн коркунуч туудурган.

**Империянын ички түзүмү.** Көчмөндөрдүн адаттагы уруу-уруктук байланыштарынан жаралган социалдык уюмдун өркүндөп өскөн системасынан келип чыккан саясий күч-кубаттуулугу түрктөрдүн салгылаштарда жеңип чыгышына өбөлгө болгон. Алсак, эмирликтин, андан кийин султандыктын алгачкы администрациялык-аймактык бирдиги *санжак* (сөзмө-сөз мааниси *«асаба»)* деп аталган. Санжакты, т. а. бир урууну аскер башчы *санжак-бей* башкарган. Бара-бара уруулук байланыштар бошоңдой баштаган да, алдыңкы планга аскердик жана аскердик-администрациялык, аскердик-аймактык бирдиктер чыккан.

Көчмөн-жоокерлер отурукташкандан кийин туруктуу аскердик кызмат өтөгөн атчан *аскер-сипахтарга* айланышкан да, алардын ар бири өтөгөн кызматы үчүн *тимар* – шарттуу түрдө мураска кала турган жер ээлигин алган. Тимарды мурастап алуу үчүн мураскор армияда кызмат өтөөгө милдеттүү болгон, башка шартта берүүгө тыюу салынган. Тимар деле *иктага* окшош болчу. Икта мураска калтырылбаганы менен, атасынын кызмат ордуна келе турган болсо, ошондой эле шартта анын ээлигин алууга укуктуу болгон.

Осмондор басып алган жерлердин көбөйүшү менен, кыйла ири өлчөмдөгү тимарлар пайда боло баштаган. Алардын ээси алардан түшкөн кирешелерге өзүнүн эсебинен бир нече сипах-аскерди жарак-жабдыгы менен берип турууга милдеттүү болчу.

Түркиянын аскер күчтөрүнүн негизин мына ушул тимар ээлери түзгөн. А бирок башка аскер бөлүктөрү да болгон. Алар өзгөчө категориядагы аскер бөлүктөрү: алардын командирлери тимар ээлеринен дайындалган, ал эми катардагы жоокерлер *аскер* деп аталган. Аскерлер салыктардан бошотулган.

Алардан кем эмес аскер бөлүктөрү: убакыттын өтүшү менен мааниси артып, өлкөнүн негизги аскер күчтөрүнө айланган, арабдардын гулям-мамлюктарына окшогон *янычарлар, гвардиячы-аскерлер* болгон. Алар султан ордосунун атайын мектеп-казармаларында тарбияланган.

Өлкөнүн өкмөтү – *диван-ихумайюн* султан тарабынан дайындалгандыктан, ага толук жоопкер болгон. Ал *улуу вазир* жетектеген бир нече *вазирлерден* (министрлерден) турган. Өкмөттүн ишмердиги Мехмед IIнин (1444–1481-жж.) тушунда кабыл алынган мыйзамдар жыйнагы Канун-наме жана исламдык укук шарият тарабынан жөнгө салынып турган. Борбордук аппарат башкы үч системадан – *аскердик-администрациялык, каржылык* жана *диний-сот системаларынан* уюшулган. Алардын ар бири борбордо кандай болсо, жер-жерлерде да ошондой иш жүргүзгөн.

Улуу вазир башкарган *аскердик-администрациялык система* империянын бүткүл түзүмүнүн уюткусун түзгөн. Осмон империясы XVI к. 16 ири *эялеттен* (облустан) турган. Эялетти улуу вазирге баш ийген *бейлербейлер* (губернаторлор) башкарган. Бейлербей эялеттеги иштин жүрүшүнө, айрыкча дайыма согуштук даярдыкта туруучу бөлүктөрдүн камбылдыгына толук жооп берген. Өлкөдө 250гө жакын *санжак* (уезд) бар болуп, аларды *санжакбейлер* башкарган.

Империядагы салык системасы өтө татаал жана милдеттүү түрдө төлөнүүгө тийиш болгон. Ал негизинен экиге бөлүнгөн: *1) мыйзамдуу салыктар,* т.а. *шариятка жараша салыктар* – мусулмандардан алынуучу *ондук-ушр* салыгы, *хараж* жана мусулман эместерден жан башына алынуучу *жизий* алымы, мусулман байлардан алынуучу *зекет* жана мусулман эмес байлардан алынуучу кыйла оор салыктар; *2) кошумча салыктар* – жергиликтүү жана өзгөчө абалдагы салыктар, алым-жыйымдар. Кызматкерлерден тышкары мусулман дин кызматчылары да салыктан бошотулган.

Сот-кадилер мусулмандарга тиешелүү соттук жана нотариустук иштерди жүргүзгөн. Алар диний иштерди да тейлешкен, чиновниктик да кылышкан. Ал эми калктын мусулман эмес катмарына тиешелүү ушундай эле маселелерди тийиштүү диний жамааттардын – *грек-православиелик, армян-григориандык, иудейлик жамааттардын милдеттеринин* кеңири укуктуу жетекчилери чечишкен.

**Империянын аскердик-лендик системасынын кризиси.** XI к. пайда болуп, Түркия мамлекети өкүм сүрө баштаган ал-

гачкы кылымдарда жер кеңири болгондуктан жана дыйкандар төлөгөн анчалык көп эмес салыктардын орду согуштардан түшкөн олжолор менен бат эле жабылып калгандыктан, тимардык система өлкө үчүн абдан ылайыктуу эле. Борбордошкон империянын Сулейман I Кануни (Мыйзам чыгаруучу) же Дасыккан Сулейман башкарган мезгили (1520–1566) алтын доор мезгили болгон. Мына ошол жылдары империянын, бүтүндөй тимарлар системасынын толук калыптанган түзүмүн аныктоочу бир катар мыйзам жоболору жарыяланган, ошондой эле халифтиктин жака-белинен жана Ирандан башка бүт аймагы Түркияга каратылган. XVI к. соңунан тартып кийинки эки жүз жыл бою империянын абалы оордогондон оордой берген. Ошентип Осмон империясы XIX к. башында «Европадагы эң оорулуу адамга» айланган кризиске кириптер болгон. Узакка созулган бул кризистин маңызы эмнеде эле жана «оорукчан» түзүмдү дарылоонун кандай жолдору болгон?

XVI к. империянын калкы өтө тез темп менен өскөн, ал эми иштетилүүчү жерлердин аянты кеңейтилген эмес. Бул, бир жагынан, тимарлардын бытырашына жана ошол себептүү кирешелердин азайышына алып келген, экинчи жагынан, райялардын жашоосун ого бетер оордоткон, ал тургай, таптакыр жери жоктор пайда болгон. Бул эки процесс тең жакырданган тимар ээлерин өз кирешелерин ар кандай жолдор менен көбөйтүүгө умтулткан. Ошол максатта алар дыйкандардын жерлерин тартып алып, чифтлик-чарбаларын кеңейтип, аны жери аздарга жана жерсиздерге ижарага беришкен. Натыйжада казынага тийиштүү өлчөмдөгү киреше түшпөй, тимар ээлери болсо уламдан-улам жакырданып отуруп, согушка жөндөмдүүлүктөрүн жоготушкан.

1656-ж. улуу вазирликке келген белгилүү *Мехмед Көпрүлү* Түркияда өлкө үчүн, анын мамлекеттик түзүмүн чыңдоо үчүн өтө зарыл бир нече ийгиликтүү реформаларды жүргүзгөн. Алардын натыйжасында тимарлардын аскердик жөндөмдүүлүктөрү арткан.

Түркия XVII–XVIII кк. чегиндеги салгылаштарда анчамынча ийгиликтерге жетишкени менен, олуттуу жеңилүүлөргө дуушар болуп жаткан. XVIII к. башында Венеция, Австрия жана Россия менен болгон согуштарда реваншка ээ болгону менен, ал аскердик-саясий кубаттуулугунан тайып бараткан эле. Анын үстүнө 1740-ж. кийинки капитуляциялар европалык соодагерлерге артыкчылык берген бир тараптуу, тең укуксуз келишимдерге айлана баштаганда, Осмон империясына европалык капитал кире баштаган.

Адегенде аскердик кубаттуулугунан таюу, андан кийин экономикалык жана саясий жактан (социалдык, илимий-техникалык, маданий ж.у.с. жактарын айтпай эле коёлу) тездик менен өнүгүп бараткан капиталисттик Европадан жана Россиядан артта калуу абалы XVIII к. соңунда Түркияны эл аралык иштердеги өз алдынчалыгынан ажыраткан.

Селим III (1789–1807-жж.) жана Махмуд II (1808–1839-жж.) аттуу султандардын тушунда жүргүзүлгөн реформалардын экинчи туру биринчи турдагы реформалардан өтө айырмаланган. Бул реформачылардын башкы милдети аскердик-лендик системаны, анын янычарлар корпусу сыяктуу сөлпү көрүнүшүн жоюу болгон. Ошондуктан реформалардын жүрүшүндө европалык үлгүдөгү жаңы армияны (артиллерияны, флотту, инженердик аскерлерди) түзүүгө басым жасалган. Ал үчүн адис-консультанттар катары Европа өлкөлөрүнөн офицерлер жана окутуучулар чакырылып келинген. Алардын арасында кийин пруссиялык аскер башчы катары даңкы чыккан Г. Мольтке да бар эле. Султандар жаңы армиялык түзүлүштөрдүн калыптанышы жана чыңдалышы менен эскилерин жоюп салышкан: 1826-ж. реформаларга наразы болушкан янычарлардын көтөрүлүшү ырайымсыздык менен басылып, Махмуд IIнин атайын указы менен янычарлар корпусу жоюлган. Алар менен бирге реакциячыл таасири күчтүү Бекташи суфий ордени да саясий майдандан четтетилген. XIX к. 30-жж. бир нече этап менен тимардык система да жоюлган. Мурдагы сипахтардын ордуна жаңы туруктуу армия түзүлгөн. Ага мусулман эмес этностук топтордун өкүлдөрү да кабыл алына баштаган.

Булардан тышкары, Махмуд IIнин далалаты менен административдик система өзгөртүлүп, европалык үлгүдөгү жаңы министрликтер жана ведомстволор түзүлгөн, салык системасы иретке келтирилген, маданият чөйрөсүндө да (почта, гезит, оорукaналар, окуу жайлары) ийгиликтүү өзгөртүүлөр жүргөн. Кыскасы, XIX к. башындагы реформалар Түркиянын ички түзүмүн европалаштырууга жасалган чечкиндүү кадам болгон. Бул реформалар өлкө тарыхындагы кыйла радикалдуу реформалардын үчүнчү туру – Танзимат (XIX к. 40–70-жж.) үчүн негиз болгон. Алар Түркиянын империя эмес, жөн гана мамлекет катары өкүм сүрүшүнө өбөлгө түзгөн. Бул мезгилде империя катары эсептелинүүгө шайы жетпей, Осмон империясынын күнү бүтүп бараткан болчу.

Түркия XVIII к. Австрия, Россия жана Иран менен болгон согуштарда чет-жакалардагы аймактарынан – Боснияның

жарымынан, Тебризден, Азов деңизинен жана Запорожьеден айрылгандан, Грузияга, Молдовага жана Валахияга саясий көзөмөлдүк кылуудан баш тартууга мажбур болгондон тартып эле империя кулай баштаган. XVIII к. аягында Магрибдин, Египеттин, Арабстандын жана Ирактын жергиликтүү династиялары да түрк өкмөтү тарабынан мурдагыдай катуу көзөмөлгө алынбай калган. Наполеондун XVIII–XIX кк. чегиндеги Египеттик экспедициясы да Осмон империясынын беделине урулган соккулардын бири болгон. Ошондон кийин Ваххабилердин көтөрүлүшү чыгып, натыйжада Арабстан Түркиядан бөлүнүп, Египет пашасы Мухаммед Алинин колуна өткөн. Арийне, түрк султандарынын реформалары жана саясий ийкемдүүлүктөрү жана бир катар европалык өлкөлөрдүн колдоо көрсөтүүсү алардын Египетке жана айрым араб өлкөлөрүнө көзөмөлдүк кылуу абалын сактап турууга өбөлгө болгон. Бирок XIX к. 20-жж. Балканда болгон көтөрүлүштөрдүн натыйжасында Грекия көз карандысыздыкка, Сербия жарым-жартылай автономияга ээ болушкан. Ошентип, Осмон империясы чигирим булгаарыдай болуп уламдан-улам куушурула баштап, анын курамындагы көпчүлүк өлкөлөрдүн өз алдынча мамлекеттер катары өнүгүү доору келген.

**Суроолор:**

**1.** Осмон империясы качан түзүлгөн? Ээлеген аймагын картадан көрсөтүп бергиле. **2.** Империянын ички түзүмү кандай болгон? **3.** Аскердик-лендик системанын түзүлүшү кандай эле? Ал эмне үчүн кризиске кириптер болгон?

## § 22. Феодалдык Кытай – асман алдындагы империя

**Үч падышалык доору жана Цзин империясы.** II к. аягы – III к. башы Кытай тарыхында өз ара чабышуулардын доору болгон. Ошонун натыйжасында бир нече аскер башчылар атак-даңкка ээ болушту. Ошолордун бири даңазалуу Цао Цао түндүктөгү Хуанхэ дарыясынын бассейнинде бийлик кылган. 220-ж. анын уулу Цао Пей өзүн **Вей мамлекетинин** өкүмдары деп жарыялаган. Экинчи бир Лю Бей аттуу аскер башчы өзүн өлкөнүн түштүк-батыш тарабындагы **Шу өлкөсүнүн** башчысы экендигин жар салган. Сунь Цюань аттуу үчүнчү бир аскер башчы Кытайдын түштүк-чыгышындагы **У падышалыгынын** өкүмдары болуп калган. Ошентип үч падышалык феномени жаралган. Ал кыска мөөнөт эле өкүм сүргөнү менен, рыцардык романтизмге бөлөнгөн кытайлык каада-салтты даңазалап кетти. III к. окуялар жөнүндө андан миң жыл өткөндөн кийин

баатырдык маанайда көркөмдөлүп жазылган «Үч падышалык» романында кеңири баяндалган.

Жер кризиси, дыйкандардын көтөрүлүштөрү жана империянын тышкы саясатынын ийгиликсиз жүргүзүлүшү XI к. ортосунда Сун Кытайын кезектеги катуу кризиске алып келген. 1068-ж. канцлердик кызматка келген Ван Ань-шинин реформалары абалды биротоло оңдоп жибербегени менен, бир катар ийгиликтерди жаратып, Сун династиясы дагы эки кылымга жакын өкүм сүргөн. Түштүк Кытайдагы Сун династиясынын башкаруучулары чет жерлик баскынчылардан эркин аймактарды бириктирип алып, чжурчжендерге каршы узак жана тажатма согуштарды жүргүзгөн.

XIII к. кытай эли Кытай тарыхында болуп көрбөгөндөй оор, азаптуу жашоого кириптер болгон. Кылымдын башында Чыңгыз хан көчмөн моңгол урууларын бүт баш ийдирип алган да, моңголдор үчүн жомоктогудай бай өлкө болуп сезилген Кытай мамлекетин өз агрессиясынын алгачкы объекти кылып тандап алган. Сун императорлору адегенде моңголдордун күчүнө анча маани беришкен эмес, ал тургай, чжурчжендерди талкалоодо аларга жардам беришкен. Ошентип, моңголдор Түндүк Кытайдын ойронун чыгарат. Айрым маалыматтар боюнча, алар басып киргенге чейин 50 *млн* адам болсо, XIII к. аягында 6 *млн* гана киши калган. Сун императорлорунун оюн ойрондолуп, өлкөнүн түндүгүн багындыргандан кийин моңголдор Сун династиясынын ээлигин карай бет алат. Арийне, моңголдор бул жерде кытайлардын башка бир да өлкөдө болбогондой катуу каршылыгына дуушар болушкан. Аларга Кытайды багындыруу үчүн дээрлик 70 жылга жакын согушууга туура келген. Баскынчылар өз борборун Моңголиядан Кытайга, азыркы Пекин шаарынын ордуна көчүрүп келишкен.

**Кытай империясынын күнүнүн бүтүшү – Юань, Мин династиялары.** Ошентип 1280-ж. Кытай империясы толугу менен моңголдордун бийлиги астында калган жана *улуу хан Хубилай* моңголдук **Юань династиясынын** (1280–1368-жж.) кытай императору болуп жарыяланган.

Кытай жыл баянынын маалыматтары боюнча Юань династиясы бир кылымдан ашуун убакыт, ал эми Түндүк Кытайда бир жарым кылым өкүм сүргөн.

Кытайдагы моңгол үстөмдүгү XIV к. экинчи жарымында кызыл жоолукчан дыйкандардын эң кубаттуу согушунун – «кызыл аскерлердин» улуттук-патриоттук мүнөздөгү көтөрүлүшүнүн натыйжасында кулаган. 1363-ж. кызыл аскер-

лердин көтөрүлүшүнүн биринчи фазасы жеңилип калганына карабастан, монголдорго каршы кыймыл бүткүл өлкөгө жайылып, жалындап күч алган. Алардын катарында кытай төбөлдөрүнүн жарымы бар эле. 1368-ж. дыйкандардын жол башчысы Чжу Юаньчжандын (1328–1398-жж.) аскерлери Пекинди бошоткон. Андан кийин ошол дыйкан адам Чжу Юаньчжан жаңы династия – **Мин династиясынын** туңгуч императору болуп жарыяланган. Мин династиясы Кытайды 300 жылдай башкарып турган.

*Кытай мамлекети жерге болгон мамлекеттик менчик үстөмдүгүнүн классикалык үлгүсү болуп саналат.* Кытайда эрте орто кылымдарда эле мамлекеттик үлүш системасы бекемделген. Мамлекеттин (императордун) атынан эмгекке жарамдуу дыйкандардын баарына бирдей жер үлүштөрү бөлүнүп берилген. Жер үлүштөрү мезгил-мезгили менен кайрадан бөлүштүрүлүп турган. Ал жерлерди пайдалангандыгы үчүн дыйкандар мамлекеттин пайдасына *милдеткердиктерди* аткарууга – түшүмдүн жарымын казынага төгүүгө жана белгилүү бир күндөрү мамлекеттик иштерди иштеп берүүгө тийиш болгон. Ак сөөк төбөлдөр жана чиновниктер чоң жер үлүштөрүн анда эмгектенген дыйкандары менен кошо алышкан. Ал дыйкандар түшүмдүн жарымын мамлекетке эмес, жердин ээсине беришкен. Чиновниктерге жер ээликтери менчикке эмес, алар кызмат өтөгөн мезгилге гана берилген.

Убакыттын өтүшү менен жердин көпчүлүк бөлүгү ири жер ээлеринин колуна өткөн, а бирок императордук бийлик ал жерлерди иштеткен дыйкандарды түшүмдүн жарымын жер ээсине эле эмес, мамлекеттик казынага да берүүгө милдеттендирген. Ошентип, кирешелердин башкы бөлүштүрүүчүсү мамлекет болуп саналган.

Орто кылымдардагы Кытайда калктын жашоо-турмушунун бүткүл чөйрөсүн бардык деңгээлдерде көзөмөлдөп туруучу татаал, бирок натыйжалуу мамлекеттик аппарат түзүлгөн. Ал өтө бекем борбордоштурулган. Анын башында Асман менен Жердин ортосундагы ортомчу – император турган. Палаталар, ведомстволор, башкармалыктар салыктардын жыйналышына, тартиптин сакталышына, жүрүм-турум нормаларынын аткарылышына, кеме куруучулук иштерине ж. б. жооп беришкен. Бүт бардык чиновниктердин ишине императорго жана өз башкаруучусуна гана баш ийген өзгөчө палата көзөмөлдүк кылган.

Төбөлдөрдүн бир жарым кылым бою токтобостон жүрүп келген саясий күрөшүнүн учурунда жүргүзүлгөн реформалар

дыйкандарды ого бетер жакырдантып жиберген. Мына ошондуктан «Ак лотос» сыяктуу жашыруун коомдордун ишмердиги күч алып, жер-жерлерде козголоңдор чыга баштаган.

Манчжурлардын жол башчысы Нурцахи (1559–1626-жж.) жакырданган ондогон уруулардын башын кошуп, саясий уюмдашууга негиз салып, ал дагы Темучин сыяктуу күчтүү армияны түзүүгө аракет кылган. 1609-ж. Нурцахи Мин Кытайына алым төлөөнү токтотот да, өзүнүн **Цзин династиясын** жарыялайт, ал эми 1618-ж. Кытайга каршы айыгышкан күрөш баштайт. Анын жолун жолдогон манчжурлар 1644-ж. Ли Цзычэнди Пекинден кууп чыгышып, өспүрүм курактагы император **Шуньчжини** бүткүл Кытайдын (мындан ары Цин Кытайынын) өкүмдары деп жарыялашат. Ошентип 300 миң адамдан турган көчмөн манчжурлар 300 *млн* калкы бар Кытайды баш ийдирип, Кытай 3 кылым бою манчжур өкүмдарлары башкарган **Цин империясы** болуп аталып калган.

**Цин Кытайы жана тышкы дүйнө.** Кайсы бир мааниде алып караганда 1911-жылга чейин бийлик жүргүзгөн манчжур династиясы Кытай үчүн уникалдуу династия болгон, анткени Кытайды басып алган элдердин бир да бирөө империянын классикалык түзүмүнө манчжурлардай болуп жуурулушуп кете алган эмес. Ал эми манчжурлар династиясы жуурулушмак тургай, өзүнүн опол тоодой ордун таба алган жана үч жүз жылга жакын убакыт династиянын формалдуу этносаясий артыкчылыгын сактап турган. Мунун себеби эмнеде?

Баарынан мурда, манчжурлар конфуцийлик маданий каада-салтты жакшылап өздөштүрүшкөн. Андан ары, манчжурлар бардык иштин өзөгүн түзгөн конфуцийлик окууну кабыл алып гана тим болбостон, аны администрациялык чөйрөдө зор ийгилик менен ишке ашырышкан. Ошондой эле өздөрүнө пайдалуу болгон демографиялык-экономикалык процесстерди жер ээлерине салык оорчулугун келтирбегидей кылып кирешe минимумдарын сактоо жана баарына бирдей бөлүштүрүү жолу менен пайдаланышкан.

Цин Кытайынын XVII–XVIII кк. тышкы дүйнө менен байланышы Кытай үчүн өзгөчө пайдалуу жүргөн. Кытайды эч ким колония кылган жок. Мин династиясынын башкаруу жылдарынын соңунда келген миссионерлердин алгачкы мууну XVII к. соңуна чейин орчундуу өңүттөрдү жигердүүлүк менен ээлеп турушкан. Бирок XVIII к. башында Кытай миссионерлердин кызматынан баш тартып, христиан чиркөөлөрүн жаап, мис-

сионерлерди жана чет өлкөлүк көпөстөрдү өлкөдөн чыгарып салган. XVIII к. ортосуна чейин португал, голланд, англ жана француз көпөстөрү абалды бир аз жөндөшкөнү менен, соода-сатык алакалары токтотулган. Жалгыз гана Кантон (Гуанчжоу) портунда кытай көпөстөрүнүн компрадордук компаниясынын (компрадор – жергиликтүү реакциячыл буржуазия) өкмөтү бекиткен чечим аркылуу чет өлкөлүк көпөстөр менен соода-сатык иштери жүргүзүлгөн. Ал иштин жөнгө салынышы үчүн жээкке жакын жайгашкан Макао аралы португалдардын тейлөөсүндөгү чет өлкөлүк соода-сатыктын таяныч пункту болуп калган. Арийне, кылымдын аягында Кытай менен транзиттик соода жүргүзүү иштери бир аз болсо да кеңейип, Европада өтө талап кылынган кытай жибеги, чай, фарфор жана башка товарлар чет өлкөлүк көпөстөргө чоң өлчөмдө сатыла баштаган.

Кытай буюмдарына алмаштыруу үчүн англдар башка өлкөлөрдө, негизинен Индияда, өстүрүлгөн апийимди ташып келе башташты. Апийим чегүүгө кытайлар, айрыкча деңиз бойлорунда жашаган калк тез эле кынык алып кеткен. XVIII к. соңунда жана өзгөчө XIX к. апийимди ташып кирүү аябай күчөп, өлкөнү кадимкидей курутуп жиберген. Бул XIX к. ортосундагы апийим согуштарына алып келген. Ал согуштарда Кытай жеңилип калган жана Цин империясы жарым колонияга айлана баштаган.

Цин бийлигинин күч-аракеттери менен XVII к. башында Ички Моңголия Кытайдын Цин империясынын курамына киргизилген. Корея Цин Кытайынын вассалы болуп калган, ошондой эле Тибет да Кытайга кошулган. Император Цяньлундун XVIII к. ортосундагы экспедицияларынын натыйжасында Тышкы Моңголия жана Чыгыш Түркстан (Синьцзян) империяга каратылган, ал эми кылымдын аягында Цин аскерлери Непалга, Бирмага, Вьетнамга бир катар ийгиликтүү жортуулдарды жасаган, Амур аймагында орустарды ары сүрүп таштаган. Мына ошентип XVII–XVIII кк. Цин Кытайынын аймагы эки эсеге кеңейип, чек арасы Улуу дубалдын ары жагына чыгып кеткен. Манчжурия, Моңголия, Синьцзян жана Тибет Кытайды ишенимдүү коргоп турган буфердик аймактар болуп калган.

XVII–XVIII кк. бир катар жаңы аймактарга ээ болгон Цин Кытайы иш жүргүзүүгө жөндөмдүү жана стабилдүү ички түзүмү, өнүгүү жолуна коюлган экономикасы жана күчтүү армиясы бар дүйнөдөгү эң ири мамлекеттердин бирине айланган.

Байлыкка туйтунууга умтулган англиялык көпөстөрдүн иши оңолуп, мурда Кытайга кирип жаткан күмүштөр эми контрабандалык жол менен киргизилген апийим үчүн жоомарттык менен кайрадан агылып чыга баштады. Расмий тыюу салуулар, ал тургай, императордук эдикттер да апийим соодасын токтото албады. Анткени андан кытай чиновниктери да байлыкка туйтунушкан. 1839-ж. түштүктөгү эки провинцияга Линь Цзэ-сюй аттуу наместник келгенден кийин гана апийим контрабандасына каршы катуу күрөш жүргүзүлө баштап, англиялык соода факторияларындагы апийимдин мол запасы конфискацияланган. Бул окуяларды Англия casus belli катары пайдаланган. 1839-ж. кытайлардын англиялыктар менен алгачкы кагылышы болгон. 1840-ж. жайында британ аскер эскадрасы Кытайга десант түшүргөн. Эки тарап тең ачык согуштук аракетке өтүп, окуя 1842-ж. жайында англдардын Цин Кытайын капитуляцияланышы менен бүткөн.

Салттык мамлекеттик түзүлүштүн ийкемсиздиги, англиялык аскерлердин заманбап курал-жарактар менен жабдылышы, ошондой эле Кытай империясынын тышкы дүйнө менен байланыш түзүүгө кызыкпагандыгы капиталисттик өнөр жайдын жаңы базарларын табууга жанталашкан жигердүү, күч-кубаттуу жана өжөр душмандын алдында Кытайды чектен аша кемсинтилген абалга алып келди. 1842-ж. Нанкин келишими Кытайды чөгөлөтүп койду: империя зор өлчөмдөгү контрибуция төлөөгө жана Англиянын соода-сатык иштери үчүн беш портту ачууга, бажы тарифтерин эң төмөнкү 5%тик өлчөмгө түшүрүүгө чейинки бир топ жеңилдиктерди берүүгө милдеттүү болгон. Ошондон көп өтпөй эле башка капиталисттик өлкөлөрдүн соодагерлери да ушундай жеңилдиктерге ээ болушат, ал эми чет өлкөлүктөрдүн баары эксаймактык укукка, т.а. кытай бийликтеринин колу жеткис абалга ээ болушат. Мына ушундай тең укуксуз келишимдер жана чет өлкөлөр менен соода-сатык иштеринде империянын чет өлкөлүктөргө ачыктан-ачык артыкчылыктарды берүү менен ачылышы, сыртынан караганда, Кытай жарым колонияга айланып калгандай көрсөткөн, ал эми чындыгында Цин династиясынын күнү бүтүп, империя кулап бараткан эле. Цин Кытайы эл аралык иштерде капиталисттик дөөлөттөрдүн саясий күчтөрүнүн балансына көз каранды болуп калганы менен, XX к. чейин саясий жактан көз карандысыз мамлекет болгон.

**Суроолор:**

**1.** Үч падышалык доору жөнүндө эмне билдиңер? **2.** Манчжурлардын империялык Кытай тарыхындагы ээлеген орду кандай экен? **3.** Цин Кытайынын ички саясаты кандай болгон? **4.** Цин Кытайынын тышкы дүйнө менен байланышы кандай өнүккөн? **5.** Кытай империясынын англиялыктар менен болгон мамилесине кандай маани бересиңер?

## § 23. Ыраакы Чыгыш: Корея жана Япония

**Кореядагы мамлекеттүүлүктүн калыптанышы.** Биздин замандын башында Корей жарым аралын бир нече уруулар мекендеген. Алардын эң күчтүүсү жарым аралдын түндүгүндөгү *көгүре* протокорей уруусу болгон. III–IV кк. бул аймакта *Көгүре, Пекче* жана *Силла* деген уруулук үч протомамлекет пайда болгон.

IV к. аягынан тартып Кореяга Кытайдан буддизм тараган. Кореядагы буддизм Кытай буддизмине караганда өтө күчтүү болгон. Кытайдагы идеялар жана институттар Кореяга оңой-олтоң эле көчүрүлө калган эмес. Ал жергиликтүү уруулардын айыгышкан катуу каршылыктарына дуушар болгон, уруулар ортосундагы чабыштарды жараткан. Бул, албетте, үч мамлекетти тең алсыраткан. Көгүре уруусунун жоокер эли Суй Кытайынын императору Ян-динин жортуулунун мизин майтарган. Ошондуктан Корея көз карандысыздыгын сактап калган. VII к. экинчи жарымында Тан аскерлеринин жардамы менен Силла душмандарын жеңип чыгып, бүткүл Кореяны бириктирип, формалдуу түрдө Тан Кытайынын вассалы болуу менен, жалгыз өзү бийлик жүргүзгөн.

Корея мамлекети Кытай мамлекетинин үлгүсүндө түзүлгөндүктөн, эки өлкөдө тең өнүгүү процессинин жана анын натыйжаларынын бирдей болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мында кеп экономиканын өнүгүшүнүн жана кризистердин циклдүү мүнөзү, ордонун бошоңдошу жана дыйкандардын көтөрүлүштөрүнүн мүнөздүү белгилеринин окшоштугу жөнүндө болууда. IX–X кк. көтөрүлүштөрдүн бири Силла династиясынын кулашына жана бийликти Көгүре династиясынын өкүлдөрүнүн тартып алышына алып келди. Бул династиянын негиздөөчүсү *Ван Гой* бүткүл Кореяны күч менен бириктирген да, борбордошкон түзүмдү чыңдоого жан үрөп аракет кылган. Ал бир нече реформаларды жүргүзгөн. Эң биринчи кезекте буддизмди мамлекеттик дин катары кабыл алган. Натыйжада конфуцийлик окуунун, анын идеяларынын

жана институттарынын таасири сакталып эле тим болбостон, администрациянын, жашоо ыңгайынын негизи катары, кытай иероглифтик жазуусу колдонулган маданияттын негизи катары жогору бааланган.

Мамлекет *Корё* деп атала баштаган. Мамлекеттин европалык тилдеги эквиваленти – *Корея* – дал мына ушул аталыштан келип чыккан. Чиновниктер кызматына жараша жер үлүштөрүнө ээ болушкан. Алар жарандык жана аскердик чиновниктер болуп экиге бөлүнгөн. Агрардык мамиле системасында будда монастырларынын жер ээликтери чоң орунду ээлеген. Дыйкандар толук укуктуу – *янин* (буга салык төлөгөн шаардыктар да кирген) жана укуксуз абалдагы *чхонин* (булар малмүлксүз, салык да төлөбөгөн катмар, эч ким жасабаган кир жумуштарда иштешкен, ырайымсыз эзилген) болуп экиге бөлүнгөн.

Корёнун өкүмдарлары түзүмдүн стабилдүүлүгүн сактоого аракет кылчу. Ошол максатта 976-ж. жалпы мамлекеттик жер кадастры түзүлүп, жерди иштетүүгө катуу көзөмөл киргизилген. А бирок Кореяда да Кытайдагыдай эле жер ээликтерин кеңейтүү процесси жүрүп, абройлуу ак сөөктөрдүн жарым автономиялуу ири уделдери пайда болгон. Натыйжада борбордук бийлик бошоңдоп, саясий-социалдык жактан алсырай баштаган. Мындай абал XII к. өзгөчө күчөгөн, анткени улам бир жерде дыйкандардын көтөрүлүштөрү, ак сөөктөрдүн козголоңдору чыгып, вананын бийлиги чектелип калган. XIII к. моңголдордун каардуу чапкыны башталган. Монголдорго каршы күрөш 1231–1258-жж. камтып, узакка созулган.

Монголдор Кореяны Японияга басып кирүү плацдармына айландырып, ондогон жылдар үстөмдүк кылган. Моңголдорго каршы кыймыл күч алып, Кореядагы Миң династиясынын болочок башкаруучуларынын ортосунда айыгышкан күрөш башталып, алар монголдордун Юань жана Миң династиясын жактоочулар болуп экиге бөлүнүп кеткен. Жаңы Миң династиясынын ван **Конмин** (1352–1374-жж.) өзү жетектеген тарапкерлери моңгол аскерлеринин калган-катканын 1356-ж. өлкөдөн кууп чыгышкан. 1392-ж. генерал Ли Сон Ге мамлекеттик төңкөрүш жасап, өзүн Ли деген жаңы династиянын негиздөөчүсүмүн деп жарыялаган. Ал династия Кореяны 1910-ж. чейин башкарып турган.

**Корея соңку орто кылымдарда. Ли династиясы.** Жаңы династия өлкөдөгү козголоңчу феодалдардын «желин» тез эле чыгарып койгон: 1392-ж. указ менен феодалдык ак сөөктөрдүн

жер ээликтери жана артыкчылык укуктары жоюлуп, натыйжада алар экономикалык таянычсыз калган. Өлкөдөгү жердин баары борбордук өкмөттүн карамагына өткөрүлгөн жана дыйкандарга таратылып берилген. Өлкө *Чосон* деп жаңыча аталып, ал эми борбору Сеул шаары болуп калган. Чосондун тышкы саясий статусу Миң Кытайы менен сүйлөшүүлөр аркылуу жөнгө салынган: Корея Кытайдын сюзерендигин тааныганы үчүн автономияга ээ болгон. Ошондой эле кайрадан мамлекеттик конфуцийлик идеология орнотулган, бирок бул жолу буддизм расмий статусун жоготуп койгондуктан, чжусиандык үлгүдөгү неоконфуцийлик идеология жүргүзүлө баштаган.

XV к. Корея үчүн мамлекет катары көп ийгиликтерди жараткан кылым болду десе болот. Анткени бир канча административдик указдардын жардамы менен бекем чыңдалган борбордук бийлик беш кылымдан ашуун мезгил бийлик жүргүзүүгө мүмкүндүк берген. Ли династиясынын реформалары натыйжалуу болуп, өлкө каалагандай стабилдүүлүккө ээ болгон. Анын баасы өлкө XVI к. оор сыноолорго кабылган кезде даана билинди: корейлер турмуш кыйынчылыктарына туруштук бере алышты.

Кореянын түштүк жээктерин бир нече кылымдар бою япон каракчылары чаап кетип турушкан. Корейлер ага каршылык кыла баштаганда абройлуу сёгун Т. Хидэёси алым төлөөнү талап кылган. Корейлер бул талапты орундатуудан баш тартышканда, Хидэёси 1592-ж. 200 миң кишилик армиясын Кореяга аттандырып, бир нече жуманын ичинде Сеулду жана Пхеньянды басып алган. Анын бул жеңиштүү жүрүшү көз көрүп, кулак укпагандай ырайымсыздык менен коштолгон. Буга жооп кылып элдик согуш башталган. Анын башында Корей флотунун аскер башчысы *Ли Сун Син* турган. Япон флотунун таш-талканын чыгарып, япон экспедициялык корпусунун беделин кетирген соң, Ли Сун Син деңизге үстөмдүк кылып калган. Мында Миң Кытайынын жардамы зор болду. Көп өтпөй Сеул жана Пхеньян бошотулуп, сүйлөшүүлөр жүрө баштаганда, корей ак сөөк ордо кызматкерлеринин тобу Ли Сун Синдин кадыры артып баратышынан чочулап, ага каршы кутум уюштурушат да, аны кызматынан четтетип салышат. Анын айынан корей флоту дароо эле жеңилип калат. Ошондуктан 1597-ж. Лини кайрадан башкы командачы кылып дайындашат. Күрөш корейлер үчүн канчалык оор болсо дагы, акыры япондор өлкөдөн куулуп чыгарылган.

Арийне, жеңиш борбордун бийлигин чыңдап деле жиберген эмес. Ич ара күрөш мурдагыдан да күч алып, бирде Түндүк, бирде Түштүк партиялар жеңишке жетип турган. Ошол мезгилдерде Кореянын түндүгүндө манчжурлардын күч-кубаттуу жаш мамлекети калыптана баштаган. Корейлердин Миң Кытайын колдоого жасаган аракеттери оңунан чыкпай, манчжурлардын 1627-ж. жана 1636-ж. басып кирүүлөрүнөн кийин, Корея баш ийүүгө аргасыз болот да, 1637-ж. келишим боюнча өзүнүн али Кытайды басып ала элек Цин империясына вассалдыгын моюнга алат.

XVII–XVIII кк. Кореяда өтө татаал жана карама-каршылыктуу процесстер жүргөн. Агрардык жана салык системалары өркүндөтүлгөн. 1608-ж. *тэдонми* – бирдиктүү күрүч салыгы киргизилген, башка салыктар да сакталып калган. Жеке менчик жер ээлиги өнүккөн. Өкмөт ага каршы мамлекеттик кредиттөөнү күчөткөн. Жашоо-турмушу начарлап жакырданып кеткен дыйкандар көтөрүлүштөргө чыгышкан. Ошентип олуттуу реформаларды жүргүзүү зарылдыгы бышып жетилген.

Король Ёнчжонун XVIII к. ортосундагы реформалары дыйкандардан алынуучу салыктардын айрым категорияларын жеңилдеткен жана тең укуксуздардын статусун көтөргөн. Ал реформалар салтка айланган конфуцийлик нормалардан баш тартууга жана европалык идеяларды кабыл алууга багытталган жаңыча саясий кыймылдар менен коштолгон. Бирок жүргүзүлгөн реформалардан эч майнап чыккан эмес. XVIII–XIX кк. экономикадагы кризистик көрүнүштөр кайрадан пайда болгон, бул жолу ал шаарларды да кучагына алган. XIX к. биринчи жарымында дыйкандардын жана шаардыктардын жаңы көтөрүлүштөрү башталып, кылым ортосунда өлкө аймагына жайылган. Регент Тэвонгундун XIX к. 60-жж. реформаларынын сериясы өлкөдөгү чыңалуу абалын жеңилдетүү аракетинде жүргүзүлгөн, бирок натыйжада төбөлдөрдүн саясий күрөшү ого бетер курчуп кеткен. Ал күрөштүн башкы маселеси өлкөнүн келечегине байланыштуу эле: күн тартибинде Кореяны тышкы дүйнөгө ачуу керекпи же обочолонуу саясатын уланта берүү керекпи деген маселе турган. Кореянын портторун дүйнөлүк соода-сатык алакалары үчүн ачуу маселеси боюнча дөөлөттөрдүн кысымы барган сайын күч алган. Алар бул максатта Японияны ортомчу катары пайдаланышып, акыры колониялык капитал үчүн жол ачылат: XIX к. 80-жж. Корея тең укуксуз келишимдердин олжосуна айланып, чет өлкөлүктөр

үчүн эшик ачмак тургай, аларга бир топ жеңилдиктерди да берүүгө мажбур болот. Ошентип өлкөнүн жарым колонияга айлануу процесси башталган.

**Сёгундарга чейинки Япония (XII к. чейинки).** Япон аралдарында, б.з. алгачкы кылымдарында эле ар түрдүү этностордогу, ал тургай, расалардагы элдер жашаган. Япондор манчжур-тунгус монголоид урууларынын палеоазиялык жана малайлык уруулар менен аралашуусунун натыйжасында жаралган. Алардын ичинен Ямато тобу III–V кк. башка элдерди баш ийдирип алып, Япон аралдарындагы алгачкы мамлекеттин пайдубалын түптөгөн. Японияда III к. эле Кытайдан жана Кореядан келген мигранттар көп болгон.

VI к. тартып кытайлардын – адегенде Суй, андан соң Тан империяларынын таасири күч ала баштаган. Кылымдын аягында Японияда принц *Сётоку-тайси* бийликке келип, «17 статьядан турган мыйзамды» (604-ж.) кабыл алган. Анда конфуцийлик окууга жана буддизмге негизделген өкүм сүрүү жана башкаруу принциптери жазылган. Алардын ичинен эң башкысы өкүмдардын жогорку эгемендүүлүгү жана кичүүлөрдүн улууларга кыңк этпестен баш ийип турушу болгон. Сётоку Японияга кытай жана корей кечилдерин жана кол өнөрчүлөрдү зор урмат менен чакыртып келген жана жаш япондорду Кореяга жана Кытайга окууга жиберген.

Арийне, коомду жана мамлекетти уюштуруунун кытайлык үлгүсүн жигердүүлүк менен алышканына карабастан, Япониянын башкаруучулары стабилдүү жана күчтүү борбордошкон системаны түзүүгө али даяр эмес болчу. Уруулар, ак сөөк үйлөр ортосундагы бийлик үчүн жүргөн айыгышкан күрөштөрдө *Сога* үйү жеңип чыккан. 645-ж. анын каршылаштары «Тайка төңкөрүшүн» уюштурушуп, бийликке *тэнно* («Асман уулу») титулун алган принц *Кару* келген. Соганы тактан кулатууга жардам беришкен **Фудзивара** үйүнүн өкүлдөрү анын оң колу болуп калышкан.

Тайка реформалары 701-ж. Тайхорёнун атайын кодекси менен толукталып, япондук социалдык жана саясий түзүмдүн негизин түзгөн. Дал ошол реформалар Япониянын борбору Нара шаарына көп сандаган ак сарайлар, храмдар, монастырлар курулган, проспекттер салынган мезгилдеги (VIII к.) япон маданиятын түптөгөн. Япондордун байыркы дини *синто* («жандардын жолу») кытай даосизми менен байытылып, буддизмге каныктырылган.

Ошентип япондор өздөрүнүн улуу коңшусунан калышпоого жан үрөп аракеттенген. Ошентсе да, Япониянын Кытайдан жана Кореядан, ошондой эле көпчүлүк Европа өлкөлөрүнөн өтө айырмалап турган өзгөчөлүктөрү да бар эле. Япондор баягы эле кытай үлгүсүндөгү Хэйан (Киото) деп аталган жаңы шаарды куруп, 794-ж. ага өлкөнүн администрациялык борборун көчүрүшкөн жана аны Япониянын жаңы борбору деп жарыялашкан. IX–XI кк. Фудзиваранын таасири күч алгандыктан, императорлор алардын колундагы марионеткаларга айланып калышкан.

**Сёгундардын доорундагы Япония (XII–XIX кк.).** Регенттердин жана экс-императорлордун каршылык көрсөтүүлөрүнүн натыйжасында XII к. Фудзивара үйүнүн бийлиги бошоңдой баштаган. Ушундай кырдаалда ак сөөк Тайра жана Минамото үйлөрүнүн атаандаштыгы күч алган. Акырында өлкөнүн түндүк-чыгыш тарабында ар бири өз жер үлүштөрү жана жакшы кирешелери бар, кыйла жакшы уюштурулган жана мыкты аскерий даярдыктардан өткөн самурай аскерлерине ээлик кылган **Минамото үйү** жеңишке ээ болгон. 1192-ж. *Минамото Ёримото* өлкөнүн **сёгун** титулун алган жогорку аскерий өкүмдары болуп жарыяланган. Сёгундун жана өкмөттүн (*бакуфунун*) ордосу Камакура шаары болуп калган.

Минамотонун тарапкерлери наараазы болгондордун каршылыктарын күч менен басып, атаандаштарынын жерин конфискациялап, лендик ээлик катары өздөрүнүн самурайларына таратып берген. Бул өлкөнүн агрардык түзүмүн өзгөртүп жиберген: мурдагыдай эле ак сөөктөрдүн ээликтеринин, баарынан мурда, Минамотонун, императордун жана анын тууган-уруктарынын, ошондой эле айрым күчтүү вассалдардын ири жер ээликтеринин сакталып калганына карабастан, самурайлык майда ээликтер басымдуулук кылып кеткен. Иш жүзүндө өлкөдөгү бийлик вассалдардын ичинен эң таасирдүүсү Ходзёнун укумтукумдарынын колуна топтолгон. XIV к. мына ошол Ходзёлор Хубилайдын монгол армиясына каршылык көрсөткөн. Буюктурган бороон-чапкындай болгон *камикадзелер* монголдорду быт-ырата талкалап, өлкөдөн кууп чыгышкан.

XIII к., өзгөчө XIV к. япон шаарларынын гүлдөп өнүгүү доору башталган. Анын бир нече өбөлгөлөрү болгон. Биринчиден, сандаган самурайлары, кол өнөрчүлөрү, дыйкандары жана кулдары кошо жашаган ири ак сөөктөрдүн зор ак сарайлары көбөйгөн. Экинчиден, будда секталарынын жана монастырла-

рынын саны арбыган, аларга жакын зыяратчыларды тейлеген көп сандаган кол өнөрчүлөр жана соодагерлер жайгашкан. үчүнчүдөн, автономиялуу шаарлар, негизинен, порт шаарлар пайда болгон. Алар да кол өнөрчүлүктүн, соода-сатыктын жана шаар маданиятынын чордонуна айланган. Порт шаарлардагы соода-сатык иштеринде өз алдынча күч катары XI–XII кк. пайда болгон япон каракчылары чоң роль ойногон. Бара-бара Кытай, Корея жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрү менен туруктуу соода жүргүзүлүп, ал өлкөнүн гүлдөп өнүгүшүндө башкы ролду ойной баштаган.

XIII–XIV кк. Япония экономикалык кризиске дуушар болгон. Самурайлар өздөрүнүн аскерий аброюн жана тийиштүү деңгээлин сактап калуу үчүн карызга баткандыктан, лендерин сата башташкан. Самурайлардын басымдуу бөлүгү сёгунда (мамлекетте) кызмат өтөгөндүктөн, бара-бара мамлекеттик түзүм да бошоңдой баштаган. Узакка созулган ич ара кагылыштардын натыйжасында *Асикага* жеңишке ээ болуп, 1335-ж. ал өзүн сёгун деп жарыялаган да, анын укум-тукумдары Японияда 1573-ж. чейин бийлик жүргүзгөн.

Борбору Киото шаары болгон Асикаганын сёгундугунун доору бейкут мезгил деле эмес болчу, өлкө гүлдөп өнүккөн деле эмес. Анын тескерисинче, уруулар ортосундагы чабыштар күч алып, Асикагага каршы улам бир күчтүү үй көтөрүлүп турган. Ошентип, 1467–1477-жж. өлкөдө кадимкидей эле чоң согуш жүргөн. Ал *Онин жылдарынын согушу* деп аталган. Сёгундардын бийлиги номиналдуу бийлик болуп калгандыктан, XV–XVI кк. Япония бир нече бөлүктөргө бытырап кеткен. Мына ушундайча бүлүнүүнүн натыйжасында дыйкан көтөрүлүштөрү күчөгөн. Аларга жакырланган самурайлар (*кокудзиндер*), селсаяк рыцарлар (*самурай-рониндер* – төрөсү жоктор) жана жакыр шаардыктар кошулган.

Ошентип, XVI к. ортосунда Японияда борбордошкон өкмөт, сёгундук да, императордук да бийлик жок болуп калган. Ошондуктан өлкөнү кайрадан бириктирүүнүн азаптуу түйшүгү башталган. Бул тарыхый милдетти Япониянын Ода Набунага, Тоётоми Хидэёси жана Токугава Иэясу өңдүү белгилүү ишмерлери ишке ашырган. Атак-даңктуу болууну самаган Ода даймёлорду биринин артына бирин кыйратып отуруп, акыры 1573-ж. Асикага үйүнүн акыркы сёгунун талкалаган да, өлкөнү кайрадан бириктирүү вазийпасын ишке ашырууга киришкен. 1582-ж. Ода дүйнөдөн өткөндөн кийин дыйкандардын арасынан чыккан *Тоётоми Хидэёси* бийликке келип, өлкөнү бириктирүү

ишин аягына чыгарган, ал тургай, континенттеги басып алуулар аркылуу ээликти кеңейтүүнү самаган. Кореяга жасалган экспедициялардын ордунан чыкпай калышы аны бул ойдон баш тартууга аргасыз кылган. 1598-ж. ал да дүйнөдөн өтүп, *Токугава Иэясу* сёгун болуп калган. Ошентип токугавалык жаңы сёгундуктун «Мэйдзи исинге» чейин созулган узак доору башталган. Бул үчүнчү сёгундуктун борбору **Эдо (Токио)** шаары болгон.

XVI к. өлкөнү бириктирүүгө далалат кылышкан көрүнүктүү үч тарыхый ишмердин иш-аракеттерине баа берүүдөгү «баштаган, уланткан, бүтүргөн» деген классикалык формуладагы жыйынтык чыгаруу фазасы Токугава Иэясуга буюрган. Ал козголоңчу даймёлордун баарын өтө катаалдык менен бириктиргенден кийин, жетишкен ийгиликтерин чыңдоого багытталган реформалардын сериясын жүргүзгөн. Иэясу Токугава сословиелерди (самурайлар, дыйкандар, кол өнөрчүлөрү жана соодагерлер) катуу чектеген жана полициялык көзөмөл системасын жөнгө салган. Католик чиркөөсүнө каршы көз караштагы Токугава порттордун баарын жаптырып, Японияны тышкы дүйнөдөн обочолонтуп салган. Анткени, сёгундар европалыктар менен алакалашуу өлкөгө эч кандай пайда деле алып келбейт деп эсептешкен. Мындай обочолонуу өлкөнүн өнүгүшүнө тоскоолдук гана келтирген. Эгерде XVII к. реформалар япон экономикасын кыйла өнүктүргөн болсо, XVIII к. экономикалык кризистин башталышына өбөлгөлөр түзүлүп калган.

Токугава сёгундугунун кризиси XVIII–XIX кк., өзгөчө XIX к. 30-жж. мурдагыдан күч алган. Өлкөнүн түштүгүндөгү тодзама княздыктары, айрыкча Тёсю жана Сацума, сёгундардын алсырай баштаганынан пайдаланышып, контрабандалык соода-сатыктын эсебинен байый жана өздөрүнүн жарандык да, аскердик да өнөр жайларын өнүктүрө башташкан. XIX к. ортосунда АКШнын жана Европа дөөлөттөрүнүн күч менен «Японияны ачышы» Токугаванын кадырына урулган катуу сокку болгон. Ошондон кийин өлкөдөгү чет өлкөлүктөргө каршы жана сёгундарга каршы кыймылдар жуурулушуп, Киотодогу император ордосу өлкөдөгү бардык козголоңчу күчтөрдүн чордонуна айланган.

Ошентип, ар убакта ардакталып келсе да, эбак эстен чыгып калган император күтүлбөгөн жерден эле Япониянын улуттук-патриоттук символуна айланып калат. Императорду Тёсюдагы жана Сацумадагы княздар жана самурайлар, анын ордосуна ар

тараптан агылып келе баштаган рониндер, улуттук синто дининин тарапкерлери колдоп чыгышкан. Акырында, Япониядагы саясаттын тез арада өзгөрүшүнө кызыкдар болгон Англия да сёгунга каршы коалицияга колдоо көрсөтөт. Кыскасы, ушул кезде сёгундуктун күнү бүтүп бараткан эле.

1867–1868-жж. Япониянын тарыхында кыска мөөнөттүк каршылыктан кийин сёгундук биротоло ойрон болгон. Өлкөдөгү бийлик императорго, 16 жашар Муцухитого (Мэйдзи) өткөн.

**Суроолор:**

**1.** Кореяда мамлекеттик түзүлүш кандайча калыптанган? **2.** Кореянын экономикасындагы негизги чарба кайсы болгон? **3**. Кореянын тарыхында Ли династиясынын ролу кандай болгон? **4.** Корейлердин коңшу мамлекеттер менен мамилеси кандай эле? **5.** Сёгундарга чейинки Япония кандай эле? **6.** Сёгундар кандай саясат жүргүзгөн? **7.** Кореяга жана Японияга чет өлкөлүк, анын ичинде европалык таасирлер кандай болгон?

## § 24. Орто кылымдардагы Индия

**Кушандар. Гупталар.** Б. з. ч. II к. ортосунда борбордук азиялык *йуечжи* уруулары грек-бактриялыктарды сүрүп, алардын жерин ээлеп алган. Монгол талааларын жердеген хунну урууларынын кысымы астында йүечжилер Чыгыш Түркстан (азыркы Синьцзян) аркылуу батышты карай бет алып жүрүп отурушуп, Бактриянын аймагына отурукташкан. Бул уруулар коңшу элдерге кушандар деген ат менен белгилүү болгон. Бактриялыктардын эллиндик мурастарын өздөштүрүп алышкандан кийин, биздин замандын башында кушандар бирдиктүү ири мамлекетти түзүшкөн. **Кушан мамлекетинин** падышасы **Кадфиз IIнин** тушунда кушандар Парфия менен салгылашып, зор ийгиликтерге жетишип, аймагын кеңейтип алышкан да, андан ары Индияны көздөй жортуулга аттанышкан.

Ошентип алар даңазалуу падыша *Канишканын* тушунда, б. з. I к. ортосунда Индиянын жарымын Инди жана Ганг дарыяларынын алаптары менен кошо басып алышкан. Бул мезгилде Кушан падышалыгы эң күч-кубаттуу мамлекет болгон. Ал эми кушан маданиятынын грек-бактриялык негиздеги түндүк индия маданияты менен аралашуусунан улам кушандардын индиялаштырылуусу бул региондогу маданияттын жана искусствонун гүлдөп өнүгүшүндө маанилүү роль ойногон.

Белгилүү будда кечили Нагаржунанын күч-аракети жана Канишканын колдоосу менен жүргүзүлгөн реформанын натыйжасында буддизм эл арасында мурдагыдан да бекемделген. Ин-

диянын түндүк тарабында жана Гималай тоолорунун аймактарында (айтылуу Наланд монастыры) болжол менен миң жылга жакын ийгиликтүү өкүм сүргөнү менен, индуизм жана буддизм менен сиңишип кеткен байыркы брахманизмди биротоло сүрүп сала алган эмес.

Болжол менен б.з. II к. ортосунда Кушан мамлекети кулагандан кийин Индиядагы саясий дезинтеграция мезгили узакка созулган. IV к. башында гана Ганг өрөөнү, атап айтканда, Магадха аймагы жаңы ири саясий түзүлүштүн – *Гупт мамлекетинин* чордонуна айланган. IV к. аягында эң кубаттуу гүлдөгөн Гупт мамлекети өзүнүн түштүк тарабындагы аймактарды дээрлик бүт бойдон бириктирип алган. Бирок V к. ортосунда хунн-эфталиттердин соккусуна кабылып, ошондон оңоло албай, акыры V к. аягында кулап калган.

Түштүк Индия болсо өтө жай өнүккөн. Анын аймагында биздин замандын башталышында Гола, Пандья, Керала өңдүү алгачкы ири мамлекеттер калыптанган. IV к. башка мамлекеттердин ичинен *Паллав дөөлөтү* бөлүнүп чыккан. Бул кезде варна системасынын жана брахмандык индуизмдин авангарддык ролунун аркасында Индостандын түштүк аймактарына социалдык-маданий жана саясий-администрациялык түзүмдүн жалпы принциптерин жайылтуу жолу менен индиялаштыруунун натыйжасында түндүк менен түштүктүн ортосунда өнүгүү айырмачылыктары жокко эсе болуп калган. Мында классикалык индиялык түзүмдүн түпкү негизи болгон жамааттык түзүлүш да кыйла роль ойногон.

**Индиянын VI–XII кк. саясий тарыхы.** V–VI кк. Элдердин улуу көчү доорунда Индиянын түндүгүнө хунн-эфталиттер жана гуджарлар каптап киришкен. Бул жоокер уруулар Синддин, Раджастандын, Гужараттын жана Мальванын аймактарына отурукташкан да, жаңы этносаясий жалпылыкты – *раджпуттар* кастасын түзгөн.

VII–IX кк. аралыгында Гужаратта жакшы уюштурулган аскер түзүп алган раджпут княздары өздөрүнүн Пратихар мамлекетинин бейкуттугун эле камсыз кылбастан, 712-ж. арабдардын чапкынынын мизин да кайтарган. Андан соң, айлана-тегерегиндеги Раджпутана, Мальва өңдүү раджпут жерлерин бириктиргенден кийин, Түндүк Индия цивилизациясынын чордону болгон Ганг жана Жамна дарыяларынын аралыгындагы Доабаны каратып алышкан.

X–XI кк. чегинде мусулмандардын жаңы толкуну каптаган. Раджпуттардын Пратихар мамлекетине басып кирген

Махмуд Газневи Түндүк Индиянын сан жеткис байлыгына туйтунган. Ушул чапкындын натыйжасында Инди өрөөнү Газневи султандыгына каратылган.

Бытыранды майда мамлекеттерден турган Түштүк Индиянын аймагында да уруулар аралык кагылыштар ырбап, айыгышкан салгылаштар жүрүп жаткан кезде, XII–XIII кк. раджпуттардын княздыктарын каратып алышкан мусулман баскынчылары басып кирип, бул аймакты да тез эле баш ийдирип алган.

**Индиядагы мамлекет жана жамаат.** Орто кылымдардагы Индиянын варналык-касталык-жамааттык коомунда өндүрүүчүлөр менен мамлекеттин ортосундагы мамиле да адаттагыдан башкача болгон. Түзүмдүк жагы бошоң келген индиялык мамлекеттерде, ислам өлкөлөрүнө же Кытайга салыштырмалуу, мамлекеттин же мамлекет башчысынын жерге болгон укугу юридикалык жактан так аныкталган эмес. Буга жогоруда белгилүү болгондой, узак мөөнөткө өкүм сүргөн бирдиктүү бир мамлекеттин болбогондугу жана түзүлгөн мамлекеттердин жамааттык-касталык коомдук түзүлүштө өкүм сүргөндүгү себеп болгон. Бирок, ошондой болгону менен, Индиядагы мамлекет Жакынкы же Ыраакы Чыгыштагы мамлекеттерден айырмаланган эмес.

Индиядагы эксплуатация нормасы өнүккөн цивилизациялык коомдорго салыштырмалуу өтө төмөнкү деңгээлде болгон. Жамааттар мамлекетке түшүмдүн алтыдан бир бөлүгүн төгүшкөн, шаар калкынын, кол өнөрчүлөрдүн жана соодагеркөпөстөрдүн салыктары деле ушундай өлчөмдө болгон. Эгерде бул салык өлчөмдөрүн Кытайдыкы (ондон бир бөлүгү) жана ислам дүйнөсүндөгү өлкөлөрдүкү (мусулмандар үчүн ондон бирин түзгөн ушр салыгы) менен салыштыра турган болсок, индиялыктар казынага көп салык төлөгөндүгү айгине болот.

**Индия мусулман башкаруучуларынын бийлиги астында. Дели султандыгы (1206–1526-жж.).** XI–XII кк. чегинде Пратихар мамлекетинин кулашы ошол тапта адегенде Борбордук Азияда, андан кийин Афганстанда жана Иранда бекемделип алышкан мусулман түрктөрдүн Түндүк Индияга жасаган чапкынына туш келген. Адегенде XI к. биринчи чейрегинде Газневи эмири Махмуд басып кирген. XII к. 70-жж. Газневидеги бийлик Гурилерге өткөндөн кийин Мухамед Гури Пенжабды, Жамна жана Ганг өрөөнүндөгү раджпуттардын княздыктарын басып алган. Анын гулям кулдарынан чыккан аскер башчысы *Кутб ад-дин Айбек* 1206-ж. өзүн Гурилердин индиялык ээлик-

теринин султанымын деп жарыялайт да, Делини жаңы ээликтин борбору кылып алат.

Айбек жана анын көпчүлүгү гулямдардан турган жолун жолдоочулары (гулямдар династиясы) Дели султандыгын 1290-ж. чейин башкарып турган. Бул жылдардын ичинде мусулман түрктөрү султандыктагы бийлигин бекемдеп алышкан. Ислам жоокерлери икта түрүндөгү жер ээликтерине ээ болгон. Администрациянын башына хорасандык билимдүү жана кыйла тажрыйбалуу мусулмандар, негизинен персилер, коюлган. Жердин көбүн мусулман дин кызматчылары жана мечиттер вакуф түрүндө алышкан. Индиялык княздар мусулмандарга вассал катары баш ийип, алым төлөөгө милдеттүү болушкан.

1290-ж. гулямдар династиясы бийликтен кеткен. Түрк уруусунан чыккан *Ала ад-дин Хилжи* (1296–1316-жж.) ондогон жылдардан бери Индияга басып кирүүгө умтулган моңголдорго катуу сокку уруп, жакын жолотпой койгон. Андан кийин Деканга жана Түштүк Индияга жортуулга чыгып, басып алган аймактарды султандыкка кошуп алган. Айрым маалыматтар боюнча, бул жортуулдарда султанга 20 миң жылкы, 312 пил, 2750 фунт алтын жана сансыз көп өлчөмдөгү асыл таштар түрүндөгү олжо түшкөн. Хилжи борбордук бийликти жана империяны чыңдоо максатында бир катар реформаларды жүргүзгөн. Ал реформалар боюнча жердин мүмкүн болушунча көп бөлүгү мамлекеттик казынага өткөрүлгөн жана армия, жоокерлер казынадан натуралай жана акчалай акы алып турушкан. Ал үчүн азык-түлүктөрдүн, баарынан мурда дандын баалары катуу көзөмөлгө алынган. Соодагерлер ошол бааларды сактоого милдеттүү болгон. Жамааттардан алынуучу жер–дан салыгы түшүмдүн экиден бирине чейин көтөрүлгөн. Бирок бул чаралардын баары убактылуу гана ийгиликтерди берип, калктын айрым катмарларынын нааразылыгын жана каршылыгын күчөткөн. Ала ад-дин Хилжи дүйнөдөн өткөндөн кийин анын баары алынып салынган.

1320-ж. бийликке кайрадан гулямдардын Туглак династиясынан чыккан Мухаммед Туглак (1320–1351-жж.) келген. Туглак династиясы Дели султандыгын 1414-ж. чейин башкарып турган. Бирок Дели султандыгы мурдагыдай болбой, улам бошоңдоп, улам бир жеринен ажырай баштаган. 1398-ж. Амир Темир Дели султандыгынын таш-талканын чыгарып, калкынын көпчүлүгүн койдой мууздап, бир далайын Самаркандга айдап кеткен.

1414–1526-жж. Түндүк Индияда бийлик жүргүзүп турган Сайид жана Лоди династиялары өз бийликтерин чыңдап, душмандардын мизин кайтарып турушкан. Бирок, жалпысынан султандык урай баштаган эле. Чет-жакаларындагы улам бир ири провинциялар бөлүнүп кетип отуруп, акыры 1526-ж. Дели султандыгынын акыркы султаны Индиядагы Улуу Моголдор империясынын негиздөөчүсү **Бабурдун** колунан набыт болгон. Дели султандыгынын тарыхы сабак болорлук тарых болуп калган. Исламдык негизде түзүлгөн мамлекеттик түзүм ага чейин өкүм сүргөн байыркы жана орто кылымдардагы мамлекеттик түзүлүштөргө салыштырмалуу кыйла күч-кубаттуу жана жашоого жөндөмдүү болгон. Мусулмандык түзүм диний жана саясий башаты боюнча дайыма жана кайда болбосун бири-бирине куюлушуп тургандыгы менен күчтүү эле.

Индияда ислам дининин жана ислам мамлекеттеринин пайда болушу менен бул өлкөдөгү саясий кырдаал кескин түрдө өзгөрүлүп кетчүдөй сезилгени менен, андай болгону жок. Анткени ислам мамлекеттүүлүгүнүн алсыздыгы – ислам баскынчылары күчүнүн жетишинче аракеттенип жатып да эч таасир эте албай койгон индиялык салттуу коомдун каршылыгынын пассивдүүлүгү бул жаңы мамлекеттик түзүмдү ичинен бузгандыгында болгон.

**Түштүк Индиядагы XV–XVI кк. мамлекеттер.** XIV к. ортосунда Мухаммед Туглак Түштүк Индиядагы басып алган жерлеринен кетери менен Декандын борборундагы козголоңчул эмирлер ага каршы көтөрүлүшкө чыгышат да, Бахмандар династиясынын негиздөөчүсү Бахман дегенди башкаруучу кылып шайлап алышат. *Бахмани мамлекети* деле Дели султандыгы сыяктуу мусулман өлкөсү болгон. Мамлекеттик администрациясы, жер иштетүүнүн түрлөрү жана рента салыгын алуу да түндүктөгү стандарт боюнча түзүлгөн.

Бахмани мамлекетинин шах титулун алган башкаруучулары өлкөнүн түштүк жагындагы индус мамлекети *Вижаянагар* менен айыгышкан согуштарды жүргүзгөн, бирок андан эч деле натыйжа чыккан эмес. XV к. экинчи жарымында декандыктар менен келгиндердин ортосундагы ички саясий күрөш күчөгөн. Сунниттер менен шийиттердин өз ара жаңжалдары мамлекеттин бакубаттуулугуна анчалык деле катуу таасир этпегени менен, кылымдын аягында анын кулашына алып келген. Анын ордуна Бижапур, Берар, Бидар, Голконда жана Ахмаднагар деген өз алдынча беш княздык пайда болгон. Алардын эң ириси шахтык башкаруудагы Бижапур княздыгы

Индиянын Гоа аралына бекем орношуп алып, эми таасир этүү чөйрөсүн дагы кеңейтүүгө аракеттенип жаткан португалдарга каршы согушкан.

*Вижаянагар мамлекети* Бахмани менен бир мезгилде эле пайда болгон. XV–XVI кк. чегинде ал бир катар княздыктарды басып алып, ушуга чейин бул аймакта мурда болуп көрбөгөн индустардын ири мамлекетине айланган. Анын башкаруучусу махараджанын бийлиги анча чың болбой, улам бири алмашылып турганына карабастан, түндүктөгү мусулман коңшуларыныкындай тартипте түзүлгөн борбордук административдик бийлиги мурдагыдан кыйла күчтүү болгон. Ал эми биринчи министр махапрадхан улуу вазирдин варианты эле. Анын ведомстволордун башчыларынан, княздын, калктын айрым катмарларынын жана соодагерлердин өкүлдөрүнөн турган кеңеши мамлекеттик ишти тейлеп турган. Облустардын губернаторлору борборго баш ийип, эки-үч жылда бир алмаштырылып турган. Алар салыктардын жыйналышына, вассалдык княздардан алымдардын келип түшүшүнө көзөмөлдүк кылышкан. Округдардын башчылары деле ушундай милдеттерди аткарышкан.

Жер ээликтери да ислам өлкөлөрүндөгүдөй болуп кыйла татаал бөлүштүрүлгөн. Жер ээлөөнүн салттуу түрү сакталып калган жарым автономиялуу княздыктарды кошпогондо, өлкөнүн жери негизинен мамлекеттик болуп, же казынага, же шарттуу түрдө аскерлерге тиешелүү болгон. Алынган түшүмдүн үчтөн бир бөлүгү (мурдагы алтыдан бири деген үлүш тарых бүктөмүндө калган) казынага салык катары төгүлгөн.

Декандагы мусулман мамлекеттери менен тирешкен Вижаянагар португалдардын жардамына таянган. Индияда, Кытайдагыдай эле жылкы тукумун өстүрүүгө шарт жок болгондуктан, аларды алыскы өлкөлөрдөн сатып келишкен. Индияга жылкы негизинен Арабстандан жана Ирандан алынып келинчү. XV–XVI кк. жылкы алып келип сатуу ишин көбүнчө португалдар жүргүзгөн. Вижаянагардын махараджалары португалдарга бир кыйла жеңилдиктерди берүү менен, жылкыларды сатып алуу боюнча монополиялык укукка ээ болушкан. Бул алардын негизги согуштук күчүн түзгөн атчандар армиясын чыңдоого өбөлгө болгон. Махараджа *Кришна Дева Райянын* (1509–1529-жж.) башкаруусу саясий жактан караганда бир кыйла ийгиликтүү болгон. Ал португалдардын колдоосуна таянып, Бижапурга каршы жеңишүү согуштарды жүргүзгөн, ошондой эле шаарлардагы соода-сатык жана кол өнөрчүлүк

иштерин гүлдөтүп өнүктүргөн. Натыйжада Вижаянагар ошол доордогу индиялык мамлекеттердин эң ирисине жана эң кубаттуусуна айланган. Бирок 1565-ж. Таликотанын жанындагы салгылашта Вижаянагардын армиясы түндүктөгү бириккен султандыктардын күчү менен талкаланып, бул дөөлөттүн кулоо этабы башталган. Ошентип XVII к. башында ал анча чоң эмес княздыкка айланып калганда, аны Бижапур менен Голконда бөлүп алган.

### Суроолор:

**1.** Кушандар деген кимдер? Алар кандай мамлекетти түзүшкөн? **2.** Гупт мамлекети жөнүндө эмнени билдиңер? **3.** Индиядагы варналык-касталык иерархия кандайча түзүлгөн? Варналык система эмне себептен өзгөртүлгөн? **4.** Индиянын VI–XII кк. саясий тарыхы кандай болгон? **5.** Индияда мусулман башкаруучуларынын бийлиги качан орнотулган? Дели султандыгын ким түзгөн жана ал кандай мамлекеттик түзүлүш эле? **6.** Түштүк Индияда кандай мамлекеттер болгон?

## § 25. Иран

**Сасани Ираны.** Парфиянын вассалдык хандыктарынын бири Парс (Персия) өкүмдарлары бир убакта Ахеменилер дөөлөтүнүн чордону болуп саналган чөлкөмдө пайда болгон. Парфиянын түштүк-чыгышында жайгашкан Парс кыйла өнүккөн аймактардан эле. Ал жерди мекендеген перстер парфиялык ак сөөктөрдөй көчмөндөр эмес эле, тескерисинче, алар тээ эзелтеден бери келаткан түпкүлүктүү маданий каада-салттары, өз дини – *зороастризм,* Жарыкчылык жана Жакшылык күчтөрүнүн Караңгылык жана Жамандык күчтөрүнө түбөлүк каршы туруусу жөнүндө окуусу бар өнүккөн эл болгон. 226-ж. Эрандын (Ирандын) шахиншахы болуп такка отурган *Арташир* төрт кылымдан ашуун өкүм сүргөн *Сасани династиясына* башат салган. Сасани Ираны Парфиядан анын жерин дээрлик бүт бойдон мурастап алган. Ал эми Рим менен болгон согуштар улам жаңы ээликтерди каратып алууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Согушуп жаткан бул эки дөөлөт акыры IV к. аягында Закавказьедеги таасир этүү чөйрөлөрүн бөлүп алышкан. Ал боюнча Арменияныи көпчүлүк бөлүгү, Картли жана Кавказдык Албания Ирандын бийлигине караштуу болуп, Сасани дөөлөтүнүн провинцияларына айланган.

Зороастризм расмий дин болуп жарыялангандыктан, анын маданий-салттык үрп-адаттарын бардыгы тең бирдей сактоого тийиш болгон. Өлкөнүн калкы болсо расмий түрдө төрт

чоң сословиелик топко бөлүнгөн. Алгачкы үч тобу – жрецтер, аскерлер жана катчы-чиновниктер – артыкчылык укугундагылар болуп саналган. Алар өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруудан башка эч нерсеге милдеттүү эмес эле: эч кандай салык төлөшпөгөн жана милдеткердиктерди аткарышпаган. Төртүнчү топту рента-салыктарын, алым-жыйымдарды төлөөчү, эмгек милдеткердиктерин аткаруучу карапайым эл, дыйкандар жана шаардыктар түзгөн. Бул топтордогулардын биринен бирине өтүшү дээрлик мүмкүн эмес болчу.

Мамлекетти катчы-чиновниктердин тобунан чыккан, мыкты адистик даярдагы бар адамдардан турган өнүккөн бийлик аппараты башкарган. Сасанилердин расмий дини зороастризм болгондуктан, зороастрийлик храмдар көп курулган. Мамлекеттин ички стабилдүүлүгүн чыңдоого жакшы жардам бергендиктен, алар динге чоң маани беришкен. Ага карабастан, жалпы еретиктик кыймыл күч алган.

Андай кыймылдардын эң алгачкысы *манихейлик* болгон. Анын негиздөөчүсү вавилондук **Мани** (216–276-жж.) бул динди христиан дининин таасиринде түзгөн. Манинин башкы рааны бу дүйнөдө *Караңгылыктын* жана *Жамандыктын* күчү *Жарыкчылыктын* жана *Жакшылыктын* күчүн кысымга алып бараткандыгы, ошондуктан адам аскеттик жашоо ыңгайында (элден, турмуш жыргалчылыгынан безүү) өмүр сүрүшү керектигин даңазалоо болгон. Манихейлик бүткүл Иранга тез эле тарап, ал тургай, батыштагы Испанияга, Чыгыш Түркстанга чейин жетет. Адегенде ага анча маани беришпеген Сасани башкаруучулары анын мынчалык жайылып кетишинен кооптоно башташат да, 276-ж. Манини дарга асып, манихейлердин баарын куугунтуктап, Ирандан кууп чыгышат.

Экинчи кыймыл *маздакизм* болгон. Манихейликтен эки жарым кылымдай кеч, V к. аягында пайда болгон бул еретиктик окуу социалдык жактан алганда кыйла радикалдуу болгон. Анын негиздөөчүсү **Маздак** да ошол эле Караңгылык менен Жамандыктын кысымы жөнүндө тезиске таянуу менен, алардан арылып, *Жарыкчылык* менен *Жакшылыкка* жол ачуу үчүн адегенде аң-сезимге жана адилеттүүлүккө кеңири жол ачуу керек деген. Ал өзүнүн шакирттерине жана жолун жолдоочуларга ишти менчикти бөлүштүрүүдөн: байлардын ашыкча байлыктарын кедейлерге бөлүштүрүп берүүдөн баштоону сунуш кылган.

Маздакчылардын жардамы менен текебер ак сөөктөрдүн жинин кагып коюу жана өз бийлигин чыңдоо максатында ша-

хиншах **Кавад** бул кыймылды адегенде колдоп чыгат, ал тургай, Маздакты өзүнө кеңешчи кылып алат. Көп өтпөй эле маздакчылар бийликке каптап киришип, аз жерден шахиншахтын өзүн да тактысынан ажыратып коё жаздашат. Маздакчылардын Иранда дээрлик отуз жылга жакын үстөмдүк кылып турушу өлкөдөгү ак сөөктөрдүн шайын кетирип, башкаруучуларга бир топ эле пайда алып келген. Арийне, шахиншахка кыйла жардам көрсөткөн маздакчылар эми, асыресе анын негиздөөчүсү Маздактын көзү өткөндөн кийин, ага кереги жок болуп калган, алтүгүл артык баш жүк боло баштаган. Ошентип, 529-ж. ханзаада **Хосров** маздакчылардын төбөлдөрүн азгырып тузакка түшүрүп, ырайымсыздык менен көздөрүн тазалайт да, андан соң, маздакчыларды жазалоо репрессиясы жүрүп, акыры алар биротоло жок кылынат.

Сасани Иранындагы манихейлик да, маздакчылык да зороастризмдин расмий дин катары алсыздыгын жана мамлекеттин социалдык-саясий түзүмүнүн бошоңдугун ашкерелеген. Ошондуктан узак мезгил тактада отурган шахиншах **Хосров I** (531–579-жж.) бир катар маанилүү реформаларды жүргүзгөн. Жердин басымдуу бөлүгү, маздакчы ак сөөктөрдөн тартылып алынгандары менен бирге мамлекеттик фондго киргизилген. Ал жерлер разряддарга жана категорияларга бөлүштүрүлүп, дыйкандарга таратылып берилген. Алар алган жерлери үчүн категориясына жараша *хараг* салыгын төлөшкөн. Мына ушул жер-салык реформалары жана администрациялык реформалар өлкөнүн өнүгүшүнө да, бийликти чыңдоого да өбөлгө болгон.

Ошентип VI к. тартып Сасани Ираны гүлдөп өнүккөн өлкөгө айланган. Ушул мезгилдеги жигердүү тышкы саясаттын жана жаңы жерлерди басып алуунун негизинде Ирандын эл аралык аброю артып, эл аралык транзиттик соода-сатык жолу Арабстандын деңиз жээктери менен эмес, Ирандын аймагы аркылуу өтүп, кыйла ийгиликтерди алып келген. Иран айыл чарбасындагы жаңы маданий өсүмдүктөр болгон күрүчтү, кант камышын өстүрүүнү, жибек өндүрүүнү дал мына ушул VI к. баштап өздөштүрө баштаган. Ирандын кол өнөрчүлүгү да жакшы өнүгүп, күмүштөн жасалган буюмдарынын даңазасы арткан. Ошондой эле ушул кылымда жана VII к. алгачкы он жылдыктарында Иран Византия менен болгон согуштарда да ийгиликтерге жетишкен.

Арийне, VII к. 20–30-жж. Сасанилер ордосундагы ички чыр-чатактардан чыккан кризистин күч алышынан улам Иран бошоңдой баштаган. Мына ушул кезде араб-ислам баскынчы-

ларынын жеңиштүү жортуулдары башталып, 30–40-жж. Ирандагы Сасанилер династиясы кулаган, Араб халифтигинин курамына кирген Иран исламдаштырылган. Ошентип, Ирандын миңдеген жылдык тарыхында таптакыр жаңы доор башталган.

**Соңку орто кылымдардагы Иран. Сефеви мамлекети.** Моңгол баскынчылары тарабынан түзүлүп, бир кылымдан бир аз ашык мезгил өкүм сүргөн ильхандардын мамлекетинин негизги бөлүгү Ирандын аймагында жайгашкан. XIV к. 30–40-жж. анын саясий жактан кулоосу башталган: ильхандар менен тирешкен Чыңгыз тукумдары көз карандысыз султандыктарды жана эмирликтерди түзүүгө умтулушкан. Арийне, шийиттердин кубаттуу кыймылы ильхандардын бийлигин кулатып, 1353-ж. шийит сарбедарлар акыркы ильханды өлтүрүшкөн. Бир убакта Иранга тиешелүү болгон Ирактын, Афганстандын жана Закавказьенин аймагында *Желайыр, Мозеффер* жана *Курдстан* мамлекеттери пайда болгон. Бирок, 1381-ж. Темирландын аскерлеринин кыйраткыч соккусуна кабылган бул өлкөлөрдүн баары тең жашоосун бир убакта токтоткон.

Темирлан дүйнөдөн өткөндөн кийин анын зор дөөлөтү мураскерлеринин талашып-тартышуусунан улам бытырап бөлүнүп кеткен. Ошентип, Закавказье жана Курдстан аймагында, Ирактын жарым бөлүгүндө түркмөн эмири Кара Юсуф башкарган Кара-Коюнлу мамлекети пайда болгон. Анын түштүк тарабында түркмөндөрдүн дагы бир конфедерациясы – Ак-Коюнлу мамлекети түзүлүп, ал 1468-ж. Кара-Коюнлуну басып алган. Ошол окуядан кийин Чыгыш Иран, же болбосо Хорасан султандыгы Темир тукумунун колунда калган. Ал эми Батыш Иран, Ирандын ортоңку бөлүгү болгон Курдстан, Армения жана Ирак Ак-Коюнлунун курамына кирген. Бул мамлекеттин башчысы Узун Хасан (1453–1478-жж.) коңшу элдерди жана өлкөлөрдү чаап алып турган, ал эми реформаларды жүргүзүү жагында көп деле ийгиликтерге жетишкен эмес.

XV к. аягында дервиштик Сефевийя орденинин жогорулашына ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Бул орденге мындай аталышты суфи уюмунун түзүүчүсү шейх Захиддин окуучусу жана күйөө баласы шейх Сефи ад-Дин (1252–1334-жж.) берген. Сефевийя орденинин мүчөлөрү баштарына 12 ыйык имамдын урматына 12 кабат кызыл тилкелүү өзгөчө чалма чалынып жүрүшкөндүктөн, *кызылбаштар* деген атка конушкан. Алар шийизмди тутушкан.

1499-ж. он эки жашар Исмаил шейх башкарган кызылбаштар түндүк азербайжандык ширваншахка каршы аттанып, анын жеринин жарымын Бакы жана Шемаха менен кошо басып алат да, андан ары түштүктү карай бет алып, Ак-Коюнлу султандыгын каратат. Ошентип 1502-ж. Тебризде Исмаил (1502–1524-жж. башкарган) жаңы Сефевилер династиясынын (1502–1736-жж.) шахиншахы болуп жарыяланат. Ошондон көп өтпөй Исмаил жана анын жолун жолдоочулар Иран жерин, ошондой эле Азербайжанды, Арменияныи жарымын, Иракты, Түркмөнстанды жана Афганстанды каратып алган. Бул жаңы мамлекеттин расмий дини **шийизм** (имамдык) болуп калат. XVI к. 70-жж. башында бир катар элдик көтөрүлүштөр болуп, натыйжада шах бийлиги бошоңдой баштаган. 1576-ж. Тахмаспа шах дүйнөдөн өткөндөн кийин анын он эки уулу менен ар түрдүү көчмөн элдердин ортосунда узакка созулган кандуу кармаштар башталган.

Ирандагы мындай абалдан пайдаланган Түркия Ширван менен Азербайжанды, Тебризди басып алат. Бухаранын өзбек ханы Ирандан Хорасандын жарымын, Гераттын тегерегиндеги афган жерлерин басып алат. Афганстандын калган аймагын Индиядагы Улуу Моголдор династиясынын өкүмдарлары талаша башташат. Ирандын аймагы аркылуу өтүүчү кербен жолдору жана деңиз соода каттамдары, атап айтканда, Волга – Каспий жолу душмандын колунда калат. Салыктарга белчесинен баткан дыйкандар көтөрүлүштөргө чыгышып, туш-тарапка кача башташат. Мына ушундай шартта 17 жашар Аббас шах болуп жарыяланат. Аббастын жаштыгынан пайдаланышып, кызылбаштар бийликти өз колдоруна алмакчы болушту эле, акылдуу, амалкөй жана бийликчил башкаруучу **Аббас I** (1587–1629-жж.) ага жол берген эмес. Ал бийликти бат эле өз колуна алып, көтөрүлүштөрдү да, ич ара жаңжалдарды баскан. Ал адегенде эле, 1587–1588-жж. Гераттын жана Хорасандын жанында өзбектерди талкалап, андан кийин 1590-ж. түрктөр менен келишим түзгөн. Андан кийин борбордук бийликти, административдик башкарууну чыңдаган жана экономиканы көтөргөн бир катар реформаларды жүргүзгөн. Шахиншахтын бийлигин кескин түрдө чыңдоого өбөлгө болгон реформалар жигердүү тышкы саясаты үчүн да өбөлгө болгон. Аббас I Түркияга каршы ийгиликтүү согуш жүргүзүп, 1590-ж. ага берилген жерлерин кайтарып алган. Улуу Моголдордон Кандагарды тартып алып, Персия булуңундагы эң маанилүү эл аралык соода порту болгон Хормоз аралынан португалдар-

ды кууп чыккан, европалык дөөлөттөр менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, англиялык Ост-Инд компаниясын колдоого алган. Аббастын тушунда Ирандын Россия менен элчилик ымалалары түзүлгөн (1588-ж.). Мына ошентип, Сефеви Ираны Аббас Iнин реформаларынын жана саясатынын аркасы менен XVII к. биринчи чейрегинде ички саясий кубаттуулукка жана тышкы саясий таасирдүүлүккө жетишкен. Аббастын көзү өткөндөн кийин да анын мураскорлору мына ошол кубаттуулуктун үзүрүн көрүшкөн. А бирок ал мезгил көпкө созулган эмес.

**Сефеви Ираны Аббастан кийин. Надир шах.** Аббастын ордун басуучулардын тушунда борбордук бийлик бат эле бошоңдоп кеткен. Ошонун натыйжасында салык жүгү оордоп, жабыр тарткан дыйкандар жерлерин таштап, көр оокаттын айынан туш-тушка тентип кете башташкан. 1710-ж. шахиншах Султан Хусейн дыйкандарды жерге бекитүү жөнүндө атайын *ферман* кабыл алган. Соода-сатыктын жакшы жүрбөй калышынан шаардыктардын абалы да начарлаган. XVII–XVIII кк. чегинде шаарларда да, айылдарда да бир катар көтөрүлүштөр болуп өтөт.

Ирандагы ички чыр-чатактар анын тышкы душмандары Россия менен Түркиянын максаттарынын ишке ашырылышын бир топ жеңилдеткен. Орустар 1722–1723-жж. Дербентти жана Бакыны, ал эми түрктөр Чыгыш Закавказьени, дээрлик бүтүндөй Азербайжанды жана Батыш Ирандын бир аз бөлүгүн басып алган. Ирандыктардын Мазендаранда шах Тахмаспа IIнин айланасына биригүүсүнүн натыйжасында гана түрктөрдү жана афгандарды кууп чыгууга мүмкүн болгон. Бул салгылаштарда душманды жеңип чыгууда Тахмаспанын таланттуу аскер башчысы, афшар уруусунан чыккан Надир хан башкы ролду ойногон. 1729-ж. Надир Исфаханды алып, Тахмаспаны кайрадан Сефевилердин тактысына отургузган. Кийинки жылдардагы согуштук ийгиликтер Сефевилердин бийлигин империянын бүткүл аймагы боюнча калыбына келтирген жана Надирдин кадырын ого бетер арттырган. Көп өтпөй эле Надир Тахмаспаны тактан түшүрүп, 1736-ж. өзүн Ирандын шахы деп жарыялаган.

*Надир шах* (1736–1747-жж.) тышкы саясатты жигердүүлүк менен жүргүзүүнү уланткан. Ал империянын мурдагы жерлерин кайтарып гана тим болбостон, бир катар ийгиликтүү жортуулдардын натыйжасында Грузиянын жарымын, Арменияны жана Дагстанды, Азербайжанды, Афганстанды жана Белужстанды бүт бойдон Иранга кошуп алып, империясынын айма-

гын кыйла кеңейткен. Бухара жана Хива хандыктары Надирге вассалдары катары баш ийишкен. Надир шах 1739-ж. Индияга жасаган жортуулунда мындан өткөн ийгиликтерге жетишкен. Улуу Моголдордун аскерин талкалап, Делини талап-тоноп алган Надир өзүнүн борбору Мешхедге кулак угуп, көз көрбөгөндөй мол байлыкты – өзүнө калтырган 500 *млн* рупийлик жана жоокерлерине таратылып берилген 200 *млн* рупийлик асыл таштардан турган кенчти алып келген.

Мына ушундай зор байлыкка туйтунган Надир шах кайсы бир учурга чейин иран калкын салык төлөөдөн бошоткон, замбирек жана анын окторун куюучу заводдорду курдурган, дыйкандардын жана шаардыктардын өз конуштарына кайтып келүүлөрү үчүн шаарларды жана плотиналарды калыбына келтирүү чараларын көргөн.

Надир шах дүйнөдөн өткөндөн кийин Иран терең кризиске кабылып, бытырап бөлүнүп кеткен. Хорасанды Надирдин небереси Шахрух бийлеп калган. Түндүк Азербайжан, Грузия жана Армения хандыктары көз карандысыздыкка ээ болгон. Түндүк Ирандын жарымын кажар уруу башчылары, Түштүк Иранды зенд уруу башчылары басып алган. Чыгыш Иран болсо кайрадан афгандардын колуна өткөн.

**Афгандар жана Дуррани империясы.** Ошентип Ирандын негизги аймагында Надир шахтын мурастарын ээлеп калуу үчүн айыгышкан күрөш жүрүп жатканда, анын чыгыш бөлүгү афгандардын колунда калган. Канчалаган кылымдардан бери Афганстандын аймагы ар кайсы мамлекеттердин – Ахеменилердин, Бактриянын, Кушандын, Сасанилердин бийлигинде, Араб халифтигинин, Газневи жана Гури эмирликтеринин курамында болгон. XIV–XV кк. Темирландын дөөлөтүнө, андан кийин Улуу Моголдор дөөлөтүнө каратылган.

Уруулук негизде түзүлгөн алгачкы афган хандыктары – Пешаварга жакын аймактан орун алган Хаттак хандыгы, Герат жана борбору Кандагар болгон Гилзай хандыктары XVI–XVII кк. тартып саясий роль ойной баштаган.

Надир шах дүйнөдөн өтүп кеткенден кийин абдали уруусунун жол башчысы Ахмад хан өз жоокерлери менен Кандагарга келип, 1747-ж. өткөрүлгөн *жиргеде* Афганстандын шахы болуп шайланган. Ахмад шах (1747–1773-жж.) абдали уруусун *дуррани* («жакут») деп өзгөртөт да, дурранилер жаңы түзүлгөн мамлекетте орчундуу позицияны ээлешет. Ошондон тартып Дуррани деп атала баштаган бул мамлекеттин аймагы Ахмад шахтын тушунда абдан кеңейген. Эми ага Кашмир, Синд, Бе-

лужстан, Хорасан, Балх жана башка аймактар караштуу болуп, Ахмад шахтын дөөлөтү арткан.

Ахмад шахтын дүйнөдөн өтүшү менен Дуррани дөөлөтү да акырындап кулай баштаган. Ошентип XIX к. башында мурдагы бирдиктүү чоң мамлекеттин ордуна Герат, Кабул, Кандагар, Пешавар ж. б. майда хандыктар пайда болгон. Арийне, эмир Дост-Мухаммед кайрадан Афганстанды бириктирүү күрөшүн баштаган жана 30–40-жж. биринчи англ-афган согушунан кийин максатына жеткен. А бирок бул биригүү анча деле бекем болбогондуктан, 1878–1880-жж. экинчи англ-афган согушунан кийин биротоло мизи майтарылбаса да, бытырап бөлүнүп калган Афганстан узак жылдар бою Британ империясынын протектораты болуп калган.

**Иран алгачкы кажар шахтарынын бийлиги астында.** 1796-ж. өзүн Ирандын жаңы шахымын деп жарыялаган Ага Мухаммед хан өлкөнүн биримдигин калыбына келтирүүгө жан далбастап умтулган ырайымсыз канкор өкүмдар болгондуктан, бат эле, 1797-ж. ордо кутумчулары тарабынан өлтүрүлгөн. 1801-ж. бийлик үчүн айыгышкан күрөштө жеңип чыккан кажар уруусунун өкүлү Фатх Али шах (1801–1834-жж.) такка отурат. Ал өлкөдөгү абалды жөнгө салуу жана борбордук бийликти чыңдоо үчүн көп күч-аракет жумшаган. Шаарларда кайрадан кол өнөрчүлүк жана соода-сатык өнүгүп, товарлар экспортко чыгарыла баштаган. Арийне, тышкы соода мамлекеттик монополияга айланган эмес. А бирок XIX к. башынан тартып чет өлкөлүктөр, баарынан мурда, европалык оторчулар басымдуулук кыла баштаган.

Кажар Иранынын саясий түзүмү мурдагыдан бир аз айырмаланып турган. Өкмөттү башкы визир Садр-азам башкарган министрлер жетектеген. Жергиликтүү бийликтерди өз административдик аппараттары бар 30га жакын облустун жана 4 провинциянын башкаруучулары тейлеген.

Фатх Али шах Россия жана Түркия менен бат-бат эле согушуп турган, арийне, анын көпчүлүгүндө жеңилип калгандыктан, Россияга Грузияны, Арменияны, Түндүк Азербайжанды тарттырып жиберген. 1821–1823-жж. иран-түрк согушунда шах ийгиликтерге жетишкени менен, тынчтык келишиминин шарттары боюнча куру жалак калган. 1828-ж. Түркманчай келишими боюнча Россия басып алган аймактарын ого бетер бекемдеген жана соода-сатык иштеринде артыкчылыктарга, Каспий деңизинде аскер кемелерин жүргүзүү укугуна ээ бол-

гон, ошондой эле Иран ага зор контрибуция төлөөгө милдеттендирилген.

Россия менен Түркияга кекенген шах бирде Франциядан, бирде Англиядан жардам сурап кайрылып турган. Ал экөө тең ага жардам берүүдөн аянышпай, XIX к. деңгээлине жооп бергидей туруктуу армияны даярдап чыгарууга көмөктөшүү максатында аскердик элчилерин жиберип турушкан.

Персия булуңу байыртадан бери эле соода-сатык иштери үчүн тогуз жолдун тоому деп эсептелгендиктен, XIX к. 30–40-жж. колониялык дөөлөттөр Иранга сүңгүп кире баштаган. Россиянын Иранга карата бир катар артыкчылыктуу укуктарга ээ болгон келишиминен кийин Англия да, Франция да Иран үчүн ушундай эле тең укуксуз келишимдерди түзүүгө жетишкен. Бул келишимдер Иранга чет өлкөлүк капиталдын акырындык менен киришинде, арзан баадагы европалык товарлардын, машиналык өнөр жай буюмдарынын экспортунун көбөйүшүндө өз ролун ойногон, ошонун натыйжасында өлкөдөгү ички соода бүлүнүп, ирандык кол өнөрчүлөр жакырдана баштаган. Ошондой эле өлкөдөгү товар-акча жүгүртүүнүн темпи болуп көрбөгөндөй тездик менен өсүп, ар кандай алык-салыктарга баткан дыйкандар ого бетер жакырданган.

### Суроолор:

**1.** Сасани Ираны кандай мамлекет болгон? Аны негиздеген ким эле? **2**. Зороастризм кандай дин экен? **3.** Еретиктик кыймыл жана анын агымдары жөнүндө эмне билдиңер? **4.** Сефеви мамлекети качан түзүлгөн жана ал кандай дөөлөт эле? **5.** Сефевийя орденинин тарыхый мааниси эмнеде? Анын мүчөлөрү эмне үчүн «кызылбаштар» деген атка конгон? **6.** Шахиншахтардын бийлиги качан башталган? Аббас Iнин реформалары жөнүндө айтып бергиле. **7.** Ирандагы Надир шахтын империясы кандай өнүккөн?

## § 26. Түштүк-Чыгыш Азия: Шри-Ланка (Цейлон), Индикытай өлкөлөрү жана аралдар дүйнөсү

**Шри-Ланка (Цейлон).** Цейлон географиялык жана тарыхый-маданий жагынан алып караганда Индияга ыкташып кеткенине карабастан, дайыма Индикытай менен тыгыз байланышта болуп келген. Бул аралдагы мамлекеттүүлүктүн калыптанышындагы алгачкы белгилер жөнүндө айтуу кыйын. Б. з. ч. III к. Индиядан будда динindеги мигранттардын келиши менен жергиликтүү калк индиялык цивилизациянын

элементтери менен таанышып, *курч* эккенди үйрөнгөндөн кийин, бул аралда алгачкы туруктуу мамлекеттик түзүлүштөр пайда болгондугу ырас.

Цейлондун б. з. ч. III к. – б. з. XII к. бир жарым миң жылдык саясий тарыхы аралда буддизмдин таасирин чындоо менен байланышкан. Индиядан келген мигранттардын жергиликтүү калк менен ассимиляцияланышынын натыйжасында биздин замандын башында *сингал* этносу калыптанган. Сингал башкаруучулары буддизмди катуу сакташкан жана коргошкон. Аралга мезгил-мезгили менен тамилдер жана индустар басып кирип турган.

XII–XV кк. Цейлондо феодалдык-сепаратисттик тенденциялар күч алып, өлкөнү айрым гана башкаруучулар кыска гана мөөнөткө бириктире калып турушкан. Аралдын түштүк-батыш бөлүгү бир кыйла жакшы өнүгүп, ал жакта өз алдынча жана бай өлкө *Котте мамлекети* пайда болгон. Анын кирешесинин негизин кокос пальмасы жана корица дарагы түзгөн. Сан түркүн татымалдарды, өзгөчө корицаны, Индия аркылуу европалыктарга транзиттик соода-сатык жүргүзүү Цейлонго кирешени агылтып киргизип турган. Адегенде европалыктардын бул арал тууралуу эч кабары болгон эмес. Арийне, татымалдар өлкөсүн карай алып баруучу жолдорду ээлеп алуу XV–XVI кк. Улуу географиялык ачылыштарга жол ачкан эң маанилүү стимул болгону белгилүү. Бул ачылыштардын эпкиндүү демилгечилеринен болгон португалдар XVI к. башында эле Цейлондун түштүк-батышындагы Котте шаарына Коломбо фортун куруп, орун-очок алып алышкан болчу. Ошондон көп өтпөй эле алар аралдын ортоңку бөлүгүндөгү Канди мамлекетин да баш ийдирип алышат.

Бирок XVI к. аягында удаама-удаа чыккан көтөрүлүштөрдүн жана согуштардын натыйжасында португалдар сүрүлүп отуруп, акыры XVII к. ортосунда Цейлондон биротоло куулуп чыгарылган. Анткени менен алардын ордуна голланддар келишкен да, корица менен соода-сатык кылуу монополиясын ээлеп алышкан. XVIII к. голланддар да куулуп чыгып, алардын ордун англдар ээлеп алышкан.

Плантациялык чарба өлкөнүн көнүмүш агрардык түзүмүн тез эле өзгөртүп жиберген. Көпчүлүк дыйкандардын жерлери тартып алынып, өздөрү плантацияларда иштеген батрактарга айланган. Кошумча жумушчу күчү кээде Индиядан да алып келинген.

**Бирма.** Бирмадагы мамлекеттүүлүк салыштырмалуу алганда кеч түзүлө баштаган. Тарыхый маалыматтар боюнча, бул аймактардагы б. з. ч. 2-миң жылдыктагы эң байыркы аборигендерди түндүк жана түндүк-чыгыш тараптан келишкен монкхмерлер кысып кирип, алардан кийин б. з. ч. 1-миң жылдыкта түндүк жактан мезгил-мезгили менен тибеттик-бирмалык уруулар каптап кирип турушкан. Бирманын түштүк-батышындагы *Аракан* протомамлекети, калыбы, эң байыркы өлкө болсо керек.

Кийинчерээк, болжол менен IV к. азыркы Бирманын чок ортосунда пью уруусунун Шрикшетра протомамлекети, түштүгүндө мондук Раманадес мамлекети пайда болгон. Буларда буддизм жана Вишну индуизми үстөмдүк кылган.

Мына ушул алгачкы мамлекеттик түзүлүштөр кийин кыйла өнүккөн Паган королдугунун түзүлүшүндө маанилүү роль ойногон. Паган королдугу XI к. тартып бирмалыктар ээлеген түндүк аймактарды да, мон өлкөсүн да бириктире баштаган.

Будда чиркөөсүнүн жана ак сөөктөрүнүн экономикалык өңүтүнүн чыңдалышы менен XII к. аягында Паган королдугунун биротоло калыптанып бүтө элек борбордошкон түзүмү бошоңдой баштаган. Бул дөөлөт бытырап бөлүнө баштаган кездеги, XIII к. экинчи жарымындагы, моңголдордун чапкыны анын кулашын тездеткен. XIV–XV кк. Бирмада бир нече майда мамлекеттер өкүм сүргөн. XVI–XVII кк. Бирмада португалдардын пайда болушу менен кырдаал кескин өзгөргөн. Португал оторчуларынын жигердүү кысым көрсөтүүсүнүн натыйжасында Бирманын көпчүлүк бөлүгүн бириктирип турган *Ава княздыгы* түзүлгөн. Ава княздыгы жүз жылдан ашуун убакыт, же XVIII к. ортосуна чейин доорон сүргөн.

Өнүгүүдөгү кыйынчылыктарга карабастан, XVII к. Бирмада саясий интеграциялануу процесси жүргөн. Аскердик-саясий ийгиликтер анын бир көрүнүшү болгон: XIX к. башында аз убакытка болсо да индиялык *Ассам* жана *Манипур* княздыктары Бирмага кошулуп алынган. 1824–1826-жж. биринчи англ-бирма согушунда бул княздыктар менен бирге Аракан жана түштүктөгү Тенассерима жергеси англдар тарабынан аннексияланган Ава княздыгы түзүлгөн. Андан кийинки экинчи (1852-ж.) жана үчүнчү (1885-ж.) англ-бирма согуштарында да бирма жерлери аннексияланып, көз карандысыз Бирма мамлекети биротоло кыйрап калган.

**Тайланд (Сиам).** Тайланддагы үңкүрлөрдөн табылган адамзат тарыхынын эң байыркы дооруна тиешелүү коло буюм-

дар Тайланддагы шаар турмушунун, цивилизациянын жана мамлекеттүүлүктүн алгачкы издери биздин замандын башталыш мезгилине тиешелүү экендигинен кабар берет. Ал кезде бул аймакты жер ооп келишкен мон-кхмер уруулары байырлашкан.

Менам суусунун алабындагы эң байыркы мондук протомамлекеттер жөнүндө маалыматтар өтө эле аз. Кытай жыл баяндары болжол менен VII к. тиешелүү көз карандысыз Дваравати мамлекети болгон деп тастыктайт. VIII–IX кк. тартып мамлекеттин борбору Лобпури (Лавапура) шаары болуп калгандыктан, анын аталышы да өзгөргөн. Лобпури адегенде кхмерлердин, XI к. тартып Камбоджанын вассалы болгон.

XI–XII кк. Тайланддын аймагында этнос катары *тай* уруулары басымдуулук кыла баштаган. Алар XIII к. кубаттуу Сукотай мамлекетинин чегинде биригишкен. Ал Рамхамхенгенин (1275–1317) тушунда гүлдөп өнүккөн мамлекетке айланган.

Рамхамхенге дүйнөдөн өткөндөн кийин уруулардын өз ара чабыштарынын кесепетинен Сукотай мамлекети бошондой түшөт. Ич ара чабышта жеңип чыккан тай башкаруучуларынын бири Аютия шаарында жаңы борборду негиздеп, Раматибоди I (1350–1369) деген ат менен такка отурган. Раматибоди жана ал негиздеген *Аютия мамлекети* бүткүл тай жерлерин бириктирүү багытында жигердүү аракеттенген. XV к. тартып Аютия (Сиам) Индикытайдагы эң ири мамлекеттердин бирине айланган. Ал тургай, Камбоджа да анын вассалы болгон.

XVI к. ортосунда Аютия кыска мөөнөткө бирмалык Пегу мамлекетине көз каранды абалда болуп калган. 1584-ж. көз карандысыздык кыймылы күч алып, Наресуандын (1590–1605-жж.) тушунда бирмалыктар жана кхмерлер Аютиядан куулуп, тай жерлери бириктирилген да, Сиам мамлекети Индикытайдагы эң ири дөөлөттөрдүн бирине айланган. Бул региондогу башка өлкөлөр сыяктуу эле XVI к. Сиам да португалдардын, голланддардын, англдардын, өзгөчө француз көпөстөрүнүн колониялык экспансияларынын объектисине айланган. А бирок аларга кескин түрдө катуу каршылык көрсөтүлүп, XVII–XVIII кк. чет өлкөлүк соодагерлер куулуп чыгарылып, өлкө алар үчүн жабылган.

XVIII к. Сиам мамлекети Вьетнамды, Бирманы, алсыраган Лаос жана Камбоджа өлкөлөрүн каратып алган. Бул ийгиликтер ички кризисти четтетип, өлкөнүн экономикасынын, адабияты менен маданиятынын гүлдөп өнүгүшүнө өбөлгө болгон.

**Камбоджа.** Азыркы Камбоджанын аймагындагы эң байыркы мамлекеттик түзүлүш индиялаштырылган Фунан мамлекети болгон. Фунандын тарыхы негизинен кытай хроникалары аркылуу белгилүү. Ал маалыматтардын баары Фунан мамлекетинин саясий жана маданий башаты индиялык жана индиялык-буддалык мүнөздө болгонун тастыктайт.

VII–VIII кк. Камбоджа бир нече атаандаш мамлекеттерге бытырап бөлүнүп кеткен. Алардын өз ара чабышынын натыйжасында IX к. тартып Камбуджадеша (Ангкор Камбоджасы) күч алган.

XI к. Ангкор Камбоджасы гүлдөп өнүккөн мамлекетке айланган. А бирок XIII к. баштап бошоңдой баштайт да, коңшу өлкөлөрдөгү түштүк хинаяна буддизминин киришине жол ачылат. XIV к. баштап кудайлаштырылган монархтын теократиялык бийлиги жоюлуп, хинаяна буддизми мамлекеттик дин болуп калат. XV к. сиамдар Ангкорду талап-тоноп кетишкенден кийин, Камбуджадеша биротоло ойрон болот. Арадан анча көп убакыт өтпөй эле борбору Пномпень шаары болгон *Камбоджа мамлекети* кайрадан түзүлгөн.

XVI–XVII кк. Сиам жана Дайвьет (Вьетнам) Камбоджаны катуу кысымга алышкан. Камбоджалыктар канчалык каармандык кылышпасын, күч салмагы душман тарапта эле. Ошентип бул күрөш XIX к. Камбоджанын башкаруучуларынын аргасыздан Сиамдын жана Вьетнамдын кош кабат сюзерендигин таануусу менен бүткөн. Натыйжада Камбоджа сюзерендерине каршы жардамды сырттан издей баштаган. Француздар учурду сая кетирбей пайдаланып калышат да, Камбоджа Франциянын колониясына айланат.

**Лаос.** Лаостун аймагындагы алгачкы шаарлар жана протомамлекеттер кхмер жана тай маданияттарынын таасири аркылуу инди-буддалык негизде кыйла кеч калыптанган. Бул процесске IX–XIII кк. Наньчжаодогу саясий окуялардан улам жүргөн тай миграциясынын толкуну өбөлгө болгон. XIII к. Түндүк Лаос тайлардын Сукотай мамлекетинин курамына кирген. Ал эми Лаостун түштүк аймактары бул кезде кхмердик мамлекеттердин таасири астында турган. XIV к. лаостук бир нече княздык биригип, Лансанг мамлекетин түзгөн. Алардын туңгуч башкаруучусу Фа Нгун (1353–1373-жж.) өзээлигин кеңейтип, Тайланддын түндүк-чыгыш аймактарын каратып алган.

XIV–XV кк. Лансанг айрым тай княздыктарына көзөмөлдүк кылуу укугуна ээ болуу үчүн Аютия (Сиам) менен узак со-

гуштарды жүргүзгөн. Андан кийин Дайвьет менен, ал эми XVI к. Бирма менен согушкан. Бул кылымдар бирдиктүү Лаос мамлекетинин, анын адабияты менен маданиятынын гүлдөп өнүккөн доору эле. Сулигна Вонгс башкарган жылдары (1637–1694-жж.) Лансанг эң кубаттуу өлкөгө айланган. Бирок ал дүйнөдөн өткөндөн кийин өлкө бытырап, майда княздыктарга бөлүнүп кеткен. Ал княздыктардын ичинен эң күчтүүсү Вьентьян болгон. Анын башкаруучулары бирмалык Ава мамлекети менен бирге Аютия менен тирешип турган. XVIII к. аягында Сиамдын күч-кубаты артып турганда Вьентьянга каршы княздыктар биригип алып, Лаоско жортуулга чыгышкан. Жеңилип калган Вьентьян Сиамдын вассалына айланган. Жыйынтыгында анын аймагынын көпчүлүк бөлүгүн Сиам менен Вьетнам бөлүп алган. XIX к. 60- жана 80-жж. вьетнам-француз согуштарынан кийин Лаос Франциянын таасири астында калып, кийин анын протектораты болуп калган.

**Вьетнам.** Индикытайдын азыркы мезгилдеги элдеринин арасында сан жагынан кыйла көптүк кылган калк вьетнамдар болуп саналат. Вьетнамдардын тарыхы, эгерде мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүнөн баштай турган болсок, болжол менен, б. з. ч. III к. башталат. Намвьет (анын жарымы КЭР-дин аймагында) жана Аулак протомамлекеттери Цин Шихуандинин аскерлери тарабынан басып алынган. Цин империясы кулагандан кийин циндик аскер башчы өзүн түндүк вьетнамдык аймактын өкүмдары деп жарыялаган. Кийин, У-динин тушунда, б. з. ч. 111-ж. Түндүк Вьетнам баскынчыларга каршы айыгышкан салгылаштарга (43–40-жж. эже-сиңди Чынгдардын көтөрүлүшү) карабастан, кайрадан Кытайга каратылып алынган да, X к. чейин кытай башкаруучуларынын бийлигинде болгон.

Түндүк Вьетнамда X к. айыгышкан өз ара чабыштардын кылымы болгон. Тан династиясынын кулашы менен Түндүк Вьетнам Кытай үстөмдүгүнөн кутулган. Ошентип, XI к. Ли династиясынын башкаруусундагы (1010–1225-жж.) мамлекет пайда болгон. Ли династиясы 1069-ж. өлкөнүн аталышын *Дайвьет* деп өзгөртүп, алмаштырылып туруучу губернаторлордун башкаруусундагы 24 провинцияга бөлгөн. Саясий администрациясы кытай үлгүсүндө кайрадан түзүлгөн.

Ли династиясынын XII к. тышкы саясаты, өзгөчө тьямдар менен болгон күрөш, бир топ ийгиликтерди алып келген. А бирок, XII–XIII кк. династия бошоңдой баштаган. Ак сөөктөрдүн бири, король Чандын тууганы, жагдайдан пайдаланып,

1225-ж. ордо төңкөрүшүн уюштуруп, өзүн жаңы династиянын башкаруучусу деп жарыялаган. Ал династия 1400-ж. чейин өкүм сүргөн. Чандар күчтүү армияны жана аскер-деңиз флотун түзүшкөнү менен, моңголдордун чапкынынын мизин кайтарыш оңойго турган эмес. Аскерлерге кошулуп бүт эл түп көтөрө катышкан айыгышкан катуу кармаштардын натыйжасында жана моңголдордун аскер башчысы Сагатунун набыт болушу менен моңголдор артка чегинүүгө мажбур болушкан. 1289-ж. тынчтык келишиминин шарты боюнча кытайлык (моңголдук) Юань династиясы формалдуу түрдө Вьетнамдын сюзерени делип жарыяланганы менен, иш жүзүндө Дайвьет көз карандысыз мамлекет бойдон калган. Ушундай зор жеңишти камсыз кылган башкы аскер башчы Чан Хынг Дао бүгүнкү күндө да улуттук баатыр делип эсептелинет.

1371-ж. бийликке келген Хо Кюи Линин чечкиндүүлүгү менен борбордук бийлик күчүнө кирген. Хо бир катар реформаларды жүргүзүп, өлкөнү чыңдоого канчалык аракеттенгени менен, оппозиция күчтүү чыгып, ага жол берген эмес. Ошондой кырдаалда Кытайдын Миң династиясынын аскерлери Дайвьетке басып киришип, 1407-ж. Хонун бийлиги кулатылган. А бирок, Ле Лои баштаган патриоттук маанайдагы вьеттер кытай аскерлерин өлкөдөн сүрүп чыгарып, Соңку Ле династиясын (1428–1789-жж.) негиздешкен. Ле Лои Хонун реформаларын уланткан. Ошентип өлкө кайрадан гүлдөп өнүгө баштаган. Акыры, 1471-ж. түштүктөгү Тьямпа жери Дайвьетке биротоло бириктирилген.

XVI к. тартып Ле династиясынын башкаруучуларынын бийлиги бошоңдой баштап, ири сановниктер Нгуен, Мак жана Чин өлкөгө бийлик кылуу үчүн атаандаша башташат. Өз ара чабыштардын натыйжасында Дайвьет үчкө бөлүнүп калат.

XVII к. өлкөнүн түштүгүнө да, түндүгүнө да католик миссионерлери көп келе башташат. Эгерде Кытайда жана Японияда, ал тургай, Сиамда аларга эшик жабык болсо, Вьетнамда, анын тескерисинче, кеңири жол ачылган эле.

1802-ж. француздардын колдоосу менен Нгуендер бийликке келип, алар өздөрүн Нгуен династиясынын императорлорубуз (1802–1945-жж.) деп жарыялашкан. Ошентип, ал өлкө тарыхындагы акыркы династия болуп калган.

1804-ж. баштап өлкө расмий түрдө Вьетнам деп атала баштаган. Империялык бийликти чыңдоого багытталган реформалар жүргүзүлгөн. Арийне, өлкөнүн чарбасында чет өлкөлүктөр жигердүү роль ойноп, XIX к. ортосунан тартып Вьетнам Фран-

циянын колониясына айлана баштаган. Бул колонияга айлануу процесси 1858-жылдан 1884-ж. чейин жүргөн.

**Малайя.** Антропология, археология жана палеолингвистика илимдеринин маалыматтары Малайядагы б. з. ч. 3–1-миң жылдыктардагы эң байыркы негроид жана аустро-меланезоид расалык-этностук субстратка Түштүк-Батыш Кытайдан жер которуп келген малайя урууларынын неолит жана коло маданиятын кошо ала келишкен этномаданий катмары жуурулушуп кеткенин тастыктайт.

Биздин замандын башталышында Малайянын аймагында пайда болгон алгачкы протомамлекеттер жергиликтүү этностук жалпылыктардын өнүгүүсүнүн натыйжасы эмес эле, чет өлкөлүк анклавдар катары пайда болушкан.

Индияны исламдаштыруу процесси башталгандан кийин Гужараттагы соода флоту аркылуу индиялык көпөстөр Түштүк-Чыгыш Азияны көздөй агылып келе баштаган. Гужараттагы индиялык көпөстөрдүн көбү мусулман болгондуктан, малайялык-индонезиялык соода-сатык ишинде ислам дини башкы күчкө айланган. Ошентип, 1414-ж. Парамешвара Искендершах деген ысым менен расмий түрдө ислам динин кабыл алат да, өзү түзгөн **Малакк султандыгынын** өкүмдары болуп калат. Ошондон көп өтпөй эле ал бүткүл Малайяны тургай, Суматранын жарымын жана айланасындагы бир катар аралдарды басып алат. XV к. ортосунан бул султандыкта ислам дини бекем орногон. Дал мына ошол исламдык саясий жана социалдык институттардын жардамы менен Малакк султандыгы күчкубаттуу борбордошкон мамлекетке айланган. Жергиликтүү малайя тилинин алдыңкы планга чыгып, адабий тилге айланышына да мына ушул исламдаштыруу саясаты өбөлгө болгон.

Бирок XVI к. бул аймакка да португалдардын каптап киришинин натыйжасында 1511-ж. Малакк султандыгы кулап калган. XVII к. голланддар менен ымалалашып алышкан түштүк малайялык Жохор султандары португалдарды Малайядан кууп чыгышкан. Арийне, алардын ордун голланддар ээлеп алышкан. XVIII к. бою Жохор султандары голланддар менен чабышып турушкан. Акырында жохорлор жеңилип калып, бир кездеги кубаттуу Малакк султандыгы бир нече майда султандыктарга бытырап бөлүнүп кеткен. Анткени менен, бул жеңиш голланддарга деле ийгилик алып келген жок. XVIII к. Сингапурга бекем орноп алууга жан талашкан англиялык Ост-Инд компаниясы 1795-ж. голланддарды сүрүп чыгып, Малаккты ээлеп алган. Ал эми XIX к. англиялыктар Малайянын эң

башкы султандыктарын биринин артынан бирин каратып ала баштаган. 1819-ж. Сингапурду басып алуу менен, Англия Малайяны колонияга айландырган. 1824-ж. Лондон келишими менен Малайя англиялык таасир этүү чөйрөсү деп таанылган. Ошентип Малакк кысыгы аркылуу өтүүчү деңиз жолуна англиялыктар көзөмөлдүк кылып калат.

**Индонезия.** Индонезиядагы эң байыркы протомамлекеттер Түштүк-Чыгыш Азиянын бардык өлкөлөрүндөй эле б. з. IV–V кк. пайда болушкан. Явалык Матарам мамлекети VIII к. пайда болгон. Аны шивалык индус Санжай негиздеген. Матарам мамлекети XI к. жоюлуп кеткен да, анын ордуна Эрланга (Эрлангги) мамлекети түзүлгөн. Эрлангадан кийин XII к. күч-кубаттуу Кедири княздыгы өкүм сүргөн. XIII к. башында Кедиринин башкаруучусу кутумчулар тарабынан өлтүрүлгөн. Династиялык чабыштарда Кертанагара жеңип чыгып, Ява жерлерин бириктирүүдө бир топ ийгиликтерге жетишкен. Моңгол чапкыны кезинде ал да кезектеги кутумдун курмандыгы болот. Анын мураскору Вижайя болсо атаандаштарын жеңип чыгууда моңгол аскерлерин эпчилдик менен пайдаланган да, андан соң алардын жарым-жартылайын кырып салып, калганын өлкөдөн кууп чыккан.

Вижайя Мажапахит мамлекетин (1293–1520-жж.) түзүп, анын туңгуч өкүмдары болуп калат. Ошол мезгилден тартып Ява Индонезиянын кубаттуу саясий очогуна айланган.

Мажапахит Индонезия тарыхындагы эң ири мамлекет болгон. Анын ээлиги бүткүл Ява, Суматра, Калимантан, ал тургай, Сулавеси аралдарына чейин созулуп жаткан. Алардан сырткары архипелагдын көп сандаган майда аралдары да бар болчу. Мажапахитти каарман биринчи министр Гажа Мада (XIV к. 20–60-жж.) башкарып турган кезде өлкө болуп көрбөгөндөй гүлдөп өнүккөн. Бул көрүнүктүү саясий ишмер жерлерди бириктирүү үчүн эле аракеттенбестен, көп кырдуу империяны да эпчилдик менен башкара билгендиктен, азыркы кезде ал империяны Гажа Маданын ысымы менен аташат.

XIII к. Индонезия аралдарында ислам дини пайда болгон. XIV–XV кк. Түштүк-Чыгыш Азиядагы аралдар дүйнөсүндө алгачкы ири ислам мамлекетин – Малакк султандыгын түзгөн Парамешвара (Искендер-шах) Мажапахиттен качып чыккан. Исламдаштырылган малайялар, гужараттык мусулман индустар, арабдар жана персилер XV к. башында адегенде Суматрага, андан кийин Калимантан менен Явага каптап келе баштаган. Ошентип бул аралдарда көп сандаган өз алдынча майда

султандыктар түзүлүп, ошол мусулман султандардын коалициясы 1520-ж. Мажапахит мамлекетин кулаткан. Анын ордунда өз алдынча майда мамлекеттер, негизинен султандыктар пайда болгон. Алардын өз ара чабыштары XVI к. Индонезияда өзүнчө бир саясий вакуумду түзүп, португалдардын бул архипелаг аралдарына орун-очок алышын жеңилдеткен.

XVI к. аягында Мажапахиттин урандыларында Бантам мамлекети түзүлгөн. XVII к. башында Индонезияга голланддар жана англдар келе баштаган. Алардын өз ара атаандаштыгы голландиялык Ост-Инд компаниянын жеңиши менен аякталган. Кылымдын ортосунда тагдыр жазмышы менен Бантамдын ордуна экинчи Матарам султандыгы түзүлөт. Бул эки султандыкты кайраштырып коюп, акыры Голландия ал экөөнү тең каратып алат. Ошентип, XVIII–XIX кк. чегинде голландиялык Ост-Инд компаниясы жоюлуп, анын ээликтери бүт бойдон Голландияга өткөн.

Ушуну менен колониялык үстөмдүктүн жаңы этабы башталат. Индонезияга сугун артып, ага ээлик кылуу үчүн жан талашып жүрүп, Нидерланддар акыры архипелагдын кожоюну болуп калат. 1824-ж. Лондон келишими боюнча Индонезия Нидерланддардын толук ээлигине өтөт. Бул региондо ал кофе, тамеки, индиго ж.б. өндүргөн. Өтө ырайымсыздык менен эксплуатациялоонун катаалдыгынан Индонезия эли абдан жакырланып, өлкөнү ачарчылык каптаган.

**Филиппин архипелагы.** Географиялык жактан Филиппин – Түштүк-Чыгыш Азиянын аралдар дүйнөсүнүн бир бөлүгү. Филиппин архипелагы географиялык жана тарыхый жактан анын перифериялык бөлүгү болгондуктан, өтө жай өнүккөн. XVI к. Филиппинге испандар басып кирген мезгилде аралдардын бул кичинекей бөлүгүндө жашаган калк алгачкы жамааттык коомдон эрте мамлекеттик түзүлүшкө жаңыдан гана өтө баштаган экен.

Бул аралдардын жергиликтүү калкы *балангайлар* жамаат болуп жашашкан. Аны аксакалдар башкарган. Орточо өлчөмдөгү балангай 30–100 үй-бүлөдөн турган, бирок 1–2 миң үй-бүлөнү камтыган кыйла ирилери да болгон. Алардын бир кыйла өнүккөндөрү коңшулары менен чабышып, ийгиликке жетишкендери протомамлекеттерди түзүп алган. Аларды хинди термини менен *раджа* же *дато* деп аталган жеңип чыккан балангай-жамааттын аксакалы башкарган.

XV к. – XVI к. башында португалдар Малакктан кууп жиберген султан жана анын тууган-уруктары жер которуп, Фи-

липпинге келишкен. Архипелагдын түштүк тарабы тездик менен исламдаша баштаган жана алгачкы мамлекеттик түзүлүштөр султандык түрүндө болгон.

1521-ж. Молукк аралдарына бараткан Магелландын экспедициясы Себу аралына келип токтогондон тартып, архипелагды испандардын өздөштүрүүсүнө жол ачылган. Жергиликтүү башкаруучуларды баш ийдирип, биротоло орун-очок алууга жасалган алгачкы аракеттер ийгиликсиз болуп, Магеллан өзү Себуда көз жумган. Аны жеңип чыккан *Лапу-Лапу* ушул кезге чейин көз карандысыздык үчүн күрөштүн туңгуч баатыры катары ардакталат. XVI к. ортосунда испандар бул архипелагда өздөрүн кожоюн сезип калышкан. Ал тургай, 1542-ж. архипелагга принц Филипптин (Испаниянын болочок королу Филипп II) урматына **Филиппин** деген аталыш ыйгарылган. 1570-ж. Манила портунун курулушу менен, XVI к. аягында испандар архипелагдын түндүк жана борбордук бөлүгүнө толук ээлик кылып калышат да, басып алган аймактардын калкын бүт христиандаштырышат. Ал эми архипелагдын испандар «Моро (маврлар) өлкөсү» деп атаган мусулмандык түштүгү XIX к. чейин козголоңчу периферия бойдон калган. Алар азыркы мезгилде да Филиппиндин башка бөлүктөрүнөн айырмаланып турат.



Лапу-Лапу.

Филиппиндин башкаруу системасы Испаниянын латын америкалык колонияларынын үлгүсүндө калыптанган: 270 жер үлүшү түзүлүп, испан оторчуларына *энкомиендге* (камкордук кылууга) берилген.

XVII к. эл аралык абалдын оордошу жана Европадагы согуштар бирде голландлар, бирде англдар басып кирип турган Филиппинге да таасир эткен. Испания болсо башка колониялык дөөлөттөргө караганда бошоң болгондуктан, өлкөнүн экономикасы анча жакшы өнүккөн эмес. XIX к. башында Испанияда күч-кубаттуу жаңы буржуазия пайда болуп, өкмөт архипелагга башка өлкөлөрдүн экономикалык капиталынын киришине каршылык кыла албай калат да, тамекиге жана аны сатууга королдук монополия жоюлуп, колониялык жеке менчик капиталисттик чарба өнүгөт. Филиппинде кант камышы, индиго, кендир буласы өндүрүлө баштайт. Ошентип акырындык менен негизинен кытайлардан жана кытай ме-

тистеринен турган улуттук буржуазия калыптанат. Ошондой эле филиппиндиктердин испандар менен тең укукта болууга умтулгандыгын көрсөткөн улуттук аң-сезими да калыптана баштаган.

### Суроолор:

**1.** Картадан Түштүк-Чыгыш Азияны көрсөткүлө. **2.** Шри-Ланка кандай өнүккөн? **3.** Бирмадагы мамлекеттүүлүк эмне үчүн кеч түзүлгөн? **4.** Тайланддын эч бир дөөлөттүн колониясы болбогондугунун себеби эмнеде эле? **5.** Камбоджа жөнүндө эмне билдиңер? **6.** Лаос тарыхынан билгениңерди айтып бергиле. **7**. Вьетнамдын жана башка Индикытай өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүмдөрү эмне себептен Кытай үлгүсүндө түзүлгөн? **8.** Түштүк-Чыгыш Азиядагы аралдар дүйнөсүнө кайсы мамлекеттер кирет? Малайя мамлекеттери кандай түзүлүштө өнүккөн? **9**. Индонезияда кандай мамлекеттер болгон жана алар кандай өнүккөн? **10.** Филиппин архипелагындагы мамлекеттик түзүлүштөр башкаларга караганда эмне себептен кеч түзүлгөн?

# V БӨЛҮМ
# ЖАҢЫ ДҮЙНӨ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

## § 27. Европа өлкөлөрүнүн экономикалык, социалдык жана саясий өнүгүшү. Реформация

**Улуу географиялык ачылыштардын натыйжалары.** XVI к. – XVII к. биринчи жарымында мурдагыдай эле феодалдык түзүлүш үстөмдүк кылып турган. Бирок, Батыш Европанын алдыңкы өлкөлөрүндө капиталисттик ишканалар пайда болгон. Анткени, Улуу географиялык ачылыштар капиталисттик өндүрүштүн өнүгүшүнө зор түрткү берген. Чиеленген соода жолдору жаңы өнүгүп келаткан капиталисттик түзүлүштүн өнүгүшүнө шарт түзүп, эмгек куралдарын жакшыртууга, дыйкандар менен кол өнөрчүлөрдүн эмгек тажрыйбаларынын топтолушуна өбөлгө болгон. Натыйжада XV–XVI кк. техниканын өнүгүшүндө жаңы зор ийгиликтерге жетишилген. Кен казууда жана кол өнөрчүлүктө суу кыймылдаткычтары пайда болгон.

Металл иштетүүдө ушундай баранын жардамы менен салмагы бир тоннага чейин жеткен барскан кыймылга келтирилген. Кагаз өндүрүшүндө суу кыймылдаткычынын жардамы менен пресстер көтөрүлүп жана төмөн түшүрүлүп турган; мындай кыймылдаткычтарды кен казуу ишинде кенди алып чыгуу үчүн да, шахталардан сууну сордуруп чыгаруу үчүн да пайдаланышкан. Бул кыйла терең шахталарды казууга жана кенди көп казып алууга мүмкүнчүлүк берген. Металлды атайын станоктордо – токардык, жылмалоочу, бурoo кесүү станокторунда иштетишкен.

Металлды эритүүдө жана иштетүүдө өзгөрүүлөр болгон. Мурда аны майда устаканаларда абаны кол көөрүк менен үйлөтүп эритип келишкен болчу. XVI к. баштап домналарды – бийиктиги 4–3 *м* келген металл эритүүчү мештерди кура баштащат. Суу барасы зор күч менен аба үйлөп турган. Натыйжада домна меши эң жогорку температурага чейин ысып, темир эритилип, чоюн өндүрүлгөн.

Согуштук техника да өнүккөн. XVI к. чепти камоолоо үчүн оор жана жеңил талаа замбиректери, мылтыктар чыгарылган. Ядро пайда болгон. Согуш ишинде колдонулуучу ар кандай куралдар пайда болгон. Атылма куралдардын кеңири таралышы согуш ишиндеги төңкөрүшкө алып келген. Рыцарлардын туул-

га-соottору эми коргой албай калган. Дубалды тешип, талкалап кете турган замбиректер пайда болгон.

Деңизде сүзүү жана кеме жасоо иши өркүндөгөн. Карта, деңиз приборлору болбогондуктан, мурун ачык деңизге чыгуу кооптуу болгон. Моряктар жылдызга карап жол табышкан. Эми *компас* пайда болгон. Кеменин турган жерин аныктоочу приборлор – *астролябиялар* чыгарылган. Каравеллаларды кура башташкан. Алыска баруу эми мурдагыдай коркунучтуу болбой калган. XV–XVI кк. эң маанилүү техникалык ойлоп чыгууларды кол өнөрчүлөр канааттандыра алмак эмес. Анткени Батыш Европада курал жасоочу мастерскойлор, кеме куруучу верфтер, басмаканалар, ишканалар пайда болгон. Бул ишканалардын пайда болушу менен Европа элдеринин турмушу болуп көрбөгөндөй өзгөргөн.

Эмгек куралдарынын жакшырышы, ишканалардын өсүшү менен Батыш Европада товар көп чыгарылган. Бул кеңири соода-сатыкка жол ачкан. Европалык деңизде сүзүүчүлөр Чыгыш менен болгон соодадан зор кирешелерди алуу үчүн Азия өлкөлөрү менен түздөн-түз байланыш түзүүгө умтулган. Ошентип, капитализм акырындап өнүгүүгө багыт алган.

**Англия – капиталдын алгачкы топтомунун классикалык мекени.** XVI к. Англия аймагы боюнча анча деле чоң эмес өлкө болгон. Шотландия Британ королдугуна али кошула элек болчу. Калкы да Европадагы Германия, Франция же Испания мамлекеттерине салыштырмалуу бир нече эсе аз болгон. Калктын бештен бир бөлүгү гана шаарларда жашаган.

Бирок Англияда XVI к. капиталисттик чарбага өтүү процесси тез жүргөн. Англияда бул түйүндүү маселе тарыхка «дыйкандарды жеринен ажыратуу» деген аталыш менен кирген ыкма аркылуу жүзөгө ашырылган. Бул капиталдын алгачкы топтолуу процессинин өзөгүн түзгөн, тактап айтканда дыйканды жана кол өнөрчүнү майда жеке менчигинен ажыратып, капиталисттик ири жеке менчиктүүлүктү бекемдөө болгон.

Түштүк-Чыгыш Англиядагы дыйкандардын негизги чарбасы кой багуу болгон. Талаа жумуштарынан колу бош убакта аялдары жип ийрип, колго одуракай кездеме токушуп, жакын базарларга алып чыгып сатышкан. Ноотуга болгон суроо-талап көбөйө баштаганда бай көпөстөр кыштактарга келип, жүндү көп сатып алышып, айылдык жип ийрүүчүлөргө жана токуучуларга беришкен. Көпөстөр даяр кездемени шаарларга алып барып сатышкан же чет өлкөгө чыгаруу үчүн портко жеткиришкен.

Жакырданган дыйкандар үйлөрүндө көпөстөрдүн заказдарын да аткарышып, эмгеги үчүн жарыбаган акы алышкан. Көпөстөн ийрүү үчүн жүн, токуу үчүн станок жана эмгеги үчүн акы алуу менен жакырданган дыйкандар жалданып иштей башташкан.

Кол эмгеги колдонулган ишканалар *мануфактура* (латынча, «кол менен жасалган» дегенди билдирет) деп аталган. Бара-бара эмгектин бөлүнүшү пайда болгон. Жумушчуларды мануфактурага бириктирүү алардын ортосунда жумушту туура бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берген. Бирөө жүндү жууп, кургатса, дагы бирөө тыткан, андан кийин ийрилген. Ийрилген жиптер боёлуп, токууга даярдалган, акырында токулган. Мануфактурада эмгек ар түрдүү кесиптеги жумушчулардын ортосунда бөлүштүрүлгөн. Жумушчулардын ар бир тобу жалпы жумуштун өзүнө тиешелүү бир бөлүгүн аткарган. Мануфактурада эмгектин бөлүнүшү эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга шарт түзгөн. Ошентип, жалданма жумушчулардын эмгеги менен байыган мануфактура ээлери, көпөстөр, бардык байлар *буржуазия* табына айланышкан.

Феодалдардан айырмаланып, буржуазиянын чоң суммадагы акчасы, ишканалары, товарлары болуп, шаардык көп байлар жер ээликтерин сатып алышкан. Буржуазия *жалданма жумушчулардын* керт башын эркин койгон. Дыйкандан айырмаланып, жалданма жумушчунун жери да, чарбасы да болгон эмес. Эмгек акы алып, эптеп жан багуу үчүн кечке иштеген.

Ошентип, *мануфактура – бул эмгектин кол куралдары колдонулган жана жумушчулардын ортосунда эмгектин бөлүштүрүлүшү жүргөн капиталисттик өнөр жай ишканасы.* Мануфактуранын пайда болушу менен жаңы таптар – *буржуазия* менен *жалданма жумушчулар* пайда болгон.

XVI к. экинчи жарымында шаар калкынын өсүшү менен, нанга, этке ж.б. айыл чарба продуктуларына муктаждык күчөгөн. Натыйжада кыштактарда продукт өндүрүүгө атайы ыңгайлаштырылган ири чарбалар пайда боло баштаган.

Ноотуну сатуу кой өстүрүүгө, т.а. жүнгө болгон муктаждыкты күчөткөн. Ошондуктан лендлорлор жайыт үчүн жамааттык жерлер менен жайыттарды ээлеп алышып, ал жерлерге дыйкандардын мал багуусуна тыюу салышкан. Дыйкандардын жерлерин да күч менен тартып алып, аларды корукка ала башташкан. Бул тарыхта *коруктоо* деген ат менен белгилүү. Мунун натыйжасында Англияда жери да, эмгек куралдары да жок көп бош адамдар пайда болгон. Ошентип, Англия дыйкандарды

жеринен ажыратуу менен капиталды топтоонун натыйжалуу методун жана жумушчу күчүнүн рыногун жараткан. Капиталисттик өндүрүш үчүн жалданма жумушчу күчү пайда болгон. Ошондуктан К. Маркс Англияны капиталдын алгачкы топтолушунун классикалык мекени деп атаган.

Жеринен ажыраган он миңдеген адамдар селсаяк жана кайырчы болуп калышкан. Иш табуу абдан кыйын болгон. Мануфактуралар али аз эле, поместьеде ондогон дыйкан үй-бүлөлөрдүн ордуна бир эле койчу иштеген. Англиянын жолдорунда кайыр сурап жүргөндөр миңдеп өлүшкөн.

Англияда капиталдын алгачкы топтолуу процессинде жалданма жумушчу күчүнүн капиталын жаратуу менен бирге, ички рынок да кеңейген. Жакырданган майда өндүрүүчүлөр өндүрүштү жолго коюш үчүн керектүүлөрүн эми рыноктон сатып алууга аргасыз болушкан.

**Капиталдын алгачкы топтомунун булактары.** Англияда капиталдын алгачкы топтомунун булактары да пайдаланылган. Мамлекеттик карыз системасы пайда болгон. Королдук бийлик согуш жүргүзүүгө, деңиз флотун түзүүгө жана армияны кармап турууга ж.б. иштер үчүн каражатка муктаж болгон. Бул муктаждыкты чечүү үчүн өкмөт сүткорлордон, көпөстөрдөн, ишкана ээлеринен жогорку проценттеги карыз алган. Натыйжада карыз берүүчүлөрдө (кредиторлордо) каржаттардын топтомунун өсүшү камсыз болгон.

Өкмөт экспорттук товарларга бажы салыгын азайткан жана чийки зат менен азык-түлүктү тышка чыгарууга тыюу салган. Импорттук продукцияга жогорку бажы салыгын киргизген. Мындай соода саясаты ата мекендик өндүрүштү чет өлкөлүк атаандаштыктан коргогон. Мындай метод протекционисттик система деп аталып, калыптанып келе жаткан буржуазия ички рынокто жогорку бааны камсыз кылууга жетишүүгө жана кыйла акча топтоого мүмкүнчүлүк алган.

Англия Голландия сыяктуу эле капиталдын алгачкы топтом булактарынын бири катары колониялык экспансияны пайдаланган. XVI к. колониялык басып алууларды баштап, XVII к. Борбордук жана Түндүк Америкада, Индияда колониялык экспансияны ишке ашырган. Бул жерлерден алтын менен күмүштү ташып кетүү жана эквиваленсиз алмашуу (соода) аркылуу, ошондой эле деңиз каракчылыгын уюштуруу менен метрополия байыган.

Улуу географиялык ачуулардан кийин Англия маанилүү деңиз жолдорунун аймагында болуп калган. Лондон пристан-

дары жана кампалары бар чоң портко айланган. Анда жашагандардын саны 200 миң адамга жеткен. Шаардын борборунда көпөстөрдүн көп сандаган кеңселери жана банктар пайда болгон. Белгилүү бир өлкө менен соода жүргүзүүгө өкмөттөн бөтөнчө укук алган эң бай көпөстөрдүн компаниялары бүткүл деңиз соодасын өз колдоруна алган.

Королева Елизавета I Тюдор (1533–1603-жж.) соода-сатыкты жана кемечиликти колдогон. Ал башкарып турган мезгилде согуштук чоң флот түзүлгөн. Елизавета I деңиз каракчыларын жашырын колдогон жана алар тоноп алган олжонун бир бөлүгүн алып турган. Королдук флоттун адмиралы деген чинди алууга жетишкен каракчылар да болгон.

Ошол мезгилде Испания эң кеңири масштабдагы колонияларга ээ болгондуктан деңиз соодасында Англиянын башкы атаандашы болгон. Испания колонияларына өзүнөн башка мамлекет менен соода жүргүзүүгө тыюу салган. Бирок Англия тыюуга караган эмес. Елизавета I Испанияга каршы күрөштө Англиянын кызыкчылыгын кыйшаюусуз коргогон. Англиялык көпөстөр жана ири соода компаниялары мамлекеттин колдоосу менен Испанияга каршы каракчылык экспедицияларды жабдып турушкан. Ошентип Англиянын өкмөтү жана ишкер чөйрөлөрү англиялык колониялык империяны түзүүгө киришкен. Англиялыктар Американын жээктерине чейин барышып, Испаниянын чет-жакасына да кол салышкан, каракчылык кылып, кемелерди тоноп алып турушкан.

Монархиялык Англия өзүнүн атаандашы Испания менен дүйнөлүк соода жолдорунда эле кагылышпастан, европалык саясат чөйрөсүндө да тирешип турган. Испаниянын Европадагы саясаты католиктик болгондуктан, англиялык монархия испаниялыктардын душмандарын колдогон.

Испания Англияга ачыктан-ачык эле кол салууга даярданган. Экөөнүн ортосундагы 1588-ж. деңизде болгон салгылаш Англиянын жеңиши менен аяктаган. Испания «Жеңилбес армада» деп аталган флотунан ажыраган. Деңиздеги үстөмдүк күчтүү деңиз дөөлөтүнө айланган Англияга өткөн.

XVII к. башында англдар Түндүк Американын чыгыш жээгинде өзүнүн биринчи колониясы Виргинияны негиздеген. Индейлердин жерин тартып алып, кыштактарын өрттөп, өзүлөрүн түндүктү көздөй сүрүп салышкан.

Ост-Индия компаниясы белек жана пара берүүлөр аркылуу Улуу Моголдордон Индия менен алым төлөбөй соода жүргүзүү укугун алган. Компания Европага Индиянын кездемелерин, та-

тымалдарды, башка товарларды ташып турган. Испаниялыктар менен португалиялыктардан айырмаланып, Англия топтогон байлыгын өнөр жайдын өнүгүшүнө жумшаган. XVII к. Англиянын экспортунун 90% ин нооту менен жүн түзгөн.

**Европада улуттук мамлекеттердин түзүлүшү. Реформация.** XI к. экинчи жарымынан баштап Батыш Европада шаарлардын өсүшү жана товар-акча мамилеси саясий борбордоштуруу процессинин башталышын шарттаган. Бытыранды мамлекеттерди бириктирүү, королдук бийликти күчөтүү жана чыңдоо процесси жүргөн. Батыш Европадагы эки өлкөдө – Англияда жана Францияда мамлекетти борбордоштуруу кыйла тез жүргөн. Бул мамлекеттердеги саясий борбордоштуруу процесси XIII–XV кк. эле аяктаган.

Францияда да, Англияда да улуттук мамлекеттин түзүлүшүндөгү ыңгайлуу жагдай, баарынан мурда, бул өлкөлөрдөгү экономиканын ургаалдуу өнүгүшү – өнөр жайдын, сооданын өнүгүшү, шаарлардын өсүшү, ички рыноктун пайда болушу болгон.

Орто кылымдарда Батыш Европада шаарлардын өсүшү жана сооданын кеңейиши менен, феодалдар менен дыйкандардын ортосундагы мамилелер өзгөрүп, тап күрөшү курчуган. Ал мамлекеттердин түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөргө түрткү болгон: феодалдык бытырандылык жоюлуп, королдук бийлиги күчтүү мамлекеттер түзүлгөн. Өлкөнүн аймактарынын ортосунда эмгектин бөлүнүшү да бирдиктүү улуттук мамлекеттердин түзүлүшүнө себепчи болгон.

Эмгектин бөлүнүшүнүн тездешинин аркасында аймактар өзгөчөлөнүп бөлүнгөн эмес. Аларды бири-бири менен соода-сатык байланыштырып турган. Бул өлкөнү бириктирүү үчүн шарт түзгөн.

Орто кылымдарда Европадагы шаарлардын көпчүлүгү феодалдардын жеринде пайда болгону белгилүү. Шаардыктар жердин ээсине – синьорлорго салык төлөп жана алардын зордук-зомбулуктарына дуушарланып турушкан. Королдук бийликти таанығылары келбеген ири феодалдарга каршы королду шаардыктар колдогон. Натыйжада шаарлар менен болгон союзга, майда жана орто феодалдардын колдоосуна таянган королдор өлкөнү өз бийлигинин астына бириктире башташкан.

1479-ж. Кастилия жана Арагон королдуктарынын биригүүсү менен Испания бирдиктүү мамлекет катары түзүлгөн. XVI к. Испания абсолюттук мамлекет катары бекемделип,

экономикалык жактан кыйла жогорулаган жана саясий абалы чыңдалган. XVI к. ортосуна карата Борбордук жана Түштүк Америкада испаниялык зор колониялык империя түзүлгөн.

XIII к. Англия королу бийлигинин күч-кубаттуулугунан пайдаланып, өзүнүн вассалдарынан чоң төлөмдөрдү алып турган жана шаарларга оор алык-салыктарды салган. Ал муну менен элди өзүнө каршы кылып алган. Бул каршылашуу күч алып турган кезде, 1265-ж. Англияда парламент (французча *parler* – сүйлөө) деп аталып калган чогулуш биринчи жолу чакырылган. XIV к. парламент лорддор (төрөлөр) жана жамааттар палатасына бөлүнгөн. Парламент бара-бара мыйзам чыгарууга катыша баштаган. XVIII–XIV кк. Англияда сословиелик монархия түрүндөгү борборлошкон мамлекет негизделген.

Францияда өлкөнү бириктирүү королдук бийликтин күчөшү менен бир мезгилде жүргөн. Жүз жылдык согуштун (1337–1453-жж.) акыркы жылдарында эле король Людовик XI өзүнүн вассалдарынын отряддарын рыцарлардан жана жалданма жоокерлерден турган туруктуу аскер менен алмаштырган. Акча каражатына жана туруктуу аскерге ээ болгон король үчүн эми 1302-ж. король Филипп IVнүн тушунда папага каршы күрөштө сословиелердин колдоосуна ээ болуу үчүн түзүлгөн, дин кызматчыларынын, дворяндардын жана бай шаардыктардын чогулушу болгон Генералдык штаттардын зарылдыгы жок болуп калган.

XV к. аягында Францияда феодалдык борборлоштурулган мамлекет мурдагыдан да бекем чыңдалган: бүткүл өлкө бирдиктүү борбордук бийликке – королдун бийлигине баш ийген. XV к. аягына карай борбордошкон улуттук мамлекеттер Франция менен Англияда эле эмес, Европанын башка өлкөлөрүндө да түзүлгөн. Булар өлкөнү бүлүнтүп, чарбасына зор зыян келтирген.

**Генрих IV. Абсолютизмдин чыңдалышы. Ришелье.** Францияда 1562–1594-жж. гугеноттор согушунун мезгилиндеги феодалдык анархия өлкөнү кыйын абалга калтырган. Бул кез өнөр жай жана соода үчүн кыйын сыноодон өтүү мезгили болгон. Көпчүлүк провинцияларда айыл чарбасы толук төмөндөөгө туш болгон. Мамлекеттин каржылык абалы таптакыр начарлаган. Ушундай шарттарда королдук күчтүү бийликти калыбына келтирүү өтө зарыл эле. Бул маселени чечүү 1589-ж. **Генрих IV** (1553–1610-жж.) деген ат менен бийликке келген Генрих Бурбондун энчисине туш келген.

Генрих IV айланасына жөндөмдүү жана чечкиндүү министрлерди топтой алган. Алардын бири каржы министри Сюлли болгон. Дворяндардын алдыңкы бөлүгүнүн өкүлү Сюлли Франциянын экономикасын калыбына келтирүүнү жана өркүндөтүүнү өзүнүн негизги максаты кылып алган. Ал өлкөнүн жыргалчылыгынын булагы дыйканчылык деп эсептеген. Өкмөт алык-салыкты жыйноону иретке келтирген. Дыйкандардан алынчу салыктарды жарым-жартылай азайткан. Айыл чарбасын кайра жогорулатуу үчүн бир катар чараларды көргөн: бир провинциядан экинчи провинцияга дан ташууга бир топ эркиндик киргизген, саз жерлерди кургатууну уюштурган, жаңы айыл чарба өсүмдүктөрүн – жүгөрү, кызылча жана тоют чөптөрдү өстүрүүгө маани берген.

Генрих IVнүн тушунда соодаиы жана өнөр жайды өнүктүрүү ар тараптан колдоого алынган. Анын өкмөтү жибек өндүрүүчү, болотнай, тордомо, гобелен чыгаруучу мануфактуралардын өнүгүшүнө кыйла көңүл бурган. Өндүрүштү кеңейтүү үчүн мануфактура ээлерине казынадан ири субсидияларды (акчалай же натуралай) бере баштаган. Генрих IV коомдук жумуштарды уюштурган: жолдорду, көпүрөлөрдү салуу, имараттардын курулушун жакшыртуу өңдүү бир катар алгылыктуу иштер аткарылган.



Генрих IV.

Ал 1606–1607-жж. башка мамлекеттер менен бир нече келишим түзүүгө жетишкен. Канаданы колониялаштырууну колдогон жана көмөктөшкөн. Чет өлкөлүк текстиль товарларынын өлкөгө киргизилишине жана чийки заттардын Франциядан чыгарылышына тыюу салган. Натыйжада Генрих IVнүн экономикалык саясаты буржуазиянын кызыкчылыгына шайкеш келген.

Бул саясатты кардинал **Ришелье** (1585–1642-жж.) улантkан. Арман Жан дю Плесси Ришелье 1624-ж. мамлекеттик кеңештин мүчөсү болгон. Ал абсолютизмдин чыңдалышына көп күч жумшаган. Ришелье католик чиркөөсүндө жогорку абалды ээлөө менен бирге, ошол эле учурда француз чиркөөсүн папанын кийлигишүүсүнөн коргогон. Францияны 1624–1642-жж. иш жүзүндө Ришелье башкарган жана королдук абсолютизмди чыңдоо үчүн бир катар иштерди аткарган. Дворяндардын айрым укуктарын чектеген. Генералдык

штаттарды чакырууну жойгон. Ошондой эле административлык, каржылык жана аскердик реформаларды жүргүзгөн. Бул реформалардын жүрүшүндө Франциядагы ири облустардын (провинциялардын) атактуу наместниктери кызматтарынан түшүрүлгөн. Эми королдун буйруктарынын так аткарылышына көзөмөлдүк кылуу провинцияларга жана ири шаарларга жиберилген чиновниктерге жүктөлгөн.


Ришелье.

**Реформациянын тарапкерлери жана каршылаштары.** Батыш жана Борбордук Европадагы реформация негизинен антифеодалдык мүнөздө жүргөн кеңири коомдук кыймыл феодалдык түзүлүштүн негизги идеологиялык таянычы болгон католик чиркөөсүнө каршы күрөш эле.

Реформациянын мекени Германия болгон. XVI к. башында Германиядагы таптык карама-каршылыктын өтө курчушу акыры революциялык кыймылдын жана дыйкандар согушунун кеңири таралышына алып келген. Реформация Германиядан кийин бат эле Швейцарияга, Нидерланддарга, Францияга, Англияга жана Италияга жайылган.

1517-ж. Виттенберг шаарындагы университеттин дин илиминин профессору, окумуштуу кечил Мартин Лютердин (1483–1546-жж.) индульгенцияларга каршы турган 95 тезис менен чыгышын Реформациянын башталышы катары белгилешет.

Реформациянын идеологдору көтөрүп чыккан тезистеринде ар кандай баскычтагы түзүмдөрдөн (иерархиялык структуралардан) турган католик чиркөөсүнүн зарылдыгын таанышкан. Алар адамдын жыргалчылыкка жетишине, т. а. адамдын кудай менен болгон байланышына чиркөөнүн ортомчулугунун кереги жоктугун жана адамдын ишениминин гана болушун жакташкан. Алар чиркөөлөрдөгү дин кызматчыларын күтүү үчүн жыйымдарды кыскартууну, монастырларды жабууну, дин кызматкерлеринин жерге болгон укуктарын жоюуну, монастырларга мектептерди жана оорукананаларды жайгаштырууну талап кылышкан.

Элдик реформациянын жол башчысы, дыйкандар табынын идеологу Томас Мюнцер (1490–1525-жж.) феодалдык түзүлүштү жоюуга жана акыйкат тартипти орнотууга чакырган. Мюнцер Лютердин папага каршы күрөшүн колдогон, бирок лютердик реформада чечкиндүүлүктүн жоктугун айыптап, Лютерди

«митайым» жана «алдамчы» деп атаган. Мюнцер эмгекчи элди эзгендердин баарын жек көргөн. Ал жыйындарда нечен жолу: «Бүткүл бийлик эмгекчи элге берилиши керек», – деп айткан.

1540-ж. реформация менен күрөшүү үчүн папа «Иисус коомун» же иезуиттердин орденин (кечилдердин уюмдарын *орден* деп аташкан; иезуит латынча *«Иезус»* – Иисус) түзгөн. Иезуиттердин максатын папа: «Адашкан массаны чиркөөнүн коргоосуна кайра кайтарып келүү», – деп белгилеген.

Реформация менен күрөшүүдө католик чиркөөсү душмандарын массалык түрдө кырууну колдогон. Рим папасын Түштүк Германиянын княздары, Германиянын императору, Испаниянын, Польшанын королдору колдогон. Алардын жардамы менен католик чиркөөсү Польшада, Италияда жана Түштүк Германияда реформацияны баса алган. Бул өлкөлөрдө феодалдык тартиптер реформация жүргөн өлкөлөргө караганда узагыраак сакталган.

### Суроолор:

**1.** Капиталдын алгачкы топтому деген эмне жана анын кандай булактары болгон? **2.** Эмне үчүн Англия капиталдын классикалык топтомунун мекени деп аталып калган? **3.** Мануфактуралардын пайда болушу жана өсүшү, ички жана дүйнөлүк базарлардын кеңейиши эмнеге байланыштуу болгон? **4.** Европадагы улуттук мамлекеттердин пайда болушунун себептери эмнеде? **5.** Коруктоо дегенди кандай түшүнөсүңөр? Анын натыйжалары кандай болгон? **6.** Генрих IV, Ришелье тууралуу айтып бергиле. **7.** Реформациянын келип чыгышынын себептери эмнеде жана анын өкүлдөрүнөн кимдерди билесиңер?

## § 28. Европадагы буржуазиялык революциялар

**Нидерланддардагы буржуазиялык революция.** Орто кылымдарда Түндүк деңизин жээктеп жана кеме жүрүүчү Шельд, Маас жана Рейн дарыяларынын төмөнкү агымын бойлоп Нидерланддар («ойдуң жерлер» деген мааниде) деп аталган өлкө орун алган. Бул аймактын мүнөздүү өзгөчөлүгү анын өнөр жайынын эрте өнүгүшү эле. XVI к. ортосунда бул кичинекей өлкө Европадагы калк эң жыш отурукташкан өлкө болчу. Анда 3 *млн* киши жашаган 300дөй шаар жана 6500 кыштак болгон.

XVI к. ортосунда Нидерланддар феодалдык Испаниянын бийлиги астында болгон. Испандык феодалдардын эзүүсү Нидерланддардагы капиталисттик өндүрүштүн өнүгүшүн кечеңдеткен, буржуазияга байлык топтоого тоскоолдук кылган. Бул эзүүдөн жалпы эл массасы өтө жапа чеккен.

Филипп II (1527–1598-жж.) Испаниянын тагына отурганда Нидерланддарда эзүү күч алып, эл массасынын наразылыгы күчөгөн. Филипп Нидерланддарда инквизацияны киргизип, протестанттарды аёосуз куугунтуктай баштаган. Чиркөө соттору жүздөгөн кишилерди өлтүрүүгө чечим чыгарып турган. Испаниянын үстөмдүгү жана инквизациянын аракети Нидерланддарда элдин кыжырдануусун пайда кылган жана испан феодалдары менен католик чиркөөсүнө каршы маанай элдик көтөрүлүшкө өсүп жеткен. Шаарларда испан аскерлери менен куралдуу кагылыштар болуп өткөн. 1566-ж. элдик көтөрүлүш чыккан.

Ошентип, Нидерланддарда буржуазиялык революция, т.а. феодалдык түзүлүштү капиталисттик түзүлүш менен алмаштыра турган революция башталган. Филипп IIнин элдин каршылыгын жырткычтык жана өлүм жазасы менен майтарууга болгон аракети элдин эркин басып коё алган жок.

*Революциялык окуялардын негизги учурлары*: 1566-ж. иконаларга каршы элдик көтөрүлүш, анда дыйкандар, кол өнөрчүлөр жана жумушчулар католик храмдарына жана монастырларга кирип барышып, иконаларды жана «ыйыктардын» статуяларын талкалашып, поптор менен кечилдерди кууп чыгышкан.

Нидерланддык буржуазиялык революция Испаниянын үстөмдүгүнөн түндүк аймактардын кутулушу жана кошмо аймактарда бужуазиялык республиканын түзүлүшү менен аяктаган. Нидерланд революциясы Батыш Европанын аймагынын анчалык чоң эмес бөлүгүндө феодалдык түзүлүштүн үстүнөн жеңишке жетишкен биринчи буржуазиялык революция болгон.

**Англиядагы буржуазиялык революция. Республиканын жарыяланышы. О. Кромвель.** XVI к. баштап Англияда өнөр жайдын ар кыл тармактарында ургаалдуу өнүгүү байкалган. Жаңы техникалык ойлоп табуулар жана алардын өркүндөтүлүшү, ошондой эле эмгекти уюштуруунун жаңыча түрлөрү Англиянын өнөр жайынын жаңы капиталисттик нукка өтүшүнө жол ачкан.

Ошондой болсо да XVII к. алгачкы мезгилдериндеги орто кылымдык мамилелер системасы Англиянын андан ары өнүгүшүнө олуттуу жолтоо болгон. Англиядагы бийлик феодалдык дворянчылыктын колунда болгон. Король алардын таламдарын көздөгөн. Айрыкча парламент королго баш ийдирилген. XVI к. Англияда абсолютизм чыңдалган. Ошол эле учурда пар-

ламенттин уруксатысыз король алымдарды чогултууга укуксуз болгон. XVI к. аягында парламент менен королдун ортосундагы мамиле курчуган. Англиялык королдор абсолютизмди күчөтүүгө умтулушкан.

1628-ж. Карл Іге каршы чыккан парламент король тарабынан таркатылган. Жаңы дворяндар мамлекеттик иштерге кийлигишүүдөн четтетилген. Мындай абал 11 жыл өкүм сүргөн. Өлкөдө баалар жогорулаган, калктын арасында ачарчылык болгон, элдик толкундоолор күч алган. Ошол эле мезгилде Шотландия Англияга согуш жарыялаган.

Жаңы парламентти чакыруу тууралуу королго бир нече жолу кайрылуудан кийин, 1640-ж. 3-ноябрда жаңы парламент чогулган. Бул окуя революциянын башталышы болуп калган. Англиялык буржуазиялык революциянын негизги кыймылдаткыч күчү дыйкандар жана шаардык кедейлер болгон. Буржуазия менен жаңы дворяндар жетектөөчү ролду аткарышкан.

Англиядагы революциянын мезгилинде (1640–1649-жж.) жарандык эки согуш: 1642–1646-жж. жана 1848-ж. парламенттин жана королдун тарапкерлеринин ортосундагы согуштар болуп өткөн. Парламентти көпөстөр, ишкерлер, жаңы дворяндар, фермерлер, Лондондогу жана түштүк-чыгыш графтыктагы кол өнөрчү мастерлер менен мастердин жардамчылары колдогон. Ал эми эски тартипти коргогондор – роялисттер – ири жер ээлери жана аларга көз каранды дыйкандар, англиялык чиркөө жана король сарайынын чиновниктери болгон.

**Оливер Кромвель** (1599–658-жж.) түзгөн парламенттик армия Нейзби кыштагынын жанында (1645-ж.) жана Пестондогу (1648-ж.) салгылаштарда королдун армиясына чечүүчү сокку уруу менен жеңишке жетишкен.


О. Кромвель.

1649-ж. эл массасынын кысымы астында король өлүм жазасына тартылган жана Англия республика болуп жарыяланган. Англияда бийликке эми бай көпөстөр, ишкерлер жана жаңы дворяндар келген. Парламент болсо бир палаталуу болуп, мыйзам чыгаруучу бардык бийлик общиналар палатасына таандык болуп калган. Аткаруу бийлигин Кромвель башында турган аскердик жогорку катмар колуна алган. Натыйжада 1653-ж. Англияда Кромвелдин протектораты – аскердик диктатура орногон. Протектор-

дун бийлиги, революцияга чейинки королдун бийлигинен бир кыйла жогору турган. Кромвель узак парламенттин жаңы дворяндарды жана буржуазияны колдогон мыйзамдарын бекемдеген.

Кромвель башында турган индепенденттер армияны түптамырынан бери кайра уюштуруу планын парламенттин кабыл алуусуна жетишишкен. Бул планда жалданган аскерлердин ордуна өз ыктыяры менен парламентке баш ийген, борборлоштурулган башкаруудагы жана мамлекеттик бюджеттин эсебинен кармап турулган бирдиктүү «жаңы үлгүдөгү» туруктуу армияны түзүү каралган.

Лорд-протектор Кромвелдин тышкы саясаты англиялык буржуазия үчүн пайдалуу да, ыңгайлуу да болгон. Англиянын дүйнөлүк деңиз соодасындагы атаандашы болгон Голландия менен жүргүзүлгөн согушту (1654-ж.) Кромвель жеңиш менен аяктаган. Кийинчерээк ал Испанияны да жеңип алган.

Кромвелдин өлүмү (1658-ж. 3-сентябрда) протекторат режиминин кыйрашын тездеткен. Оливер Кромвелдин баласы Ричард протектор болуп жарыяланганы менен, эч иш алып бара албагандыктан, бул наамдан 1659-ж. жазында баш тарткан.

Кромвель өлгөндөн кийин жаңы дворяндар жана буржуазия революция мезгилинде орнотулган жаңы тартипти корогон монархияны калыбына келтирүүгө умтулган.

Англияда эми чектелген (конституциялык) монархиялык тартип орнотулган. Таажы парламент мажбурлаган шартта гана берилип калган. Буржуазиянын түздөн-түз кийлигишүүсүн камсыз кылган күчтүү парламенттик өкмөт түзүлгөн. Ошентип Англиядагы буржуазиялык революция өзүнүн башкы максатына жеткен. Революциянын натыйжасында англиялык абсолютизм жоюлган, феодалдык коомдун ордуна буржуазиялык түзүлүш орногон.

**Улуу Француз революциясы** (1789–1794-жж.). XVIII к. аягына карата Францияда буржуазиялык революциянын бардык шарттары бышып жетилген. Бирок жаңы капиталисттик өндүрүш жолунун бекемделишине феодалдык абсолюттук түзүлүш, феодалдык өндүрүштүк мамилелер жолтоо болуп турган. Мындай тоскоолдукту революция гана чече алмак.

1788-ж. түшүмсүздүктөн кийин элдик көтөрүлүш бүткүл падышалыкты кучагына алган. Көтөрүлүшкө чыккан дыйкандар помещиктердин кампаларын талкалап, эгин саткандарды төмөнкү баада сатууга мажбурлашкан. Ушул эле

жылы элдик ири толкундоолор Реннде, Греноблда, Безансондо болуп өткөн.

1788-ж. кышында жана 1789-ж. жазында жумушчулар жана шаардык кедейлер көпчүлүк шаарларда, анын ичинде Марсель, Тулон, Орлеан өңдүү ири шаарларда чиновниктердин үйлөрүнө кол салып, эгин сактоочу жайларды тартып алышкан.

1789-ж. апрелинде Парижге жакын жердеги Сент-Антуанда көтөрүлүш болгон. 1789-ж. жазында коомдук аң-сезимдин козголушу бүткүл Францияны кучагына алган.

1789-ж. 14-июлда куралданган эл Бастилиядагы (чептүрмө) туткундарды эркиндикке чыгарышкан. Бул күн Улуу Француз революциясынын башталышы болуп калды. Эски тартиптер бүт өлкө боюнча эки жуманын ичинде жоюлган. Королдун бийлиги революциялык-буржуазиялык акимдик администрация менен алмашылган жана Улуттук гвардиянын түзүлүшү башталган. Франциядагы феодалдык-абсолюттук түзүлүшкө каршы буржуазия, дыйкандар жана шаардык плебейлер биргелешип чыгышкан. Бул кыймылды буржуазия жетектеген. Уюштуруу чогулушу 26-августта Адамдардын жана жарандардын укуктарынын декларациясын кабыл алган. Мында адамдардын жана жарандардын эркиндиги, сөз эркиндиги, динге чек койбоо, коопсуздук ж.б. жарыяланган. Чиркөөнүн мүлкү улуттук деп билдирилип, өлкө 83 департаментке бөлүнгөн. Ишкердүүлүккө эркиндик берилгендиги жарыяланган. Мындай прогрессивдүү документтердин кабыл алынышы жана элге жарыяланышы феодалдык-абсолюттук монархиянын жашоосунун бүтөр мезгили жеткендигин билдирген.

1792-ж. 21-сентябрда Франция республика болуп жарыяланган. «Эркиндик, теңдик жана бир туугандык» республиканын девизи болуп калган. 1793-ж. 21-январда король Людовик XVI, ал эми октябрда королева Мария Антуанетта өлүм жазасына тартылган.

**Улуу Француз революциясынын негизги жыйынтыктары жана тарыхый мааниси.** Улуу Француз революциясы революцияга чейинки көп түрдүү татаал менчикти жөнөкөйлөткөн жана консолидациялаган. Көпчүлүк дворяндардын жерлери дыйкандарга майда үлүштөр менен, 10 жылдык мөөнөттө төлөп бергенге сатылган. Революция сословиелик чек коюуну жойгон. Бардык жарандарга бирдей социалдык теңдик киргизген. Мындай мыйзамды кабыл алуу Европадагы өлкөлөрдө жарандык укуктун кеңейишине өз таасирин тийгизген.

Революция парламенттик демократиянын андан ары өнүгүшүн колдогон. Себеби революция мезгилинде жогорку органдарга: Улуттук уюштуруу чогулушуна (1789–1794-жж.), Мыйзам чыгаруу чогулушуна (1791–1792-жж.), Конвентке (1792–1792-жж.) шайлоолор болуп турган.

Революция мамлекеттик жаңы түзүлүштү – парламенттик республиканы жараткан. Бардык жарандардын бирдей укугун коргоону эми мамлекет кепилдикке алган. Социалдык топко жараша алым жыйноо жоюлган. Салык эми жарандардын мүлкүнө жана кирешесине жараша салына турган болуп калган. Улуу Француз революциясы абсолюттук монархияны жоюунун, феодалдык коомдук түзүлүштү кулатуунун революциялык жолун ачты жана бул кандайдыр бир деңгээлде коңшу өлкөлөргө таасирин тийгизген. XVIII к. аягындагы Улуу Француз революциясы прогрессивдүү мааниге ээ болгон.

Улуу Француз революциясынын башында буржуазия табы турган. Бирок бул революциянын алдында турган милдетти революциянын кыймылдаткыч күчү болгон дыйкандар жана шаардык плебейлер гана ишке ашыра алмак. Француз революциясы элдик революция болгон жана анын күчү ушунда эле. Улуу Француз революциясы Франциянын өзүндө гана капиталисттик жолдун өнүгүшүнө жол ачпастан, ал Европанын калган өлкөлөрүндөгү феодалдык-абсолюттук тартиптердин бошоңдошуна түрткү болгон жана буржуазиялык мамилелердин өнүгүшүн тездеткен.

### Суроолор:

**1.** Нидерланддардагы буржуазиялык революциянын себептери эмнеде эле жана натыйжасы кандай болгон? **2.** Англиядагы буржуазиялык революциянын себептери эмнеде? Республика кандайча түзүлгөн? **3.** О. Кромвелдин протектораты дегенди кандай түшүнөсүңөр? **4.** Улуу Француз революциясы кандайча ишке ашкан? **5.** Улуу Француз революциясынын жыйынтыктары кандай болгон?

## § 29. Россия жаңы доордун башында (XVI–XVII кк.)

**Орус жерлерин бириктирүүнүн бүтүшү.** Иван III Васильевичтин жана Василий III Ивановичтин княздык кылуу мезгилдеринде Москванын айланасына орус жерлери тездик менен бириктирилген. Иван IIIнүн тушунда акырындык менен Ярославль жана Ростов княздыктары жоюлган. Новгород 1478-ж. Москвага бириктирилген.

1485-ж. Тверь княздыгы кошулган. Василий III 1510-ж. Псковду, 1514-ж. Смоленскини, 1521-ж. Рязанды кошуп алуу менен, Москванын айланасында орус жерлерин бириктирүүнү аяктаган. Россия мамлекетинин түзүлүшү тарыхый мыйзам ченемдүү жана прогрессивдүү процесс болгон. Бирок ал эл массасын эксплуатациялоону күчөтүүнүн эсебинен ишке ашырылган.

Тап күрөшү күчөгөн. Боярдык өкмөт дыйкандарга жана шаардыктарга салынуучу ар түрдүү салыктарды жана алардын милдеткерликтерин көбөйткөн. Монастырлар, боярлар, княздар, помещиктер оброкторду улам талап кылышкан жана барщина өскөн. Наразылык күчөгөн. Ушундай кырдаалдан улам феодалдардын арасында мамлекеттик бийликти бекемдөө аракети күчөгөн. Алар бийлик башына жаш улуу князь Иван IVнү дайындашкан. 1547-ж. митрополит Макарий Иван IVгө падышалык таажыны кийгизген.

**XVI к. 50-жж. реформалар**. Ушундай шартта феодалдардын ар түрдүү катмарлары мамлекеттик бийликти чыңдоо максатында өз ара ынтымакташууну каалашкан. Падышанын тегерегинде *Тандалган Рада* деп аталган жакын жардамчыларынын чөйрөсү түзүлгөн. 549-ж. февралда Иван IV феодалдардын ар түрдүү катмарларынын өкүлдөрүн чакырган – бул биринчи Земский собор – сословиелик-өкүлдүк жогорку орган болгон. Анда боярдык жеке бийликти катуу ашкерелеп сүйлөгөн. Жаңы падышалык Судебник – түзүлүп, аны 1550-ж. Рустагы биринчи Земский собор бекиткен. Жергиликтүү жана борбордук башкарууда, укук жана аскер иштеринде реформалар жүргүзүлгөн. Жаңы салык киргизилген. Феодалдарга бардык укуктар берилген.

**Опричнина.** 1565-ж. башында Иван IV мамлекеттин көпчүлүк бөлүгүн өзгөчө аймагы, аскери бар өзүнүн бөтөнчө ээлигине – *опричнинага* бөлгөн. Опричнинага кирген боярлардын жерлери «падышанын наамына» тартылып алынган, аларга опричник дворяндар жайланышкан. Падыша думасыз эле боярларды соттоп, жазалоо тууралуу жар салып, опричнинаны түзүү үчүн зор салык салган. Опричнинанын аскерлери падышанын жазалоочу куралы, өз гвардиясы болуп калган. Опричниначылар ээрлерине иттин башын жана шыпыргыны бөктөрүп жүрүшкөн. Бул падышага иттей берилгендигин жана душмандарын шыпырып саларын билдирген символ болгон.

Опричнина Иван IV Васильевич Грозныйдын 1565–1572-жж. княздык оппозицияны жок кылуу үчүн ички саясий чарала-

рынын системасы болгон. Аёосуз террордун, жазага тартып өлтүрүүнүн, сүргүнгө айдоонун мезгили башталган. Айрыкча падыша аскерлеринин жолундагы Клин, Тверь ж.б. шаарлар катуу бүлгүнгө учураган. Опричниначылар 40 күн бою үйлөрдү, монастырларды, чиркөөлөрдү талкалап, талап-тоношкон. Улуу Новгород талкаланып, эли кыргынга учураган. Террор бүт жерде колдонулган. Опричнина каардуу жеке бийликтин, ага жөлөк болгон кызмат адамдарынын, ак сөөктөрдүн абалын бекемдеген. Крепостной укуктун чыңдалышына, посад адамдарынын жакырдануусуна алып келген. Тышкы душмандар менен согушууга опричниначылар жөндөмсүз болгон. 1571-ж. Крым ханы Дөөлөт Гирей басып кирип, Москваны өрттөгөн. Опричниначылар согуша албай жеңилип калган. 1572-ж. Иван IV опричнинаны жоюп, аны а түгүл эскерүүгө тыюу салган. Опричнина он миңдеген дыйкандарды жана кол өнөрчүлөрдү бүлгүнгө учуратып, өлкөнүн чарбасын катуу начарлаткан.

**Пётр Інин падышалык доорунун башталышы.** Улуу агасы Фёдор Алексеевич (1682-ж.) өлгөндөн кийин 16 жаштагы бир тууганы Иван (1696-ж. өлгөн) менен бирге 10 жаш курагында Пётр падыша деп жарыяланган. Ошондо эле шыктуу, дилгир жана ишмер бала аскердик оюндарга берилип, илимге жана кол өнөрчүлүккө өтө кызыккан. Иш жүзүндө мамлекеттик иштерди Пётр менен Ивандын акылдуу, тактыга отурууну самаган, бийликти жакшы көргөн эжеси Софья жүргүзгөн.

Пётр аскердик оюн-көнүгүүлөргө баш-оту менен берилип, дворяндардан эле эмес, катардагы эл ичинен жүздөгөн курбалдаштарын тандап алып, атайын отряддарды түзгөн. Кийин алардан Москванын жанындагы Преображенский жана Семёнов айылдарында Преображенский жана Семёнов полктору түзүлүп, каардуу күчкө – жаш Пётрдун ишенимдүү таянычына айланган.

1689-ж. Софья аткычтар аскеринин колдоосу менен падышалык тактыны ээлеп алуу үчүн төңкөрүш жасоого аракеттенген. Бирок жеңилип калган. Аны бийликтен четтетип, Новодевичье монастырына камашкан. Ошентип, Пётр I бийликке келген.

**Россия Пётр Інин тушунда.** Пётр I мамлекеттик башкарууда кайра түзүүлөрдү жүргүзгөн: Сенат, коллегиялар, мамлекеттик көзөмөл түзүлгөн; чиркөө мамлекетке баш ийдирилген; губерниялар түзүлгөн; Россиянын жаңы борбору – Петербург курулган. Россияны чыңдоо үчүн көп согуштарды жүргүзгөн. Түндүктө шведдер менен, түштүктө Түркия менен согушуп,



Пётр I.

акыры жеңишке жетип, деңиз жолдорун ачкан. Туруктуу армия жана орус флоту түзүлгөн. Бүт согуштардагы кыйынчылыктарды Россиянын эли эрдик менен көтөргөн.

Россиянын экономикасы өсүп, маданиятынын андан ары өнүгүшүнө зарыл шарт түзбөстөн, анын дүйнөдөгү ээлеген ордун чыңдоого мүмкүндүк берген. Пётр I император болуп жарыяланган. Россия империяга айланган да, абсолютизм түзүлгөн.

**Мануфактуралык өндүрүштүн өнүгүшү.** XVII к. аягы – XVIII к. биринчи чейрегинде экономикадагы мүнөздүү көрүнүш ири мануфактуралык өнөр жай болгон, анткени Пётр Iнин өкмөтү согуш мезгилинде мануфактуралык өндүрүштү өнүктүрүүнүн зарылдыгын түшүнгөн, себеби армия курал-жаракка, ок-дарыга ж.б. жабдууларга өтө муктаж эле.

XVIII к. биринчи чейрегинде 200гө жакын металлургиялык, текстиль ж.б. мануфактуралар курулган. Пётр Iге чейин чет мамлекеттен алып келинген согуштук жабдууларды жана курал-жарактарды эми Россия өзү өндүрө баштаган. Уралда, Карелияда, Тулада домна мештери бар металл эритүүчү заводдор пайда болгон. Жез казылып, Уралда жез эритүүчү завод иштей баштаган. Сибирдеги Нарчинскиде күмүш эритүүчү завод курулган. Парустук кездеме, жоон аркан, нооту өндүрүүчү мануфактуралар пайда болгон. Москвада көп сандаган текстиль мануфактуралары иштеп, айнек, фарфор жана фаянс идиштери, канжалар, боёктор, жибек кездемелер, жоолуктар, байпактар ж.б. өндүрүлгөн.

**Соода-сатык. Акча реформасы.** Пётр Iнин тушунда соода-сатык, өзгөчө тышкы соода өнүккөн. Соода порттору пайда болгон. Чет мамлекеттерден бул портторго 240 чет өлкөнүн кемелери товарлары менен келип турган. Россиянын түндүгүндө Архангельскинин мааниси чоң болгон.

Пётр I чет өлкөдөн товарды алып келүүгө караганда, ата мекендик товарды сыртка чыгарууга умтулган. 1726-ж. экспорт 4,3 *млн* сомду, импорт болсо 2,1 *млн* сомду түзгөн. Ата мекендик өнөр жайды жана сооданы колдоонун мындай чаралары *меркантилизм саясаты* болуп саналат.

Пётр Iнин башкаруусунун акыркы жылдарында казынага акча үзгүлтүксүз түшүп туруусун камсыз кылуу үчүн салык

реформасы жүргүзүлгөн. Жан башына салык салынган. Бул эл массасына оордук келтирген.

**Россиянын Пётр Інин көзү өткөндөн кийинки социалдык саясаты.** 1725-ж. январда Пётр I өлгөн. Пётр Інин ордуна аялы Екатерина I (1725–1727-жж. башкарган) отургузулган. Мамлекеттик ишке таптакыр жөндөмсүз Екатеринанын тушунда Россияны иш жүзүндө А. Д. Меншиков башкарган. Екатерина Ічи өлгөндөн кийин Пётр Інин 12 жашар небереси (Пётр Інин уулу Алексей Петровичтин баласы) такка отургузулган. Пётр II өлгөндөн кийин такка Пётр Інин карындашы, Пётрдун агасы Ивандын кызы Анна Ивановна келип, ал 1730–1740-жж. бийлик жүргүзгөн. Анна Ивановна Курляндияда жашаган. Анын тушунда иш жүзүндө мамлекетти Аннанын өзү менен келген сүйүктүү адамы немис Э. И. Бирон башкарган.

Ошол мезгилдеги бийлик тартиби *бирончулук* деп аталып, чет жерликтердин кысымы, өлкөнүн байлыгын талап-тоноо, тыңчылык, чагымчылык, наразы болгондорду куугунтуктоо менен мүнөздөлгөн. Анна Ивановна өлгөн соң, Пётр Інин кызы Елизавета гвардиянын колдоосу менен такка отурган. Ал башкарган 1741–1761-жж. Россия айыл чарбасында, маданиятта жана тышкы саясатта кыйла ийгиликтерге жетишкен. Падыша айым Елизавета өлгөндөн кийин, Пётр Інин небереси Пётр III такка келип, жарым жыл бийлик жүргүзгөн. Екатерина Алексеевна 1762-ж. гвардиянын жардамы менен Пётр IIIнү тактан түшүрүп, падышалык такка өзү отурган.

Екатерина II башкарган 1762–1796-жж. Россияда абсолюттук мамлекет чыңдалган, дыйкандардын абалы начарлаган, Е. И. Пугачёвдун жетекчилиги астындагы дыйкандар согушу болуп өткөн. Түндүк Кара деңиз жээги, Крым ж.б. жерлер Россияга кошулган.

**Россиянын XVIII к. экинчи жарымы – XIX к. биринчи жарымындагы социалдык-экономикалык өнүгүшү.** XVIII к. экинчи жарымында Россия Европанын эң ири мамлекеттеринин бири болуп калган. Анын аймагы болжол менен 16 *млн* чарчы *км* аянты ээлеп, түндүктө Баренц деңизинен тартып, түштүктө Кавказга, Кара деңизге чейин, батышта Балтика деңизинен тартып, чыгышта Улуу (же Тынч) океанга чейин созулуп жаткан. Россиянын элдери калк жашабаган жерлерди өздөштүрүп, кубаттуу мамлекет-


Е. Пугачёв.

ти түзгөн. Россия көп улуттуу мамлекет болуп, калкы 2 *млн* адамдан 36 *млн* адамга чейин көбөйгөн.

XIX к. башында Россияда феодалдык мамилелер үстөмдүк кылып турган. Өлкөнүн байлыгы болгон жерди калктын 1% ин түзгөн помещиктер ээлеген, алар дыйкандарга да ээ болушкан. Дыйкандардын 55% и крепостнойлор болгон да, 45% и мамлекеттик дыйкандар болуп саналган. Мамлекеттик дыйкандар мамлекеттин пайдасына феодалдык милдеттерди аткарган. Россия агрардык өлкө болгондуктан, калктын 95,5% и кыштакта, 4% и шаарда жашаган.

Россияда феодалдык түзүлүш XVIII к. эле бузула баштаган. Өнөр жайы өнүгүп, өзгөчө кебезден кездеме токуу ишканалары пайда болгон. Ички-тышкы соода өнүккөн. Жарманкелер көбөйгөн. Нижний Новгородго жакын жердеги Макарьев жарманкесинде акчанын бир жылдык айлануусу миллион рублди түзгөн.

**Административлык реформа.** Бийликтин борбордук аппараты кайра курулган. Пётр Інин тушундагы коллегиялардын ордуна *министрликтер* киргизилген, аларды жетектеген министр жетекчилер түздөн-түз императорго баш ийген.

*Сенат* империянын жогорку сот органына айланган. 1810-ж. түзүлгөн Мамлекеттик кеңеш башкаруунун эң жогорку органы болуп калган. Анын курамына падыша дайындаган министрлер, ири чиновниктер кирген.

Бул реформалар башкарууну андан ары борбордоштурууга, жеке бийликти күчөтүүгө өбөлгө түзгөн, бюрократтык аппараттын өсүшүнө, мамлекеттин коомдук саясий турмушунда чиновниктердин ролунун күчөшүнө алып келген. Агартуу иши жагында орус агартуучуларынын кошкон салымдары чоң мааниге ээ болгон. Билимдүү адистерди жана чиновниктерди даярдоо үчүн орто жана жогорку окуу жайларынын саны көбөйгөн. Казан, Петербург ж.б. шаарларда университеттер ачылган. Бир нече лицей иштеген. Крепостнойлук тартиптин мезгилинде башталгыч мектепке, мектепте билим берүүгө аз көңүл бөлүнгөн.

**Ата Мекендик согуш.** 1807-ж. Тильзит келишиминен кийинки мезгил наполеондук империянын өтө күчтөнгөн мезгили болгон. Англияны кошпогондо Батыш Европанын бардык өлкөлөрү талкаланган болучу. Алардын айрымдары Франциянын курамына киргизилген, айрымдары Франциянын вассалдары болуп калган. Австрия, Пруссия мамлекеттери Наполеон

менен союздаштык келишим түзүшкөн. Наполеон бүт дүйнөгө үстөмдүк кылууну көздөгөн. Тильзит келишимине карабастан, Европа континентинде Россия гана өз алдынча тышкы саясат жүргүзүп келген жана Европанын элдерин толук кулдандырууга тоскоолдук кылган. Ошондуктан, Наполеон Россияга каршы жаңы согуш даярдай баштаган. Ал 1 *млн* 200 миң адамдан турган армия түзгөн.

Ошол кезде орустардын армиясында 600 миңдей киши болгон. Алдыдагы боло турган бул согушка Наполеон зор даярдык көргөн жана 1812-ж. жай айларында 600 миңдей кишини Россиянын чек арасына топтогон. Наполеондун зор армиясында немис, австриялык, поляк солдаттары болгон.

1812-ж. июнда француз аскерлери согуш жарыялабастан, Неман дарыясын кечип өтүп, Россияга басып кирген. Наполеон армияга берген буйругунда: «Солдаттар, согуш башталды. Россия кырсыкка учурайт, анын тагдыры чечилүүгө тийиш», – деген. Москвага сокку урмакчы болгон. Наполеон: «Эгер мен Киевди алсам, Россиянын бутунан аламын, Петербургду алсам, башынан кармаймын, Москваны алсам, как жүрөгүн жара саямын», – деген.

Орус командованиеси Наполеондун армиясына каршы 200 миңден ашык солдаттарды жана офицерди койгон. Адегенде башкы командачылыкты Александр I өзүнө алган. Арийне, согуштук таланты болбогондуктан, ийгиликке такыр жеткен эмес. Аны армиядан кетүүгө араң көндүрүшкөн. Башкы командачы дайындала элек болгондуктан, башкы командачынын функциясын Барклай-де-Толли аткарган.

Адегенде орус армиясы улам жеңилип, өлкөнүн ичкери жагын көздөй чегинүүгө аргасыз болгон. Наполеон орус армиясынын биригишине мүмкүнчүлүк бербөө керек деген. Адегенде Барклай-де-Толлинин армиясы менен Багратиондун армиясы Витебск районунда бирикмек болушкан. Бирок Наполеон жолун кесип салган. Орус армиясы айыгышкан салгылаш менен артка чегинип отурган. Французда өлкөнүн ичин көздөй алга жылган сайын, согуш катуу боло баштаган.

Орус эли Ата Мекендик элдик согушка киришкен. Партизандык кыймыл күч алган. Июлдун аягында 1- жана 2-орус армиясы Смоленскинин жанында кошулган. Смоленскидеги катуу салгылаш эки күнгө созулуп, Наполеондун орус армиясынын негизги күчтөрүн талкалайм деген ою ордунан чыкпай калган. Бул согушта Наполеон 20 миңге жакын солдатынан ажыраган. А бирок душман дагы эле алдыга жулунуп жатты.



М. Кутузов.

Ушул мезгилде Суворовдун окуучусу жана шакирти Михаил Илларионович Кутузов башкы командачы болуп дайындалган.

М. И. Кутузов дароо эле чоң салгылашты ача албады. Анткени солдаттар узакка созулган чегинүүдөн алсыраган. Армияны резервдер менен толуктоо керек эле. Дагы артка чегинүүгө туура келген. Кутузов армия менен партизан отряддарынын күжүрмөн аракеттерин айкалыштыруу менен, душманды алсыратып туруп, каршы салгылашка даярдык көрө баштаган.

Орус армиясы Москвадан 120 *км* жердеги Бородино кыштагынын жанына келип токтоп, ыңгайлуу өңүт ээлеген. Күч жагынан артыкчылыкка ээ француз армиясына кайраттуулук менен каршы туруп, орус армиясы баскынчылардын чабуулунун мизин майтарган. Бул салгылаш *Бородино салгылашы* деп аталып калган. Кан суудай аккан салгылашта Наполеон 58,5 миң солдаттарынан жана офицерлеринен, орустар 44 миң адамынан ажыраган.

Душманга сокку урууга күчү жетишпегендиктен, Фили кыштагындагы кеңешмеде Кутузов Москвага чейин чегинип барып, анан Москваны согушсуз таштап кетүү чечимине келген. Коргоосуз калган шаарга кирип келери менен француз армиясы имараттарды өрттөп, талап-тоноого киришкен. А бирок, көп узабай эле азык-түлүктүн, жем-чөптүн жетишсиздигинен кыйнала баштаганда курчоодо калуудан чочулаган Наполеон 1812-ж. 6-октябрда Москваны таштап кетүүгө аргасыз болгон. Ал согушта бүлүнбөгөн жерлер менен чегинип кетмекчи болуп, Калуга жолуна түшкөн. Анын оюн билген Кутузов Малоярославецтин алдында душманга сокку уруп, Наполеонду өзү бүлүндүрүп келген Эски Смоленск жолу аркылуу чегинүүгө аргасыз кылган.

Чегинип бараткан француз аскерлерин орус армиясы жана партизан отряддары куугунтуктап жүрүп отурган. Наполеондун армиясы декабрда Березина дарыясынан өтүп бараткандa 30 миңге жакын солдатынан ажыраган.

1812-ж. Ата Мекендик согуштагы орус элинин жеңиши Наполеондун жеңилбестиги тууралуу мифти төгүндөп, Европада боштондук кыймылга түрткү берген.

**Декабристтер кыймылы.** Орус эли Ата Мекендик согушта жеңип чыгып, эли-жерин душмандан коргоп жана көз ка-

рандысыздыгын гана сактап калбастан, Европаны да кулчулуктан алып калган. Бул улуттук аң-сезимдин өсүшүнө түрткү болгон. Ата Мекендик согуштагы жеңишти мамлекеттик үстөмдүк кылуучу таптар өз кызыкчылыктарына пайдаланышты. Согуштан кийин крепостнойлук тартипке элдин нааразылыгы күчөгөн. Бирок жеке бийлик аны аёосуз баскан.

Негизинен дворяндардын балдары, 1812-ж. Ата Мекендик согуштун катышуучулары, Россиянын билимдүү алдыңкы адамдары крепостной укукту жок кылууну, жеке бийликти жоюуну, конституциялык түзүлүштү орнотууну максат кылып коюшкан.

1816-ж. декабристтердин алгачкы жашыруун уюму – «Куткаруу союзу» («Ата Мекенге берилген чыныгы уулдар коому») негизделген. Коомду А. Муравьев башкарган. Жеке бийликти жана крепостной укукту жоюу үчүн күрөштүн өзгөчө жолун издеп, анын программасын жакшыртуу 1818-ж. «Куткаруу союзунун» таркатылышына жана «Жыргалчылык союзу» деп аталган уюмдун түзүлүшүнө алып келген. Бул уюм программалык жана тактикалык пикир келишпестиктерден улам жана ишенимсиз адамдардан арылуу үчүн 1821-ж. таркатылган. Анын жигердүү мүчөлөрү «Түштүк коому» менен «Түндүк коомун» түзүшкөн. Жетекчилери С. И. Муравьев-Апостол, А. А. Бестужев, К. Ф. Рылеев, П. И. Пестель, М. П. Бестужев-Рюмин, Н. М. Муравьев, П. Г. Каховский ж. б. болгон. Алар элди аралаштырбай, көтөрүлүштүн башкы күчү жашыруун коомдун мүчөлөрү башкарган армия болот дешкен. Декабристтердин негизги максаты падышалыкты кулатып, республикалык түзүлүштү орнотуу (Түштүк коому) эле, федерациялык түзүлүштөгү конституциялык монархияны жактагандар да (Түндүк коому) болгон.

1825-ж. падыша Александр I каза болгондон кийин тактынын мураскору болгон бир тууганы Константин тактыдан баш тарткан. Такка бир тууганы Николай отурмак болот. Мына ушул жагдай көтөрүлүштү эрте баштоого себеп болгон. Такка отургузуу 1825-ж. 14-декабрына белгиленген.

Бирок көтөрүлүшчүлөр элди тарта алышкан эмес жана убакытты өткөрүп жиберишкен. Ошентип көтөрүлүш оңунан чыкпай калган. Ошол күнү Петропавловск чебине 700гө жакын адам камалган.

1825-ж. 29-декабрда түштүктө Украинадагы Чернигов полку көтөрүлүшкө чыккан. Декабристтердин Петербургдагы көтөрүлүшү оңунан чыкпай калганына карабастан, С. Му-

равьев-Апостол, М. Бестужев-Рюмин декабристтердин түштүктөгү көтөрүлүшүн башкарган.

Падыша декабристтерди катуу жазалаган. Беш жетекчиси – К. Ф. Рылеев, П. И. Пестель, С. И. Муравьев-Апостол, М. Г. Бестужев-Рюмин, П. Г. Каховский дарга асылган. 100дөн ашык адам сүргүнгө айдалган жана Сибирде жашоого кесилген. Көп офицерлер чининен ажыратылып, катардагы солдаттыкка түшүрүлгөн.

Россиядагы революциялык кыймылдын тарыхында маанилүү орунга ээ болгон декабристтер көтөрүлүшү дыйкандардын стихиялуу көтөрүлүштөрүнөн айырмаланып, падышага жана крепостной укукка каршы саясий программасы иштелип чыккан алгачкы аң-сезимдүү жана уюмдашкан наразылык эле. Декабристтер орустун туңгуч революционерлери болгон.

**Суроолор:**

**1.** Москванын айланасында орус жерлеринин биригиши Россия үчүн кандай мааниге ээ болгон? **2.** Опричнина деген эмне экен? Ал канча мезгилге созулган? **3.** Пётр Інин тушунда мамлекеттик башкарууда кандай кайра түзүүлөр жүргүзүлгөн? **4.** Ата Мекендик согуш Россия үчүн жана Франция үчүн кандай согуш болгон? Орус элинин бул согуштагы жеңиши Россия үчүн жана эл аралык кандай мааниге ээ болгон? **5.** Декабристтер кимдер болгон? Декабристтер кыймылынын чыгуу себептерин жана декабристтер көтөрүлүшүнүн маанисин айтып бергиле.

## § 30. Европа жана Түндүк Америка өлкөлөрү XVIII к. аягы – XIX к. ортосунда

Наполеон 1804-ж. өзүн Франциянын императорумун деп жарыялаган. Ал ири буржуазиянын таламына шайкеш келген диктатордук тартип орноткон. Наполеон бийликке келгенден кийин бүткүл Европаны багындырып алууну жана ага үстөмдүк кылууну көздөгөн. Француз империясынын түзүлүшү Европанын бир катар элдерин кулдандыруу менен коштолгон. Наполеондун баскынчылык саясаты улуттук-боштондук согуштарды жараткан. Наполеондун буйругу боюнча француз ээликтерине Пьемонт жана Репуя кошулган. Наполеон Испаниянын жардамына таянган.

Англияга каршы согуш баштарда Австрия, Россия, Англия Наполеонго каршы коалиция түзгөн. Наполеонго Англияны коё туруп, андан аскерлерин алып кетүүгө туура келген. Ульм шаарынын жанында Наполеондун армиясы австриялык армияны курчоого алган, генерал Макк командалык кылган

австриялык армия согушсуз багынып берген. Наполеондун армиясы Австрияга басып кирип, Венаны ээлеген. 1805-ж. 2-декабрда Наполеон Аустерлицтин алдында австриялык жана орус армияларынын үстүнөн чечүүчү жеңишке жеткен. Наполеон: «Ыйык Рим империясы жок кылынды», – деп жарыялаган. Германия менен согушуп, Берлинге кирип барган. Англияны болсо континенттик блокада кылып жеңип алам деген.



Б. Наполеон.

1807-ж. Александр I менен Наполеон *Тильзит келишимине* кол коюшкан. Бул келишимге ылайык Россия континенттик блокадага кошулууга аргасыз болгон.

1808-ж. мартта Наполеон Испанияга басып киргенде испан эли францииялык басып алуучуларга каршы азаттык согушун баштаган. 1808-ж. Байонна кортеси Жозеф Бонапартты Испаниянын королу деп тааныган.

Наполеон 1810-ж. Австрияны толук жеңип алгандан кийин өзүнүн бирден бир душманы деп Англия менен Россияны эсептеген. Бул кезде Россия өз алдынчалыгын сактап турса континенттик блокадага дуушар болгон Англия товарларын Америкага жөнөтүп турган.

Ошентип, Наполеондун тушунда Франциянын согуштары революциячыл согуштардан басып алуучулук, адилетсиз согуштарга айланган. Буга жооп кылып, Европанын элдери наполеондук империяга каршы боштондук күрөшкө көтөрүлө баштаган. Наполеон 1812-ж. Россияга кол салганда согуш улуттук, патриоттук мүнөзгө ээ болуп, чет жердик баскынчыларга каршы Ата Мекендик согушка айланды. Наполеон Россиядан жеңилип, улуу армиясынан айрылган. Венада 1814-ж. европалык дөөлөттөрдүн коалициясынын Наполеонго каршы согуштарын жыйынтыктаган европалык мамлекеттердин Вена конгрессинде Россия, Англия, Австрия жана Пруссия башкы ролду ойногон. Конгресстин катышуучуларынын башкы максаты мурдагы династияларды жана дворяндардын бийлигин мүмкүн болушунча калыбына келтирүү жана бышып жетилип келаткан революциялык жана боштондук кыймылдар менен күрөшүү болгон.

Эл менен эсептешпей, жеңүүчүлөр өз кызыкчылыктары үчүн Европанын картасын өзгөртүшкөн. Англия Мальта аралын жана мурдагы голландиялык колонияларды, Индиянын

жээктериндеги Цейлон аралын жана Африканын түштүгүндөгү Кап жерин ээлеп калган. Россия Польшанын чоң бөлүгүн ээлеген. Бытыранды 39 мамлекеттен турган Германиялык союз түзүлгөн. Пруссияга Рейн облусу, Вестфалия өткөн. Австриянын аймагы кеңейип, мурдагы жерлери тийген. Пьеомонтто мурдагы династия калыбына келтирилген. Рим папасы калыбына келтирилген.

1815-ж. түзүлгөн тышкы келишим боюнча Франциянын мурдагы аймагы калыбына келтирилип, 700 *млн* контрибуция төлөгөн. Англия, Россия, Австрия, Пруссия Францияда Бонаparттын династиясын калыбына келтирбөөгө милдеттендирилип, Европада наполеондук согуштардан кийин орнотулган тартиптерди көзөмөлдөшкөн.

1815-ж. Александр Iнин сунушу боюнча, революциялык кыймылга каршы «Ыйык союзду» түзүшкөн. Революцияны басуу үчүн бир-бирине жардам берүүгө жана христиан динин колдоого милдеттенишкен.

**Улуу Британиядагы өнөр жай төңкөрүшү.** XVIII к. өлкөдөгү бийлик королдон парламентке өткөн. Ал мурдагыдай эле лорддор палатасынан жана шайлануучу жамааттар палатасынан турган. Алар кабыл алган мыйзамдар бардыгы үчүн, анын ичинде король үчүн да милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон.

XVIII к. ичинде парламент корукка уруксат берген бир жарым миңдей мыйзамдарды кабыл алган. Жамааттык жерлеринен ажыраган дыйкандар үлүш жерлеринен айдалып жиберилген жана англиялык дыйкандар XVIII к. аягында коомдук тап катары негизинен жок болуп кеткен. Жердин баары лендлорддордун колдоруна топтолгон. Ошентип, Англиянын айыл чарбасында XVI к. башталган капитализм толук жеңген.

Ар бир өзүнчө операциянын өтө жөнөкөйлүгү эмгектин негизги куралы катары адамдын кол эмгегин машина аткара тургандай кылып алмаштырууга мүмкүн деген пикирди туудурат. Эң маанилүү ойлоп табуулардын бири болгон токуу станогунун өркүндөтүлүшү өнөр жай төңкөрүшүнүн башталышы болгон. Ушундай ойлоп табуулар улам көбөйө берген.

Ошентип, жумушчу механизмди, т. а. машинанын адамдын колун алмаштырып, сырьёну түздөн-түз иштеткен бөлүгүн ойлоп табуу менен башталган Англиядагы өнөр жай төңкөрүшү өнөр жайдын жана өндүргүч күчтөрдүн ылдам өнүгүшүнө, жалданма жумушчуларды эзүүнүн күчөшүнө алып келген. Кол менен иштөө машина менен алмашылып, коомдо негизги

эки тап – пролетариат менен буржуазия пайда болгон жана эки таптын ортосундагы тап күрөшү бара-бара биринчи планга чыккан.

**Чартисттик кыймыл.** Англиянын жумушчулары өнөр жай жана соода буржуазиясы саясий бийликке катышууну эмгекчилерге каршы пайдалангандыгына тез эле көздөрү жеткен. Парламент «кедейлер жөнүндө мыйзам» кабыл алган. Жаңы мыйзам боюнча кедейлерге мурункудай жөлөк пул (пособие) берилбестен, алар жумуш үйлөрүнө орноштурулган.

1836-ж. Англияда жумушчулардын арасында парламенттин мыйзам чыгаруу ишине кийлигишүү мүмкүнчүлүгүн алуу үчүн саясий укуктар кыймылы жайылтылган. Жумушчулар өздөрүнүн талаптарын хартияга (грамотага) жазып, аны парламентке жиберүүнү чечишкен. Бул кыймыл *чартизм* (англисче «чартер» – «хартия» деген сөздөн) деп аталган. Алгачкы «элдик хартия» лондондук жумушчулар тарабынан 1837-ж. жазылган. Англиянын экономикасында кризистик мезгил болгондуктан, миңдеген жумушчулар иштен бошотулуп, талаада калышкан. Хартияга гана таянышкан чартисттер: «Жалпыга бирдей шайлоо укугу элге нан, эт жана пиво алып келет», – деп эсептешкен.

1839-ж. хартияны парламент кабыл албай койгон. Чартисттик кыймылдын айрым жетекчилери камакка алынган. Бирок чартисттик кыймыл токтогон эмес. 1840-ж. чартисттик партия түзүлгөн. Жетекчиси бир жылдык мөөнөт менен шайланган. Партиянын мүчөлөрү мүчөлүк акы төлөшкөн. Мүчөлүк белеттер берилген. Партиянын 50 миңге жакын мүчөсү болгон. Бирок чартисттик партиянын катарына жумушчулар эле эмес, майда буржуазия, кол өнөрчүлөр, жакырданган дыйкандар да киришкен, олку-солку өңүттөгү мүчөлөрү да болгон.

1842-ж. экинчи хартия түзүлгөн. Чартисттик партиянын жергиликтүү уюмдары митингдерди уюштурушкан, хартияга 3 *млн* адам кол койгон, Лондондогу демонстрацияга чыккан миңдеген адамдар чоң үкөккө салынып, 20 киши көтөргөн хартияны коштоп, парламентке барышкан. Бирок парламент хартияны кабыл албай койгон.

Чартисттик кыймылдын ийгиликсиз бүткөндүгүнө карабастан, 1842-ж. окуялар үстөмдүк кылуучу таптарды сестентип койгон, жумушчу кыймылы менен эсептешүүгө туура келерин, анын кубаттуу күч экени көрүндү.

Парламенттин хартияны кабыл албай койгондугунан улам болгон көңүл калуулар чартисттик кыймылдын убакты-

луу төмөндөшүнө алып келген. 1847-ж. экономикалык кризис анын кайрадан жогорулашына түрткү болгон. Массалык митингдер кайрадан башталган жана хартияны кабыл алуу талабына бул жолу 5 *млн* адам кол койгон. Парламент хартияны үчүнчү жолу кабыл албай койгон. К. Маркс жазгандай, ушул күнү «чартисттердин революциячыл кубаттуулугу күчтөн тайган».

Ошентип, чартисттик партия жеңилип калган. Англиянын жумушчу табынын идеялык жактан бышып жетилбегендиги чартизмдин жеңилип калышынын негизги себеби болгон. Ошого карабастан чартизмдин тарыхый мааниси зор болгон. Ал чыныгы элдик, саясий жактан жетилген, кеңири масштабдагы алгачкы пролетардык-революциячыл кыймыл эле.

**Европадагы 1848–1849-жж. революциялар.** 1848–1849-жж. Европа өлкөлөрүндө буржуазиялык жаңы революциялар чыккан. Алар Францияны, Германияны, Италияны, Австрия империясын кучагына алган. Бул жылдардагы революциялар капитализмдин, өнөр жай буржуазиясынын жана жумушчу табынын андан ары өсүшүнүн натыйжалары болгон.

Германиядагы, Италиядагы жана Австрия империясындагы революциялар капитализмдин андан ары ийгиликтүү өнүгүшүнө феодалдык тартиптердин тоскоолдук кылышынын натыйжасында келип чыккан. Францияда кырдаал башкача болгон. Мында феодалдык тартиптер Улуу Француз революциясынын жана 1830-ж. революциянын жүрүшүндө эле жок кылынган. Франциядагы 1848-ж. революция капитализмдин ички карама-каршылыктарынын курчушунан улам чыккан жана жумушчу табынын буржуазиялык түзүлүшкө каршы кескин күчөгөн күрөшүнүн шарттарында өткөн.

Германияда да 1848–1849-жж. революция болуп өткөн. Революциялар Италия, Австрия империяларын да кучагына алган. Себеби, пролетариат өзүнүн максаттары үчүн буржуазиялык мамлекеттик машинаны пайдалана албагандыктан, ал аны талкалоого, кыйратууга, буржуазиялык башкаруу органдарын жок кылууга жана бул органдарды жаңыдан кайра түзүүгө тийиш эле, бирок ага күчү жеткен эмес.

**Түндүк Америкадагы англиялык колониялар.** 1607-ж. Түндүк Американын Атлантика жээктериндеги индейлер отурукташкан жерлерде Англиянын биринчи колониясы негизделген. Көчүп келгендердин саны тез өскөн.

Адегенде көчүп келгендер индейлер менен жакшы мамиледе болгон. Индейлер уруулук жамаатта жашашкан, аң уулоо,

чот дыйканчылыгы менен кесиптенишкен. Көчүп келгендер индейлерден жүгөрү жана тамеки өстүрүүнү үйрөнгөн. Бирок колонизаторлор индейлерди кемсинтүү менен, аларды алдап, аң терилерин арзыбаган баага сатып алышкан. Акырындап индейлердин жерлерин зордоп тартып ала баштошкан. Индейлер баскынчыларга каршы согуш баштоого аргасыз болушкан. Көчүп келгендердин индейлер менен кагылышы өтө ырайымсыздык жана наадандык менен коштолгон. Алар индейлерди кырып, айылдарын өрттөгөн. XVII–XVIII кк. Атлантика океанынын чыгыш жээктеринде бара-бара англиялык 13 колония пайда болгон.

Англия королу жана парламенти колонияларда феодалдык тартипти орнотууга умтулган. Түштүк колониялардагы зор жер ээликтери король тарабынан лорддор менен королдун жакындарына таратылып берилген. Алар Америкада да өздөрүнүн дворяндык титулдарын, мурас калтыруу укугун сактап калышкан, жерди ижарага алгандыгы үчүн фермерлерден оброк алууга жана крепостнойлукту орнотууга, фермерлердин Батышка кетүүсүнө тыюу салууга аракеттенишкен. Бирок тыюу салууларга моюн бербестен, куралдуу келгиндердин көбү Батышты көздөй жылып, жаңы жерлерди басып алып, турак жайларды кура баштошкан.

**Көз карандысыздык үчүн согуш.** Англиянын королу, ак сөөктөрү жана капиталисттери Америкадан жаңы жерлерди басып алуунун, колонияларынан кымбат баалуу терилерди алып келүүнүн жана англиялык товарларды сатуунун, пошлиналар менен салыктарды алуунун натыйжасында зор кирешелерди алып турушкан.

Англиялык парламент жана король колонияларда темир буюмдарды жана кездемелерди чыгарууга тыюу салган. Товарларга бааны кымбаттаткан. Батышка көчүү улана берген. Салыктын ар кандай түрлөрүн ойлоп табышкан. Мисалы, герб жыйымы жөнүндө мыйзам чыккан. Бостондо ж.б. шаарларда жашаган калк герб жыйымын төлөөдөн баш тарткан. Бул жыйымды алууга аракет кылган жыйноочуларды чайыр менен майлашып, куштун жүнүнө оонатышкан. Гербди өрттөшкөн. Ошол үчүн герб жыйымын жоюуга туура келген.

1775-ж. 13 колониянын баарында тең көтөрүлүш башталган. Англиялык бийликтер соода кылуучу Бостон портун жабышкан. Колониялар англиялык өкмөттөн соода менен өнөр жайына чек коюуну жоюуну жана колонияларга алардын макулдугусуз салык салууну токтотууну талап кылышкан.

Король муну козголоң деп жарыялаган. Аскерлерге калкты куралсыздандырууну жана аларды күч менен басууну буюрган. Ошентип, согуш башталган. Партизандардын курал-жарак кампасын басып алуу үчүн 1775-ж. Бостондон чыккан англиялык отряд кампаны жок кылып, кайра артка кайтканда партизандар үйлөргө, бак-дарактарга, кашааларга жашынып, аларды ата баштаган. Королдун отрядындагылардын көбү өлгөн, калганы качып жөнөгөн.

Колониялардын тургундары өздөрүн демилгелүү жана билгич жоокерлер, чебер аткычтар, өз мекенинин патриоттору катары көрсөтүшкөн. Колониялар биринин артынан бири өздөрүнүн Англиядан бөлүнгөнү жөнүндө жарыялай баштаган. Партизан отряддарынан турган армияны конгресс өз армиясы деп тааныган, башкы командачысы кылып виргиниялык плантатор, полковник Жорж Вашингтонду дайындаган.

**АКШнын түзүлүшү.** Эл массасынын кысымы менен 1776-ж. 4-июлда конгресс «Көз каранды эместик декларациясын» – мурдагы колониялардын Англиядан бөлүнгөндүгү жана толук өз алдынчалыгы жөнүндө билдирүүнү кабыл алды. «Көз каранды эместик декларациясы» Англия тарабынан колонияларды эзүү адамдын жашоого, эркиндик жана бактылуу болуу сыяктуу тартып алынбас укуктарына карама-каршы экендигин, көтөрүлүшкө чыккан колониялар Америка Кошмо Штаттарына (АКШ) биригишерин жана көз каранды эмес эркин мамлекет болушарын жарыялаган. Бул документтин (көз карандысыздык декларациясынын) автору Томас Жефферсон болгон.

Жорж Вашингтон көз карандысыздыктын чечкиндүү талапкери, аскер ишин жакшы билген жол башчы болгон. Саясий ишмер катары да таанылган. Ал согуштун жүрүшүндө элге таянган. Революциячыл согуштун жана айыгышкан тап күрөшүнүн натыйжасында Англиянын колониялык үстөмдүгү кулатылган жана бийлик түндүк америкалык плантатор кул ээлөөчүлөр менен буржуазияга өткөн. Жүз миңге жакын англиялык ак сөөктөр өлкөдөн куулуп жиберилген. Монархия кулатылып, руспублика орнотулган.

Мына ушулардын бардыгы АКШдагы көз карандысыздык үчүн согуштун жүрүшүндө Улуттук-боштондук буржуазиялык революция болуп өткөндүгүн ырастайт. Көз карандысыздык үчүн согушта эл массасы башкы күч болуп эсептелген, бирок капиталисттер менен кул ээлөөчүлөр жеңиштин натыйжаларын бийликти чыңдоо жана кедейлердин байларга каршы чыгууларын басуу үчүн пайдаланышкан.

1787-ж. Филадельфияда штаттардын өкүлдөрүнүн атайын чогулушу (Уюштуруу конвенти) АКШнын конституциясын кабыл алган. Конституция республиканы сактаган. Мамлекет менен өкмөттүн башында 4 жылга шайланган президент коюлган. Биринчи президенти болуп Ж. Вашингтон шайланган.

АКШдагы буржуазиялык-демократиялык революция согуш жана түштүк штаттардагы мурдагы тартиптерди реконструкциялоо жылдарын кучагына алат. Революциянын натыйжасында АКШнын батыш жерлеринде айыл чарбасында капитализмдин өнүгүшүнүн америкалык жолун жайылтууга мүмкүнчүлүк ачылган. Революция (1861–1865-жж. жарандык согуш) өнөр жай төңкөрүшүнүн тез аякташына жана Американын өнөр жайынын өнүгүшүнө шарт түзгөн. Ал жумушчу кыймылынын өнүгүшү үчүн чоң мааниге ээ болгон. Саясий жактан АКШда түндүктүн бай буржуазиясынын жана өлкөнүн түштүгүндөгү ири жер ээлөөчүлөрүнүн үстөмдүгү орногон.

### Суроолор:

**1**. Европанын картасы кандайча өзгөрүлгөн? Ага эмне себеп болгон жана натыйжасы кандай болду? **2.** Европалык дөөлөттөрдүн коалициясынын Наполеонго каршы согуштарын жыйынтыктаган европалык мамлекеттердин Вена конгресси качан болгон? Ал кандай чечимдерди кабыл алган? **3**. 1815-ж. түзүлгөн тышкы келишимдин шарты кандай болгон? **4.** Улуу Британиядагы өнөр жай төңкөрүшүнүн тарыхый мааниси эмнеде? **5.** Чартисттик кыймыл деген кандай кыймыл? Анын натыйжасы кандай болгон? **6.** Европадагы 1848–1849-жж. революциялардын тарыхый мааниси кандай эле? **7.** Англиянын Түндүк Америкадагы колониялык саясаты жөнүндө эмнени билдиңер? **8**. Англиянын колонияларындагы көз карандысыздык үчүн согуштардын натыйжасы кандай болгон? **9.** АКШ качан жана кандайча түзүлгөн? Туңгуч президенти ким болгон?

## § 31. Европа өлкөлөрүндөгү Кайра жаралуу доорундагы илим жана искусство. Агартуу кыймылы

**Табият таануудагы революция.** XV к. аягынан тартып Европанын алдыңкы өлкөлөрүндө кулоо жагына ооп бараткан феодалдык түзүлүшкө каршы күрөш кулач жайган, адамдардын көз карашында төңкөрүш жүргөн. Маданият болуп көрбөгөндөй жогорулап, илим, адабият жана искусство дүркүрөп өнүккөн. Адамдардын көз карашындагы төңкөрүш баарынан мурда Италияда башталган. Айрыкча табият таануу илиминде жүргөн революция диний көз карашка сокку урган. Дин кулакка куйган жер бетиндеги кубанычтан баш тартуу дүйнөгө, жаратылышты үйрөнүүгө болгон жандуу кызыгуу менен алмашылган.



Ж. Бруно.

Окумуштуулар көп жылдык байкоолор, илимий изилдөөлөр аркылуу жаратылыш кубулуштарын түшүндүрүүгө, алардын себептерин билүүгө умтулган.

Европада алгачкы музейлер, ботаникалык жана зоологиялык бактар, минералдардын жана өсүмдүктөрдүн коллекциялары пайда болгон. Жазуучуларды эми ойдон чыгарылган «ыйыктар» эмес, өз кубанычтары жана кайгылары бар тирүү адамдар кызыктырган. Гуманист (латынча «гуманус» – «адамгерчилик») жазуучулар жаратылышты сүрөттөп жазышып, анын сулуулугуна суктанышкан. Сүрөтчүлөр адамдарды табияттын фонунда тарта баштады. Илим менен искусствонун байланышы чыңдалган. Сүрөтчүлөр жана скульпторлор туура бериш үчүн адамдардын дене түзүлүшүн изилдеп үйрөнүшкөн. Туура пропорцияларды жана перспективаларды сактоо үчүн алар математиканы окушкан.

Польшалык улуу окумуштуу **Николай Коперник** (1473–1543-жж.) ааламга карата диний көз караштарга кыйраткыч сокку урган. Ал эң жөнөкөй куралы менен 30 жыл асмандагы жылдыздарга байкоо жүргүзгөн. Окумуштуу Жер Күндүн тегерегинде, ошону менен бирге өзүнүн огунун тегерегинде айланат деген. Жер планеталардын бири гана, алардын баары Күндүн тегерегинде айланарын айткан. Коперник өзүнүн ачкандарын жашырып жүргөн, анткени чиркөө илимди куугунтукка алган. Күн Жердин айланасында тегерене тургандыгына бүткүл дүйнө ишенген, бирок Коперник гана биз көрүп турган нерсе чындыкка карама-каршы келет деп эсептеген. Коперник 1543-ж. «Асман сфераларынын айлануусу жөнүндө» деген китебин чыгарууну чечет.

Италиялык улуу ойчул **Жордано Бруно** (1548–1600-жж.) илим үчүн чыныгы баатыр күрөшүүчү болгон. Ата-энеси монастырга берип койгондуктан, бала кезин монастырда өткөргөн. Бала кезинен эле билимге умтулган. Ал өзүн кудайга сыйынууга эмес, илимий иштерге арнаган. Бруно Коперниктин китебин жашырып окуп, дүйнөгө көз карашы өзгөргөн. Бруно монастырдан качып кеткен. Жер кыдырган. Бирок чиркөө окумуштууну куугунтукка алган. Иштөөгө мүмкүнчүлүк берген эмес.

Жордано Бруно 16 жылдын ичинде Францияда, Англияда, Германияда, Чехияда болгон. Ал: «Ааламдын учу-кыйыры

жок, чексиз жана өлчөмсүз, – деп ырастаган. – Жер тургай Күн да дүйнөнүн борбору эмес. Аалам – сансыз көп жылдыз, алардын ар бири – бизден алыс турган күн. Ал күндөрдүн тегерегинде өзүнүн планеталары айланып жүрөт». Брунонун бул тайманбас ою эми илим тарабынан толук ырасталды. Ата Мекенин сагынган Бруно Италияга кайтып келет. Чыккынчылыктын айынан инквизациянын колуна түшүп, 8 жыл түрмөдө отурат. Бирок кандай кыйноо тартса да, ал өз көз карашынан кайткан эмес. Чиркөө соту окумуштууну өрттөөгө өкүм чыгарган. Бруно желдеттерге тике карап: «Мага өкүм чыгарып жатып, силер коркконуңардан отко бараткан менден да күчтүү калтырап жатасыңар», – деген. 1600-ж. Брунону өрттөп жиберишкен.

Венециянын калкы толкунданып, шаардагы башкы чиркөөнүн жанына топурап чогулуп алышкан. Алардын ар бири собордун коңгуроо кагылуучу жерине окумуштуу **Галилео Галилей (1564–1642-жж.)** орноткон телескопту көргүсү келген. Галилей телескоп менен асманга байкоо жүргүзгөн биринчи окумуштуу болгон. Телескоптун жардамы менен көзгө көрүнө турган буюмдарды 30 эсе чоңойтууга жетишкен. Айда Жердегидей эле тоолор болуп, Юпитер планетасын жандоочулар (спутниктер) курчап айланып жүргөнүн жана күндө да тактар бар экендигин айткан. Телескоп менен дагы башка көп жаңылыктарды ачкан. Мына ушулардын бардыгы Коперниктин жана Брунонун окуусун ырастаган.

Чиркөө Коперниктин китебин окууга тыюу салган. Галилейдин окуусун дин кызматкерлери куугунтуктаган. Папа Галилейди Римге чакырып, инквизиция сотуна берген. Беш ай бою сурак болгон. Эптеп 70 жаштагы Галилейди өз көз карашынан баш тарттырууга жетишкен. Ошондо да ал Жер тууралуу: «Ал баары бир айланып жатат», – деген. Өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин Галилей инквизациянын көзөмөлүндө болгон. Мына ошентип, илим динге каршы көтөрүлгөн жана анын туткунунан бошонуп чыккан. Дүйнөнү түшүндүрүү жана жаратылыштын мыйзамдарын ачуу үчүн окумуштуулардын алдында чексиз мүмкүнчүлүктөр ачылган.

**Кайра жаралуу доорундагы көркөм сүрөт өнөрү.** Кайра жаралуу доорундагы искусство өткөн доорлордогу искусствонун бардык жетишкендиктеринин негизинде өнүккөн. Кайра жаралуунун жазуучулары, сүрөтчүлөрү, скульпторлору көптөгөн муундардын бай тажрыйбасын пайдаланышкан. Кайра жаралуунун улуу чеберлери адамзат ушул убакка чейин суктанган



Р. Санти.

мыкты чыгармаларды түзүшкөн. Кайра жаралуу илимдеги жана искусстводогу эң улуу төңкөрүш болгон.

Кайра жаралуунун эң мыкты сүрөткерлеринин бири, италиялык живописчи жана архитектор **Рафаэль Санти** (1483–1520-жж.) болгон. Ал төгөрөгү төп келген адамды, анын келбеттүү, күчтүү денесин, терең акылын, жайдары мүнөзүн көрсөтүүгө умтулган. Жаш кезинде Рафаэль Флоренцияда жашап, портреттерди тарткан. Портреттеринде Кайра жаралуу мезгилинин адамынын идеалдык образын жараткан. Ыйык Пётр соборунун курулушуна жетекчилик кылган. Рафаэлдин жайдары жана бактыга ширелген искусствосунан бейкуттуктун деми байкалат. Рафаэлдин элдик мадонналарды тарткан көп сүрөттөрү сакталып калган. Анын сүрөттөрү орто кылымдык чеберлердин иконаларына көп окшобойт. Рафаэлдин эң атактуу картинасы «Сикст мадоннасы» Италиянын анчалык чоң эмес шаарларынын бириндеги Ыйык Сикст монастыры үчүн тартылган. Бул гениалдуу чыгарма адамдарга болгон сүйүүгө жык толгон.

**Леонардо да Винчи** (1452–1519-жж.) – италиялык живописчи, скульптор, архитектор, илимпоз жана инженер. Анын атасы оокаттуу шаардык, энеси жөнөкөй дыйкан кызы болгон. Леонардо да Винчи жаштайынан эмгекчил болуп өскөн. Ал өзүнүн окуучуларына: «Ким көп эмгектенсе, бакыт ошого конот», – деген. Чыгармаларында Кайра жаралуунун гуманисттик идеалдарына шайкеш келген адамдардын образын жараткан. Аялзатынын сулуулугу, назиктиги жана асылзаадалыгынын гуманисттик идеалы «Жокондада» (Моно Лиза) берилген. Инквизициянын каарына тобокел кылып, адамдын денесин туура тартыш үчүн сүрөтчү өлүктөрдү жашыруун казып алып, адамдын дене түзүлүшүн үйрөнүүгө аракет кылган. Леонардо да Винчи өзүнүн илимий ачууларында жана божомолдоолорунда өз убагынан бир канча жүз жылдыкка алдыга кеткен. Байкоолордун негизинде илимий корутундуларды жасаган. «Акылмандык – тажрыйбанын натыйжасы» деп айткан.



Леонардо да Винчи.

Замандаштары аны инженер катары жогору баалашкан: анын долбоору боюнча Миланды иче турган суу менен камсыз кылган чоң канал курулган. Леонардо де Винчи парашюттун жана вертолёттун, суу астында сүзүүчү кайыктын жана суучулдардын кийиминин түзүлүшүн иштеп чыккан. Ал өмүр бою жер кезип жүрүп, Францияда, жат жерде каза болгон.

Италиялык скульптор, живописчи, архитектор, аскер инженери жана акын **Микеланджело Буонарроти** (1475–1564-жж.) Кайра жаралуунун улуу ишмери болгон. Ал чыгармаларында Кайра жаралуу доорунун адамды, анын сулуулугун, акылын даңазалаган идеалдарына каныккан, драматизмге ширелген образдарды жараткан. Анатомияны мыкты билгендиктен, адамдын денесинин күчтүүлүгүн жана сулуулугун өтө чеберчилик менен так берген. Микеланджело XVI к. башында Италияга келген кырсыкты катуу кайгыруу менен башынан өткөргөн.

Микеланджело чымыр денелүү жана эрки күчтүү, кайраттуу, майышпас адамдардын сүрөттөрүн түшүргөн. Скульптор мрамордун зор кесегинен бийиктиги 5,5 *м* келген «Давид» статуясын чеккен. Замандаштары ал статуяны «Алп» деп аташкан. Микеланджело Римдеги ыйык Пётр соборунун зор куполунун долбоорун иштеп чыккан. Өмүрүнүн соңку жылдарында поэзияга көбүрөөк кайрылып, адамдын улуулугун жана сулуулугун ырга салган.



М. Буонаротти.

Ушул убакка чейин чоң кишилер да, балдар да француз сатирик жазуучусу **Франсуа Рабленин** «Гаргантюа жана Пантагрюэль» деген романын кызыгып окушат. Ф. Рабле (1494–1553-жж.) өз өлкөсүнүн турмушун жакшы билген, көп саякат жасап, Италияда бир нече жолу болгон. Ал жазуучу эле болбостон, дарыгер жана педагог болгон, көп тилди билген. Өз чыгармаларында феодалдык согуштарды айыптаган. «Мурда баатырдык деп даңазалаганды, биз эми жөн эле караңгылык деп эсептейбиз», – деген жазуучу. Өз бийлигин бүт дүйнөгө орнотууга акылсыздык менен аракет кылып, букараларынын канын төккөн басмачы королду мыскылдаган. Дворяндарды жек көрүп, алардын көйрөңдүгүн, наадандыгын шылдыңдаган. Соттордун, чиновниктердин жана феодалдык мамлекеттин мыйзамдарынын маанисин ашкерелеген. Католик чиркөөсү Рабле-



Т. Мор.

ни куугунтуктап, китебине тыюу салып, камоо, отко өрттөө керек деп коркуткан. Достору жана жактоочулары андан кол үзүшкөн. Бирок жазуучу өмүрүнүн акырында чейин туруктуу жана тайманбас бойдон кала берген.

Англиялык жазуучу, гуманист **Томас Мор** (1978–1535-жж.) мыкты билим алып, көп тилди билген юрист болгон. Камкор, боорукер Томас Мор бей-бечараларды жактаган. 1516-ж. Томас Мор «Мамлекеттин эң мыкты түзүлүшү жөнүндө жана жаңы утопия аралы жөнүндө алтын китепти» жарыкка чыгарган. Жазуучу жеке менчикти элдин бардык кырсыгынын себеби деген. Мор алыскы Утопия аралындагы (утопия «эч жердеги», «жок жер» деген мааниде) өзү ойлоп чыгарган бактылуу турмушту сүрөттөп жазган. Утопияда элдер 6 саат иштеп, байгерчиликте жашаганын сүрөттөгөн. Баары бош убактыларын илимге, искусствого арнаган, спорт менен алектенген.

Утопияда жашагандардын үйлөрү дайыма ачык болгон. Акчаны жек көрүшкөн. Асыл таштар менен балдар оюнчук катары ойногон. Алтынды кылмышкерлер үчүн кишен жасоого пайдаланышкан. Томас болочоктогу адилеттүү коммунисттик коомду элестеткен. Бирок, өзү ал коомду кантип курууну билген эмес.

Англиялык драматург жана акын, Соңку Кайра жаралуу доорунун улуу гуманисти **Уильям Шекспирдин** (1564–1616-жж.) бүт өмүрү театр менен байланыштуу болгон. Адегенде актёр, андан кийин лондондук «Глобус» театрынын ээлеринин бири болуп калган. Шекспир 37 пьеса: трагедияларды, комедияларды, тарыхый драмаларды, поэмаларды жана көптөгөн сонеттерди жазган. Шекспир эски феодалдык дүйнөнүн ойрон болушу жакындап келатканын түшүнгөн. Жазуучунун пикири боюнча, жамандык бардык жерде салтанат куруп жатат, ага бардык сезим, ишеним, адилеттүүлүк да, махабат да ууланган. «Мен айланамдан көрүп тургандын баары ыпластык», – деген акын. Шекспир адамдын улуулугун терең сезе билген. Улуу жазуучу адамдар-



У. Шекспир.

дын мүнөзүн туура сүрөттөп, «Гамлет», «Отелло», «Король Лир», «Ромео жана Жульетта» ж.б. трагедияларында жакшылык жана адилеттик жөнүндөгү адамдардын тилеги кандайча ишке ашпай калганын көрсөтөт. Маркс Шекспирди «адамзаттан чыккан эң улуу даанышмандардын бири» деп эсептеген.


М. Сервантес.

Испаниялык улуу гуманист-жазуучу **Мигель Сервантес** (1547–1616-жж.) оор турмушта жашап өткөн. Жакырланган дворяндын үй-бүлөсүндө туулган. Университетте окуган. Окууну бүткөн соң, көп өтпөй жоокер болуп калган. Түрктөр менен болгон согушта Сервантес оор жарадар болот да, мекенине келе жаткан жолдо деңиз каракчыларына туткунга түшүп калып, 5 жыл туткунда болот. Үй-бүлөсү акча төлөп куткарып алат. Салык жыйноочу болуп иштейт. Элдин турмушун жакшы билген. Ал драмалык чыгармаларды, бир нече роман жазган. Анын ысымын дүйнөгө тааныткан эң башкы чыгармасы Кайра жаралуу доорунун эң мыкты чыгармаларынын бири – «Шумдуктуу идальго Дон Кихот Ламанчский» («Дон Кихот») романы болуп саналат. Каарманы жакырланган дворян рыцардык романдарды көп окуп, көптү үйрөнүп, азап чеккендерди жана эзилгендерди коргоо үчүн сапарга чыгат. Дон Кихот адамдардагы кемчиликтерди оңдоп, дүйнөгө адилеттүүлүктү дароо эле орноткусу келет... Романдын каармандары карама-каршы гана эмес, көп жагынан бир-бирине окшоп да кеткен адамдар: ак көңүл, эпкиндүү, биреөнүн кайгысына, кырсыгына жаны ачып турат... Ушинтип, Сервантес адилетсиздикке каршы жан аябастан күрөшүүгө чакырган роман жараткан.

Агартуу кылымы илим менен агартуу ишин динге карама-каршы коюп, көтөрүлүп келе жаткан буржуазия менен элдин таламдарын коргогон. Коомдук пикирдин бул багыты «агартуу» деген аталышка ээ болгон. Анын өкүлдөрү XVIII к. агартуучулар деген ат менен тарыхка кирген. Анткени Англиядагы, Америкадагы буржуазиялык революциялардын идеялары француз агартуучуларына бир топ таасир тийгизген.

XVIII к. француз жазуучусу, философ, агартуучу жана тарыхчы **Вольтер** (1694–1778-жж.) саясий жана тарыхый эмгектердин, көркөм чыгармалардын автору катары кеңири таанымал болгон. Чиркөөнү жана феодалдык тартиптерди

сындагандыгы, чукугандай сөз тапкычтыгы, баяндоодогу жакшынакай жана жеңил стили ага өз учурунун алдыңкы адамдарынын «ой пикиринин бийлөөчүсү» деген атак алып келген.

Вольтер чиркөө илиминин, диний фанатизмдин прогресске душмандыгынын бетин ачып ашкерелегендиги, дворяндар менен дин кызматкерлеринин артыкчылык абалдарын мыскылдагандыгы менен даңктанган. Королдук чиркөөгө каршы ал: «Жүзү караны жанчкыла!» – деген чакырыкты койгон. Вольтер жаратылыштын кубулуштарына жана адамдын баскан-турганына кудайдын дайыма кийлигишүүсү жөнүндөгү чиркөөнүн окуусун мыскылдаган, бирок атеист болгон эмес. Ал динди элдин кызыкчылыгы үчүн, аларды баш ийдирип кармоо үчүн сактоо керек деп эсептеген. Вольтер: «Эгер кудай болбосо, анда аны ойлоп табууга туура келер эле», – деген.


Вольтердин идеясы абсолюттук монархиянын зомбулугун чектөөнү, католик чиркөөсүнүн таасирин бошоңдотууну жана феодалдык тартиптерди жоюуну каалаган, бирок эл массасынан корккон ири буржуазия менен алдыңкы дворяндардын көз караштарын чагылдырган. Вольтер революцияны каалаган эмес, бирок өзүнүн феодализмди, абсолюттук монархияны жана католик чиркөөсүн сынга алгандыгы менен, иш жүзүндө революциянын бышып жетилишине таасир тийгизген.


Монтескье.

Дворян-чиновниктин уулу **Монтескье** (1689–1755-жж.) көрүнүктүү француз агартуучулардын бири, укук таануучу жана философ болгон. Өзүнүн чыгармаларында Монтескье монархиянын кемчиликтерин – королдук бийликтин зомбулугун, ордо сарайдагылар менен ак сөөктөрдүн бузулган жөрөлгөлөрүн, басып алуучулук адилетсиз согуштарды мыскылдап көрсөткөн, элдин салыктардын айынан жакырданышын айыптаган. Монтескьенин көз карашы орто буржуазия менен алдыңкы дворяндардын – абсолютизмди чектөөнүн тарапкерлеринин маанайларын чагылдырган. Анын идеясы бүткүл Европага жана Америкага кеңири белгилүү болгон.

Француз жазуучусу жана философ **Жан Жак Руссо** (1712–1778-жж.) швейцариялык саат устанын уулу болгон. Ал бала кезинен эле карапайым адамдарды жакшы көргөн, аларды шаардын бай ак сөөктөрү кандайча кысымга алып жатканын

байкаган. Руссону дворяндардын бекерчиликте сайрандап жашаганы таң калтырган. Руссо дворяндардын адилетсиздигин, ээнбаштыгын, ысырапчылдыгын айыптаган, жөнөкөйлүккө жана басмырттыкка, жаратылышка жакын болууга чакырган. Бири-биринин таламдарын чектебеген, бардыгы бирдей эмгектенген, байлары жана кедейлери жок, тең укуктуу майда менчиктүүлөрдүн коому анын анык идеалы болгон. Майда менчиктүүлөр гана мыйзамдуу жана адилеттүү деп эсептеген Руссо, ошону менен бирге, феодалдын менчигин жоюуга жана бай капиталисттердин ашыкча мүлкүн жана каражаттарын чектөөгө чакырган. Ал салыктардын оор жүгүн аларга оодарыш үчүн прогрессивдүү салыктарды салуу керек деп эсептеген. Руссо элдин кеңири массасынын – дыйкандардын жана кол өнөрчүлөрдүн кызыкчылыктары менен маанайларын чагылдырган. Анын идеясы революциячыл майда буржуазиянын туусу болуп калган.



Ж. Руссо.

1751-ж. тартып башында француз жазуучусу жана философ Дени Дидро турган бир катар агартуучулар көп томдон турган «Илимдин, искусствонун жана кол өнөрчүлүктүн энциклопедиясын» чыгара баштаган. Анын авторлорунун катарында Вольтер, Руссо ж.б. белгилүү жазуучулар болгон. Энциклопедиянын басылып чыгышы өкмөткө коркунуч туудурган. Алгачкы томдору бийликтердин буйругу боюнча өрттөлгөн, бирок бардык тоскоолдуктарга карабастан, «энциклопедия» жарыкка чыгуусун уланта берген. Агартуучулардын алдыңкы идеялары революцияны даярдоодо жана анын жүрүшүндө ага идеологиялык өбөлгө болуу менен, маанилүү роль ойногон.

**Орус маданиятынын өнүгүшү.** Россияда эл агартууда, маданиятта, илимде чоң өзгөрүүлөр болгон. Ошол жылдарда сабаттуу адамдар эле эмес, ар түрдүү кесиптер боюнча адистерди: кеме куруучуларды, моряктарды, инженерлерди, архитекторлорду, картографтарды ж.б. адистерди даярдоо милдети мурда болуп көрбөгөндөй өзгөчө курч коюлган. Аны турмуш талап кылган.

*Китеп басып чыгаруу иши.* Пётр Iнин тушунда китеп чыгаруу да кеңейтилет. Математика, физика, грамматика боюнча окуу куралдары, ар кандай сөздүктөр, календарлар басып чыгарылган. Окууга кыйын, ыксыз татаал чиркөөлүк-славяндык

белгилер араб сандары менен алмаштырылган, чиркөө китептерин гана мурунку ыкма менен басып чыгарууну улантышкан. Москвада жана Петербургда жаңы басмаканалар ачылып, алардын алдында гравюралык мастерскойлору болгон. Пётр Iнин басма сөз кызматкерлеринен тышкары сүрөтчү-оймочулары бар көчмө басмаканасы болгон. 1702-ж. алгачкы орус гезити «Ведомости» чыга баштаган.

Архитектурада XVIII к. ортосу жана экинчи жарымы негизинен шаарларда кыштан салынган курулуштардын кеңири жайылгандыгы менен белгиленген. Россия империясын чыңдоо, кургактагы жана суудагы жеңиштер, падыша сарайындагыларга, төрөлөргө, көпөстөргө коомдук жана менчик эң сонун имараттарды курууга түрткү берген. Бул орус элинин мыкты архитектуралык чыгармаларынын жаралышына өбөлгө болгон. Бул мезгилде В. В. Растрелли, В. И. Баженов ж.б. архитекторлор эмгектенген.

### Суроолор:

**1**. Табият таанууда кандай революция болгон экен? Анын кандай өкүлдөрүн билдиңер? **2**. Кайра жаралуу доорундагы искусстводо кандай жетишкендиктер болгон, кайсы өкүлдөрүн билесиңер? **3**. Көркөм сүрөт өнөрүнүн даанышман өкүлдөрү тууралуу эмнени билдиңер? **4**. Китеп басып чыгаруу ишинде кандай жетишкендиктер болгон?

## § 32. Индия. Улуу Моголдор дөөлөтү

**Орто кылымдардагы Чыгыш мамлекеттеринин өнүгүү өзгөчөлүктөрү.** Азиянын бардык жерлеринде патриархалдык уруулук мамилелердин күчтүү калдыктары менен феодалдык тартиптер, ал эми кээ бир жерлерде кулчулук үстөмдүк кылып турган. Азия өлкөлөрүндө өндүргүч күчтөрдүн өсүшү жана өнүгүшү Европага караганда жайыраак жүргөн. Көчмөндөрдүн Азиянын дыйканчылык мамлекеттерин көп жолу басып кирип кыйратуулары анын себептеринин бири болгон. Азия өлкөлөрүнүн өз ара байланышынын начардыгы, деңиз кемелерин куруунун начар өнүгүшү, тоолор жана чөлдөр аркылуу кургактагы байланыштардын татаалдыгы алардын ортосундагы сооданын өнүгүшүн кыйындаткан.

XVI–XVII кк. европалык мамлекеттер кол өнөрчүлүгү менен мануфактуранын өнүгүшүндө, темир менен болотту иштетүүдө, металл аспаптарды даярдоодо, атылуучу куралдарды – замбиректер менен мушкеттерди чыгарууда, кемелерди курууда жана деңизде сүзүүдө Азия өлкөлөрүнөн ашып кеткен.

XVI–XVIII кк. капиталисттик мамилелердин өнүгүшү Европада алгачкы буржуазиялык революцияларга алып келген, ал эми Чыгышта алар үчүн шарт али түзүлө элек болгон. Акырындык менен Азияда XVI–XIX кк. айрым шаарлардын мааниси жогорулап, мануфактуралар түзүлө баштаган. Азия өлкөлөрүнүн өз алдынча өнүгүшү, анда феодализмдин бузулушу жана капиталисттик мамилелердин өсүшү европалык колонизаторлордун басып кириши менен бузула баштаган.

**Улуу Моголдор дөөлөтү.** Моголстандан (XIV–XV кк. Орто Азиянын чыгыш бөлүгү; «могол» – Иранда моңголдорду ушундайча аташкан) чыккан, адегенде Ферганнанын, андан кийин Кабулдун ханы, Темирландын урпагы Бабур 1526-ж. Индияга басып кирген. Анын мушкеттер жана замбиректер менен куралданган, атчандары да бар армиясы эки жолку катуу салгылаш менен делилик султандардын эң акыркысын жана раджпуттардын кошуунун таш-талканын чыгара талкалап, Ганг өрөөнүнүн басымдуу бөлүгүн ээлеп алган. Дээрлик бүткүл Индиянын гүлдөп өнүккөн аймагын бийлеп калган *Улуу Моголдор империясынын* түзүлүшү мына ушундайча башталган.

**Бабур Захиреддин Мухаммад** (1483–1530-жж.) – Индиядагы Улуу Моголдор династиясын негиздөөчү, акын, тарыхчы жана ойчул, Тимурийлердин Фергана дубанынын башкаруучусу Омор Шейх мырзанын уулу болгон. Он эки жашында атасынын ордуна тактыга отурган. 1504-ж. Шейбани хандын тушунда көчмөн өзбек уруулары Орто Азиядан кууп чыккандыктан, Ысар тоолору аркылуу Афганстанга кетүүгө аргасыз болгон. Кабулдан Түндүк Батыш Индияга жортуул жасап, ал жерде Улуу Моголдор династиясын (1526–1858-жж.) негиздеген. 1525-ж. чейинки окуяларды камтыган мемуардык «Бабур-наме» (1493-ж.) деген китеп жазган. Бабурдун калеминен, ошондой эле түркий тилде жана аз болсо да фарсыча жазылган ырлар диваны, «Аруз жөнүндө макала» деген ыр жазуу өнөрү тууралуу эмгек калган.



Бабур.

Адамзат тарыхына билимдүү өкүмдар, тарыхчы жана акын катары кирген, белгилүү «Бабур-наменин» автору Бабур Индияны узакка деле башкарган эмес. 1530-ж. анын ордуна тактыга уулу Хумаюн отурган. Хумаюндун бир туугандары менен так талашкан согуштары бийликти чыңдоого мүмкүнчүлүк

берген эмес. Ошондо Бихар менен Бенгалиянын таасирдүү башкаруучусу, Индиянын чыгышын эбактан эле жердеп келаткан афгандык сур уруусунан чыккан хан Фарид Шер жагдайдан пайдаланып, Делини басып алган да, Хумаюнду баш паанек издеп Иранга кире качууга аргасыз кылган.

Такка отургандан кийин шах титулун алган шах Шер беш жылдык бийлик жүргүзүүсүндө (1540–1545-жж.) борбордук бийликти чыңдоо үчүн көп аракет жасаган, Делини Бенгалия, Ражпутана, Инди менен туташтырган магистралдык кербен жолдорун салдырган жана кербен-сарайларды курдурган, жер мамилесин (жердин башкы кадастрын түзүү башталган), салык системасын (түшүмдүн үчтөн бири), аскер башчы-жагирдарлардын жер ээликтерин жөнгө салган, айрым индустарды абройлуу кызматтарга коюу менен алардын статусун жогорулаткан. Шер шахтын күтүүсүздөн көз жумушу жана анын мураскерлеринин так талашкан чыр-чатагы Хумаюндун кайрадан бийликке келиши үчүн оңтойлуу жагдай болуп, 1555-ж. ал Делидеги тактысын кайтарып алган. Бирок ал жыл айланбай күтүүсүз кырсыктан набыт болот да, бийлик анын 13 жашар уулу Акбарга өткөн.

Акбар падышанын башкаруу мезгили (1556–1605-жж.) Улуу Моголдор империясынын «алтын доору» болгон. Пенжаб менен кошо түндүктөгү бийлигин жакшылап чыңдап алгандан көп өтпөй эле, Акбар раджпут аскерлеринин көпчүлүгүнүн колдоосуна таянып (анын гареминде раджпут каныкелери да болгон, ошентип ал раджпут аскер башчыларынын айрымдары менен туугандашып да алган), бүткүл Раджпутанага ээлик кылып калган. Ага удаа эле империясына Гондвананы, Гужаратты, Бенгалияны, Кашмирди, Ориссаны кошуп алган. Мына ошентип, өзүнүн иш билги башкаруучулук жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасында Акбар бүтүндөй Түндүк Индияга бийлик жүргүзгөн.

Шер шахтын реформаларын ишке ашырууну улантуу менен, Акбар өлкөнү башкарууга бекем негиз болуучу жаңы реформаларды да жүргүзгөн. Империянын жеринин баары бүт бойдон мамлекеттик болуп жарыяланган. Башкы жер кадастры аягына чыгарыла иштелип бүтүп, ар бир райондон чогултулуучу салыктардын өлчөмү так аныкталган: айрым маалыматтар боюнча, XVI к. аягындагы салыктардын жалпы жыйымы 166 *млн* рупийге жеткен.

Акбардын уулу Жахангир (1605–1627-жж.) атасынын жигердүү тышкы саясатын улантып, Деканга жана Пенжабдагы

синдхилерге каршы согуш ачкан. Ассамда Жахангирдин аскери жеңилип калганы жана сепараттык Бенгалияда кыйынчылыктарга кабылганы менен, согуштук аракеттери негизинен ийгиликтүү жүргөн. Жахангирдин, т.а. анын уулу Жахан шахтын Ахмаднагар султанынын кубаттуу армиясын талкалоосу эң чоң жеңиш болгон. Атасынын ордуна тактыга отурган Жахан шах (1627–1658-жж.) согуштук жортуулдарын уланып, акыры 1632-ж. Ахмаднагарды толугу менен каратып алган. Ал эми Бижапур менен Голконда Моголдорго вассал катары көз каранды болушкан. Ошентип, бул дээрлик бүткүл Индия Улуу Моголдор империясынын бийлиги астында калды дегенди билдирген.

Аттигиниң, хандык бийликтин калпыстыгын кара! 1658-ж. Жахан шахтын уулу канкор Аурангзеб атасын зынданга отургузуп, бийликти тартып алат. Узакка бийлик кылган Аурангзеб (1658–1707-жж.) элдин эсинде жаман жагы менен гана сакталып калган. Ашынган суннит мусулман Аурангзеб шийиттерди да, индустарды да текебердене куугунтукка алып, храмдарын талкалаган, Акбар алып салган мусулман эместерден алынуучу жизий салыгын кайрадан киргизген. Диний куугунтукка алуу калк арасындагы нааразылыкты кескин түрдө курчутуп, башкаруучу таяна турган базаны бошоңдоткон. Ал тургай, аскер башчы-жагирдарлардын кирешелери да азайып кеткен. Натыйжада казынага алык-салыктар мурдагыдай түшпөй калып, мында да Осмон империясындагы тимариоттордогудай процесс жүрүп, чарбалык турмуштун ыргагы бузулган. Салыктык эзүү күчөп, дыйкандар туш-тушка кача баштаган. Акырында XVIII к. башында өлкөнү катуу ачарчылык каптап, кризистик кырдаал түзүлгөн. Айрым маалыматтар боюнча, 1702–1704-жж. бир гана Деканда ачкачылыктан 2 *млнго* жакын адам кырылып калган.

Аурангзеб өзүнүн бийлигине катуу каршылык көрсөткөн Махараштра аймагын өмүрүнүн соңку жылдарында карата алганы менен, баары бир, ага маратхалар да, раджпуттар да биротоло баш ийип берген эмес. Ал дүйнөдөн өтөрү менен Улуу Моголдор империясы Индиядагы күчтүү мамлекеттин болушун каалабаган уруулардын тыткынында калган. Алардын арасында англдар алгачкылардан болору шексиз эле. Империянын кулаган датасы 1707-ж. менен белгиленсе дагы, формалдуу түрдө ал англдардын тушунда бир жарым кылым бою өкүм сүргөн.

**Англдар Индияда (XVIII к. –XIX к. ортосу).** XIV–XV кк. мусулман соодагерлери жана башка көпөстөр индиялык товар-

лар жана Индия аркылуу өтүүчү транзиттик товарлар менен жигердүү соода-сатык иштерин жүргүзүү үчүн көптөгөн деңиз порттору курулган. Алардын арасында Гужарат портунун даңкы чыккан. Түштүк Индиянын тездик менен өнүгүү темпин аныктоочу факторлордун бири деңиз соодасын кеңейтүү болгон. Ушул мезгилде Индиядан жана түштүктөгү өлкөлөрдөн Европага өтө баалуу экзотикалык товарлар жана татымалдар сансыз көп келе баштаган. Ошондон улам Европада жомоктогудай байлыкка мол «кереметтүү Индия», анын эбегейсиз зор кенчтери тууралуу түшүнүк бекер жеринен жаралбаган да. Жеке ишкердик кумарга баткан жана байлыкка туйтунууну эңсеген жарым дубана европалык көпөстөр Индияга карай улам жаңы экспедицияларды уюштурушкан. Ошондой экспедициялардын бири Америка континентин ачканы белгилүү. 1498-ж. Африканы айланып сүзүп барган португал Васко да Гама Индияга алып баруучу деңиз жолун ачкан.

Индияга баруучу деңиз жолун ачкан португалдар XV–XVI кк. соода жолдоруна жана соода-сатык иштерине көзөмөлдүк кылып, көп сандаган кампаларды жана факторийлерди, жаңы конуштарды жана портторду куруп, ал тургай, жергиликтүү башкаруучулардын саясий күрөштөрүнө да кийлигише башташкан. Португалдардан кийин бул аймакка голланддар келишип, Голландиялык Индия деп аталган аймактагы, т. а. Индонезия аралдарындагы татымалдардын мол ресурстарын эксплуатациялоону колго алышкан. Алардан кийин француздар жана англдар каптап келе башташкан. Мына ошентип Индияны жана Азиянын ага танапташ аймактарын колониялаштыруу доору башталган.

Индия үчүн бул доор Улуу Моголдор империясынын гүлдөп өнүгүү, начарлоо жана кулоо мезгили болгон. Ал империянын башкаруучуларына тишин кайрап келишкен бир нече мамлекеттин тыткынында калган. Ошондой дөөлөттөрдүн бири Маратха эле. Маратхалардын иши оңдой берди болуп турган кезде түндүк тараптан Индияга ирандык Надир шах басып кирип, 1739-ж. маратхалардын аскерин талкалап, Делини талап-тоноп, казынанын көп кылымдар топтолгон сансыз көп байлыгын Иранга ташып кеткен. Жеңилүүдөн кийин бир аз оңолуп алып, кайрадан түндүктү карай аттанып жөнөгөн маратхалардын жортуулу кайрадан Индияны көздөп келаткан Дуррани Афганстанынын өкүмдары Ахмад шахтын экспедициясына кабылган. Ал Надир шахтын армиясы менен бирдикте маратхаларды талкалоого катышкан. Эми байлыгы ашкан Индияга

жеке бийлик кылууну самап, кайрадан келаткан эле. Ахмад шахтын Индияга жасаган ага чейинки беш жортуулу тең ийгиликсиз болуп калганына карабастан, маратхалар менен салгылашта жеңип чыккан. Ошентип маратхалардын Делидеги такка отуруу үмүтү биротоло таш капкан.

Улуу Моголдор империясынан кийин саясий майданга чыккан экинчи ири мамлекет Бенгалия болгон. Андан тышкары, 1717-ж. могол наместниги башкарган Хайдарабад мамлекети түзүлгөн. 1739-ж. Моголдордон Ауд мамлекети бөлүнүп чыккан. Ал эми XVIII к. экинчи жарымында күч-кубаттуу Майсур мамлекети пайда болгон. Анын башкаруучусу Хайдар Али (1761–1782-жж.) француздардын жардамы менен мушкет жана замбирек менен жабдылган, мыкты үйрөтүлгөн жалданма офицерлер жетектеген өз армиясын түзгөн.

Хайдар Али моңголдук жагир системасынан баш тарткан. Ал жана андан кийин анын уулу Типу султан аскердик реформанын жардамы менен согушка кыйла жөндөмдүү армияны түзүп алып, Индияны англдардан бошотууга аракеттенишкен. Бирок Индиядагы XVIII к., кезегинде Карл Маркс мүнөздөгөндөй, «бардыгынын бардыгына каршы айыгышкан согуштарында» англдар жеңип чыгышкан. Бул жеңиш драмалуу кокустук эмес, тескерисинче, объективдүү шартталган тарыхый мыйзам ченемдүүлүк эле.

XVII к. башында түзүлгөн жана Индиядагы соода-сатык, согуштук, дипломатиялык, саясий ж.у.с. операцияларды өз колуна топтогон англиялык Ост-Инд компаниясы Индияга кирүүнүн жана анда бекем орношуп алуунун ошол мезгилдеги кыйла ийгиликтүү формасы болчу. XVII к. аягынан тартып жана Улуу Моголдор империясы кулаган XVIII к. англдар Моголдордун мурасына талапкерленген Индиядагы калган колониялык дөөлөттөрдүн баарын четке сүрүп салып, биринчи орунга чыгышкан.

757–1780-жж. Англия Индиядан дээрлик кайтарымсыз түрдө 38 *млн* фунт стерлинг өлчөмүндөгү монеталарды жана товарларды ташып кеткен. Ал кездеги ченем боюнча бул өтө көп.

Ийгиликтүү согуштук аракеттерди жүргүзүү үчүн компанияга өзүнүн аскердик күчүнүн болушу зарыл болгондуктан, индиялыктардын өздөрүнөн турган жана француз офицерлери жетекчилик кылган сыпайлардын армиясын түзүп алган.

Ост-Инд компаниясы өзүнүн чиновниктери менен аскердик күчтөрүнө таянып, Индияны башкарып турган. Англиялык колониячылар британдык үстөмдүктү чыңдоо үчүн княздык-

тар менен индиялык коомдун ар кыл катмарларынын бытырандылыгын кеңири пайдаланышкан. XVIII к. соңунан тартып англиялык парламент компаниянын ишине жигердүүлүк менен кийлигише баштаган. Бул Ост-Инд компаниясынын өкмөткө көз карандылыгын арттырган. Колонизаторлордун эксплуатациялык аракеттерине жооп кылып, ар кайсы жерлерде көтөрүлүштөр чыгып турган.

1857–1859-жж. элдик көтөрүлүш өлкөнүн бир кыйла бөлүгүн кучагына алып, алгач Дели шаарына жакын жерде замбиректер жана мылтыктар менен куралданган 60 миң сыпайлар көтөрүлүшкө чыгышкан. Түндүк Индияда жана борбордук аймактарда дыйкандар менен кол өнөрчүлөр көтөрүлүштүн башкы күчү болуп эсептелген. Көтөрүлүшчүлөр Делини жана башка шаарларды ээлешкен. Колониячылардан бошотулган жерлерге жаңы тартиптер киргизилген. Алсак кээ бир салыктар жоюлган, салык чогултууда аша чабууларга, мамлекеттик казынаны уурдоого каршы күрөш жүргүзүлгөн.

Англиялык өкмөт Индияга көп сандагы замбиректери жана куралданган кемеси бар кошумча аскер түшүрүүгө мажбур болгон. Көтөрүлүшкө чыккандар байланышсыз, чачкын аракеттенишкен. Англиялык аскерлер көтөрүлүшчүлөрдүн колундагы шаарларды курчоого алышып, чабуул менен ээлешкен. Калк баатырдык менен коргонгон. Көтөрүлүштү укмуштуудай ырайымсыздык менен басышкан, англиялык солдаттар аялдарды да, балдарды да, карыларды да аяган эмес.

Ал эми 1858-ж. август айында Индиядагы мамлекеттик бийлик Англиянын парламентинин жана өкмөтүнүн түздөн-түз көзөмөлдүгү астында иш жүргүзүүчү вице-король статусундагы өкүлгө өткөндүгүн ырастаган мыйзам кабыл алынган. Ошентип, Индия ушул жылдан тартып, Улуу Британиянын толук маанидеги колониясына, Британ таажысынын акагына айланган.

Индияны англдардын басып алышы менен анын салттуу түзүмүнө бир нече аспекттер боюнча катуу сокку урулган. Султандардын жана княздардын казыналарында катылган сансыз көп байлыктар компаниянын казынасына түшкөн жана метрополияга чыгарылып кеткен. Беделине жараша керектөөнүн кыскартылышы жогорку квалификациядагы кол өнөрчүлүк өндүрүшүндөгү кризиске алып келген. Көптөгөн чебер устаттар жумушсуз калышып, индиялык кол өнөрчүлүктүн жогорку кедери кете баштаган. Ал аз келгенсип, XIX к. башынан

тартып арзан баадагы англиялык кездемелер агылып келип, индиялык кездеме токуучулардын ишине салакасы тийген.

Ошондой эле англдар Индиядагы салттуу жер иштетүү иштерине да кийлигишип, заминдарларга жер ээсинин статусун беришкен. Ал статустун шарты боюнча, жер салыгын төлөбөгөн заминдар өз ээлигинен оңой эле кол жууп калган. Англдар өздөрүнүн европалык түшүнүктөрү жана чен-өлчөмдөрү менен бардык иштерге кийлигишип жатып, кылымдар бою калыптанган мамилелердин стабилдүү балансын бузушкан. Арийне, ал бүткүл индиялык салтка айланган түзүмгө салакасын тийгизбей койгон эмес.

Салтка айланып калган мамилелердин ордуна жаңыча мамилелер түзүлүп, Индия дүйнөлүк базарга тартылып, эл аралык соода-сатык алакаларына аралашкан. Англдар бул жерде темир жол курушкан, туруктуу почта байланышын жөнгө салышкан, өнөр жай ишканаларын тургузушкан, жергиликтүү бюрократтардан кескин түрдө айырмаланган колониялык бюрократиялык администрацияны түзүшкөн.

Бир жагынан алганда, бул өлкөнү колонияга, Англиянын агрардык-чийки заттык коштондусуна айландырып, салыктык эзүүнү күчөтүп, дыйкандарды жана кол өнөрчүлөрдү жакырданткан. Экинчи жагынан, бул азаптуу процесс өлкөнүн өнүгүшүнө өбөлгө болуп, жаңыча мамилелерди жана байланыштарды киргизген, машиналык өндүрүш, илимдин жана техниканын негиздери менен тааныштырган. Англдар жана өзгөчө англис тили ар башка тилде сүйлөгөн өлкөнү бириктирген бир бүтүндүктү түзүүгө өбөлгө болгон интеграциялык башат катары кызмат кылып калган. Бул өз кезегинде, XIX к., өзгөчө анын экинчи жарымынан тартып, Индияда улуттук-боштондук кыймылды өнүктүрүү үчүн улуттук аң-сезимдин калыптанышына негиз түзгөн.

### Суроолор:

**1.** XVII–XVIII кк. Индиядагы феодалдык түзүлүш жөнүндө айтып бергиле. **2.** Улуу Моголдор империясы кандай империя эле? Бабур деген ким болгон? **3.** Ангиялык Ост-Инд компаниясынын Индия тарыхындагы ролу кандай болгон? Индияны европалыктар үчүн ким ачкан? Анын максаты кандай эле? **3.** 1857–1959-жж. көтөрүлүштүн чыгышынын негизги себептери жана анын башкы күчтөрү кайсылар болгон; эмне үчүн көтөрүлүшчүлөр жеңилип калышкан; көтөрүлүштүн тарыхый мааниси кандай болгон? **4.** Индиядагы илим менен маданияттын өнүгүшү тууралуу эмне билдиңер? Архитектурасы кандай өзгөчөлүктөргө ээ экен?

## § 33. Африка жана Латын Америкасы

**Африканын жаңы дүйнө мезгилиндеги саясий картасы.** Африканын түндүк жагында Сахаранын түштүк бөлүктөрүнө чейин орто кылымдардан тартып ак араб жана бербер калкы басымдуулук кылып келатат, анда эфиоптор жана башка элдер да жашашат. Судандын түндүк бөлүгүнүн жана Сомалинин калкы эфиоптор – бет түзүлүштөрү европалыктарга окшош, бирок чачтары тармал, кара түстүү калк болуп саналат. Континеттин калган бөлүгүндө жашагандар кара расадагы элдер. Мадагаскар аралындагы негизги калк – Индонезия калкына тектеш малагасийлер.

Араб халифтиги жок болгондон кийин Африканын түндүгүндө бир катар феодалдык мамлекеттер, анын ичинде Египет, Ливан, Тунис, Алжир, Марокко сакталып калган. Мароккодон башкасы XVII к. Осмон империясына баш ийдирилген. Ошондой болсо да XVII к. анын бийлиги начарлаган жана чындыгында ал жердеги башкаруучулар жергиликтүү ири феодалдар болушкан.

Эфиоп княздары өз алдынчалыгын сактап калышкан. Конго дарыясынын бассейнинде, Чад көлүнүн аймагында, Инди океанынын, Гвинея булуңунун жээктеринде жана андан түндүктө бир топ байыркы феодалдык мамлекеттер пайда болгон. Аларда бир кыйла деңгээлде урук-уруу мамилелери сакталып калган. Материктин түпкү аймактары менен түштүгүндөгү уруулар жана элдер алгачкы жамааттык түзүлүштүн шарттарында жашаган.

Африка мамлекеттери менен ири уруу бирикмелеринин белгилүү жалпы таанылган чек аралары болгон эмес. Алар тигил же бул аймакка ээ болуу үчүн тез-тез согушуп турган. Африка дүйнөлүк маданияттын тарыхына өзүнүн сүрөт өнөрү, өзгөчө жыгачты оюп сүрөт түшүрүү боюнча баалуу салым киргизген. Африка элдеринин байыркы эстеликтери – байыркы Зимбабве шаарынын калдыктары, Бениндин статуялары жана башка миңдеген искусство жана тарыхый эстеликтер буга күбө болот.

**Европа өлкөлөрүнүн колониялык басып алуулары.** Африкадагы колониялык басып алууларды XV к. жана андан кийинки басып алуулар үчүн база катары Атлантиканын жээгинен чакан аймакты басып алуу менен португалиялыктар башташкан. Африканын аймагына тереңдеп кирүүгө болгон

аракеттер жергиликтүү калктын каршылык көрсөтүүсүнүн натыйжасында ийгиликсиз бүткөн.

XVIII к. англичандар, француздар жана голланддар Алтын жээкке (азыркы Гана) бекем орношуп алышкан. Француз отряды Сенегал дарыясынын чатына форт негиздеген. Голландиялыктар Ыйык үмүт тумшугун басып алып, Кап колониясын түзгөн. Африканын түштүгүндө европалыктардан, негизинен голландиялык колонизаторлордон *бурлар* же алар өздөрүн ушул убакка чейин аташкандай *африканерлер* деген өзгөчө эл түзүлгөн. Алар жергиликтүү калктын жерлерин басып алып, малын айдап кетишкен, өздөрүн кулга айландырышкан. Кап колониясын Англия басып алгандан кийин бурлардын көп бөлүгү түндүк-чыгышка, Оранжевая жана Вааль дарыяларын көздөй жылышкан. Кара түстүү африкалыктардан тартып алынган аймакта бурлар Оранжевая жана Трансвааль республикаларын негиздешкен.

Колонизаторлор Европага пилдин сөөгүн ташып чыгарышкан, ошондуктан пилдердин сансыз көп үйүрлөрүн кырышкан. Ошондой эле алтын, алмаз жана башка асыл таштарды ташып чыгарып турушкан. Кулдукка сатуу үчүн кара африкалыктарды кармап кетүү баюунун башкы булагы эле.

**Кул соодасы.** Европалыктар тарабынан басып алынган Африканын чыгыш жана өзгөчө батыш жээгиндеги аймактар кылымдар бою кулдарды кармоочу жер болуп калган, европалыктардын куралданган экспедициялары жээктен континенттин түпкүрүн карай жөнөгөн, алар эр жеткен эркектерди туткундап алып, сатуу үчүн алып кетишкен, карыларды, аялдарды жана жаш балдарды ошол жерде эле кырып салган. Көбүнчө жергиликтүү майда жол башчылар менен макулдашып, спирт, тамеки, шуру ж.б. товарларга кол алдындагыларын айырбаштап алчу. Тийиштүү портко жеткиче туткундар кеменин трюмдарында миндеп өлүшкөн. Өлгөндөр менен ооругандарды сууга ыргытышкан, тирүү калгандарын негизинен Америкага алып кетишкен. Африка кул сатуудан миң сандаган элин жоготкон.

XIX к. 30–40-жж. европалык мамлекеттер кул сатууга тыюу сала баштаган, бирок ал көпкө чейин жашыруун жол менен жүргүзүлө берген. Көп сандаган адамдарды кулдукка сатууга алып кетүү Африканын калкын азайткан, африкалык элдердин өнүгүүсүн кечеңдеткен. Алардын маданиятын төмөндөткөн, континенттин зор аймактары бош калган.

**XVIII к. аягындагы колониялык саясат. Басып алуучуларга каршы чыгуулар.** Колониячылар кулга айландырууга кар-

шы күрөшкөн элдердин каршылыгына дуушар болгон. Батыш Европада жана Түндүк Америкада капитализмдин өнүгүшү менен колониялык басып алуучулардын максаттары өзгөргөн. Африкадагы колонияларынан кулдарды эмес, пил сөөктөрүн, айыл чарба продуктулары менен өнөр жайы үчүн чийки затты, алмаз жана кымбат баалуу материалдарды ташып чыгуу улам барган сайын чоң мааниге ээ боло баштаган. Бул англиялык жана франциялык колонизаторлор үчүн стимул болгон.

Африкадан эптеп бир орун табууга АКШ да аракет кылган. Алар бул жакка бошотулган кулдарды жиберишип, аларды жайгаштыруу үчүн Гвинея булуңунун батыш бөлүгүнөн чакан аймакты сатып алышат. Кийин ал башка жерлерди басып алуунун эсебинен кеңейтилген. 40-жж. ал жерде АКШнын таасири астындагы Либерия Республикасы жарыяланган.

Анголанын калкы XV к. аягынан XVIII к. аягына чейин португалиялык баскынчылар менен партизандык согуш жүргүзгөн. Атылуучу куралдарга ээ болушкан көпчүлүк африкалыктардын каршылыктары XVIII к. аягынан тартып бир кыйла уюшулган түрдө жана күчтүү боло баштаган. Мисалы, Түштүк Африканын жергиликтүү калкынын *коса* жана *зулу* уруулары бүтүндөй жүз жыл бою бурлар менен, андан кийин англиялык колонизаторлор менен кандуу согуштарды жүргүзгөн.

XVIII–XIX кк. чегинде Египеттин аскерлери жана калкы өлкөгө басып кирген Наполеон Бонапарттын француздук армиясына каршы күрөшкө чыккан. Француз аскерлеринин калдыктары капитуляцияланганда кийин, египеттиктерге англичандарды кууп чыгуу үчүн күрөшүүгө туура келген. Египет формалдуу түрдө Осмон империясынын бийлиги астында болгон, бирок чындыгында дээрлик толук өз алдынчалыгын сактап калган. Бийликте турган феодалдар көбүнчө элге каршы саясат жүргүзүп, Франция менен Англиянын Египетти экономикалык жактан эзүүсүнө көмөк көрсөтүшкөн. Египеттик башкаруучу француз капиталисттерине Суэц каналын казууга концессия берген. Каналды казуу иши 11 жылга созулуп, 1869-ж. ишке киргизилген.

Алжир калкы француз колонизаторлоруна жан аябай каршылык көрсөткөн. Алжирдин батыш бөлүгүндөгү уруулардын башында арабдардын көрүнүктүү жол башчысы Абд-аль Кадыр турган. 1847-ж. Абд-аль Кадырдын отряды курчоого алынып, ал өзү алданып туткунга түшүп калган. Бирок арабдар менен берберлер ондогон жыл бою баскынчыларга каршы партизандык согуш жүргүзүшкөн. Марокконун калкы өлкөнүн

түпкүрүнө чейин кирип келген португалиялык, испаниялык жана француялык колонизаторлорго ийгиликтүү каршылык көрсөткөн.

Франциянын Инди океанындагы Мадагаскар аралын басып алууга кылган бир нече жолку аракети ийгиликсиз аяктаган. Гвинея булуңунун жээгинде Ашанти мамлекетинин элдери дээрлик бүткүл XIX к. ичинде англиялык куралдуу колонизаторлор менен болгон кагылыштарда жана согуштарда өздөрүнүн эркиндигин коргоп калышкан.

Африканын байыркы мамлекеттеринин бири Эфиопия арабдарга, түрктөргө, португалдарга каршы өзүнүн көз карандысыздыгы үчүн узакка созулган күрөш жүргүзгөн. Орто кылымдарда жана жаңы замандын башында анын аймагында феодалдык бир нече княздыктар болгон. XIX к. ортосунда Эфиопия кайраттуу жана эр жүрөк император Теодрос IIнин бийлиги астында бириктирилген. Борбордук бийликтин чыңдалышын каалабаган княздар менен келишим түзүп, Англия Эфиопияга каршы согуш ачкан (1867–1868-жж.). Ал согушта императордун аскерлери жеңилип калган. Чепте душмандардын курчоосунда калган Теодрос II өзүн өзү өлтүргөн, бирок боштондук күрөшү токтогон эмес. Жалпы элдик көтөрүлүштүн коркунучу англиялык аскерлерди өлкөнү таштап кетүүгө мажбур кылган. Ошентип, Эфиопия өзүнүн көз карандысыздыгын сактап калган.

Колонизаторлор Африка калкынын согуштук-техникалык жактан артта калгандыгынан, элдердин өз ара байланышынын жоктугунан, көптөгөн феодалдар менен уруу жол башчыларынын элге чыккынчылыгынан пайдаланышкан. Бирок элдердин каршылыктардын натыйжасында европалыктар континенттин аймагынын 11%ин гана басып ала алган.

XIX к. 70-жж. Африка континентиндеги зор мейкиндиктер европалыктарга дээрлик белгисиз болгон. Бул аймактар XIX к. аягы – XX к. башында гана капиталисттик мамлекеттердин ортосунда колонияларга бөлүштүрүлө баштаган.

**Европа дөөлөттөрүнүн Латын Америкасындагы ээликтери. Колониялык коомдун экономикалык өнүгүшү.** Жаңы мезгилдин башталышында Вест-Индиянын, Борбордук жана Түштүк Американын дээрлик бардык өлкөлөрү Испаниянын колониялары болгон. Түштүк Америкада бул материктин жарымын ээлеген Бразилия да Испаниянын колониясы болгон. Вест-Индиядагы чоң Гаити аралы 1804-ж. чейин Францияга таандык болгон. Гаити аралы европалыктардын Америкадагы алгачкы колониясын негиздеген Колумб тарабынан ачылган. Андан кийин


Туссен-Лувертюр.

бул аралда француз каракчылары отурукташкан, алар соода кемелерине кол салып турушкан. Кийин бул арал Францияга өткөн. Ушул убактарда Гаитидеги кант камышынын плантацияларында иштетүү үчүн Африкадан көп негр кулдарды алып келишкен.

XVIII к. аягында Франциянын Гаитидеги ээликтеринде 400 миңден ашык негр кулдар жана бир нече ондогон миң *мулаттар* (актар менен каралардын тукумдары) болгон. Булар өз эмгектери менен плантаторлорду байытышкан. Аралда көп фермерлер менен кол өнөрчүлөр да болгон.

Кулдардын көтөрүлүшү тез-тез чыгып турган. 1791-ж. кулдардын чоң көтөрүлүшү чыгып, алар бийликти тартып алып, өздөрүнүн чакан, бирок көз каранды эмес мамлекетин түзгөн. Бул көтөрүлүштө кулдар менен ак кедейлер биргелешип аракет кылышкан. Көтөрүлүштүн башында кулдун уулу Туссен-Лувертюр турган. Туссен эр жүрөктүүлүгү жана жетектей алуу жөндөмдүүлүгү менен айырмаланган. «Биздин девиз: жеңүү же өлүү – өлүм же эркиндик!» – деген ал. Туссен-Лувертюр кулдарга эркиндик жана плантаторлордон тартып алынган жерлер бериле тургандыгын жарыялаган. Бир нече жылдан кийин Наполеон Бонапарттын буйругу менен Гаитиге француз аскерлери түшүрүлгөн. Туссен туткунга алынган жана Францияга жөнөтүлүп, түрмөдө өлгөн. Бирок Франция Европадагы согуштардан бошогон эмес жана анын аскерлери гаитиликтер тарабынан куулуп чыгарылган. Көтөрүлүшчүлөр көз карандысыздыкты жарыялашып, аралда Гаити Республикасы түзүлгөн. Жакшы жерлердин көбү бай жеке менчик ээлеринин колуна өткөн. Кийин аралдын чыгыш бөлүгү Гаити Республикасынан бөлүнүп, өз алдынча мамлекет болгон.

Мексикадагы ацтектер менен Түштүк Америкадагы инкилер испандык басып алуучуларга көпкө каршылык көрсөтүшкөн. Мына ушул салгылаштарда көпчүлүк индейлер өлүмгө дуушар болгон. Латын Америкасынын калкынын бир кыйла бөлүгү индейлер же индейлер менен актардын тукумдары – *метистер*, ошондой эле *мулаттар* болгон. Латын Америка-

сынын өлкөлөрүн колониялык басып алуу тыюу салынбаган зордук-зомбулук жана байлыгын тоноо менен коштолгон.

Алтын-күмүшкө жутунгандар, жакырданган дворяндар, көпөстөр баюу үчүн Борбордук жана Түштүк Америка өлкөлөрүнө агылып келишкен. Байлыктарды басып алгандан кийин испаниялык жана португалиялык басып алуучулар күмүш, алтын жана алмаз кендерин негиздей башташкан. Жерлеринен ажырап калган индейлер аларга иштеп берип, жарым крепостнойлорго айландырылган. Аларга оор алымдарды салышкан.

Ал эми испаниялык чиркөө кызматчылары индейлердин храмдарын бузушкан, аларды көптөгөн христиан чиркөөлөрүн курууга мажбурлашкан. Индейлердин бир кыйла бөлүгүнүн кырылып жок болушу колонизаторлорду Ямайканын, Кубанын, Бразилиянын плантацияларында иштетүү үчүн Африкадан негр кулдарды алып келүүгө мажбурлаган.

Индейлер бир канча жолу көтөрүлүшкө чыгышкан. Индейлердин жол башчысы болгон Тупак Амару 1780-ж. Перуда көтөрүлүш чыгарган, кулчулукту жойгон, испан чиновниктерин кууп чыккан жана аларды шайлануучу индей башчылары менен алмаштырган. Бирок колониялык аскерлер өтө күчтүү куралдангандыктан, индейлерди талкалашкан. Ал эми алардын жол башчысын кармап алып өлтүрүшкөн. Индейлер жашаган жерлерди жер менен жексен кылып, чөп чыкпас үчүн ал жерлерге туз себишкен. Мына ушундай жагдайда миңдеген индейлер өлтүрүлгөн, бирок көтөрүлүш басылган эмес.

Испандар Латын Америкасынан алтын, пахта, кант алып кетишкен жана бул тарапка өнөр жай буюмдарын ташып келишкен. Колонияларда соода жана жергиликтүү өнөр жайы өнүгүп, XVIII к. Испаниянын америкалык колониялары сыртка тери жана эт жөнөткөн, бут кийим, курал-жарак, ок-дарыларды өндүрүшкөн, чакан кемелерди курушкан, жиптерди даярдашкан. Колонияларда Испаниядан жиберилген чиновниктер – генералдар жана офицерлер бийлик жүргүзгөн, ошондой эле зор байлыктарды топтогон. Алар өздөрүнөн мурда келген испан креолдоруна жек көрүү менен мамиле кылышкан. Креолдордун ичинде помещиктер, көпөстөр, кечилдер жана чиркөө кызматкерлери үстөмдүк кылуучу катмар болуп саналган.

Испан чиновниктери креолдорду колониялардагы жогорку кызмат орундарына коюшкан эмес, аларга кекирейе мамиле кылышкан. XIX к. башында колонияларга англиялык көптөгөн

товарлар контрабанда аркылуу ташылып келинген. Англия Испаниядан колонияларда соода жүргүзүү эркиндигин алууну каалаган. Ошол себептүү патриот креолдор англиялык буржуазиянын колдоосуна таянган. Колониялык эзүү айыл чарбасы менен сооданын андан ары өнүгүшүнүн башкы тоскоолдугу болгон. Ошондуктан колонияларда өз алдынча мамлекеттерди түзүүгө умтулуу күчөгөн, испаниялык колониялык эзүүгө каршы боштондук кыймылы чыккан. Колонияларга француз агартуучуларынын чыгармалары келе баштаган. Боштондук кыймылынын башында көпчүлүк учурда креол-дворяндардан чыккан революционерлер турган. Помещиктер, көпөстөр, чиркөө өз поместьелерин жана кулчулукту сактап калууну, дыйкандар менен кол өнөрчүлөрдү көз карандылыкта кармоону каалашкан.

Испаниялык колониялык эзүүгө каршы боштондук кыймылындагы креолдук помещиктик жогорку чөйрөнүн максаты жалпы элдин таламдары менен дал келген эмес.

Бирок боштондук кыймылынын революциячыл ишмерлери эл массасынын – индейлерден, метистер менен мулаттардан чыккан дыйкандар менен кол өнөрчүлөрдүн, ал түгүл испандардын үстөмдүгүнөн кутулуу азаптуу жашоосун жеңилдетерине ишенишкен негр кулдардын колдоосуна таянууга умтулушкан.

**Боштондук күрөшү.** 1810-ж. колонияларда жалпы элдик көтөрүлүштөр башталып, бул боштондук күрөштөрдө Американын элдери көптөгөн мыкты патриотторду жараткан. Мексикалыктар Мексика элинин боштондук күрөшүнүн даңктуу баатырларын, дыйкандар көтөрүлүшүнүн жетекчилери болгон Мигель Идальго менен Хосе Морелостун ысымдарын азыр да эстеринен чыгарышпайт.

Айылдык поп Идальго жергиликтүү калктын салт-санаасын, тилин билгендиктен, индейлердин сүймөнчүгү эле. 1810-ж. Идальго дыйкандардын эң кедей катмарындагы индейлер менен метистерди көз карандысыздык үчүн күрөшкө жана тартып алынган жерлерин кайра кайтарып алууга чакырган. Көтөрүлүшкө чыккан индейлер менен метистерден бүтүндөй армия куралган. Көтөрүлүш өлкөнүн бир далай жерин кучагына алган. Идальго кул ээлөөчүлөргө он күндүк мөөнөттүн ичинде бардык кулдарды бошотууга буйрук берген жана колониялык бийликтерге индей жамааттары төлөп келген алымдарды жойгон. Идальгонун элдик кошууну испаниялык колониялык аскерлер тарабынан талкаланган. Идальгону туткунга алышкан жана 1811-ж. атып, элге көрсөтүш үчүн башын темир тордун ичине илип коюшкан.

Ошондой болгону менен Мексикадагы көз карандысыздык үчүн күрөш улантыла берген. 1821-ж. Мексика өз алдынча мамлекет болуп калган. Революциянын жүрүшүндө кулчулук жоюлган, бирок дыйкандар помещиктер менен сүткорлордун эзүүсүнөн бошоно алган эмес. Бир нече жылдан кийин өлкө республика болуп жарыяланган.

**Симон Боливар. Көтөрүлгөн элдердин жеңип чыгышы жана көз карандысыз мамлекеттердин пайда болушу.** Түштүк Американын колониялык эзүүгө каршы күрөшкөн элдеринин эң даңктуу баатырларынын бири Симон Боливар болгон. С. Боливар – венесуэлалык бай креолдун – помещик менен көпөстүн үй-бүлөсүндө туулган. Мыкты билимге ээ болуп, Европаны кыдырып чыккан. Ал жаш кезинде Вольтер менен Руссонун чыгармаларына көп кызыккан. «Менин мекенимди чырмап алган Испаниянын чынжырынын быт-чытын чыгармайынча мен тынч ала албайм», – деп айткан. Боливар Венесуэланын боштондук армиясын түзгөн жана испаниялык аскерлерге каршы ийгиликтүү күрөшкөндүгү үчүн генералдын чинин жана «Бошотуучу» деген ардактуу наам алган. Ал жер ээлөөчү креолдорго гана таянбастан, негрлер менен индейлерди да күрөшкө көтөргөн – кулчулуктун жоюлгандыгын жарыялаган жана муну менен негр кулдардын бир бөлүгүн өз аскерине тарткан. Согуш бүткөндөн кийин индей дыйкандарына жер берүүнү убада кылган. Бирок плантаторлордун каршылык көрсөтүүсүнүн натыйжасында Венесуэлада кулчулук иш жүзүндө XIX к. ортосунда гана жоюлган.

С. Боливар Европанын алдыңкы коомчулугуна жардам сурап кайрылган, анын Латын Америкасынын элдерин эзүүчү колониячыларга каршы күрөшкө чакырыгына көптөгөн ыктыярдуулар жооп беришкен. Боливарга жардамга ирланддар, англдар, немецтер, италиялыктар, поляктар, орустар келишкен.

1819-ж. башында Венесуэланын көз карандысыздыгы жарыяланган. Ошол эле жылы Боливар Венесуэладан Анд тоолорунун кардуу тоо кыркаларын ашып өтүп, Жаңы Гранада аймагын испандардан бошотууга жардам берүүнү чечкен. Анын отряды баатырдык жортуулун баштаган. Аларга чытырман токойлордон, дарыялардан жана бийик тоолордон өтүүгө туура келген. Кардуу ашууларда абанын жетишсиздигинен адамдар түтөгүп, эстеринен танган, тик жардан аттар учуп өлгөн. Ушундай кыйынчылыктарга карабастан, Боливардын көтөрүлүшчүлөрү менен жергиликтүү калк тоодон ашып өтүп барышып, испан оторчуларын жеңип чыгышкан. Жаңы Грана-

да Венесуэла менен бириккен жана Боливар бириккен республиканын – Улуу Колумбиянын президенти болуп калган.

Боливар индейлерден алым жыйноону жойгон, ири помещиктердин жерлерин конфискациялоо жөнүндөгү мыйзамдын долбоорун түзгөн. Боливар бoштондукка чыккан испандык-америкалык республикалардын баарын бириктирүүнү каалаган. Ал АКШнын Латын Америкасындагы басып алуучулук пландары жөнүндө эскерткен жана мындай деп жазган: «Түндүктөгү америкалыктар биз үчүн жат эл. Ошон үчүн мен биздин, америкалык иштерди жөнгө салуу үчүн аларды чакырууга эч качан макул эмесмин».

Испандарды жеңгенден кийин помещик-креолдор жана Улуу Колумбиянын өсүп бараткан буржуазиясы эл массасына каршы күрөшө баштаган. Католик чиркөөсү менен союз түзүшкөн, кулчулукту жок кылууга тоскоолдук кылышкан, бай помещиктердин жерлерин кедейлерге бөлүп берүүгө жол беришкен эмес.

Боливар революциянын эң кыйын чечүүчү мезгилинде эл менен бирге болгон жана ага жан аябастан кызмат кылган. Ошондуктан ал ири помещиктерге жаккан эмес жана жетишилген бардык ийгиликтерден кийин отставкага чыгууга аргасыз болгон. Латын Америкасынын элдери Боливарды көрүнүктүү баатыр, Америкадагы колониялардын бошотуучусу катары азыркы кезге чейин эстеринен чыгарышпайт. Ага арнап көптөгөн эстеликтерди тургузушкан. Венесуэланын монетасы азыр да *боливар* деп аталат.

Генерал Хосе Сан-Мартиндин командалыгы астында революциячыл аскерлер Аргентинаны бошоткон. Андан кийин Аргентинадан анын аскерлери Анды тоолорунун катаал ашуусу аркылуу өтүшүп, Чили менен Перуну бошотууга жардам беришкен.

1822-ж. Бразилия Португалиядан бөлүнгөн, бирок кулчулук сакталып калган. Кул ээлөөчүлөрү өтө күчтүү болгон жаңы мамлекет республика болбостон, монархия болуп калган.

1824-ж. декабрда Перуну өз алдынчалыгынан ажыратууга аракет кылган испандык аскерлер Аякучо бөксө тоосунда Боливардын армиясы тарабынан талкаланган. Перу испандык эзүүдөн биротоло бошонгон. Кийинки жылы жаңы Боливия Республикасы түзүлгөн, анын аты антиколониялык күрөштө ага жардам берген Боливардын урматына ушундай аталган.

Уругвайда боштондук үчүн күрөш испандык бийликтерге гана каршы жүргүзүлбөстөн, бул өлкөнү басып алууга аракет кылышкан бразилиялык жана аргентиналык помещиктерге да

каршы жүргүзүлгөн. Латын Америкасында көз карандысыздык үчүн согуштардын натыйжасында испандык абсолютизмдин эзүүсү кулатылган жана бир катар өз алдынча жаңы улуттук мамлекеттер түзүлгөн. Ал мамлекеттерде, Бразилиядан башкаларында, республика орнотулган, ал эми айрымдарында кулчулук жоюлган. Латын Америкасынын көз карандысыздыгы үчүн согуштар антиколониялык, улуттук-боштондук буржуазиялык революциялар болгон.

Бул революцияларда башкы максат – Испания менен Португалияга болгон колониялык көз карандылыкты жоюу – ишке ашырылган. Буржуазиялык кайра куруулар эл массасынын алсыздыгынын жана уюмдашпагандыгынын натыйжасында аягына чыкпай калган. Көп маселелер чечилбей калган.

Венесуэлада, Колумбияда жана Перуда кулчулук XIX к. 50-жж. жоюлган, ал эми Бразилияда 80-жж. чейин өкүм сүргөн. Латын Америкасынын өлкөлөрүнүн экономикалык жактан артта калгандыгынан Англия, андан кийин Америка Кошмо Штаттары пайдаланган. Ал өлкөлөрдү экономикалык жактан өздөрүнө багындырып алуу үчүн Латын Америкасынын саясий жактан бытыранды болушуна жана ошону менен бирге аны начарлатууга аракет кылган. Согуштан кийин көп өтпөй эле Улуу Колумбия Республикасы жана Борбордук Америка жергиликтүү помещиктердин топ-топко бөлүнүп алып, көз карандысыздык үчүн тең тайлашууларынын натыйжасында бир нече мамлекеттерге бөлүнүп кеткен.

### Суроолор:

**1.** XVIII–XIX кк. Африкада кайсы элдер жашаган жана алардын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн деңгээли кандай болгон? Кандай мамлекеттер болгон? **2.** XVII к. ортосуна жана 1870-ж. карай Африкадагы колониялык басып алууларды картадан көрсөткүлө. **3.** Африка элдерин баскынчылар менен кантип күрөшкөн? **4.** Африканын өлкөлөрү үчүн колониячылардын басып кирүүлөрүнүн кесепеттери кандай болгон? **5.** 1791–1804-жж. Гаити аралында кандай окуялар болуп өткөн, алардын мүнөзүн аныктагыла. **6.** Эмне үчүн Латын Америкасындагы колониялардын көз карандысыздык үчүн согуштары бүтпөй калган революциялар деп эсептелген? **7.** Идальго менен Морелос эмне себептен Мексиканын элдик баатыры, ал эми Боливар «Бошотуучу» деген ардактуу наамдарга ээ болушкан? **8.** Латын Америкасындагы кайрадан түзүлгөн мамлекеттерде бийликти эмне үчүн ири помещиктер басып алган? **9.** XVII к. – XIX к. башында качан жана кандай буржуазиялык революциялар болуп өткөн?

## МАЗМУНУ

## КИРИШҮҮ БӨЛҮМҮ

§ 1. Тарых илими жөнүндө жалпы түшүнүк ..... 4

*I бөлүм*

## АЛГАЧКЫ КООМ ДҮЙНӨСҮ

§ 2. Алгачкы коом дүйнөсүнүн жаралышы ..... 9

II *бөлүм*

## БАЙЫРКЫ ЧЫГЫШ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

§ 3. Байыркы Египет мамлекети ..... 16
§ 4. Байыркы Эки дарыя аралыгындагы мамлекеттер ..... 23
§ 5. Чыгыш Жер Ортолук деңизи ..... 30
§ 6. Жаңы Вавилон падышалыгы жана Персия дөөлөтү ..... 35
§ 7. Байыркы Индия ..... 41
§ 8. Байыркы Кытай мамлекети ..... 50

III *бөлүм*

## БАЙЫРКЫ ГРЕКИЯ ЖАНА РИМ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

§ 9. Байыркы Эгей дүйнөсү ..... 58
§ 10. Байыркы грек шаар-мамлекеттери ..... 62
§ 11. Чыгыш Жер Ортолук деңизи эллинизм доорунда ..... 71
§ 12. Римдин негизделиши. Рим республикасы ..... 76

IV *бөлүм*

## ОРТО КЫЛЫМДАР ТАРЫХЫ

§ 13. Батыш жана Борбордук Европанын орто кылымдардагы цивилизацияларынын башаттары ..... 91
§ 14. Элдердин улуу көчү. Варвардык королдуктар (V–VII кк.) ..... 97
§ 15. Батыш жана Борбордук Европа мамлекеттери ..... 102
§ 16. Византия жана православие дүйнөсү дүйнөлөрдүн жана цивилизациялардын тоомунда ..... 111
§ 17. Арабдарда исламдын жаралышы жана бекемделиши. Араб халифтиги ..... 116
§ 18. Орус жерлеринин феодалдык бытырандылыгы. Алтын Ордо үстөмдүгү. Москванын жогорулашы ..... 124

§ 19. Борбордук жана Орто Азия орто кылымдарда 131
§ 20. Классикалык орто кылымдардагы Батыш Европа дүйнөсү 138
§ 21. Осмон империясы (Түркия) 143
§ 22. Феодалдык Кытай – асман алдындагы империя 149
§ 23. Ыраакы Чыгыш: Корея жана Япония 155
§ 24. Орто кылымдардагы Индия 163
§ 25. Иран 169
§ 26. Түштүк-Чыгыш Азия: Шри-Ланка (Цейлон), Индикытай өлкөлөрү жана аралдар дүйнөсү 177

*V бөлүм*

## ЖАҢЫ ДҮЙНӨ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

§ 27. Европа өлкөлөрүнүн экономикалык, социалдык жана саясий өнүгүшү. Реформация 189
§ 28. Европадагы буржуазиялык революциялар 198
§ 29. Россия жаңы доордун башында (XVI–XVII кк.) 203
§ 30. Европа жана Түндүк Америка өлкөлөрү XVIII к. аягы – XIX к. ортосунда 212
§ 31. Европа өлкөлөрүндөгү Кайра жаралуу доорундагы илим жана искусство. Агартуу кыймылы 219
§ 32. Индия. Улуу Моголдор дөөлөтү 228
§ 33. Африка жана Латын Америкасы 236

Окуу басылмасы

Осмонов Өскөн Жусупбекович,
Элебесова Айгүл Бейшенакуновна

ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ
урунттуу учурлар
(байыркы доордон тартып XIX к. ортосуна чейин)

Орто мектептин 10-классы үчүн окуу китеби

Оңдолуп, толукталып экинчи басылышы

Кыргыз тилинде

Редактору С. Төлөгөнова
Сүрөт редактору Э. Исаков
Тех. редактору В. Крутякова
Корректорлору Р. Бектурова, Ж. Кенжеш кызы
Компьютердик калыпка салган В. Кульчицкий

Басууга 10.04.2012-ж. кол коюлду.
Форматы $60x90^1/_{16}$. Көлөмү 15,5 физ. басма табак.
Нускасы 57 500. Заказ № 202.

«Инсанат» басмасында даярдалган жана бекитилген сигналдык нускасынан
«ST.art.LTD» ЖЧК типографиясында басылды

«Инсанат» басмасы
720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Ж. Бөкөнбаев көчөсү, 99.

«ST.art.LTD» ЖЧК
720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Н. Тыныстанов көчөсү, 199-46.